www.bizdin.kg

# Жаңы Ала-Тоо

2010, №1 (12)

ЭЛ АРАЛЫК АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ

**Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ**

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**

**СУЛТАНОВ Омор** – редакциялык кеңештин төрагасы, **АБДУЛЛАЕВ Чингиз** (Азербайжан), **ДЕЛИӨМЕРОГЛУ Якуп** (Түркия), **ОРОЗАЛИН Нурлан** (Казакстан), **МАРКИШ Давид** (Израиль), **МЕХМОН Бахти** (Тажикстан), **КОВСКИЙ Вадим** (Россия) Кыргызстан: **АБЫЛКАСЫМОВА Майрамкан, АКМАТБЕКОВА Сагын, ДАУТОВ Кадыркул, ЖАКШЫЛЫКОВ Асан, ЖЕТИМИШЕВ Сейит, КУЛТЕГИН Кожогелди, ПАЗЫЛОВ Абибилла, РЫСКУЛОВ Акбар, САРМАНБЕТОВ Айдарбек** – төраганын орун басары, **СУСЛОВА Светлана, ШАПОВАЛОВ Вячеслав**

## Бул санда:

**Токтогулий**
Зилзала....................................................3

**Айдарбек САРМАНБЕТОВ**
Чыңгызхан. Жазылбай калган каргыш...33

**Аман ТОКТОГУЛОВ**
Ырлар....................................................61

**Тойчубай СУБАНБЕКОВ**
Улуу кыргыз каганаты: IX–X кылым........75

**Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ**
Монах....................................................94

**Олжобай ШАКИР**
Чатыр....................................................101

**Атахан КОЖОГУЛОВ**
Ырлар ....................................................137

**Бакыт БАЙМЫРЗАЕВ**
«Земляк»................................................143

**Александр СУПРУН**
Кодекс для обезьяны............................158

**Адил ХИКМЕТ**
Азияда беш түрк...................................185

**Илгиз ТАЛИП**
Эне – адамзаттын туусу........................191

**Бактыгүл ЧОТУРОВА**
Заман калемгери..................................197

**Г.ФИГЕЙРЕДО**
Түлкү менен жүзүм...............................205

**Жусуп БАЛАСАГЫН**
Кутадку билик.......................................232

**Ысмайыл КАДЫРОВ**
Кыргыз Гиннесс....................................248

Кыргыз макал-лакаптары.....................253

---

Редакция:

**Жылкычы ЖАПИЕВ –**
редактор
**Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ** –
жооптуу катчы
**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** –
корректор
**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** – дизайнер
**Нурлан КЫДЫКОВ** – дизайнер

Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж.б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар.

Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.

Редакциянын дареги:

720054, Бишкек шаары,
Жибек жолу пр. 466
Тел: 34-55-86

Терүүгө 10.03.2010. берилди
Басууга 07.05.2010. кол коюлду.
Форматы 70х100 $^{1}/_{16}$
Көлөмү 16 б.т.
Заказ № 456
Нускасы 2000

«Турар» басмасынын
басмаканасында басылды.
Бишкек ш. 720054,
Жибек жолу пр. 466
Телефону: 34-49-90;
Факс: 34-45-04
Электрондук дареги:
turar@infotel.kg

Күбөлүк: № 1510

УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!
«Жаңы Ала-Тоо» журналына 2010-жылдын II жарым жылдыгы үчүн «Кыргыз почтасы» мамлекеттик мекемесинин бардык түйүндөрүндө жазылуу жүрүп жатат.
Жазылуу индекси – 77324

6 айга – 480 сом (редакциялык баа)

3 айга – 240 сом (редакциялык баа)

«Жаңы Ала-Тоо» журналын 1-санынан баштап окуйм деген окурмандар редакциядан алышса болот.

www.bizdin.kg



*Конкурска*

**Токтогулий**

# ЗИЛЗАЛА

*Жердин үстү солкулдап титирегенде,*
*Жер кен менен өлүктөрдү жутканда,*
*Адам сурайт: «Ага эмне болду?» – деп.*
*Анда ал кабарларды баяндайт,*
*Теңирдин берген кубатынан шыктанып.*
*Ошол күнү топураган эл чыгат,*
*«Күнөөбүздү айтып берчи бизге», – деп.*
*Ошондо ким кымындай жакшылык кылган болсо,*
*Анысын көрөт.*
*Ошондо ким кымындай жамандык кылган болсо,*
*Анысын көрөт.*

**Ал-Фуркан**

## 1

Ал акыркы маалда түшүндө бир шаарды көп көрө баштады. Же шаар суунун астында беле, же Арман көчөлөрдү аралап жүрүп күйүккөнбү, азат бою нымшып алыптыр. Шаардын көчөлөрү ээн, бир да адам көрүнбөйт; туш-тарабында бийик тамдар, узун касыр-көшкүлөр асманды карай созулуп, көзгө илинер-илинбес зоңкоёт. Мунаралардын чокусунда да эч ким көрүнбөйт, азанчынын үнү угулбайт. Шаар абдан кооз экен: тамдар мармардан курулганбы, закымдан чыга калгансып, килейген дөөлөрдөй агарып, өздөрүнөн нур чачат. Кудум эле «Миң бир түн» жомогундай. Кызык, түшүндө да ойлончу беле? Арман шаарды кыды-

www.bizdin.kg



рып, улам алыстап кете берди. Ким курду экен бу шаарды? Ким курса да катырыптыр. Мен ушу шаардын башчысы болуп калсам кана?..

Бир убакта тамдар, касырлар солкулдап көчө баштады. Бу мине, кокуй? Зилзалабы?.. Жок, зилзала эмес, аялы Зинат ашканада идиш-аякты калдыратып жүрүптүр.

Каргыш тийгир! Бу мине мага балекеттин баары көрүнөт? Кудай урган турбайбы, эми мине, шаар түшүмө күнүгө кире береби? Бу каяктан келген түш? Же бала чагымда кыялданып, күндүр-түндүр эңсеген шаарларым эми карыганда түш болуп көрүнүп атабы? Ошол замат ал шаар башчылык жөнүндө ойлой койду. Баягыда аксакал мага жаңы шаар башчыны дайындаганы турабыз, балким, сен да болуп калышың мүмкүн дегендей ишарат кылбады беле. Ошол ой эми минтип түшүмө кирип атса керек.

Арман туруп, жуунганы жөнөдү. Тазаланып-таранып келип, жаңы эле ордуна отурганда, ашканадан Зинаттын үнү угулду:

– Арман! Бүгүн Кикини эскере турган күн...

Аялынын сөздөрү какшыктай сезилди. Чын эле, бүгүн Кикинин жылдыгы эмес беле, аны кантип унутуп койдум экен?

– Мине дедиң? – Зинат жумуртка кууруп жатса керек, көмөч казан чырылдап калды.

– Билем, – ашканадагы ызы-чуудан Арман кыйкырууга аргасыз болду. – Бу күндү кантип унутайын... Мен бу күндү кандайча өткөрүүнү да ойлонуштуруп койгом.

– Кандайча?

– Аны кийинчерээк айтам. Оокатыңы апкеле бер...

Зинат өз иши менен алек болуп калды. Арман колуна гезит алып, аны окуй баштады. Кандайча өткөрүш керек? Өзүм эчтекени билбей туруп, анан минени дөөдүрөп салдым? Арман ичинен бушайман болду. Бирок эскериш керек, сөзсүз, эскеришибиз керек, антпесем Зинат дагы капа болот. Апам дагы… Ансыз деле баланы тез унутуп койдуң деп таарынып жүрүшөт. Өзгөчө, апамын баягыда айткан сөздөрү өтүп кетти. «Сага бала түтпөйт! Сен Кикини башынан эле жакшы көрчү эмессиң, ошондуктан кудай аны сенден алып койду, – деп бетке чапкандай айткан апасы. – Эми да сен аны тез эле унутуп койдуң... Түтпөйт сага бала, түтпөйт!» Кенжебекти сел алып кеткен күндөн баштап, аны апасы да, аялы да жаман көрүп, жийиркенгенсип карап жүрүшөт. Эми баламы эскербей койсом, алар мени биротоло жеп салат. Бирдемени ойлоп табыш керек. Зинат оокатты апкелгенче табышым керек. Бирок кантип эскерем? Туугандарымын баарына жага тургандай кылып кантип жылдыгын өткөрөм? Союш го турат, бирок жалаң аны менен бүтпөйт экен да... Демек, жанагы шаар түшүмө бекер кирбесе керек. Арман онтоп жиберди. Мен ал түштөрүмү болочок кызматыма жоруп жүрсөм, кеп башкада турбайбы...

– Мине дедиң? – Зинат анын ойлорун угуп койгонсуду.

www.bizdin.kg



– Оокатың даярбы?

– Ооба, азыр апарам, бир аз чыдай тур...

Зинаттын үнү шайыр угулат: ал баласынын өлгөн күнүндө чатакташпайын деп атса керек. Э-э, шаарлар, шаарлар! Арман эки көзүн гезиттен албай, бирок ойлору дегеле башкада болуп отурду. Дагы эчтеме мес, зилзаладан кийинки түштөрүм мундан да жаман болчу.

...Бир жолу түшүндө ал чөлдө жатыптыр. Башынан ысык өтүп, эси ооп калганбы же жөн эле чарчап эс алып жатканбы, ордунан турайын десе, денеси бүт чымырап тура албайт. Анан ал чыңырыктан чочуп ойгонду, тура калып эки жагын караса жымжырт, аялы беймарал уктап жатат. Ал кайрадан башын жаздыкка коюп, көздөрүн жумду. Эми ага наристенин ыйлаганы даана угулду. Ал чөлдү аралап издеп жөнөдү. Ошондо гана ал нары жакта кумдун үстүндө жаткан жылаңач баланы көрдү. Анын жанында эч ким жок. Энеси каяка кетип калган? Арман наристенин жанына барды, эки жагын кылчактап карады.

Алыстагы асман карайып келатат. Арман баланы колуна ала коюп, чуркап жөнөдү. Күйүккөнүнө карабастан ал түз эле шаардын ичине кирип барды, тар көчөлөрдү бойлоп жүгүрдү. Колундагы бала тынбай чыңырып ыйлайт. Арман тамдардын дарбазаларын каккылады. Эч ким ачпайт. Кыйкырып жардам сурады. Жооп жок. Ал эми асман улам карайып келе берди: алеки саатта килейген кара булут шаардын үстүн каптап кирди, анан жер секинден солкулдап барып, бара-бара күч алып отуруп чөлдү бүт, шаарды да кошо солкулдата баштады. Эми Арман дагы балага окшоп бакырып жиберди. Ойгонгонунда ал чындап ыйлап алыптыр. Аялы аны таңыркап карап, бирок бакырайган көздөрүндө эч аёо жок, кайра тескерисинче, жийиркенгенсип тиктеп отурат. Чала сага дегендей өңдүү. Макул, мени аябасаң кой, бирок эң кур дегенде ойготуп койсо болбойбу, шумдугуң кургур! Бирок Арман аялына унчуккан жок, ал болгону гана онтоп алды да, анан төшөгүнө оронуп жатып уктамыш болду. Зээниңе ушунча ле тийдимби, айланайын? Ал узакка чейин үшкүрүнүп жатты.

Ал эмнеге түшүнө бала киргенин жакшы билет. Кики... Кенжебек... Мындай түштөр аны сел алып кеткенден кийин кире баштады, болбосо мурун жок эле. Бирок менде мине айып? Кырсыкты билип болобу? Мына, бүгүн уулумун жылдыгы да болуп калыптыр. Арман катуу үшкүрүндү. Э-э, шаарлар, шаарлар!..

Эшиктин коңгуроосун бирөө чалды. Арман гезитин жозунун үстүнө коюп, каалганы ачканы жөнөдү. Босогонун алдында машинесинин айдоочусу туруптур. Ат-таңын көрү-ү, бүгүн Чычканга бармак эмес белек! Унутуп калган турбаймбы...

– Кел, Жуман, өт үйгө, босогодо турба, – Арман жол бошотуп четке жылды.

www.bizdin.kg



– Ассалом аллейкум, Арман аке! – Жуман ага колун сунуп, анан өтүп барып дайыма отурчу өз жайынан орун алды.

– Ал ким? – Зинат ашканадан туруп сурады.

– Жуман эле. Оокатыңы тезирээк апкел...

Эми ага мине дейм? Эмеле жок Чычканды каяктан чыгара койдуң деп таарынат. Шайтан алгырдыкы, эми кантип актанам? Бирок барыш керек, сөзсүз, барыш керек...

– Иштериң кандай, Жуман? Жакшы эс алдыңбы?

– Жакшы ле, Арман аке, – айдоочусу ордунан козголумуш болду.

– Отур, отура бер. Азыр чай-пай ичип алып жөнөйбүз…

«Жөнөйбүз» деген сөздү ал жапызыраак үн менен айтты: Зинатты алдын-ала ишинен алаксыткысы келген жок. Эми мине кылсам? Кантип түшүндүрсөм? Албетте, ал баары бир ишенбейт: «Сен жөн эле качып баратасың» – деп ыйлайт. Арман өзү дагы орундукка отурду. Жуман адатынча туш-тарабын тиктеп, эч нерсе менен ою жок күтүп отурат. Ушунун эле жашоосу жыргал экен: эчтеке менен иши жок, каякка айда десе, ошоякка кете берет. Курсагы да ток. Ал эми мен... Кечке чейин минени гана ойлобойсуң. Мага мине азап десең? Бирок Чычканга барбай коюу да болбойт. Аксакал өзү атайлап чакыртып, сөзсүз катыш деген. Анан ушу комиссиянын жыйынтыгына жараша сени шаар башчылыкка дайындайбыз деп эскерткен. Жок, барыш керек, Чычканга сөзсүз түрдө барыш керек...

Зинат нанүштөнү алып келди, жозунун үстүнө тасмал жайды.

– Жуман, кел, оокатка жакын отур,– деп кайрылды ал бурчта отурган айдоочуга. – Кандай, үйдөгүлөр аман-эсенби?

– Кудага шүгүр!.. Жакшы ле, жеңе. – Жуман жозуга жакындады.

Эми Жуман эчтеке дебей турса кен, ага чейин мен бирдемени ойлоп таба коёюн. Арман көңүлү жоктой куурулган жумуртканын четинен кичинеден кесип жеп жатты. Мине десем? Кандай шылтоону айтсам? Бүгүн менин тагдырым чечилет десемби? Мени чоң кызматка дайындашат десемби? Бирок ал так чечилелек да... Анда мине десем?

– Мине, бүгүн шашылыш иш барбы? – Аялы дале жайдары. – Бүгүн дем алыш го...

– Биз бүгүн Чычканга бармак элек, – Жуман кебелбей туруп жооп берди. – Чоңдорду узатабыз.

Аб-бали! Мына, эми бүт айта берсе болот. Менин өзүм ойлоп чыгарбаганымы көрдү ушу учурдан пайдаланып калайын.

– Зинат, мен сага жана айтам деп унутуп калыпмын, – Арман дале чочуркап, аны алайган көздөрү менен тиктеп турган аялына күнөөлүү карады. – Биз бүгүн Чычканга бармак элек... Мен сага айтам деп унутуп калыпмын. – Ал бир аз токтой калды. Зинат дале унчукпай отурат. – Сен... Сен капа болбо, а? Барбасам да болбойт, аксакал кече өзү айткан...

www.bizdin.kg



Зинат мостоюп отура берди, көз жашы кирпигине келип мончоктой илинип калды.

– Тиги... текшерүүчүлөрдү узатып коёлу… – Арман үнү диркирегенине өзүнө өзү жини келди. – Кыркына чыдап, анан бирине чыдабай койсом болбойт го.

Зинат эмне болуп кеткенин түшүнбөй калган сыңары, аны жалымсырап тиктеп турду.

– Кикинин жылдыгы мине болот? – деди ал болгону.

– Өзүң көрүп атпайсыңбы. – Армандын үнү эми гана түзөлдү. – Барбай койсом да болбойт. Билесиң го, аксакал мындайларды кечирбейт.

Аялы буга унчуккан жок; ал болгону башын жерге салып, көзүнө жаш алды. Мөлтүрөгөн тамчылар пиаланын ичине түшүп жатты. Ал дайыма ушинтип ыйлачу: ириде денеси кичинеден солкулдап, анан көздөрүнөн жаш тамчылап барып, акырында ал биротоло өксүп калчу.

Арман аялын тим койду. Мейли, ыйлап алсын, ичине сактабаса эле болду. Ансыз деле жаман көрүп, таарынып жүргөн аялы кекти ичине сактаса болбойт, анда экөөнүн жашоосу нак тозокко айланат. Ыйлай берсин. Болгону эми ал боздойлегинде кетип калышым керек. Арман башка бөлмөгө кирип, кийим которунуп келди. Аялынын дале ыйлап отурганын көрүп, аны сооротумуш болду.

– Кой эми, – деди ал орундуктун аркасына жөлөнүп, бетин жаап алып солкулдап отурган Зинатты далынан сылап. – Түшүнсөң боло, мен барышым керек. Айтпадымбы, аксакал капа болот...

– Менин капа болгонум сага баары бир экен да! – Аялы шолоктогон бойдон тура калып, төркү бөлмөгө кирип кетти.

Арман ушуга чейин унчукпай турган Жуманды жалт карап алды да, анан ага «кеттик» деп баш ийкеди. Айдоочусу анын артынан ээрчиди.

## 2

Кетти. Артына карап да койбостон кете берди. Минеге ле ал мени мынча жаман көрөт? Уулунун жылдыгы экенин эстеткеним үчүнбү? Бирок мен антпесем, ал өзү эч эстей турган эмес. Эстеткенден кийин деле минтип кетип калып атпайбы. Зинат ыйлаганын токтотуп, көз жашын аарчыды да, шалдайган бойдон эмеле эри чыгып кеткен эшикти тиктеп отуруп калды. Оокатын да түзүктөп жебестен кетти. Иш десе ле өлүп калат. Ал мени жек көрөт, мен аны билем. Андай болсо айтып эле койбойбу. Чынын айтса мен деле аны түшүнөт элем го, көп кыйнабай кетип калбайт белем. Же ал жалгыз калгандан коркобу?

Зинат күзгүнүн алдына барды. Көздөрүнүн астын шишик басып жыртайып калыптыр. Ал бетин сылады: маңдайында тырыштар пайда бо-

www.bizdin.kg



луп, чачтары ак аралаш. Карыптырмын. Ушундай турмуштан кантип карыбайын.

Бир жыл мурун сел алып кеткен баласын эстеп, эринин ушундай күнү кетип калганына кейип, жалгыз күңүрт бөлмөдө отурду. Ыйлайын десе көз жашы бүт түгөнгөн; жана дагы ал эринин көзүнчө өзүн кыстап ыйламыш болду, балким, анын капаланганын көрүп кала береби деп үмүттөндү. Бирок Арман аны карап да койгон жок, эч кылчактабастан каалганы катуу жапты да кете берди. Минеге ал мени мынча жек көрөт?

Зинат Арманды өзүнө үйлөндүрүп алган, бирок ал дайыма ушинтип кейип-кепчий баштаганда эринин жатыркоосунун себебин башкадан издейт. Арманды өзү тарапка тартуу үчүн ал кандай гана аракеттерди кылбады: шек санаган курдаштарын жаман аттандырып, шаардагы эң сулуу деген кыздардын бардыгынын үстүнөн жалаа жаап, аларга көө сыйпап, элге шерменде көргөзүп отуруп, акырында өзү Арманга тийип алган. Оюнда ал Арман менен гана бактылуу болмокчу, бирок баш кошконунан бир жыл өтпөй эле жалгызсырай баштады. Анткени менен эми кеч болуп калган; махабаты үчүн күндөштөрү менен күрөшүп жүрүп, кийинчерээк жалгыздыктан коркуп отуруп ал дили өзгөрүлүп кеткенин байкабай калыптыр. Ошол оор күрөштө жолуна жолтоо болгондордун баарын бирин алдап, бирин күч менен четке кагып таштап, бирине жугуйланып, бирине калп айтып жүрүп акырында ал өзү да түлкүдөй куу болуп, тили жыландыкындай уу таратып калганын түшүндү. Мындай кыялы менен башкача турмуш куруу кыйын эле, ошондуктан ал кете албай, кеткиси да келбей Арманга болгон күчтөрү менен жабышып, чымырканып чыдап келген. Анын үстүнө ал ошол убакта боюна бүткөн.

Бир жылдан кийин алар эркек балалуу болду, Кики төрөлдү. Зинат үмүтүндө ушул баласы алардын ортосундагы улам чоңоюп бараткан жараканы толуктайбы деп ишенип, өзүнүн мурунку кара ишлеттерин да баласы менен актап, бардык эле энелердей өмүрүн бүт ага арнамак болду. Ал эле эмес, эгер ал көп балалуу болсо, анда Арман аны карапайым ургаачы катары көрүп калабы деп жаңы эле жүрөгүнүн астында жашай баштаган кийинки перзентин алдырып таштады. Ал күткөндөй эле Армандын буга аябай жини келди, Зинат мындан нары эч балалуу болбой турганын укканда ал жаңжал да чыгарды, бирок айла канча, секинден ал ушул абалына көнө баштады.

Кээде ал мас болуп келгенде үйдө чаң салып, аялынын мойнуна жер жүзүндөгү күнөөлөрдү бүт такчу, анан Кикини катуу кучактап алып экөөбүз бул үйдөн кетебиз, апаң бул үйдө жалгыз жашай берсин деп ыйлачу. Кики дагы корkконунан ыйлап жиберчү. Бара-бара Арман бул өнөрүн токтотту, ошондо Зинат анын тагдырга моюн сунганын, энелик парзынан качканын эри кечиргенин түшүндү.

www.bizdin.kg



Зинат билет, Арман аны кечиргенинин дагы бир себеби бар: акыркы убактарда ал өзүнө ойнош таап алган, ал ойношу өзүнүн катчысы. Мейли, ойной берсин, алаксысын, акыры айланып-чапкылап жүрүп, кызыгы тарагандан кийин баары бир өзүмүн колума келесиң. Арман үйүнө аз түнөйт, эки күндүн биринде ишим бар деп бир жакка кетип калат. Зинат ага унчукпайт. Мейли, бугун чыгарып алсын, оюна келгенин кыла берсин; ал канчалык алыстаган сайын ошончолук менин баркымы билет. Зинат жада калса кайненесине да арызданган жок. Кереги мине? Бекеринен Армандын жинине тийген болбойт. Бирок бир күнү ал өзү да чыр чыгарды, ал чыр Кикиге байланыштуу болду.

Ошол күнү Кики мектептен ыйлап келди, ыйлаганда да өңгүрөп алыптыр.

– Сага мине болду, кокуй? – деп чоочуп кетти Зинат.

Баласы ого бетер өңгүрөп ыйлады.

– Мине болду деги, айтпайсыңбы, балээ баскыр? – Апасынын жүрөгү биротоло түшүп калды. – Сени бирөө урдубу? Же мине болду?

– Жакында биз бардыгыбыз өлөт экенбиз, – деп аң-таң кылды баласы. – Биз бардыгыбыз кыйрайт экенбиз...

– Оозуңа таш, өлүгүңдү көрөйүн! – Зинат баласынын дөөдүрөгөнүнө же күлүп, же ыйлаарын билбей туруп калды. – Аны ким айтты сага, кашайгырдыкы?

– Балдар айтты... Мектепте бардыгы ле айтып атат. Сооралар бирибирине жакындап келатыптыр, алар жакында бири-бири менен сүзүшүп, жер ойрон болот экен, – Кики ого бетер өксүп калды.

Зинат абдырап, эмне кыларын билбей койду; ал бир туруп баласынын айткан сөздөрүнүн аңкоолугуна таңгалып, бир туруп ушул ушактарды тараткан кишилерге кыжыры келип, айласы кетти.

– Кой, ыйлаба, – деди ал акырында Кикини башынан сылап, бооруна бекем кысып. – Биз өлбөйбүз, бу болбогон кеп. Балдарың тамашалап койсо керек... Сооралар эч качан сүзүшпөйт, андай болушу мүмкүн эмес.

– Бирок балдар гезитти көрсөтпөдүбү… – Кики апасынын кучагынан булкунуп бошонду. – Гезитте да жазылып турат: сооралар жакында бир катарга тизилет экен.

– Тизилсе мине болуптур? – Зинат күлүмүш этти. – Көп болсо алар бир катар туруп калат, андан бизге эчтеке болбойт.

– Ооба, эчтеке болбойт... Жердин үстүндө зилзалалар болуп, сел жүрөт экен. Жанар тоолор да атылат экен!

– Аны дагы гезитте жазыптырбы?

– Ананчы, гезитте бүт жазылып жүрөт. Суулар жээгинен чыгып, шааркыштактарды басып калат экен.

– Коркпо, – деп сооротту Зинат баласын. – Зилзалалар мурун деле болуп жүргөн, суулар да кирчи, коркпой ле кой. Бирдеме болсо, жанында биз барбыз го....

www.bizdin.kg



– Силер мине кылаласыңар? – деп өжөрлөндү Кики. – Балдар айтты, сага эми эч ким жардам beralбайт деди.

– Минеге жардам бералбайбыз? Аны теңтуштарың каяктан билет экен?

– Жардам бералбайсыңар… – Баласы башын шылкыйтты. – Анткени... Анткени мен чабалекейди өлтүргөм.

– Мине дейт, кокуй? Ал мине деген чабалекей?

– Жөнөкөй ле чабалекей. Балдар айткан, кыямат болгондо кыл көпүрөдөн өтүшүң керек деген. Ошондо кыл көпүрөдөн өтүп бараткан-да шайтан көпөлөк кишини канаты менен уруп кулатат экен, ал эми чабалекей аны куткарат. Мен болсо өз чабалекейими өлтүрүп таштагам, ошондуктан эми ал мага жардам бербейт.

Зинат дел болду. Бу каяктагы дөөдүрөгөн сөздөр? Биз билбеген кыямат, кыл көпүрөлөрдү булар каяктан билип алды? Зинат баласын көпкө соорото албай отурду, алдап-соолады, ар кандай башка жомокторду айтып берди, бирок Кики ага көнбөй, жаңгап ыйлап, оокат да ичпестен жатып алды. Эң чатагы кийинчерээк башталды; Зинат анын үстүнө төшөк жаап, башына жаздык койгону барганда, Кики анын мойнунан бекем кучактап алып, өлүм деген кандай, өлгөн адам кыйналбайбы деп сурап калды.

Байкуш! Ал өзүнүн өлөрүн ошондо ле сезсе керек. Зинат күзгүнүн алдында отуруп алып, баласынын жашына жараша эмес акылдуулугуна таңгалды. Ооба, сен өтө акылдуу балалең. Сен биздин атаң экөөбүздүн чатактарыбызды да көңүлүңө терең кабыл алчысың; ал чатактар сени кыйнап, жүрөгүңү туталантчы. Мына, эми сен жок, биз эми гана сенин акылыңа суктанып, кыраакылыгыңа таңыркап атабыз, ал эми тирүү кезиңде сен биз үчүн... Сен биз үчүн бардык эле балдардай тентек, бардык эле балдардай бейбаш болчусуң. Үйүңөн алыс сен азыр аерде кандай жаттың экен? Үшүгөн жоксуңбу, топурагың торкобу?

Ошол күнү кечинде атасы иштен кайтып келгенде Зинат ага оокат бербей туруп мугалимине жөнөттү.

– Ал кандай мугалим? – деп безилдеп ал эрин босогонун алдынан тосуп, үйгө киргизбей тороп алды. – Атеисттик тарбия деген аларда болобу? Балдары минтип аңкоо диний ойлор менен жүрсө, мугалими мине иш кылып жүрөт?

– Болуптур, эртең барайын, – деди Арман үстүндөгү кийимин илгичке илмек болуп. – Бүгүн анын да тынчын албайлы, өзүбүз да тынч бололу. Анын үстүнө мен чарчап турам...

– Чарчаганыңы коюп, азыр эле бар, – Зинат күүлөнүп алган, эринин ыкшоолугуна кыжыры келди. – Сен барбасаң, анда мен өзүм барам.

– Койчу, көп келжиребе, – Арман да тарс жарылып кетти. – Мугалим мине, сенин балаң менен эле жүрө бермек беле? Же бу келжиреген сөздөрдү ал балдарга сабакта окутуп атыптырбы? Балдар өздөрүнчө ле

www.bizdin.kg


кеп кылышкандыр, аны сенин далдырбайың чын көрүп алган болушу керек... Коё берчи мени, мен чарчадым.

Арман кийимин илип коюп, аптабаканага кирип кетти. Зинат ошондо чыдабай, эринин артынан көптөн бери чогултуп келген сөздөрүн айтып алды:

– Сага баланын кереги жок! – деп айкырды ал. – Башка аталардай болуп сен уулуңу бир да жолу кучактап, өөп койбойсуң. Сен уулуң бар экенин мас болгондо гана эстейсиң. Мен билем, сен Кикини менден, сен жактырбаган аялдан туулганы үчүн жаман көрөсүң. Кудай сага ушу баланы берип, бекер кылыптыр...

– Бас оозуңду, дөөдүрөгөн акмак! – деген аптабаканадан угулган ачуу кыйкырык аны дароо суутту. – Мине деп келжиреп атасың?..

Зинат унчукпай, денесинин бүт калчылдап, ызаланып туруп калды. Бир пастан кийин жуунуп чыккан Арман анын делдейип турганын көрүп, жылмайымыш этип, далынан таптады.

– Чык, чык татынакай денеден, капыр шайтан! – Ал аны дайыма ушинтип алдачу. – Сулуу аялымдын үрөйүн бузба...

Анан ал Зинатты тиктеп, ырсайып күлүп койду.

...Зинат отурган жеринде үргүлөп кетиптир, ойгонсо түш чак болуп калыптыр. Кой, кокуй, барып келейин. Арман өз иши менен жүрө берсин, мен балама барбасам болбойт. Байкуш балам бүгүн бизди күтүп аткандыр... Зинат шашып-бушуп кийине баштады, анан дагы бир нерсени эстей койгонсуп телефонго чуркап барды. Кимди айтсам? Ким мени мүрзөгө жеткирип коёт? Мүрзө шаардан алыс, Нес тоосунун түбүндө турат. Зинат телефондордун тизмесинен кимди чакырарын издеди. Шайымбеттиби? Бирок ал колум бош эмес деп көрүнгөн шылтоолорду айтат. Ал бизди иши түшүп калганда гана эстейт... Карабекти чакырсам окшойт, ал элпек бала. Зинат телефонду чалды, тигил жактан бирөө жооп берерин күтүп турду.

– Ало-о! – акырында ал күткөн дабыш угулду, Карабектин келинчеги экен.

– Ало, Гүлбара! Бу мен, Зинат жеңеңмин... Гүлбара, Карабек үйдөбү? Чакырып койчу, бир зарыл жумуш чыгып калды...

Ал кайрадан күтүп турду. Бир пастан кийин телефонго Карабек келди.

– Ало, Карабек! Бу мен Зинат жеңеңмин. Карабек, бүгүн Кикинин... Кенжебектин жылдыгы ле, мени мүрзөгө жеткирип коёсуңбу? Акең чоңдорун узатканы кеткен, Чычканга... ооба... Макул, мен сени күтүп турам, тезирээк келип кал, а?

Зинат телефонду ордуна койду. Жакшы болду, Карабек жеткирип коёт. Эми жолго даярдана берейин. Аял башым менен мүрзөгө жалгыз барганым болобу? Кой, дагы бирөөнү кошуп алайын. Зинат кайрадан телефонго асылды, узакка чалып отуруп, акыры Берметтин үйүн алды. Бермет үйүндө экен, ал дароо макул болду.

www.bizdin.kg



– Анда месе кийинип тур, биз азыр барып калабыз, – Зинат жеңил үшкүрүнүп, телефонду ордуна койду.

Рас болбодубу. Атасы уулун эскербесе, биз өзүбүз эскерип келебиз. Байкуш балам! Менин медерим, менин кайгым, үмүтүм. Мен сага сөзсүз барышым керек.

## 3

Арман ишканасынан жаңы эле чыгып, машинени карай жөнөп калган, анын алдынан чачтарын ак баскан, чыпка сакалчан чал каяктан чыга келгени белгисиз, жолун тороп басып, аны аңырайып бир тиктеп алды да, анан сөөмөйү менен көргөзүп кыйкырды:

– Сурайыл!.. Жалаңкыч! ..

Арман сестенип кетти, бирок сыр алдырбай, сөздөрдүн ага тиешеси жоктой машинесине жетип барды. Чал артынан калбай ээрчип алды. Арман машинесинин ичине түшө турган болуп оң бутун тепкичке койгондо, тигил дагы кыйкырды:

– Наалат сага, жалаңкыч!.. Сурайыл!...

Бул жолу Арман эч ким уккан жокпу деп эки жагын карап алды. Анан ал жинди чалга жооп кайтарбастан эшикти тарс жапты да, айдоочусуна кайрылып: «Тез айда!» – деди. Машине дырылдаган бойдон артындагы чалды түтүнгө каптап, кан жолго атырылып чыкты.

Алар Чычканга багыт алды. Күздүн акыркы маалдары болчу. Аба салкын. Жолдун боюндагы талдар бүт алтын түскө боёлуп, кызыл-тазыл болуп кыш алдындагы акыркы күн нурларынын илебине термелет. Алыстагы кыштактын жепирейген тамдары, жолдон саал четкерээк турган жалгыз кампа, жер-жерлерден коркоюп чыгып турган мамылар дагы күздүн шаанисине чөмүлгөнсүйт. Айлана жымжырт, жайындагыдай саратан чыйылдаган жымжырт эмес, бул башкача, тунук, көз тунарганынан кийин дүйнөнүн ажарын жаңы көргөн сыңары жымжырт. Көңүлдө да ошондой....

Алам саатта жанагы дубанага окшогон чал эсине келе калды. Ал ким эле. Минеге мени ээрчип алды? Армандын үрөйү учту. «Сурайыл» дегени минеси кен? «Жалаңкыч» деп да коёт. Мен ага мине жамандык кылыптырмын? Арман бир паста үңүрөйүп калды. Дайыма ушинтип көңүл көтөрөйүн дегенинде анын кыялын бир нерсе кескин бузуп турат. Ал мине деген чал, кашайгырдыкы? Дагы жакшы, жака-белде эч ким жок болуп калды, бирөө укканда мине демек?

Арман өзүн алаксытып кирди: эчтеке мес, капаланба, болбогон эле немеге капалана beресиңби? Андан көрө ишти ойлоюн. Балдарды жибердим, алар оокат-ашын даярдап турат. Көңүлдөрүн көтөрүп бере турган маданият үйүнүн бийкечтери бар. Дагы минеси калды? Жанагы...

www.bizdin.kg



денени жибите тургандарды чоңдор өздөрү табаар. Болот да ушу, мундан артык дагы мине керек? Колдон келгенинин баарын растадык. Эми эптеп ушу комиссиядан кутулуп алсак, буйруса, дагы бир жыл, жарым жылга чейин тынчып калабыз...

Өзөнгө чыгып калганда алардын алдынан бурулуштан мотоцикл көрүндү. Арман ал өтүп кеткенче ага тигилип тиктеп турду, анан кайрадан ойго батты. Ал жакында аксакал аны чакырганын эстеди. Акыйкаты, ал ириде эле иштин жайын башкага жоруган: бирөө анын үстүнөн арыздандыбы деген. Ким даттанды кен? Бирок арыз түшкөн күнү дагы ал кайтып өзүнүн колуна келип тиймек. Же аксакал менден кутулайын деп үстүмөн бирдеме уюштуруп жүрөбү? Аксакалдын үнү дагы кескин угулду. Арман ичинен душман кишилердин бардыгын бир сыйра териштирип чыкты, ар биринин талдуу жерин эстеп, аларга каршы чараларды ойлонуштурду. Өзүмүн кол алдымдагылар арызданбайт, алар баягы бухгалтерimen кийин коркот. Жок, башкалар болушу керек.

Армандын бактысына анын үстүнөн эч ким деле даттанбаптыр, тескерисинче, аксакалдан ал жакшы кабар укту. Күтүлбөгөн кабар.

Ал кирээри менен аксакал ордунан тура калып учурашты, анан демейдегидей колун жаңсап бош орундуктардын бирөөнө отурууга чакырды.

– Отур, Арман, отур, – деди ал кууланып, мыйыгынан күлүп. – Иштериң кандай? Жайындалеби?

Арман өзүн бир аз жеңил сезди, орундуктардын бирөөнү жылдырып отурду.

– Рахмат, аксакал, иштерим жайындале...

– Жакшы, анда жакшы кен... Мен сени минеге чакырдым, билесиңби? – Аксакал аны сынап карап алды.

Арман ага жооп кайтарган жок.

– Анда месе, Арман, жаңы орунду жууганга даярдана бер.

– Кайсы орун? Жууса жууп деле берейин, – Арман түшүнбөй калды.– Ал кандай орун?

– Биз сени шаар башчылыкка көрсөтөлү деп атабыз. – Анан бир пастан кийин: – Кандай дейсиң? Жогорудан ушундай көрсөтмө болду, – деди.

Арман эми иштин жайын түшүндү: бажасынын кылган иши кен. Баягыда ал бир ишарат кылды ле, көрсө, ушу кызматты айтып аткан турбайбы. «Бир чоңураак кызматты ээлебейсиңби, жалаң эле акчаны басып жата бересиңби?» – деген ал экөө бир жолу тойдо чогуу отурганда. Мейли, ушу болсо да азырынча иштеп турайын, кийинкисин дагы көрө атаарбыз. Азыркы кызматым деле жаман эмес, маянасы көп, бирок бажамын айтканы да туура: жалаң акча бардыгын чечпейт, кичине бийликке дагы жетиш керек.

– Сиздин бир ооз сөзүңүз, – деди Арман ичиндеги ойлорун сыртка чыгарбай.

www.bizdin.kg



Билгенде мине? Мурун деле билбей жүрүптүрбү? Соодага деле бажамын артынан барбадым беле, анын минеси бар? Мейли, билсе биле берсин, акыры боло турган иш болду.

– Бирок сен азыраак чыдай тур… – Аксакал жалтактап, эшикти бир карап алды. – Биз мурунку шаар башчыны эптеп кетирип алалы. Бир аз чыдай тур, анын күнү бүтөйүн деп калды.

– Макул, аксакал, күтсө күтө турайын.

– Анда ушундай сүйлөштүк, а? – Тигил Арманды «бара бер» дегенсип, ордунан тура калып колун кысты. – Дагы кабарлашып турабыз го. Азырынча сен иштериңи тактап, даяр болуп тур...

Арман эшикти карай басты.

– И болсо... иштериң кандай? Жумуш деп жүрүп эле бири-бирибиздин акыбалыбызды сурабай турган болдук. – Аксакал сыпайкерчиликке жылмайып койду. – Кыйынчылыктар жокпу? Мүмкүн жардам керектир?

– Рахмат, аксакал, азырынча баары жайында... кыйынчылык деле жок – Арман тезирээк кетүүгө шашылды.

Жана ле сурабады беле. Же айнып калганбы? Куу түлкү, жеткен куулардын бири. Колунан келсе мени азыр эле жеп койгону турат, анан дагы акыбалымды сурап коёт. Мейли, бажам министр болуп турганда али да болсо сенин колуңан эчтеме келбейт.

Ошол күндөн баштап, аксакал аны  көп иштерине аралаштырчу болуп алды. Мына, эми дагы аны комиссияны тосуп-узатууга кошуп жатат.

Бирок тигил дубана ким? Мен ага мине жамандык кылдым экен? Же ал жиндиби? Анда минеге ал эркин жүрөт? Каргыш тийгирдики, акыркы убактарда мен коркок болуп баратам көрүнөт. Армандын денеси титиреп, ал чыйрыккансып кийимине оронуп алды. Айдоочусун тиктеди, тигил эч нерсе менен иши жок, өзүнчө бир ырды кыңылдап келатат. Ушунуку ле жыргал экен: эчтеке менен иши жок, кыйналбайт, болгону оокатын ичип күдүңдөп ойноп жүрө берет. Мен болсо минтип болбогон ойлордон кыйналып, көрүнгөн немелер түшүмө кирет. Балекеттин баары баягы зилзаладан кийин башталды; жалтактаганы дагы, түшүнөн чоочуганы дагы. Ошол зилзала, анан анын артынан жолундагынын бүт шыпырып кеткен селден кийин, жалгыз уулунун өлүмүнөн кийин анын муундары бошой түшкөнсүдү. Болбосо ал анча-мынчаны тоготчу да эмес, дайыма жайдары жүрчү. Эми эле Арман зилзаланы ойлосо денеси бүт калчылдап, селди эстесе үрөйү учат. Кээде туруп ал түшүнөн чоочугансып, кимге кайрылганы белгисиз, өзүнчө кыйкырып жиберет. «Болбодубу эми, кыйнаганыңарды токтотпойсуңарбы! Жалгыз уулуму курмандыкка бердим, эми дагы менден минени каалайсыңар?» –деп чыңырып жиберет ал өңү-башы бузулуп, анан үйүнүн бир бурчунан экинчи бурчуна чоң аттап басып чыйпылыктайт. Бир мертебе ал аялын кучактап да

www.bizdin.kg



ыйлаган: «Минеге? Минеге мени мынча кыйнайт? Ушунча зордой турган мен мине кылыптырмын? Ооба, билем, менин күнөөлөрүм бар, бирок алар элдикинен эле ашып кеттиби? Андай болсо минеге башкалар мендей жабыркабайт? Мен деле эл катары жашадым го, эл жегенди жедим, эл ичкенди ичтим, анда минеге менин башыма мунча мүшкүл түштү?» – деп жаңгап ыйлаган ал.

Күнөө тууралуу ойлор Кенжебекти сел алып кетип, апасы ага натооба айткандан улам. Анда апасы өксүп жатып, Арманга кайрылып безеленген: «Ушунун баары сен үчүн, балам! Сенин ишлеттериңин акиси урду. Бу кудайдын каары, наалаты!..» Мындай сөздөрдү күтпөгөн Арман делдейип туруп, анан бир аз эсине келгенде апасын мойнунан кучактап, боздоп ыйлап жиберди: «Бу мине дегениңиз, апа? Анчалык жекире турган мен мине күнөө кылып ийдим? Ушундай дегениңиз да болобу?»

Чынында ле күнөөм көп окшойт. Канткенде алардан кутулам? Кантип күнөөлөрүмү актайм? Арман башын мыкчып онтоп жиберди. Айдоочусу коркуп кетип машинени токтото койду.

– Аксакал, сизге мине болду? Табыңыз айнып турабы? – Ал Арманды түрткүлөдү.

Арман башын көтөрдү, анын көздөрүнөн жаш агып жатты.

– Эчтеке мес, Жуман, мен бир аз кыйналып турам. Машинеңи суунун боюна айдап барчы...

Жуман машинени сайдын ичине айдап түштү.

– Минегедир демим кыстыгып кетти. Азыр... Азыр мен кичине жуунуп алайын. – Арман суунун боюна басты. Бир пастан кийин ал кайра келип машинеге отурду. – Айда, эми айдай бер, кечигип калбайлы.

Айдоочусу аны көпкө таңыркап тиктеп турду, анан машинени от алдырып өйдөгө айдап чыкты. Алар кайрадан кан жолго түштү. Жуман машинени жай айдап, улам көз салып келатты. Арман болсо эч унчукпай, эки көзү жолго тигилген бойдон отурду. Каргыш тийгир, минеге ыйлап жибердим? Эми айдоочум бу жоругуму бүт элге даңаза кылып чыгат.

– Эми жакшы болуп калдыбы? – Жуман аны аягансып тиктеди.

– Жакшы, жакшы ле. – Арман жумшак гана жооп кайтарды. – Тезирээк айдай бер, антпесек кечигип калабыз.

Жуман машиненин ылдамдыгын күчөттү, алар дарыяны бойлоп таар капчыгайдын ичине кирип барды. Эки тарабы бүт арча токой, сагасанын жыты кадимкидей буруксуйт, аба да укмуштай салкын. Арман айнекти ачып муздак желден терең-терең дем алды. Жеңил үшкүрүндү. Өх, кандай жыргал! Берекелүү тоолорум! Мурун деле ушу жерден өтүп жүрчүлем, бирок токойлордун мундай кереметин билбептирмин. Турмуш деген ушу турбайбы: жанындагы байлыктын баркын билбей жүрө

берет экенсиң, анан кийинчерээк картайганда гана: «Аттиң ай!» – деп каласың. Ошондуктан чалдардын баары жайлоого качат окшойт...

И атаңын көрү! Жанагы чал баягы бир жылдары мен жиндиканага каматтырып ийген бухгалтер эмеспи? Ооба, ошо өзү. Аты ким эле? Арман көпкө ойлонуп ал бухгалтердин атын эстей албай койду. Эсинде, ал Арманга каршы чыгып, «кой» десе болбой көрүнгөн жакка арызданып жүрүп, акыры жиндиканага барып тынчыган. Бирок анын аты минегедир эсте калбаптыр. Ким эле, атаңын көрү? Тилимин эле учунда тургансыйт, бирок эч эстей албайм. Мейли, анын атын эстеп жүргүдөй ал олуя беле. Ко-ош, демек, ал эми кайтып келген экен да! Анан мине, менден жалкыйлекпи? Мени «жалаңкыч» деп коёт, өзүңчү? Өзү ким экен? Ач күзөндөй болуп бүтүптүр. Көздөрү киртейген, чачтарын ак баскан, сакалдары өсүп жүдөгөн чалдын элеси коркунучтуу түш сыңары анын көз алдынан кетпей койду. Минеге ле ал артыман калбайт?

Арман туш-тарабындагы аскалуу тоолорду, сагаса токойлорду, машине менен тең жарышып агып жаткан дарыянын суусун карап, өзүн жанагы чал жөнүндө ойлордон алаксыткысы келди. Кызык, мен ушуга чейин дегеле жаратылышты байкабаптырмын. Дайыма ле иш деп жүрүп, бир жакка барсам да этин жеп, арагын ичип, айланамдагы адамдардан башка эчтекени көрбөй жүрө бериптирмин да. Жайнаган эле адамдар. Бирдеме сурап алдымда жугуйланып турган куу кишилердин күлмүңдөгөнү, мага сый көрсөтүмүш болуп өздөрү ичинен жек көргөн душмандарым. Колдорунан келсе азыр эле мени тытып жибериште турган бөрүлөрдүн жалындаган көздөрү. Жалаң эле адамдар, суук көз адамдар. Ал эми биякта болсо муна мундай сулуу, ажайып дүйнө, адамдарды дарылаган таза аба, кашка суусун капчыгайдын арасынан шаркыратып агызып чуркаган дарыя. Мына, түбөлүк табийгат зыңкыйып турат, ал эми биз адамдар жашоонун кумарын билбей, бири-бирибиз менен айкалышып, ушу керемет сулуулуктан четте түбөлүк турмушка өзүбүз өч болуп жүрөбүз...

## 4

Сыртта машиненин күрүлдөгөнү угулду. Карабек болсо керек. Зинат шашылып калды; ал кечкиден калган эттен, боорсок, мөмө-чөмөдөн ороп баштыкка салды. Болот ушу, аерден баламы эстеп, даам татып коёбуз. Чыгып баратып Зинат дагы бир паска токтой калды. Тигинден да алып алсамбы? Бирок мүрзөдө ичкен кандай болоор экен? Баламын арбагы таарынбайбы? Жок, албай ле коёюн... Анда тиги Бермет менен Карабек капа болот го. Кой, алса алып эле алайын, кичинеден кылт этип койсок

www.bizdin.kg



эчтеке болбостур. Зинат төркү бөлмөгө кирип, жабандан бир шише коньяк алды. Анан шашкан бойдон эшикке жүгүрүп чыкты.

– Саламатсызбы, жеңе! Акем кеткенине көп болдубу? – Карабек тиштерин ырсайтып күлүп койду.

– Жанараак эле кеткен.... Дагы бир чоңдору келиптир.

Карабек башка унчукпай калды, ал Арман тууралуу сыпайкерчиликке эле сурап койду. Ал машинесин от алдырып, оңго бурду. Алар чоң жолго чыгып, аянтты кесип өттү, анан кан жолго жеткенде Карабек машиненин ылдамдыгын күчөттү. Кызыл «Жигули» бирин-серин машинелерден ашып өтүп асфальт жолдо сызып баратты. Зинат бир маалда Берметке кайрыла турганын эстей коюп, шаштысы кетип кыйкырып жиберди:

– Токто! Токто, кокуй, Карабек! Биз Берметти аз жерден унутуп кала жаздаган турбайбызбы. Оңго бур, ал ушуякта ле жашайт.

Карабек машинени жай айдап барып, биринчи эле бурулуштан оңго кайрылды. Алар майда көчөлөрдү буйтап отуруп шаардын четине чыкты.

– Бермет деген ким? – Карабек кызыгып калды.

– Менин курдашым, – деди Зинат. – Өзү менден жаш, бирок барган сайын жаштын айырмасы деле билинбей калат экен. Азыр аялзаттын баары ле курдаш...

Бермет даяр күтүп туруптур, ал машиненин алдынан тосуп чуркап чыкты.

– Кандайсыздар? – Ал экөөнө жылмайып, машиненин артына отурду. – Кеттикпи?

Карабек машинесин кайрадан айдап жөнөдү. Эми алар эч тоскоолдугу жок түз эле көрүстөндү карай багыт алды. Жолдон аялдар наркы-беркини сүйлөшүп, бири-биринин ал-акыбалын сурап келатты. Карабек алардын кебине кийлигишкен жок, анын өз ойлору бар болчу. Ал каяктандыр Армандын жаңы кызматка дайындалып жатканын угуп алган. Акем тез эле көтөрүлүп баратат. Буйруса, биз да бир кызматка илинип калаар бекенбиз? Акем жардам берсе... Мага көптүн деле кереги жок, бир жерге башкы механик кылып дайындап койсо болобу. Жеңем менен жакшылап сүйлөшөйүн, иштин баарын ушу чечет. Хан болобу, кедей болобу, иштин бардыгын акыры келип катындары чечкен. Жеңеми эптеп көндүрүш керек.

Аялдар кызуу кепке кирип алды; алар адаттагыдай бала-чакадан баштап, бара-бара шаардагы ушактарга өттү.

– Ии, болсо! – деп эстей койду бир маалда Бермет. – Тиги Сайранын кызы күйөөгө качып кетиптир.

– Чынбы? Тиги... Баягы арык кызыбы?

– Ошо өзү. Кечээ качып кетиптир. Жигит совхоздо айдоочу болуп иштейт экен.

– Жакшы... Бактылуу жашап калса ле болду.

Кызык, аялдар бирөөнүн турмушка чыкканын өзүнүн жаңыдан жашарып, кайра дагы күйөөгө тийгениндей кубаныч менен кабыл алат. Мейли, өздөрүнчө жыргай берсин. Чынында ле, булардын андан башка мине жыргалы бар? Кийим-кече, кыз алуу, кыз берүү, бала-чака, идиш-аяк – башка жыргалдары деле жок байкуштардын. Карабек кайрадан жолго тигилип калды.

Аба жылуу. Күз болгону менен күн дале ачык, быйыл демейдегидей асманды кара булут каптап, эки күндүн биринде жамгыр жаабайт. Жылуу ле боло берсин: ысыктан өлгөн кишини көрөлекмин, ал эми сууктан өлгөндөр толуп атат. Карабек былтыркы ысыкты эстей койду. Анда дагы күн ушинтип ысып туруп алган, бир да жел жүрбөй, абаны бозала каптап элди бүт дүмүктүргөн. Бир айга созулган дүмөктүү аба ырайы акыры келип зилзала менен аяктады. Муну эстегенде Карабек кайрадан тумчугуп, ошол былтыркы зилзала, анын артынан каптап келген сел дагы башталгансып демигип кетти. О, мундай алаамат эч качан болгон эмес, жер солкулдап пахтадай жумшарган, күн тутулуп, асман жердей карайган, адамдар буттарына туралбай жыгылып, шаардын бүт башаламан болгон. Анын бетин нары кылсын, нары кылсын...

Аялдар болсо эч нерсе менен иштери жок, бир убакта каткырып да жиберишти. Тобо! Булар каякка бараткандарын унутуп койсо керек. Жеңем эмеле ыйламсырап атпады беле, эми мине баласын унутуп койдубу?

Карабектин таңыркап, аларды карап келатканын көрүп, Зинат ага какшык айтты:

– Мине болду сага, Карабек? Мине мынча үңүрөйүп калдың?

– Бу уялчаак жигиттерден көрүнөт го, эже, – Бермет мыйыгынан күлдү.

А, кайран шайтан! Базар көргөн эчкилерден окшойсуң, а? Нечен эркектин түбүнө жеттиң экен? Көздөрү тим эле ойноктойт.

– Болду эми, Карабек, мурчуйба. Андан көрө ырдап берсең боло...

Сага ыр керекпи? Жо-ок, сага башка бирдеме керек болуп калыптыр. А, байкуш акем! Катынынын чылбырын тарта албай калган окшойт.

– Ыр билбейм, жеңе. – Карабек жалган жылмайды. – Эзели ырдап көргөн эмесмин.

– И, минеге мынчалык кор болдуң? Азыркы заманда да ыр билбеген жигит барбы? – Бермет аны качырып кирди.

Э, кокуй! Мунуң эркекти жутуп ийгенден да баш тартпайт. Кана, өзүңү сынап көрөлүчү...

– Өзүңүз ырдабайсызбы, үнүңүз тим эле шаңкылдайт го...

– Ырдаса ырдап деле коём, анын минеси бар экен, – тигил дале таймаган жок.

www.bizdin.kg



Бермет ырдап кирип, Зинат дагы кээде ага кошулуп кыңылдап, бирок анан кайра өз шартын эстей койгонсуп унчукпай калат. Карабек аларга кошулган жок, ал өз ойлору менен алек болчу. Арман акем жардам берсе... Кичине ле көтөрмөлөп койсо, андан ары өзүм эптеп тырмышып чыгып кетмекмин. Жеңем аны менен жакшылап сүйлөшсө ал көнөт: ал өзү жумшак адам. Мен анын ордунда болсом, бардыгына көрсөтөт элем. Э-э, мен ушундай бийлик сүрмөкмүн, бир да адам кыңк эте албайт эле. Антпесе адамдардын баары ле оюна келгенин кыла берет. Ал эми акем болсо алар менен сүйлөшүп отурат, кереги мине? Айттымбы, аткар! Кереги мине көрүнгөнү менен кеңешип? Бийлик деген бийлик, ал бир колдо болушу керек. Эх, акем мени бир кызматка коюп койсо көрсөтөт элем кандай башкарышты! Менин кол алдымдагылар эң тартиптүү, эң мыкты иштегендер болот эле. Карабек өз кыялынан корkoңдонуп, чынында эле бийликке жетип алгандай көңүлү көтөрүлө түштү. Болуптур, азырынча жеңеми жеткирип коёюн, анан убагы келгенде аны менен өзүм сүйлөшүп алам.

Бермет дале ырдап келатты. Анын үнү заңкылдап чыгып, дембе-дем ал каткырып жибергенде жолдо бараткан адамдар аларды таңгалып карап жатты.

...Жигит болсоң кел анда,
Селкинчекти тебели,
Көз карашып тигилип,
Жүз алышып көрөлү...

Бу мага ишарат. Макул, ырдай бер, жеңеми үйүнө жеткирип коёюн, анан сени менен жалгыз сүйлөшөм. Көрөм ошондо, кандай гана ырдайт экенсиң.

Алар көрүстөнгө жакындап калды, Карабек машинесин жылганы аралатып айдады. Мүрзөлөр жапыз бөксөлөрдүн үстүндө байыркы шаарларга окшоп биринен өтө бири кооз, мармар менен кызыл таштардан коюлган. Ушу жолду түздөп коюшса деле болмок. Карабек мүрзөлөргө алып баруучу жолдун дөңгүлдөрүн дайыма ушул жакка айлап-жылдап бир келгенде гана эстечү. Шашып жүрүп гана өмүрүбүз өтөт экен да. Акыры баарыбыздын келер жерибиз ушу, бирок муну биз арабыздан бирөө өлгөндө гана эстейбиз.

Алар четтеги чакан мүрзөнүн түбүнө барды. Короолонуп, мармардан жасалгаланган күмбөздүн боорунда чоң тамгалар менен: «Арман уулу Кенжебек,1974–1982-ж.» – деп таштан чегилип жазылыптыр. Алар үчөө тең машинеден түшүп, өйдө чыгып барды. Мүрзөгө жакындабай туруп эле Зинат көзүнө жаш алды; ал эриндерин кырча тиштеп, ичинен кыңшылап барып, анан өзүн токтото албай шолоктоп ыйлап жиберди. Карабек менен Бермет анын артынан унчукпай ээрчип барып, мүрзөнүн топурагын козгоду, Зинат болсо турган жеринен бүк түшүп, мүрзөнүн үстүн басып жатып калды.

www.bizdin.kg



Карасаң деле боздоп калганын. Эмеле шаңкылдап күлүп атпады беле. О аялдар жеткен артисттер да: азыр эле күлүп, кайра тескери бурулуп ыйлап жиберет...

– Кагылайын, каралдым! – деп жаңгап жатты Зинат астындагы топуракты өзүнө шилеп чогултуп. – Эми сени кайдан табам, айланайын? Минеге кудай мени албай, сени алып кетти? Сени алганча, мени албайбы...

Азыр чын эле бирөө аны колунан тартып: «Бас, анда сени алайын!» десе көрөт элем сени ошондо... Бакырган бойдон качат элең го, анан калп эле ыйлап коёт. О катындар жаман! «Бир катындын мекери жүз эшекке жүк» деген туура. Биз да айбанбыз ушулардын калпына ишенип.

Карабек башын жерге салган бойдон ыйлап жаткан аялдын артында турду. Акырында ал башын көтөрүп, күмбөздү жакшылап карады. Жазуулардын үстү жагында кичинекей алкакта сүрөт бар экен. Мурун баласын көрөлек элем, ушу турбайбы...

Сүрөттөн аларды тиктеп чачтары тармал, жүзү жарык наристе карап турду.

## 5

Машине кан жолдон оңго бурулду. Алар катар тизилген мырза теректердин ортосунан өтүп, кууш кыябандын учундагы үйлөргө жетип барды. Кароолчу дарбазаны ачты, Жуман машинени айдап кирип, чекеде тизилген машинелердин катарына койду.

Меймандарды тосууга кызуу даярдык жүрүп жатыптыр: ашпоз балдар, кыздар ары-бери чуркап кызмат кылып жүрөт, бирин-серин башчылары да ушул жерде; алар эмне кыларын билбей, бирден-экиден бакты аралап ушак кептер менен алек. Короого дагы бир машине келгенин көрүп алар аны карай басты. Биринчи болуп милийса салары жетип келди, ал Арманды дароо тааный коюп, алыстан эле жылмайды.

– Кел, Арман, – деди ал жымыйып, баржактап. – Сага мине болду? Өңү-башың кубарып кетиптир да...

– Эчтеке мес… – Арман дагы анын колун бекем кармады. – Иш илгери! Кандай, бардыгы даярбы?

– Даяр да... Даяр болбогондо каякка бармак эле. – Тигил башын кызмат кылып жүргөндөр тарапка ийкеп койду. – Колдон келишинче кылып атабыз. Тигилер келгенче бүт даяр болуп калат.

Эки-үч жигит алардын жанынан өтүп баратып Арманга баш ийкеп учурашты. Арман милийса саларын колтуктап алып, аны токойдун арасына барып жоголуп кеткен жолду карай тартты.

– Жүрчү, Жоро, мен сенден бирдемени сурайын дедим эле...

www.bizdin.kg



Алар шуудураган жалбырактардын үстүнөн басып, тар жол менен элден алыс узады.

– Эсиңдеби, Жоро, баягы бир жылдары менде бухгалтер болуп бир киши иштечи эле го? Кийин аны жиндиканага алып кетишкен...

– Ким? – Жоро кенеген да жок. – Эсимде жок. Анын сага мине кереги бар?

– Жөн эле, аты эсимен чыгып кетиптир, – Арман тигинден сураганына өкүнүп калды.

– Аны мине кыласың... бекер башыңы катырып? – Жоро сестенип да койгон жок. – Көрүнгөн жиндинин баарын эстеп отурсак жаның калабы? Андан көрө жүр, бирден кылт этип алалы.

Арман өзүн өзү жемелеп калды: бекер сураптырмын. Сурабай ле койбой. Ал андай адамдардын неченин каматтырды... Бекер кылыптырмын, сурабай ле койбой.

– Сага деги мине болду? – Жоро  аны тигиле карады. – Мине мунча кубарып алгансың? Үйүңө барып эс алсаңчы.

– Жок, – деди Арман андан көздөрүн ала качып. – Мен азыр бияккa келатып ага окшош адамды көрдүм. Атын эстейм деп эч эстей албай койдум. Ал мине, эркиндикке чыкканбы?

– Билбейм, – милийса салары жылмайды. – Сен ошондон коркуп кубарып жүрөсүңбү? Коркпой ле кой, керек болсо биз аны кайрадан келген жерине жөнөтүп ийебиз. Кудага шүгүр, бизде дале күч бар.

– Жок-жок, мен аны айткан жерим жок. – Арман эмнегедир чочуп кетти. – Мен жөн эле атын билейин дегем...

Чын эле бекер кылган экемин. Сурабай ле койсом болмок турбайбы, эми ал артыман калбайт. Каргыш тийгир, ким тилимен тарта койду десең? Бу бир жабышкан кишисинен калчы мес эле. Эми элге да жайып шерменде кылат.

– Мейли, ал тууралуу сөздү тим эле коёлучу. – Арман кептин нугун башкага бурмак болду. – Өзүңүн иштериң кандай? Экөөбүз көптөн бери көрүшөлекпиз дагы.

– Милийса менен аз көрүшкөнүң эле оң го… – Жоро каткырып күлүп калды. – Элдин баары ушинтип айтат экен. Азыркы жаштар арак ичкенде милийса менен ооруканадан алыс бололу деп ичет экен. Мен сага бир андигидот айтып берейимби? Бир киши бир милийсаны жетелеп, начендигине апкелет имиш. «О мунуң ит го, – дейт экен ал. – Мен жөн эле көчөдө баратсам кармап алып, мага элүү сом бер дейт, шумдугуң кургур...» Анда милийсанын начендиги минтет дейт: «Э-э, ал ит эмес, ал күчүк. Ит мына менмин, мага эми жүз сом бересиң...» Ха-ха… – Анан ал кайра мостоё түштү. – Бирок биз жок алар кантмек эле? Биз болбогондо эл бири-бирин кырып иймек.

Мунун мостойгону да жаман. Мындай адамдар бирөөнү жутуп ийгенден да баш тартпайт.

www.bizdin.kg



– Аны жаштар айтат, биз болсок силерсиз кантет элек. – Арман тигинин сөзүн коштоп кетти. – Силерсиз биз тынчтык көрбөй калалы.

– Ошондой десең. – Жоро кайрадан кыткылыктап күлүп алды. – Антпесең элдин баары ле бизди жамандашат. Бизде мине күнөө? Биз эл үчүн кызмат кылып атабыз...

Карасаң муну элге кызмат кылып койгонун. Өзү нечен адамды жок кылды, анан дагы эл үчүн кызмат кылам деп коёт. Бирин бейкүнөө ле кестирип ийди, дагы бирин жиндиканага каматтырды, үчүнчүлөрүн болсо сотко жеткирбей туруп жоготту. Ал эми өзү азыр минтип эчтемеден оюу жок каткырып күлүп жүрөт. Анда минеге мен тиги бухгалтер үчүн капаланам? Жүрбөйбү бу деле далай адамдардын убалына калып. Бухгалтерди да ушу камаган, мен болгону анын жиндилигин күбөлөгөн кагазга кол коюп бергем. Ошондо да бухгалтер өзү күнөөлүү болчу, кой десе көнбөй эрегишип. Ким эле ал, атың өчкүр!.. Өзү болбой туруп албадыбы, кашайгырдыкы! Күнүгө ле артыман арыз жазат, көрүнгөн жерге барып даттанат. Анан мен мине кылышым керек эле? Мен да адаммын да, коргонушум керек да, анан ал качан мени кестирип, жок кылып иет деп күтүп отурмак белем.

Анык сурайыл деп мына бу Жорону атаса болот: ал башкаларды гана мес, өзү менен иштегендердин да далайын жок кылган. Дагы нечен адамдар андан жабыр тартат? Жоронун карамагында иштеген канча акылдуу, акыйкаттуу адамдар анын куугунтугунда калышты? Бир жылдары ал өзүнүн орун басарын дагы жаман аттуу кылып, аны азыр эч жерге ишке албай жүрүшөт? Арман тигил байкушту дале көрүп жүрөт: бечара адам аракка берилип, үй-бүлөсүз калган. Ал эми жөнөкөй милийса кызматкерлеринин нечени ал иштен кууп, айрымдарын кестирип да жиберген? Жоро азыр аларды эстеп да койбойт, мына азыр да биерде камырабай отурат. Анда минеге мен бир киши үчүн чыйпалактайм? Минеге өзүмү өзүм кыйнайм?

Жоронун ошол күнү телефон чалганы эсте калыптыр.

– Арман, коркпой ле кой, – деген ал анда дагы азыркыдай кыткылыктап күлүп. – Биз сенин бухгалтериңи барар жерине жеткирип койдук.

– Мине? Аны мине кылдыңар? – Арман анда тигилер бухгалтерди өлтүрүп таштадыбы деп ойлогон.

Анын чоочуркай турган жөнү бар болчу, анткени кээ бир адамдар сотко жетпей өлүп калганын ал көп уккан.

– Мине кылмак элек, жиндиканага жөнөтүп ийдик, – деген Жоро.

Ошондо гана Армандын жаны бир аз жай ала түшкөн. Кантсе да өлгөндөн көрө түзүгүрөөк эмеспи. Менин да абийирим таза болот. Анын көңүлү азыраак тынчыды, ошону менен Арман аны унутуп калган. Мына эми ал кайрадан жиндиканадан кайтып келип отурат. Аты ким эле, ниетиң куурагыр?

www.bizdin.kg



Алар Жоро экөө бактын ичин аралап, кыябанда нары-бери басып сейилдеп жүрдү. Жоро дагы бир нерселерди айтып жатты, бирок Арман бирде анын кебине кулак салып, бирде кайра өз ойлоруна кирип кетет. Бир пастан кийин алар үшүп-чыйрыкканынан кайтып тамды карай басты, ал жерде жылынып бирден күлүч коньяк ичишти. Ичтери жылып, денелери кичине жибий түшкөндө алар дагы сыртка чыкты.

Чоңдор келе турган маал болуп калыптыр...

## 6

Илгери бул аймактын бүт азыркы Музтөр менен анын жака белиндеги кыштактардын ордун кошо калың токой ээлеп турган. Элдин айтымында, ал токойдун арасында ажыдаар баштуу, денеси дөөнүкүндөй килейген, өңү суук сурайыл жашачу. Бирөөлөр аны жаян деп, экинчилери болсо кылыч куйрук баяс болчу дейт. Анын каяктан пайда болгонун, токойдо качантан бери жашап келгенин эч ким билбейт, бирок ал кээде дарыяга кирингени түшкөндө суу ташкындап жээгинен чыгып, оокатланганы жем издеп жөнөгөндө оозунан от чачырап, токойду бүт өрттөп, аймактын баарын кайрадан чөлгө айландырчу. Кырдаал кылымдар бою ошондой болуп келген.

Токойдун ичинде кыштактарда жашаган биртике эл ээзели сурайылдан жабыркап, андан кандайча кутулаарын билбей жылдар бою ага сыйынып, жалаңкычты бир аз жибитүү үчүн эч нерсесин аябастан ага малы болобу, башка азыктары болобу берип, өздөрүнө бир пас тыныгуу сурап алып жүргөн. Бирок сурайыл баары бир көпкө тынчыбастан жыл өткөн сайын күч алып, бара-бара алкымы мурункудан да чоң ачылып, эми жаңгелдеги жырткыч, куштарга алымсынбай, кыштактын ичине да кирип барчу болуп алды. Ошондо жергиликтүү калк көрбөгөн кордуктарды көрүп, аябаган азаптарды тартып айласы кетчү; сурайыл өтүп кеткенден кийин баягы кыштактардын орду тил менен жалап койгон сыяктуу жым болчу. Анан ал кайрадан суугa түшүп кеткенде гана корккондорунан тоолордун жылгаларына качып бекинген бирин-серин адамдар өрөөнгө кайтып келчү; алар мурунку кыштактарынын ордун ээлеп, аны жаңыдан куруп-түзөп жашоону улантчы.

Ошентип кылымдар бою жапа тартып муундар алмаша берди, ал эми сурайыл болсо же өлбөй, же жоголбой койду. Ал дале сууларды ташкындатып, токойлорду өрттөп, кыштактарды улам-улам ойрон кылып жатты. Акырында жадаган эл бир күнү чогулуп алып жалаңкычтан кутулуунун жолун издей баштады; туш-тараптан баатырлар келди, алар менменсинип ажыдаар баштуу дөө менен салгылашабыз деди; акылман карыялар жаштардын иши оңунан чыкпай калса, анда тигил ого бетер

www.bizdin.kg


жинденип алардын бүт тыптыйпыл кыларын айтты. Элдин айласы кетип эмне кыларын билбей койду.

Ошондо бир карыя элине мындай сөздөр менен кайрылды:

– Туугандар! – деди ал колдорун жая элдин көңүлүн өзүнө буруп. – Каргыш тийгир сурайыл минте берсе ал биздин бардыгыбызды кырып бүтөт. Бир айла таппасак болбойт. Эгер силер макул болсоңор, мен сурайылга барып көрөйүн. Бирок ал биздин кур сөзүбүзгө көнбөйт, аны көндүрүш үчүн биз анын кандай гана болбосун шартына макул болушубуз керек. Кандай дейсиңер, мен ага барып сүйлөшүп, бир тыянак чыгарып келейинби?

Адамдар макул болду, карыя Чычкан дарыясынын жээгин карай жөнөдү. Сурайылга жетиш өзү эле кыйын иш болчу; ириде чытырман токойду аралап өтүп, анан шаркыраган суунун түбүнө түшүп баруу керек эле. Карыя андан тайманган жок, көп кыйынчылыктардан кийин ал түз эле сурайылдын өзүнө жетип барды.

– Сурайыл, укчу мени, – деди чал күнгө ысып кеткен денесин суунун түбүндө сергитип жаткан жалаңкычка кайрылып. – Сенин жегениң бир адам экен, ал эми сен болсо бизди миңдеп кырып атасың. Адамдардын тукумун курута көрбө, сага эртең да оокат керектир. Андан көрө менин тилими ал, биздин сага сунушубуз бар: эгер макул десең, анда биз сага ачка болгонуңда дайыма бирден адамды жеткирип берип туралы. Макулсуңбу?

– Жок, – деди сурайыл. – Силер мага эртең өлө турган картаң чалдарыңарды жөнөтөсүңөр, алардын этинин даамы да жок.

– Болуптур, анда биз сага жаштардан жөнөтөлү, – деди чал.

– Жаш жигиттериңер мени ичимен жарып чыгат, менин туугандарыман бирөө ошентип өлгөн, – деп көнбөй койду тигил.

– Анда месе мейли, биз сага жаш кыздардан жөнөтүп туралы, болгону гана сен калган элге тие көрбө, макулсуңбу?

– Макул, – деди сурайыл акырында.

Ошентип, жалаңкыч менен макулдашып акылман карыя өз элине кайтты. Кыштактагы адамдар анын акылмандыгына таң берип, ошол эле күнү аны өздөрүнө жол башчы кылып шайлады. Кубанган эл түнү менен тойлоп, таң атканча жыргап майрамдады.

Бирок эртеси эле бир үйдөн угулган чыңырык алардын көкөйүнө тийди: эки узун бойлуу жигит кыштактагы кыздардын бирин сурайылга алып жөнөдү. Боздоп бараткан байкуш кызды көрүп, артынан чыркырап ыйлап жаткан энени аяп карап, адамдардын бардыгы мостоё түштү. Ал эми желдеттер болсо эч нерсе менен иши жок, айгай салган ата-эненин боздогонун угуп да койбостон тырышып-булкунуп жаткан кызды сүйрөгөн бойдон Чычкан дарыясы тарапка жоголуп кетти.

www.bizdin.kg



Мунун баарын көрүп турган бир да адам үн чыгарган жок, болгону гана ызаланган ата элге кайрылып наалат айтты:

– Силер минеге унчукпай турасыңар? Эртең эле силердин да кызыңарды алып кетет… Же силердин кызыңарды сурайылга багыштап өзүңөргө өмүр сатып алгыңар барбы?..

Буга да адамдар эч нерсе жооп бере албай баштарын жерге салып тим гана тарап кетти.

Ошол күндөн баштап кыштакта ар дайым бир маал чыркыраган ыйлар угулуп, ата-энелер кыздарынан, жигиттер келинчектеринен айрылып жатты. Бирок айла жок, эл ошону менен жан сактап келди.

Бир күнү кезек жол башчынын кызына да жетти. Ошондо топураган эл таң азандан кыштактын төрүндөгү үйгө чогулуп барды; адамдар бири кыткылыктап күлүп, бири айкабын терең сактап эмне болоорун күтүп турду. Жол башчы сыртка чыкты, ал миңдеген көздөрүн ага тикеген көөсөрлөрдү бир сыйра карап алды да, анан унчукпай кайра кирип кетти. Кудай жалгап, кызы ыйлабастан кийинип жатыптыр, болбосо ал башка кыздардай шолоктоп ыйлап жибергенде эл кандай сүйүнмөк. О, эл жыргамак! Ар кимиси өзүнүн кызы үчүн каткырып күлүп алмак, антпесе алар бул жерге эмнеге келди? Эмнеге алар таң азандан дыгдырып келди? Эми кызым ыйлап ийбесе ле болду. Ыйлаба, кызым, айланайын кызым, жалгыз кызым! Баракелде, кайран кызым!..

Кызы бир да үн чыгарбай, шашпай жай басып атасынын жанына келди.

– Ата, сиз чыкпай ле коюңуз, – деди ал, үнүндө баары бир селесеп бар. – Мен ыйлабайм, ата, сиз чыкпай ле коюңуз. Болбосо, сиз ыйлап ийсеңиз, мен да чыдабай кетем.

– Макул, кызым, – деди көсөм. – Мен ыйлабайм, эшикке да чыкпайм. Бар, бара кой, кызым…

Кызы унчукпай чыгып кетти. Карыя ичинен туталанып, бирок үн чыгарбай боздоп жатты. Кызы болсо короого чыгып, эки желдет анын колдорунан алмак болгондо: «Тийбегиле, мен өзүм барам!» – деп булкунуп алып, жол бошотуп турган элди аралап токойдун арасына кирип жоголуп кетти. Ал көп азаптардан кийин Чычкан дарыясынын боюна барды. Сурайыл ошол маалда кезектеги жемин күтүп күнгө какталып жаткан экен, сулуу кыздын келгенин көрүп ал адаттагыдай эле аны ойлонбостон жутуп жибере турган болгондо, тигил аны тайманбай карап туруп сөз айтты:

– Коё тур, сурайыл, мени жегенге шашпа! Мен эч жакка качпайм. Андан көрө, менин кебими ук…

Таңгалган сурайыл бир тарабынан кыздын жалтанбаганына таң берип, бир тарабынан анын сулуулугуна суктанып, оозун ачкан бойдон туруп калды.

www.bizdin.kg



– Угуп тур, сурайыл! – деп улантты кыз кебин. – Жакшылап уккун... Сага биерде менден башка деле жем толуп атат: токойдо куштар, жырткычтар бар, сууда балык көп. Ал эми сен бизди жөн эле өчөшкөндүктөн кордоп атасың. Бирок сен бирдемени эч эсиңе алгың келбейт; эң жаман кул да эртели-кеч кожоюнуна чап салат. Сен болсо көптөгөн жигиттердин сүйгөндөрүн тартып алып, аларга тукум улантууга мүмкүнчүлүк бербей көкөйүнө тийдиң. Алар бирде болбосо бирде сенден өч алат. Ошондуктан суранам: сен мындан нары эч бир кызга тийбе. Эгер каалаcаң, анда мен сага дайыма жаныңда болуучу аял болуп берейин. Мен сени адамдар менен элдештирип, эки тарапка тең орток болоюн. Тилими ал, сурайыл, болбосо сен адамдарды бүт тукум курут кылып, өзүң дагы жаны ачыган адамдардын колунан өлүм табасың. Анын үстүнө сага дагы тукум улантыш керекпи?..

Сурайыл кыздын акылына таңгалып макул болду. Ошентип көсөмдүн кызы жалаңкыч менен жашап калды, өзү да аман, элин да сурайылдын таламайынан куткарды.

Ал эми кыштактагылар чалдын кызын ажыдаарга жөнөтүп коюп, өздөрү бактысынан аны биротоло унутту. Кийинки барган кыздар сурайыл аларды жебей, кайра аман-эсен үйлөрүнө кайтып келип жүрдү. Болгону гана жол башчы карыя кызын эстеп, андан айрылганына күндөп-түндөп кейип жатып карыды.

Ортодон он алты жыл өттү. Күндөрдүн биринде сурайылдын зомбулугунан кутулуп, жандары бир аз тынчый түшкөн адамдар алар үчүн курмандыкка чалынган кыздарын эскерип жатканда, кыштакка бойго жеткен баласы менен чачтарын ак баскан бир аял келди. Бейтааныш адамдарды көргөн эл таңыркап, аларды тегеректеп алды. Баласын колунан ээрчиткен эне тигилерди жалооруп тиктеп турду. Акырында кыштактагылар аялды тааный койду, ал баягыда акыркы болуп сурайылга кеткен кыз экен. Корккон адамдар ызы-чуу салып, башка дүйнөдөн кайтып келгендерди көргөнсүп, бардыгы аял менен баладан качып жөнөдү.

Аял болсо баласы экөө кыштакты аралап барып токойдун тереңинде турган жалгыз үйгө кирди. Атасы катуу ойго чөмүлүп жүдөгөн өңдүү төрдө отурган экен, ал киргендерди көңүлсүз карап, кайыр сураган байкуштарбы деп кыймылдаган жок. Бирок кызы жаңы эле оозун ачканда, ал кызын тааный коюп ордунан тура калды да, бакырып барып аны кучактап боздоп жиберди.

Көсөм кызынын кайтышын, кайтканда да өзү жалгыз эмес, небереси менен кошо кайтканынын урматына той берди. Жети күн, жети түн кыштактагылар оюн-шатка бөлөнүп, акылман карыянын кубанычын тең бөлүштү. Той аягына чыкканда көсөм элге өзүнүн карылыгын айтып, мындан нары анын ордун небереси ээлей турганын, эми ал падыша аталаарын жарыялады. Сурайылдын уулуна кыштактагы эң сулуу кыздар-

www.bizdin.kg



дын бирин алып беришти, ошону менен жаш падыша шаар болуп өсүп келип калган Рахшанакта өкүм сүрө баштады.

Таятасынын таалимин алган сурайыл уулунун бийлиги астында Рахшанак дүркүрөп өсүп-өнүгүп, жыл өткөн сайын күч ала берди. Музтөрлүктөрдү ар кандай кысталыштардан чыгармак болуп жаңы падыша кыштактын жака белиндеги токойлорду бүт кыркты, мурдагы кепелердин ордуна жыгачтан келишкен тамдарды салды. Кыркылган токойдун орду кенен жайытка айланды: адамдар ал жерге малдарын багып, четине арпа, буудай экти. Эл бара-бара байып, өрөөн шаңдуу күлкүгө толду.

Бирок падыша анысы менен эле токтогон жок: мурдагы үйү жакпай ал өзүнө аймактагы эң кооз, эң чоң сарайды курдурмак болду. Андыктан ал Чычкан дарыясынын боюнан килейген аппак таштарды алдырып келип, андан жылмакай, тегиз кыштарды жасатты. Алыстагы сайдан токойду аралап мармарды кыштакка жеткириш өтө кыйын иш болчу, ошондуктан алар ириде жаңгелди кесип өткөн жол салды.

Адамдардын бир тобу суунун боюнан таштарды көтөрүп келип, аларды таш бузарларга берчү, тигилер аны талкалап, чоңуректарын сайкалчыларга тапшырчу, акырында сайкалчылар мармарды жылтыратып сүрүп, кыштарды ак сарай куруп жаткан усталарга жеткирчү. Бир айдан кийин таш ташуучулардын арасынан кишилер көп өлө баштады, оокаттын кубатына караганда таштардын оордугу күчтүүрөөк кылды көрүнөт. Иш бир аз токтоп калды. Күндөрдүн биринде таш ташуучулардан бирөө падышага жакшы кабар айтып келди. Анын оюнча тоголок жыгачтарды жерге төшөп, үстүнөн дөңгөчтөрдү томолотсо, адамдарга анча-мынча жеңилирээк болмок. Падыша ага сыйлык катары жаанын огунан үчтү, темир бычак берди да, аны таш ташуучулардын үстүнөн башчы кылып дайындап койду. Иш кайрадан уланды. Жолдор кеңейтилип, токойлор дагы кыйылды. Эми таштар мурункуга караганда жеңилирээк да, көбүрөөк да жеткириле баштады.

Ак сарайдын курулушу жарымдап калганда баягы таш ташуучулардын башчысы кайрадан падышага жетип келди, бирок бул жолу ал жаман кабар менен анын алдында турду: көрсө, дөңгөчтөр кээде томолонуп четке ыргып кетип, көптөгөн кишилерди басып калат экен. Муну уккан падыша тигини сууга чөктүрүп өлтүрүүгө буйрук берди. Иш кайрадан токтоду.

Бирок адамдан айла качып кутулбайт, таш ташуучулардын арасынан дагы бир акылман чыгып, ал ошол дөңгөчтөрдү бүтүн бойдон койбостон алардан тегерек кылып дөңгөлөк кыркып алууну сунуштады. Падыша аны да сыйлап, сайкалчылардын арасынан кишилерди бөлүштүрүп берди. Эми жаңгелди аралап чыгырык жүрө баштады.

www.bizdin.kg



Акыры сегиз жыл мээнеттен кийин ак сарай курулуп бүттү. Ал токой менен чөлдүн ортосундагы бардык тамдардан айырмаланып, өзүнөн жарык тараткансып агарып турду.

Анткени менен ак сарай жепирейген тамдардын ортосунда дат баскан темирге бөлөнгөн акак таштай көрүнчү, ошондуктан сурайыл уулу эми ал ташты алтынга бөлөмөк болду; ал ак сарайынын айланасын кепелерден тазалап, тегерегине аянт салды, андан тышкары мончо, көшкүлөрдү курдурду. Бирок мурунку курулуштан жалкып калган усталар анын оюна көнбөй, ага макул болбой койду. Анда падыша калган жигиттеринен аскер түзүп, куруучуларды күч менен иштете баштады. Эми мурдагы жол аздык кылып, андан башка дагы эки жол курууга туура келди. Токой мурдагыдан да суюла түштү.

Сурайыл уулу ушундай чоң иштерге бел байлап, кызуу киришип калганда Чычкан тараптан угулган таңгалычтуу ач кыйкырык айлананы жаңыртты. Иштеп жаткан куруучулар токойдон чыга качып, коркконунан шаарга бекинди.

– Бу мине деген шумдук? – деп сурады падыша апасынан.

– Бу атаңын сага берген белгиси, – деди ага апасы. – Ишлетиңи токтот, балам! Сенин токойлорду кыркканыңа атаң каршы болуп атат, токтот ишлетиңи, айланайын...

Бирок падыша апасынын тилин албай койду, ал аскеринин күчү менен куруучуларды кайрадан жаңгелдин ичине айдап барды да, өзү алардын башына туруп иштетти. Ал аянтынын бүт мармар таш менен төшөтүп, аны кооз көшкү, мунараларга толтурду. Эми Рахшанак кыштак эмес, келишкен аппак шаарга айланды. Сурайыл уулу мунусу менен да тынчыган жок, ал шаарды тазалыкта сактоо үчүн көчөлөрдү булгаган ыплас талдарды бүт кырктырды, ным тартпасын деп саздуу жерлерди кургатмак болуп, көчөлөрдөн арык казып өткөрдү. Эки-үч жылдан кийин ал саз жөн эле кургап калбастан, жер бүт катып, ысык күндө какыраган чөлгө айланды. Көчөлөр бүт ээнсиреп, тамдарды аркыраган шамал аралады. Күндөн-күнгө көбөйүп жарылып бараткан такырларды сугарыш үчүн падыша Чычкан дарыясынан терең арык каздырып, шаарга суу тарттырып келди. Чычкандагы суу тайыз боло түштү.

Бир күнү баягы кыйкырык дагы угулду, бирок бул жолу ал мурункудан да катуураак чыкты.

– Балам, айланайын, токтот ишлетиңи! – деп жалынып жиберди падышанын апасы.– Болбосо бир чоң кырсыкка учураганы турабыз. Бу атаңын экинчи жолу берген белгиси. Сен өзүңү эл арасында даңазалайм деп атаңы суусуз, токойсуз калтырбадыңбы, ал эми байкуш кантип жашайт?

– Атама суу толуп атпайбы, – деди сурайыл уулу. – Токой деле жетиштүү. Тээтиги капчыгайда жашай берсин.

www.bizdin.kg



– Бирок аякка күн тийбейт да, атаң суукта кантип жашайт? – Апасы баласынын ырайымсыздыгына капаланды. – Сенин атаңда өчүң барбы?

– Өчүм деле жок, бирок адамдарга да жашоо керек! – Жаш падыша айтканынан кайтпады, тескерисинче, ал кайра ого бетер кычап Чычкан дарыясынын агымын башкаруу үчүн анын таар капчыгайдан шаркырап чыккан жерине маргатон курду.

Чычкан капканга түшкөн мөндөлөйдөй бүжүрөйүп, кичинекей болуп чууруп агып калды.

Албууттанган дарыяны баш ийдирген сурайыл уулу өз күчүнө ого бетер ишенип өзүн кыйын сезди: ал суудан каалашынча алып, каалаган маалда буруп, шаардын четиндеги айдоолорду сугара баштады. Дыйкандар ага ыраазы болуп, түшүмүнүн тең жарымын падышанын кампасына алып келип тапшырып жүрдү. Мээнет бардыгын жеңе турганын көргөн эл да өздөрүнүн тамдарын падышанын сарайындай болбосо да, ага жакындатып салды. Жалпы там салуу мезгилинде устачылык, кол өнөрчүлүк да өнүктү. Базардын соода катарлары мөмө-жемишке толуп, жайыттарда багылган малдын ызы-чуусу короолордун ичинде жаңырды.

Үчүнчү жолку ач кыйкырык эл уктап жатканда түндө угулду. Чоочуп кеткен адамдар төшөктөрүнөн секирип туруп, бардыгы көчөгө чыкты. Чыңырык басылбай, аймакты бүт жаңыртып жатты. Тоодогу аскалар көчүп, таштар шаарга чейин томолонуп түштү; айлана бүт аркырап катуу бороон башталды; капчыгайдан дарыя албууттанып, толкундар маргатонго урунуп жатканы угулду.

Эл эмне кыларын билбей абдырап калды. Эки-үч сааттан кийин жер ордунан жылып кеткенсиди; катуу күркүрөгөн үн чыгып, замбиректердин атылганы сыңары ар тараптан тарсылдап жатты. Адамдар алагды болуп, каякка бекинерин билбей ар кимиси көрүнгөн жакка чуркай берди. Шаар ызы-чууга толуп кетти. Өрөөндү туш-тарабынан тегеректеген Мастан-Тоонун түбүндө жарака пайда болду; анын айланасынан дүңкүлдөгөн үндөр чыгып, кандайдыр бир дөө-уста барсканы менен ургулап жаткансып жер тынбай титиреп турду. Нары-бери чуркап чыңырып жүргөн адамдар буттарынын астында жер эмей эле жумшак момго чалынгансып кулап жатты. Аба тандырдай ысып, асман чоктой кызарды. Кишилердин кыйкырыктарын каяктагы бир коркунучтуу, долуланган үн басып коюп отурду.

Бир убакта Мастан-Тоонун жаракаларынан чууруп агып, булактар күркүрөгөн Чычкандын толкундарына кошулду; дарыядагы суу көбөйүп отуруп акырында шаркыраган агым тар капчыгайды жарып чыкты да, түз эле Рахшанакты карай умтулду. Суканы учкан адамдар буттары жерге кадалып калгансып ордунан жыла албай турду. Ажаан толкундар жолундагы таш, талдарды кошо агызып, эси ооп калган элди көздөй аты-

www.bizdin.kg



рылып келатты. Бир маалда алдынан торогон чокуга урунуп алып, агым өз багытын өзгөрттү, ошондо кокусунан аман калган музтөрлүктөр сүйүнгөнүнөн аянттын тең ортосундагы ибадатканага топурап кирип барды: алар ошол маалда кубанганынан шаардын жака белиндеги кыштактарда жашаган байкуштардын акыбалын унутуп койду.

Агым болсо жылгалардын ичин бир аз аралап барып дагы бир чокуга тирелди да, анан кайра бурулуп Рахшанакты карай агып жөнөдү. Бул жолу ал эч кандай тоскоолдуксуз өрөөнгө жетти да, аман калдык деп тынбай сыйынып жаткан музтөрлүктөрдү үстүнөн басып калды...

## 7

Былтыркы зилзаланын алдында да бир таңгалычтуу дабыш чыккан дейт. Бирок Кики аны уккан жок, анда ал капалуу болчу. Атам менен апам күндө чатакташат, минеге? Мен үчүнбү? Андай болсо мен кетем, үйдөн биротоло кетип калам. Элдешмейинче эч келбейм.

Ал шаардын көчөлөрүн бойлоп ылдыйкы гүзөргө түшүп келатты. Бир үйдүн короосунан баланын үнү угулду:

– Кики, коё тур! Мен азыр чыгам...

Кенжебек артын карап да койгон жок. Атасы ага астыңкы гүзөргө барба деген, бирок бала бул жолу анын тилин албай ошол жакта жашаган досунун үйүн карай кетип баратты. Бул жолу ал апасынын какшаган зилзала, балким, жүрө турган селди да ойлобой улам төмөндөп кете берди. Мейли, зилзала боло берсин, мени апам айткан кара жер жутсун, ошондо мүмкүн алар урушканын токтотот. Мындан нары алар мен үчүн эч чатакташпайт. Чоң кишилер кыямат болот дейт, ошондо мени чабалекей дагы куткарбайт. Мейли, куткарбай ле койсун, мен өлөм, апам менен атам анан ыйлайт, бирок мен тирилбейм. Миң ыйласа дагы тирилбейм. Кенжебек өзүнүн өлгөнүн ойлоп, бир маалда көздөрүнө жаш алды; ал өзүн өзү аяп, анын өзүнө өзү боору ачыды, ал шолоктоп ыйлап жиберди. Мейли, мен өлөм, ошондо силер менсиз жашап көргүлөчү. Силер ыйлайсыңар, бирок мен баары бир тирилбейм.

Күн бүркөк болчу, бүт асманды кара булут каптап турган. Айрым жерлеринен гана зорго өтүп келген күндүн нурлары айлананы бир аз жарык кылып жатты. Тээ алыстагы Мастан-Тоонун чокусунда сыядай кочкул булут минип турду. Жамгыр жаай тургансып айлана боз чаңгыл, бала демигип кетти, бирок ал ага да карабай улам ылдый түшүп кете берди.

Астыңкы гүзөрдө анын досу жашачу, алар дайыма бирге ойноп, мектепке да чогуу барчу. Нурдун атасы менен апасы эч качан чатакташпайт, алардын үйүндө дайыма тынч, жакшы. Алардын кооз багы бар, ал

www.bizdin.kg



жерде алма, алча, шабдаалылар өсөт. Азыр бак ээнсиреп калган, ошентсе да ал жакта сонун, абасы таза. Кенжебек ал үйдү абдан жакшы көрчү, анын досунукуна күндө баргысы келчү, ал эми атасы аны барбагын дейт, сел жүрсө аны суу алып кетет дейт. Минеге? Минеге ал үйдөн алып кете турган сел өзүнүн үйүндө ага эч нерсе кыла албайт?

Шаар кырылып калгандай ээн болчу. Көчөлөрдө бир да кишинин карааны көрүнбөйт, болгону гана короолордогу иттер арылдап үрөт. Бала иттерден коркчу, бирок бул жолу аларды да тоготпой кете берди. Алыстагы Мастан-Тоонун үстүндөгү булут жайылып барып, тоголок топтой саргайган чоң чекитке айланды. Каяктан жетип келгени белгисиз боз чаң тамдарды бүт каптап, шаардын ичин караңгы кылды. Кенжебек коркуп кетти, бирок токтобостон улам алга жыла берди.

Бир маалда анын астындагы жер ордунан жылып кеткенсиди, бала бутунда тура албай темтеңдеп барып жыгылды. Эмне болуп кеткенин түшүнбөй эки жагын караса, тамдар, талдар солкулдап жатыптыр. Иттер мурдагыдан да долуланып, малдар дүбүрт салып чуулдады. Кенжебек бакырып жиберди.

Жердин титирегени бара-бара басылып, анан акырында биротоло токтоду. Кенжебектин муундары бошоп, денеси бүт калчылдап чыкты; ал жанындагы тамдын дубалына жөлөнүп зорго бутуна турду. Көптөн кийин гана ал бир аз эсине келип, тегерегин бир сыйра карап алды. Анан ал өңгүрөп ыйлады.

Асман дале карайып, шаардын ичи жымжырт болчу. Иттердин да үргөнү угулбайт. Тунжурай түшкөн жымжырттан бала ого бетер коркуп, эмне кылаарын билбей турду. Асты чаң, арты да чаң, баланын эч нерсеге алы келбей ордуна катып калды. Үйүмө кетсемби? Бирок апам менен атам дале урушуп аткан болушу керек. Кенжебек бутун шилтеп алга жөнөдү.

Чаң бир аз тарай түшүп, закымдын арасынан жол көрүндү. Бала мурдагыдай телтектебей, буттарын дадил шилтеп келатты. Бет алдындагы карайган бакты көрүп ал шашылып калды.

Кенжебек короого кирери менен анын алдынан досу Нурдин чуркап чыкты.

– Кики! Силердин үйүңөр да титиредиби? – деп кыйкырды ал алыстан эле. – Биздин үй моминтип солкулдады. – Нурдин денесин эки жакка чайпалтып жердин титирегенин туурады. – Биз баарыбыз тамдын бурчуна жабышып турдук.

– Сездим. Бирок мен көчөдө болчумун. Мен жыгылып кеттим.

– О-ми-ий, жер титиреген жаман болот турбайбы, а? – Нурдиндин денеси чыйрыккансып калчылдап кетти. – Жүр, жүр биздикине...

Алар короодон өтүп барып чоң тамдын ичине кирди. Нурдиндин апасы менен атасы үйдө экен, алар Кенжебекти көрүп сүйүнүп кетти.

www.bizdin.kg


– Кики, кел, келе гой, – деди Нурдиндин апасы. – Силердикинде кандай, тынчпы?

– Сен жолдо келаткан болушуң керек, – деди атасы. – Жердин титирегенин сездиңби?

– Ооба, мен коркуп кеттим. – Кенжебек чынын айтты. – Мен... мен жыгылып кеттим. Сиздер да корктуңуздарбы?

– Коркпой анан, биз деле корктук. – Салима эже күлүп калды. – Жер да өзү катуу силкти да...

– Кудага шүгүр, там чыдады. – Баяман аке төрдөгү төшөккө отурду. – Кел, чайдан апкел, бир аз эсибизге келгиче, чай-пай ичип алалы. Ишти анан деле кылабыз. Биз Нур экөөбүз кышкыга отун араалап жатканбыз, – муну ал Кенжебекке кайрылып айтты. – Жаңы ле баштап калганыбызда минтип жүрөгүбүздү түшүрдү.

Салима эже дасторконду жайды, чай алып келип, ар кимисине пиалага куюп берди. Жанагы корккондан кийин Кенжебектин курсагы эми ачып кеткенсиди, ал да пиаласын алып, чайдан тамшанып-тамшанып ичти. Нурдин атасы экөө дагы чайдан ырахаттанып ууртап отурду.

– Кудай жалгап тамыбыз да зилзалага чыдап берди, – деди Баяман, бош пиаланы аялына сунуп коюп, тамдын бурчтарын бир сыйра тиктеп карап. – Сен жолдон байкаган жоксуңбу, бирөөлөрдүн тамы көчүптүрбү?

– Байкаган жокмун. – Кенжебек чынында эле эч көңүл бурбаптыр. – Көчкөн деле жок окшойт, болбосо мен көрөт элем.

– Көчпөгөнү ле жакшы. Тынч эле болсо кен. Бирок катуу силкти. Тогуз баллга жакындагандай болду.

Кенжебек «балл» деген эмне экенин билчү эмес, ошондуктан ал анын сөздөрүнө кошула алган жок. Нурдин болсо унчукпай чайын ичип отурду: ал негизи көп сүйлөбөйт, бирок Кики экөө жалгыз калганда ар кандай кызыктарды айтып берет. Азыр болсо ал унчукпай отурду.

Бир маалда Баяман чай куюлган пиаланы жаңы эле колуна алып жатып чоочуп кетти, анын көздөрү алая түштү. Эмелеки зилзаланы эстеп өздөрүнчө кобурашып отурган балдар эч нерсени байкабай калды, алар дале чай менен алек болчу.

– Тээтиги мине? – деди акырында эсине келген Баяман. – Карагылачы, йа, тээтиги мине?

**(Уландысы кийинки санда)**

www.bizdin.kg



*Проза*



**Айдарбек**
**САРМАНБЕТОВ**

# ЧЫҢГЫЗХАН. ЖАЗЫЛБАЙ КАЛГАН КАРГЫШ*

*Каргыш – жебеден курч,*
*укум-тукумга жете көзөп өтөт.*
Монгол ылакабы.

*– Уу, наалаты сага, Темучин! – деп, күйүттөн өзөгү түтөгөн аялдын ачуу чаңырыгынан Чыңгызхан алкынган ак боз атынын чылбырын тарта аярлай калды. Аны дүрбөй коштой чаап, каңырсыган кан жытынан делөөрүп алышкан нойон жансакчылары да чаң ызгыта дүргүй токтошту. Күмөнсүп келген жеңишти ойдо жок ит уруш салган тапкычтыгы менен жаңы эле өзүнө оодарып, эзелки касы болуп келген меркиттер качып, эми аларды биротоло баш көтөргүс кыла тукум курут кылмакка артынан сая түшүп баратканын да саамга эсинен чыгарып койгонсуду.*

*– Бу, байкуш балдарымда эмне айып?! Же колуна курал алып сага каршы чыгышпаса, эмнеге аларды жаштайында жайрадың?! Балдарыңдын арманын тартып кал, мендей кан кусуп! Эзели тукумуң жарыбасын! Уу, карышкырдай улуп калгыр! Боюнда бар келинимди аябай... Сен дагы, сенин балдарың дагы аялдан армандап калгыла! Наалат сага, Темучин! Каргыш!!! – Карыган дарактай териси сөөгүнө катып калган кемпир, каржайган денесин көтөрө албай кайгысынан бүк түшүп, жер тыта зар какшап жатты.*

* Чыгарманын жаралышына «Монголдордун улуу баяны» жылнамасынын таасиринде жазылган Саха (Якутия) жазуучусу Николай Лугиновдун «По велению Чингизхана» (Москва, 2001-ж.), кыргыз жазуучусу Асыкбек Оморовдун «Чыңгызхан» (Бишкек, 2008-ж.) китептери негиз болду.

3 – 456

www.bizdin.kg



*Теңирден маңдайына жаангердик ырыскысы жазылып ага өзүнүн өткүр жүрөгү, акылмандыгы да шыпаа болгон жеңишчилдигинен Жеңгисхан – Чыңгызхан аталып, атагына дөөгүрсүп турган каган ошол саам өз энесинин зарлуу үнүн капыстан уккандай жүрөксүп, каргыш айтылып жаткан тарапты элтейе карап калды. Ачуу азага буюгуп, жашоодон кече жаздап, бирде көкүрөгүн курч кылыч тең жара чапкан кыл мурут уулун, бир туруп турнадай суналган мойнуна жебе кадалган курсагы төмпөйгөн кош бойлуу келинин алмак-салмак кучактап жин ургандай боздоп, буурул чачы шамалга сапырылган кемпирди көрүп Чыңгызхан нес боло түштү. Чөк түшүп, келининин курсагын кучактай зар какшап жаткан кемпир бир саамда селт эте башын көтөрө калды да, элтеңдей эки жагын каранып, жанында кан жошолоп жаткан баласынын белинен бир карыш канжарды шап суурип ала койду. Бу неси, жандан аша кечип кеткениби, кургурдун?! Же акылынан айныдыбы? Карбаластаган кемпир келиндин курсагын шашыла кескилеп жиберди эле, кызарган кан сызыла берди! Али жаны чыгалек курган келиндин жарылган курсагына кемпир карбаластай колдорун сойлотуп каканактай суу толгон жатынды суурип чыкты да этегине салып канжар менен аны жарып жиберди, жатындан суу жайыла берди. Андан колу-буту тарбаңдаган кызыл эт наристени алып чыгып, бети-башын шашыла аарчып, оозу-мурдунан үйлөп жиберер замат обого:*

*– Баа! – деп барылдаган бала ыйы жаңырды. Кырчылдашып, биринин жанын бири кылычтап, кан салгылаш салып жаткан гөрпенделердин ал үндү эшиткендери саамга дымый түштү. Далайдын чымын жанын чыркыратпкан апаат-согуш саатында дүйнөгө жаңы адам келип жаткан! Улуу чындык – тирүүлүк дагы да өкүмдөндү!*

*Бар дүйнөнү силкинте барылдаган кызыл эт небересинин жаңы эле ажал тапкан энесинен али ажырай элек киндигин чубалта башынан өйдө көтөргөн кемпир:*

*– О, Теңирим, өзүң күбөсүң, туула элек бейкүнөө неберемди томолой жетим кылган таш боор мыкаачыны жазалай көр! Каргыш сага, Темучин! Көрүңдө жай албай улуп калгын! Уу-у!..– деп озондоп жиберди.*

*Алеки заматта болуп өткөн окуядан акыл-эсине келе элек каган:*

*– Алжыган кемпир! Андай болбойт! – деп, тиштене ызырынып алды да аргымагына ачуу камчы басып, акыл-эсин чылк ээлеп алган улуу максатына элөөрүй умтулуп душмандарынын артынан сая кубуп кете берди. Аттиң, ал айтылган каргыштын кайсыл бир мезгилде өз башына, качанкы бир укум-тукумунан кайрылып, чабыла тийген камчыдай ачуу тиерин элес албай калды.*

*Бекер кылган экен, ошондо…*

www.bizdin.kg



## Каган менен калемчи

Кеч күүгүмдө балбылдап алгач жанчу Койчуман жылдыз асманда жалгызсырайт. Чоң-кичине казанбактуу тамдарга жыш калаа түнгө оогону менен али ойгоо. Шаарды бекем кур сымал курчаган калың сепилдин ар жүз кулачында кытай топусундай шоңшойгон чатырлуу кароолканаларында от жалындап, түн күзөтчү жоокерлер тамагын даярдап, айрымдары кечки насибине олтуруп калган кез. Айрым тамдардын алакандай терезелеринен али алсыз жарык жанып турат. Демек, элдин көбү ойгоо.

Кечки калааны, аны кучагына ала баштаган көк мунарык асмандагы бир тилим дарбыздын кабыгындай иймейип, алтындай жаркыраган айды Жувайни тар терезесинен кыйлага тиктеп, ойго тунуп турду. Ай бечара жаңырган тура. Ага кимдер умсуна тигилбеген да, алдында не деген нечен муундар өмүр-өлүмүн баштан кечирип, келип-кетишпеген. Канчалаган хан-жаангерлердин эрдик менен эссиздиктерине күбө болбогон. Ай алдында аламан дүйнө канча мертебе азага батып толгонуп, салтанат саатын курбаган… Эгерде ал түн чырагынын тили болгондо не бир заман-тагдырлардын чын сыры ачылбайт беле! Өкүнүчтүүсү – айтып берээрге Айдын тили жок. Аларды – өткөн да, өз да заманын Жувайнидей жазмакерлер гана Кудай ыроологон дараметине жараша тамгага салып, күнү-түнү жапага батып жазып кетишет. Ал – билгенге милдет, билбеске азап, же атак алуунун жолу. Бу дүйнөдө түбөлүктүү эч нерсе жок. Баары убактылуу, жада калса ошол эле Ай, Күн, Жер дагы. Ал эми асман алды менен жер үстүндө тирүүлүк жашап турганда бир гана тарых узак. Ал адамдарга абадай керек. Өткөн өтмүшүн билмейин алгалоо жок. Адамзатынын тирүүлүк мөөнөтү ага тике байланыштуу. Демек, анын узун учугун улап, кийинки замандарга жазып калтыруу милдет. Ооба, аны сөзсүз жазуу керек.

Санаачылдыгынанбы, же мезгилинен эртелеп акылы карый баштаганбы сакал-мурутун ак аралай баштаган Жувайни ой туткунунан чыгып, май чырактын бүлбүлдөгөн алсыз жарыгында агарган кагаздарына жай басып келди. Мына, тектеш элдер Жеңгисхан, тили буруулар Чыңгызхан атаган атактуу кагандын тушунда анын татаал тагдыр жолунан тартып улуу иштерин, дүйнөлүк жортуулун, анын улануусун улуу хандын эки жүздөн ашуун бакма балдарынын бири – татардын зээндүү жетими, кийин дүйнөдө теңдеши жок зор Хан Ордонун Жогорку Сотунун башчысы да болгон калемчи Шиги Кутухy баштап, анын көзү өткөн соң улуу кагандын чөбүрөсү Кубулайдын буйругу менен Рашид-ад-Дин улап жазган жылнаама. Эми ал «Монголдор улуу баянын» улантып жазуу парзы Жувайниге тийип отурат. Жылнааманын мурда жазылгандарын жаңы гана бир дем менен окуп бүттү. Улуу каган тарыхынын катаал да, татаал да

www.bizdin.kg



дүбүртү. Монгол талааларынан башталган улуу дүбүрт бүтүндөй дүйнөнү, адамзатынын акылын солкулдатып мекен, эл, эркин жашоо кымбаттыгын дагы бир мертебе эске салып кеткен экен. Бейпил жашоо бактысын улуу каган ашкере акылгөйлүгү, анан албарс кылычы аркылуу сездирген. Адамзатынын акыл-эсине ачуу камчысын чаап сабак кылган. Дүйнөгө түркүк болуп келген далайлаган эски дөөлөттөрдү кайрадан карап чыгууга, жаңыларын жаратууга себепкер болгон. Атаңгөрү, ошондо бу дүйнө дагы бир силкине, чочуп ойгонуп алган экен…

Ошол Жеңгисхан дүйнө кезгенден бери жарым кылымдай мезгил өттү. Азбы, көппү? Тепилдеп, чарчоону билбеген монгол аттарынын такасыз ачуу туягы алдында мекени аёосуз тепселип, эзели кунсуз эркиндигинен ажырап, эрксиз эзилүү алдында калышкан элдер үчүн, албетте, узак-убайлуу, ал эми атак-жеңишине мас-маашырланган жеңүүчүлөр үчүн ачылып алган напсиси тойгус азганакай гана мезгил мерчеми. Ушундай, эки ачалуу жарым кылым ичинде эмне өзгөрдү да, эмнеси ошол эле бойдон, ордунда. Аалам-асман, Жердин огу, элүү жылда эл жаңы демекчи, бири кетип, жаңысы жарала берген уламалуу тирүүчүлүк-пендекана, жарык жашоого жандими жанталашуу, байлык-бийликке тойбос сугалактык, адамзатынын түйшүктүү өмүрү, анын аяр, аздыгы, арманы менен азыноолак бактысы… өзгөргөн жок. Муундар алмашкан менен жеке баштын тагдырында баягы эле баштагы көртурмуш, арман… Анда эмне, Жер үстүндө баарыга бакубаттуу бир каганат курам деген улуу кагандын умтулуусу да бекер белем?..

Ушундай уңгулуу да, убайымдуу да ойлорун, Батыйдан баштап Кубулай ханга чейинки өтмө катар татаал, арманы ат башындай аламан доорду ак кагазга кандай түшүрө алат, Жувайни? Тайсалдабай так, татаалын талдап айтуу колунан келер бекен? Бир Батыйдын баштан кечирген арманы эле канча? Тун уулу Сартак менен көкүрөк күчүгү Барактыкычы?! Алардын жоокерчилик жоболоңун, чапкын-чалалыгын, өзгөлөрдү жеңгени менен өз эле кандаштарынын кастык, так талаш-кутумчулуктарынан куругандарын айтпаганда да аларды тагдырынан тайдырган пенделик махабат-армандары эле не деген узак сөз?!.

Тобо деп таң калбаска арга канча?! Тээ, алмустактан уламалуу ушул узак заманга чейин эч бир адам пендеси жеңе албаган түптүү, элдүү да, айрымы ажырымдыгынан алсыз, кай бири карт тарыхынан талаадай кенен, мухиттей терең рухий кенч жыйнай алганы менен терең тамырлуу да дүр-дүйнөнүн жарымынан көбүн чаап, жүздөгөн чоң-кичине, намыс-нарктуу, баатыр-өжөр элдерди алдына амалсыз тизе бүктүрүп, пенде жарыктыктын оюна келип-келбес бийликке жетип, каалаганын бир жаңдоо менен кыңк эттирбей аткарткан төбөлдүн да арманы болот тура! Дос-душмандары Жердеги Теңири, өздөрү алгач атагандай «асмандан жиберилген» адам аттуудан теңдешсиз Темучиндин, көзү өтө электе эле

www.bizdin.kg


Жеңгисхан-Чыңгызхан аталган «жердеги кудайдын» канчалык жандалбас кылганы менен ат башындай ачуу арманы ичинде кетет деп ким ойлоптур?! Анын биринчи өкүтү– Сары деңизден тартып, батыштагы Акыркы мухитке чейинки зор дүйнөнү өзүнө каратып, бир муштумдай эл, бирдиктүү мамлекет куруууга жетишпей калганы. Ал үчүн, албетте, узак өмүр керек эле. Жетимишке такаган адам өмүрү ага аздык кылган экен. Өмүрүнүн көбү чычкан уулап, чөп тамырын казып жеп жансактаган жакырчылыктан чыгып, анан кулдукта, акырында ата бийлигин кайрып алып, аны күн-түнү башын канжыгага байлана түптөп, Керөлөң, Онон, Туул кең талаасында чачырап, өз ара кагылышып, бийлик-байлык талашкан моңгол элин бириктирүүгө кетпедиби, арман! Гур-хан, Таян хан, Он хан деген ар кокту уруулардын мыкчыгерлерин, баарыдан да башында кан досу, бара-бара кайышкан касына айланган Жамуха канча өмүрүн жеп кетти. Эгер ошол жаштык доору өздөн чыккан кастарын каратууга садага чабылбаганда эңсегенине жетер белем? Аттиң, аруу максатынын туу сересине чыга албай, түбөлүк өлбөс боло албады! Атургай көзү өткөн соң кадыресе пенде сыңары көрү да калбады... Буюрбаптыр...

Ошентсе да ал Улуу Каган аталып, тарыхта алиге боло элек Еке Монгол Улус – Улуу Монгол эли аталган ири мамлекетти куруп, талаа-түздөн чыга албаган алакандай элинин атагын дүйнөнү дүңгүрөтө чыгарып, карт тарыхка өчпөс кылып жаздырды. Алдан тайып, о дүйнө салары акыры көзүнө көрүнгөндө жан арга издеп, атагы таш жарган кытай табыбын да алыстан алдырып, ал: «Бу дүйнөдө Кудай улук. Анын жазганын эч ким өзгөртө албайт. Мен да... Ичээр сууң түгөнөйүн деп калган экен, улуу каган. Камынгын. Каргышка калган экенсиң», – деген эле, туюк. Ошондо гана карт каган тээ, акыркы деңизге чейинки жортуулунун башындагы меркит кемпир, анын каргышы эсинде жаңырган... «Аттиң! Аны неге кезинде жандырбагам?!» – деп, кабыргасы кайыша ичинен сыза бир армандап алган эле. Эгерде ал ошондо да каргыш-сырын өзү менен ала кетпей аялдарына же кашындагы кытай акылманына ачык айтканында алар аны жандырып, укум-тукумуна уу забын өтпөй калат беле?.. Көрсө, катуу каргыш жанбайт окшобойбу!..

Капыстан басып, журтунун күлүн көккө сапыра чаап, таламан кылып кеткен меркиттер биринчи, акылгөй катыны Бортени олжолоп кеткенден кийин бир жылдай өтүп, кайра алардын дал өзүлөрүндөй кызыл кыргын салып куткарып алганы болбосо калган үч катынынын азабын көргөн жок. Кудайга шүгүр, так талашкан татарлардын катыгын берип, биротоло баш көтөргүс кылган соң кийин дагы эрегиштик жасашпасын деген амал кылган энеси Ожелун өзү тандап, таап берген эже-синди кичүү зайыптары айрыкча тың чыгышты. Акыл кошуп, өрт кечкен кезде өбөк да болуп, өмүр соңуна дейре өз болушту. Демек, каргыштын күчү кайткан, анчейин забын кыла албай, кутулупмун деп кушубак тарткан эле,

ошондо Жеңгисхан. Көрсө, катуу жаңылган экен... Ал кара күч аста бугуп, ажыдаардай аңдып, айбат заарын чогултуп жаткан тура!

## Жоочу

Канчалык энеси Борте туткундан – меркиттерден боюнда ала келген делип кандаштары тургай кийинки балдары да жерип, жектеген менен Темучин тун уулум деп Жоочуну өзүнө өзгөлөрдөн жакын тутту, дем да, бел да кылды. Жоболоңдуу жоолорум күчөп турганда көрдүм, ошолорду ойрондоп тилегимди кабыл кылган балам деп ырымдап атын да жоо чабар – Жоочу деп койгон эле. Анын аңсаганы орундалып, тун уулу тунук акыл, жаангер чыкты. Ошентсе да каган Жоочуну: «Өз канымдан чыккан балабы же меркиттенби» – деп өлөр-өлгүчө убайым тартып өткөн. Бирок анын улуулугу ошондо, ал сырын сыртка чыгармак тургай шек-шыпаа да бербеди. Чыңгызхандын башынан эле балдарынын ичинен көз сала көздөп, тактысына татыктуу санап, ага даярдап жүргөн мураскору Жоочу боло турган. Ал, чынында эле калган бир туугандарынан зирек, алысты көрө билген көсөмү да эле. Чачылган моңгол тайпаларын бир саадакка салган жебелердей күчтөп бириктирүүдө атасынын алгач аткан жебеси, кеңешсе кеменгери, таянса тоодой жөлөгү боло алды. Атасы батышка жоболоңдуу жортуулун баштаар алдында астанасындагы ойрот, кыргыз-буруттарга элчиликке жиберип, ал, токой жолборсторун көндүрүп, боорго тартып, босогону ачып, алдыдагы алгачкы капкандан кутулткан да Жоочу болгон. Эр жүрөк эл менен чабышпай, улуу жортуулга жолум ачылган экен деп кубанган Чыңгызхан эки кызын кыргыздын эки ыңалчынына үйлөгөн эле. Эң ишенимдүү, эзели сатпас баатыр эл менен башы ошентип бириккен.

Анүстүнө онунчу бабасы Дорбун мерген жоо колунан каза болгондон кийин анын айдай ажайып аялы Алан сулуу «түндүктөн түшкөн сыйкырлуу нурдан» үч бала төрөйт. Алар монголдорго түк окшобогон кызыл жүздүү, сары чач, көк көздүү колго түшкөн кыргыз жылкычысына куюп койгондой окшош эле. Өзү ошол үч уулдун кичүүсү Бууданчаардын тукуму экенин Темучин жакшы билип, ачык айтпаган менен купуя ой бакчу. Анткени өзүнүн да, балдарынын да чачтары сары, жүлжүйгөн көздөрү көк, жүзү кызыл чийкил болучу... Эми минтип ондой берди болгонуна кушубак тарта Жоочуга сөз кыйытканы да ошондон болсо керек.

Меркит кемпирдин каргышынын капшабы тийбей койбоду көрүнөт, Жоочунун катындан жолу болбоду. «Аял жакшы – эр жакшы, обозгер жакшы – хан жакшы» деген нуска кеп тегин жеринен айтылбаган чыгар. Ага акыл кошор аялзаты буюрбады. Ондогон катынынан оңдуусу чыккан жок. Эгерим бир катыны билги чыгып, билермандык кылганда Жоочу жаштайынан бейажал таппайт беле...

www.bizdin.kg



Чыңгызхандын тогуз куйруктуу кара туусун желбиретип, Улуу Кагандын оң колу, каратамандан чыккан кайраттуу Субудай баатыр менен Орто Азия, Хорезм, Кавказды тизелетип бүткөн күндөрдүн биринде Иран менен Туран жалгашкан өрөөндөгү калың камыштын арасынан жолборс уулап жүргөн Жоочунун бели сындырылган денеси табылды. Оозун балыктай ачкан менен жан алгычынын атын, керээз кебин анык айта албай, жайнаган көздөрүн жалдыратып, ачуу армандап кете берди. Кай бирлер анын улам айбаты күчөп, айтканын аткарбай бараткынынан кооптонгон атасы эле өлтүртүп койду дешсе, жок, атасы андайга эч бармак эмес, Жоочунун алаар тактысына көз арткан жакын-жаттары эле кутумдук кылып коюшту деген сөз да таркады. Аныгын ким билет? Чындык чыкпай калды. Эми аны эзели эч жан анык айта албас.

Ошондо улуу кагандын ичтен сыза катуу күйүт тартканы чын. Анын биринчи мураскору ошентип, сырлуу өлүм тапты. Тарых тайды... эгер Жоочу хан болгондо дүйнө тагдыры кандай болмок?..

## Батый хандын арманы

Ошондой, ойдо жок жерден атасы набыт кетип, ооматтуу чоң атасы Жеңгисхан жетип-жетпеген жерди, чаап-каратпаган Батыш элдерин багынтуу зор ишеними артылган жаангер небере-мураскорунун, чоң атасынан да артык аймак, самсыган элге, андан да чексиз бийликке ээ хан Батыйды да бул жалгандан армандап өтөт деп ким ойлоптур, айтса ага ким ишенет?! «Армансыз адам болбос», «Жаралдың – калдың балаага» деген ата-бабалардын угуттуу сөзү чын тура! Бу, жапакеч жарык дүйнөгө келүүнүн өзү эле чоң арман турбайбы! Келгендин кетмеги акыры турулуу экен. Актын карасы бардай эле жарык өмүрдүн акыры көр-өлүм менен бүтөрү ачуу чындык. Аны эзели эсине терең албай, өзүн өмүрдөн өтпөс, түбөлүктүүдөй сезип жашоого жандими жанталашкан адам пендесине таң бербей койбойсуң! Чоң атасы Темучин сыңары жанга дабагер табып, дарыгерлерди Рим, орус, Шибер, хорваттардан тартып дүйнөнү түрө издетип, эзели элдешкис касы Кытайдан бери да алдыртып, канчалык жандалбас кылганы менен адам пендесин баары бир, акыры түбү ажал алып тынат экен го. Акырында бу, арабдан чыккан ак табып ачуу чындыкты Батыйга ачык эле: «Каныңыз коюуланып кетиптир, ханым, эми канча жашооңуз калды, аны айта албаймын, бир Кудай өзү билет» – деп, чоңемсиз эрдик кылган. Антип айтууга мурда-кийин пенде аттуунун тили бурулган эмес, дароо башы алынчу. Демек, Батыйдын өмүр соңу келген экен. Түбөлүктүү пенде болбойт, жок. Ажал – улук. Жарык жашоонун кереметі, чиеленген улуу сыры ошондо!..

www.bizdin.kg



* * *

Акылы бышып, ата-бабаларынын каны менен дүргүй келген күч-кубатына эми даана толуп, эр ортону элүүгө жаңы гана келип, тактап айтканда, элүү эки гана жаш курагында Батый хан өзү салдырып жаткан Алтын-Ордосунан окчундагы жапыз дөбөдө ушундай сапырылган санааларга тунуп олтурду. Кийинки кездери көп келчү болгон, бул, тебетейдей дөбөгө. Анын жалгыз сырдашы, муңдашы да ушул ээн жер, сокудай көк таш. Өзүнөн жападан-жалгыз улуу-устаты санап, теңдешсиз жаангер атаган чоң атасынын өмүр-тарыхын санаасында нечен мерте сыдыргыга сала сыдыра ойлоп, не бир ширин, не азгырмалуу адам өмүрүнүн шунча кыскалыгына гана катуу өкүт кылганы болбосо, минтип, күндөрдүн бир күнүндө өзөгүнөн өрттөнө ачуу армандап, дегенин дегендей жапырыла аткарган миң сан букара элинин ичинде азага чөгүп, ага аралжы болор адамы жок коколой жалгыз каламын деп түк ойлогон эмес! Жараткан баарын таразалап, бакытка кайгыны, күлкүгө ыйды, бийликке кулдукту, курчтукка мококтукту, күч-кубатка алсыздыкты, өмүргө өлүмдү… махабатка армандыжуптап, теңдеп койгон турбайбы! Эч бир пенде канчалык ашынып кеткен акылман, не бир ченемден чыккан мыкчыгер болбосун ал, улуу теңдик мыйзамын аттап, эзели буза албайт.

Көптүн бири сыңары хан Батый менен да ушундай болду. Чыгышы учу-кыйырсыз кыпчак талааларынан башталып, батышы Жер ортосундагы деңизге чейин таманы алдында жайылып жаткан Алтын Ордо аталган эбегейсиз ээлигиндеги чексиз бийлигине тете эсепсиз байлыгына карабастан Улуу Теңири алдында анын кадыресе гана бир жандык, жер үстүндө жамырап жүргөн  кадимки өлүмтүк пенделердин бири экени айдан ачык ырасталып калды. Бардыгы капилет келди. Өзү түгүл алыскы Керөлөң, андан соң Орхон дайраларынын жээгинде чоң атасы кылыч мизинде, жебе учунда жүрүп түптөп берген, акыры, азыр мансаптын кулу, мурдунун учунан алысты көрө албаган аталаш агасы Күйүк бийлеп жаткан Каракорумга көчүрүлгөн Хан Ордодогу чоң шамандар да кумурска кыбырынан бери тыңшаганды билген менен алыстан канчалык акмалашпасын мындай балээнин алдын ала алышпады. Анан «бала» Батый эмне? Канеткен менен ал да тирүү жан-сезимдердин туткуну эмеспи. Дүйнөнү дүңгүрөткөн хандардын ханы капилет бир көз ирмемде армандуу махабаттын кулу болду да калды. Мындай болот деп ким ойлоптур?!.

Хандыктын таасын белгиси болгон үлпүлдөгөн кара жылтыр кундуз кыюуланган куйруктуу кызыл малакайын баса кийип, далай кандуу айкаштарда аскерлерине дем-кубат берип жеңиштерге үндөгөн алтын чопкуту алыстан жалтыраган Батый хан дөбөдө ээгин таянып ушундай учукыйырсыз ойлорго тунуп олтурду. Окчунда төрткө толо элек  уулу Ба-

www.bizdin.kg



рак да кызгылт чапанын туудай желпилдетип ойноп жүрөт. Ал сүймөнчүгү акыркы ашыгы хорват катынынан. Аттиң! Анын перидей сулуу, жумурткадай ак, маралдай керилген керемет денеси эмдигиче сыз жер алдында курт-кумурскалардан куруду го?!.

Түпсүз көк асманда канаттарын калдайта жайган бүркүт каалгый учат…

* * *

Ошондо, хорваттардын бир өжөр шаарын күм-жам кылып шатырашатман келатып токой четинен ал асылзатын капыстан көзү чалып калбады беле. Көрбөй эле көзүнө көр топурак толуп калса эмне! Ал, асылын да, өзүн да мындай арманга салбас эле го! Узун кызгылт-сары алтын чачы не бир аруу суналган, турна моюн, кымча бел кызды кантип байкабай калсын да, канетип ага арбалбай калмак?! Түпкүлүгү катын жандуу эркектана эмеспи. Аруу кыздын акылычы?! Суу перисиндей керемет сулуулугуна жараша акылы да артыкча жан тура!

Ошол, кырк жетинин кырына чыгып, кылычтай жалаңдап турган курч курагында эзели жеңилбес Батый ханды жалган жашоодон, болгондо да секелек хорват кызынан эркек, пенде катары быт-чыты чыга жеңилет деп эч ким ойлогон эмес.

Атасы Жоочу 1227-жылы о дүйнө салганында анын жыйырма жаштагы экинчи уулу Батый хандык тактыга олтуруп, андан көп узабай, 1235-жылдагы Улуу Курултайда мен деген биринен бири кыйынчыкма Жеңгисхандын уул-неберелеринин арасынан бабаларынын эр жүрөктүгүн энчилеген жыйырма сегиз жаштагы Батыйга чоң атасынын ат башындай арман-аманаты болгон Батыштын элин чабуу ишенилип, эми, ушул азыр, жыйырма жылга да жетип-жетпей, акылга сыйгыс ата керээзинин өтөсүнө чыга жаздап, жеңиштерине дөөгүрсүп турган чагында, даңкына ал мас болбогондо ким делөөрүмөк? Ал өзүн жердеги Кудай сезип келатпады беле, ошол күнү. Жеңиштин жеңилүүсү бар демекчи, аны дал ошол күнү акыры жеңилүү, эзели эрибес арманы күтүп жаткан тура!

Ханынын шибегедей өткүр жүлжүк көзүнүн ар бир кыйытмасын илгиртпей баамдаган дилгир минган, ягундары топоздой топоңдогон менен чыдамкайлыгы тоодой аттарын атырылтып, жандай сала топурап, жаңы жеңишине маашырлана келатышкан болчу. Алар канчалык шайдоот, дуулдап келатышпасын бу жолу да жаангеринин токой ичиндеги жайыктын четинде ак кайыңдын кабыгынан токулган торбосуна толтура козу карын терип алып жай бараткан көк көйнөкчөн алтын көкүл кызга көз кыйыгын саал токтото калганын байкай коюшту. Бу закым

www.bizdin.kg



Теңирден эмес беле? Жеңилгистиктин жеңилүү теңчилдиги сакталсын деген амиридир... Бул жалганда жөн жеринен эч нерсе боло койбос...

Бараткан багыты кыз тарапта болгондон улам хан жоон топ коштоочулары менен жер дүпүлдөтө ага ыкчам жакындай беришти. Кермаралдай керилген шыңга бою солкулдап, кындырдай кымча бели тал чыбыктай бурала басса, жаңы түйүлгөн чымыр көкүрөгү да, эми бышкан соорусу да билинер-билинбес былкылдап кумарлуу көйнөк тебет. Я, тобо, бу, асмандан түшкөн периштеби же азгырмалуу кайыппы?! Ушундай да перизаты болот экен ээ?..

– Ханым, жолоочунуку жолдо, олжолуу аңчыга ажалдуу кийик өзү жолугат дейт, Теңирим сизге ыроолоп тургандыр, ыракым этиңиз, жолдон берген олжону бөктөрө кетелик?..– үзөңгүлөш келаткан Бөрү нойон кыз жакка кыйды каш серпе ханына жасакерлене шыбырады.

Ошондо опсуз олжого да, миң сан элдин биринен бири ажарлуу кыздарына да карк Батый хорваттын бир кызын көптүн бири катары өз токоюнда калтырып жандай салып, же кол башчыларынын бирине белектеп коюп кете берсе деле болмок. Антпеди. Анте албады. Алтын жалатылгандай жалтыр сары, жер чийген олоң чачы жайыла төгүлгөн көгүлтүр көйнөгүн чубалта баскан пери кыздан бөлөк көзүнө эч нерсе көрүнбөй, ал азгырык бүтүндөй жандүйнөсүн ээлеп алган эле. Каршылашкан калаасын тыйпыл чаап, жаза катары адаттагысындай элин кызылдай кырып келаткан монгол ханынан, анын жалаңдаган жасоолдорунан башкаларчылап алаңдай коркуп, этегине чалынып жаналекеттене качмак түгүл айбыга көз багып карап да койбой сунала баскан кыз жай кете берди. Огеле өзүнөн бөтөн эч ким жок, эч нерсе болбогондой. Ажалың алдоо, бийлигиң бир тыйындай. Анын бу тоотпос кылыгы намыскөй, жеңишчил Батыйдын жан-дилин кызылжошо таарып жиберди. Аруулукка арбала түштү. Тобурчак атын сооруга ачуу чаап, алкынта кыз артынан жете барды. Ошондо гана ал, ай чырай апакай жүздүү, карлыгач каш, көлдөй көгүлтүр көздүү кыз аны жалт бир карап алды. Өктөм да, баш ийбес эркин да, ошол эле учурда терең мухиттей акылгөй да көз караштан Батый жалтана түшүп, ат оозун тарта токтоду. Мындай сүр болбогондо ал не кылар эле, белгисиз… «И, бийлигиңе маашыр хан, күчкө салып кара башымды алсаң аларсың, аргам канча, бирок менин эрким менен жүрөгүмдү эзели жеңе албассың! Аларга жалгыз гана мен ээликмин, мени гана угушат, билип алгын!» дегенсиди кыз көзү. Эселек кыздын мындай күтүлбөс айбаты хандын айласын кетирип, эсинен акылын, оозунан сөзүн түшүрүп койду. Бул тоотпостук кыздын кемакыл кенебестиги эмес, баатыр жүрөктүүлүгү болчу. Аны сезимтал хан даана туя койду. Урматтады. Мизи кайта түштү. Билинбеген бир өктөм көз караш дал жүрөгүнө жете сайылып, жараланган азоодой туйлатып, ансыз да кызуу канын шакардай кайнатып жиберди.

www.bizdin.kg



Батый кандай ат ызгытып келсе, кайра ошондой чаап кете албай эрки майтарылып турду. Сулуу кыздын бир гана көз карашы аны ылаажысыз матап, кулу кылып салды. Үн салууга дарамети жетпей үр кызды жандай бастырды. Амалы куруп алапайын таппады. Биринчи ирет алсыз, сырттан жардамсыз жалгыз калды. Ханынын ойго келбес жоругунан дабдаарый түшкөн кол башчылары котолошо ат оозун тартып артта кала беришти. Мындай кыйчалышта андан оолак болбосоң алтын башың алмадай ыргып кетиши мүмкүн. Кемчиликти кечирбес, ачуусу чукул Батыйдын каарын бардыгы жакшы билишет. «Канчалык жакын болсоң, төбөлүңдөн ошончолук оолак болгун» – дейт, моңгол осуяты.

Ошол оожалышта Батый бу кыздын жүрөгүнөн түнөк таба алса өмүр бою өзгө жанга чыгарбай аңсап келген кыялына куп татыктуу түгөйүн акыры таап, анык бактысына жетээрин эзели алдабас жүрөгү менен түпөйүл туйду. Баатырга тең баатыр зат экен. Экөө бириксе эгерим жеңилбес. Анын арзуусуна татыса armансыз өтөр. Канчалаган кара калктарды чаап, хандарынын каны таза кыздарын катындыкка алса да мындай аруузатты жолуктурган эмес. Касиети караанынан оргуп турат. Экөөнөн перзент жаралса атасынын тургай бабаларынын да атагын арттыраар анык айкөл чыкпай койбойт. Бу кызды зордоп жеңе албасын, татыктуу теңи катары өз эрки менен гана  ак арзуусуна ээ болуп, өмүрлүк жар кыла алаарын даана туйган Батыйдын акылы арга таппай адашып, жүрөгү жипсиз маталып турду, айбаты кайтты. Дүйнөнү чапкан жаангер бир катындан өз эрки менен жеңилди, антет деп ким ойлоптур! Жеңилбеске аргасы канча?! Адамдын жүрөгүнө, жүрөктүн арзуусуна даба жок. Батый өзүнүн өзгөлөрдөй эле кадыресе бир эркектана экенин туйду.

* * *

Атынан айбаты сүрдүү Батыйдын жаңы гана толукшуп чыккан айдай ажары ачыла баштаган кызын жандап, атын жай бастырып келе жатканын көргөн бабаларынан бери балчы ата-энесинин жандары оозуна тыгылып, чекелери жер сүзө жүгүнүштү. Алда кандай алаамат күн болуп кетти?! Эми аягы не болмок?! Минтип, көрөркөз кызын каалагандай маскаралап салып кете бербей, тирүү калтыруунун өзү эле ойдо жок ырайым эмеспи! Болгондо да хандын өзү, кандуу кылычын булгалап  кырып-жойбой, жай басып, алтургай коштой келип жатса… болду-болбоду, кызына көзү түшкөн анын. Зордук менен алгысы келсе минтип жай келмек беле, небак эле улактай чаңыртып, атына артынып кете бермек. Демек… О Кудайым, ыракым эте көр… колун сурап жатканы го?! Мындай болот деп ким ойлогон?! Эгерим анте турган болсо мейли, дайыма жарым ачка, коогалуу коркунуч, жапайы турмушта жапа тартып

www.bizdin.kg



өткүчөктү хан сарайында сайрандап өткөнү бакыт эмеспи. «Күндүк өмүрүң болсо түштүгүңө жорго мин» деген бар. Бу да болсо Кудайымдын берген белеги деп санаа чаргыткан ата-энеге Батый аттан түшө келип, сол колун бооруна ала саал баш ийе жүгүнүп (!) жете келген тилмечинен кызынын колун сураткандa аларга жер огунан чыгып, астын-үстүн, айланкөчөк түшүп кеткендей, эс-акылдан айрылып кете жаздашты. Не деген бакыт, урмат-сый?! Ким көргөн мындайды!

Ата-энесинин жер сүзө жыгылган бойдон баш көтөрүүгө чама-чаркы жетпей, жооп бермек түгүл тилинен ажырап коёндой бүжүрөп жаткандарына кыз намысы кызылдай сынып турду. Чымындай жан ушунчалык да таттуу болорбу?! Коркуудан ашкан пастык болбостур!

Кыздын кыялын туя койдубу, Батый анын көздөрүнө жалжылдай тике карады. Анысы «эми эрк сенде, арзытканым, кандай чечесиң, бир өзүңдөн» дегени эле. Аны айттырбай даана түшүнгөн сезимтал кыз да ага жалтанбай тике, чын сырыңбы, же алдамчы амалыңбы дегендей сынай карады. Хандын бир жолку эле көз караштан жан дилинин түпкүрүндөгү сырын уга билип, туура туйганына, ата-энесин ызааттаган алгачкы ишарасына ыраазы болгонсуду. Балким, батыл хандын беттегенин бербестигин, мынчалыкка баргандан кийин канетсе да алып кетээрин туюк туюп, каарына калбайын, ата-энем менен токой байырлаган элимдин канына забын болбоюн дегенидир… Же Батыйдын баатыр, чынчыл көздөрүнөн аруу жылуулук көрүп, каниет таптыбы, кыз ата-энесин колтуктай тургузуп коңур үнү менен аларды өз тилинде жубаткансыды. Балким, баштарына кутулгус балээ алып келгени үчүн ата-энесинен кечирим сурагандыр, же аны алып келген да, эми арылтаар да мен, кара башыма түшкөнүн көрөрмүн, капаланбагыла, болору болду, эми мага батаңарды бергиле деди бекен? Ата-энеси кызын шашыла чокундуруп, асманга жүз бура алкап жиберишти. Алтын көкүлүн жерге төгүлтө кыз аларга таазим кыла жүгүндү да ханга бурулуп, эми сенин эркиңдемин, эмне кылсаң мен даяр дегендей аста башын ийди. Батый баарын түшүндү. Тилеги кабыл болду! Башына тепкен бакыттан жаш кезиндей каны кайнап, тобурчак атына ыргып минди да, сунган билегине кыздын колу илинер замат жулка тартып артына учкаштырып Алтын Ордону көздөй атын чуратты!..

* * *

Тиги, окчунда, кызыл кымкапчан, көк чыбыкты ат кылып минип ойноп жүргөн сары чач кенже уулу Барак ошол хорват аялынан. Ал, айжаркын, акылгөй жан ушул уулун жарык дүйнөгө жаратты да өзү бала бактысын татпай армандап кете берди. Өмүрү кыска экен, асылдын. Жок, аны кыска кылган адамдар! Батый кийин билбедиби, көз жарган соң өзүнүн

www.bizdin.kg



эле күнүлөш катындары эмчи аялга алтын, жибек берип, баланын тонун түшүргөндө киндиктен төмөн карай эмес, дем алдырбай көкүрөктөн ылдый сүрүп жатып тумчуктуруп өлтүрткөнүн. Жинди болуп кете жаздады го, ошондо! Никелеш да, никесиз да эч бир аялын, дегеле адамзатынын бирин да мынчалык татты сүйгөн эместир! Аскерлери боо-боо түшүп кырылганда да мынчалык кайгырган эмес! Батыйдын жүрөгүндөгү көк муз сыңары эзели эрибес бир арманы ошол! Экөө эңсешкендей эриш-аркак түгөй болуп узак жашай алышпады. Рас, дили да, ага жараша тили да өзгө элдерден экендигинен улам экөө дароо эле оттой ысык ымала түзүп кетишкен жок. Экөөнүн турку бөлөк эли, жараткандан ажырым жандүйнөлөрү, салт-санаа, дүйнөкабылы эки айры болучу. Бири жеңүүчү, үстөмчүл, экинчиси жеңилген, кордолгон элден эле. Бул да болсо хорват кызын ичтен зилдетип, сыздатпай койбоду. Атургай сыйынган кудайлары да ар башка болчу. Ал да, сөзсүз, ортого түшкөн опсуз жараңка эле. Күнүгө, ар көз ирмемде ар башка бааланган мамиле, түшүнүп кечиришүү окшогон майда-бараттар да өз жигин салбай койбоду. Ошондон улам кыз бир канча жолу Алтын Ордодон качмак болуп кармалып, ал тургай уу ичип жан кыйганга чейин да барды. Бирок каардуу ханынын катуу тапшырмасын так аткара билген хан сарайдын көзөмөлчүлөрү андай бейажалга жол беришкен жок. Батый болсо ата тегинен бүткөн батылдыгына салып, кыз жүрөгүн ийитип, жеңе алды. Ким туруштук бере алмак, анын калайман чабуулуна! Андай жан жарала элек! Эркектаналыгына салып күчтөп нике кыйдырбады, зорлоп коюнуна кирбеди. Бул анын кезектеги жаңы жаангерлиги эле. Ай араласа да арманга батып, арзытканынын көз жашын көлдөткөнүн көрүп түтө албай аяп, бир чети сынамакка эгерим эсиңден кеткис эркектанаң бар болсо кете бергин, эшик ачык дегенге чейин айкөлдүккө да барды. Кыз кетпеди. Арзытканы жок болсо керек, ээн токойдо өзүнө татыктуу тең таба албагандыр, балким, балакаттыгынан жаңы эле арылган неме ага үлгүрбөсө да керек. Сырдана карап, ичтен сызып жүрө берди. Акылгөй жан экен. Эгерим кетип калса эрегишип, шагы сынган хан кегин алмакка элин кызылдай кырып да жиберет дедиби. Балким, ал Батыйды астейдил арзытып калгандыр… Аялзатынын амал-сыры эзели жангыс түйүн эмеспи!

Жыл чамалап, кезектеги жоболоңдуу жортуулунан акырегине жебе жеп, аман келгенинде алдынан утурлай чуркап чыгып, өзү кучагына боюн урганча хан кызды толук эркине койду. Бир өлүмдөн башкасына. Жүрөгүндө тоңгон музду эркектин эңгезер деми эриткен белем! Акыры экөө ортодогу ажырымды жеңишти! Сүйүү – кудайдан да, боору бирге эли менен бөтөн дүйнөтаанымдан да күчтүү экен. Сүйүү – сокур деген ошондон калса керек.

Батыйдын баамы чын чыкты. Алына элек капкалуу калааны алаар көсөм жеңиштүү жолду таба билген сыңары хорват кыздын жүрөк кул-

www.bizdin.kg



пусунун ачкычын да айныбай таба алды. Кыз казынасы айтып бүткүс мол чыкты! Аруулугу күнүгө жаңы ачылган назик гүлдөй керемет болсо, акылгөйлүгү түпсүз мухиттей терең чыкты. Батыйды жанга жагымдуу наздыгы менен аптаптуу мээримине ар убак бөпөлөп бөлөгөнү бир тең да, канчалаган калабалуу, ылаажысыз кезеңдерде кеменгер кеңешчилдиги, теңдешсиз эле. Чыныгы жаншерик болчу! Адам бактысы – баш айланткан байлыкта да, дүйнө түгөл баш ийген бийликте да эмес, арзытканынын албуут махабатында турбайбы. Чыныгы бакытка тунган Батый бардык жыйган мүлкүнө, кылычтап жеңген бийлигине толук кол шилтеди, аларга башын сайып жүрүп өмүрүнүн сая кетип келгенин туйду, эми гана жашоого көзү даана ачылды... ал тургай чоң атасынын керээзин да жериди! Ал, Көкө-Теңир алдындагы башкы вазийпасы санаган жаангерлигинен да Махабатка мас болду... айныды...

Аттиң, алардын алешем бакыты көпкө созулбады, арман. Бакыт балы канчалык таттуу болсо ошончолук опсуз ачуу да болот тура! Кудай чын эле бар болсо неге мынча калыссыз, мерес?! Же эрдин чыныгы эрдигин сыноо үчүн улам бир сынак, жүк артып турабы? Батыйдын баатырлыгы эзели эч ким жеңбеген Батышты басып алууга аттанып чыкканында эле, жаны жаа учунда учкан далайкы теңдешсиз согуштарда, бир акылман, айкөл, бир карасаң кытайдай кыйдылыгында, ойдо жок ырайымдары менен канкорлугунда, адамдыкты хандыктан жогору туткан бийиктигинде… ырасталган эмес беле?! Анын баары аз сынообу?! Эми минтип эзели кутулгус арманга салып… жашоодон жадатып...

Ошол учурда баланын жанарга издеп аянычтуу чыр эткени угулду. Батый селт этти. Чыккан үндү жаземдебей тааныды, ал – Барактыкы болучу!!! Не мүшкүл болуп кетти?! Чыңырык чыккан тарапка хан башын шарт буруп, калдайган кара бүркүттүн кызыл шайы чапанчан баласын жонунан апчый көтөрүп, канаттарын калдактата шашыла күүлөп алыстап баратканын көрдү! О, Теңири, көзүң көргүлүк кылбасын, мындай азапты!!! Анын бир канча күндөн бери төбөдө айланып жүргөн тааныш бүркүт экенин Батый жаземдебей тааныды. Көргөн көзүнө ишене албай ок жеген жолборстой ойдолоктоп заманасы куурулуп кетти! Бүркүт уулуу чеңгелиндеги олжосун таштабады. Барак болсо үнү кудайга жете аталай ачуу чыңырып, куш тырмагында тыбырчылап барат. Батый айгайлай артынан чуркады. Мындай амалсыздыкты эч бир атага бергилик кылбасын! Айла жок, жердеги Батый капканга чабылган карышкырдай канчалык жанбалас кылбасын асманга колу, билектеги бийлиги кайдан жетмек?! Не арга жасап, колунан эмне келмек?!

Калдактаган канатын улам күүлөгөн кара бүркүт тоо беттей сабалап караан үзүп кете берди. Барактын аталаган адам чыдагыс аялуу үнү да алыстап барып акыры угулбай калды. «Я, Кудай, ушундай да болобу?! Бул не жазаң?! Акыркы, ашыгыман калган жалгыз туяк-аманатты неге

www.bizdin.kg



ыраа көрбөдүң?! Өзүн эртелеп жулуп кеттиң эле, эми бейкүнөө балабызда не жазык?!»

Сыздаган Батый бүркүттүн артынан алда неден үмүт кыла алактап чуркаган менен канаттууга кайдан жетмек. Жер чапчый армандап кала берди. Жайнаган нөкөрлөрүнүн, бирөөсүнүн колунан жулуп ала коюп өзү да кериле тартып аткан жаанын жебелеринен эч майнап чыккан жок. Бири да таш боор бүркүткө жетпеди, анын жүрөк-жүлүнүн жара сайылбады. Жерде кудайга тете, дүйнөнү дүңгүрөткөн хан, асманда алсыз эле…

Ошол ойдо жок, опаасыз күндөн тартып, Батыйдын жашоо жалыны өчө баштады. Жалгыздап, эч нерсеге табити тартпай, эртеден кечке салбырап дөбөдө ойго батып олтурганы олтурган. Апакай жүзү, алтын чачтуу ажары куюп койгондой айжаркын энесин тарткан Баракты күтөт, Теңири жалгап аман-эсен келип калабы деген үмүт багат. Баласын көрүп, асылын элестеп каниет алчу эле го! Эми аларсыз жашоонун кажети канча?! Барактын баёо көгүлтүр көздөрүн, боор этин бүркүт улам чокуп, чыркырата үзүп алып сугалак балапанына сугунтуп жатканын эстегенде Батыйдын башына кан тээп, ичи ириндеп, зилдеп кетет. Жанын коёрго жер таппай алактайт. Каны кайнайт, амалы жок. Же кызылга тап бүркүттүн көздөрүн кызыктырган чапан тигип бергени үчүн бар жаалын тикмечиден чыгарып, ооз-көзүнө ысык коргошун куюп, тирүүлөй терисин сыйрып чыгарсабы?! Эми андан эмне пайда, баласы кайрылбаса… Балким, аталаш болсо да бийлик-байлыгына көз артып, артынан аңдыган Күйүк кандын акыры катыгын берип, ызасын бассабы? Асыл жары, алтындай баласы кайра кайрылбаган соң алыс-жакын адамдарды кайгыга салгандан не майнап? Не, чоң атасынын керээзинин соңуна чыгып, Акыркы мухитке чейин салбырын салып, баарын чаап, жексендеп келсеби? Эми болору болуп, боёсу канган соң агылган кан, азалуу ыйга забын болуунун кажети канчалык. Андайдын далайын башынан кечирип, көзү тойгондой эле болду го. Тапканы эмне болду алардан? Тартып алган жеринин талпактан айырмасы болдубу, көрүнгөндүн көзүн кызарткандан башка. Азып-тозгон эл, тоодой байлык топук болуп бердиби асылзатын ажал алып, наристесин бүркүт жула качканда?! Жок. Анда күнүлөштүгүн кылып асыл жарын өлтүрткөн катын-токолдорун түгөл кырып салсабы? Төрт баласы кантет? Өз башындагы арманды өзү жараткан балдарына оодарып жексур ата болмокпу. Антип арманынан арыла албас, арттыргандан башка. Анда кантип өрттөнгөн өзөгүн суутуп, ачуу арманынан акыры кутула алат?! Кантип?!.

Канчалык карайлаган кыйчалыш кармаштар болсун, чиеленген учуксуз кыйды-кытмырлык болсун батыл чечим, баатыр жүрүшү менен дайыма жеңип келген Батый жандүйнөсүнүн алдында алсыз болуп калды. Ичинен иритип, өзөгүн өрттөгөн арман-кайгысынан арылуунун жолун таба албай катуу жапага батты. Эч ким, эч нерсе – миң-миллион сандуу

www.bizdin.kg



букаралары да, коштой чаап же котур ташы койнундагы котолошкон жек-жаат, нойон-нөкөрлөрү да, батмандап жыйган байлыгы… алтургай көкө Теңирге тете чоң атасынын арбагы да Батыйды колдоп, кайгысынан арылта алган жок. Буга чейинки жандими умтулуп, өмүр бою өнтөлөй салбырын салып келген дөөлөт дегендеринин баары куру бекер, жел ой гана белем?! Анын баарын адам баласы өзүн алдап, жарык жашоого азгырылуу үчүн гана ойдон таап алат көрүнбөйбү. Башы байланып, маңдайына чийилген тагдыр-жазмышын кечирүү ар адамдын өз мүшкүлү гана турбайбы. Андан эч ким, эч нерсе куткара албайт. Баары Кудайдан тура! Бул чыңырган чындык Батыйдын көзүн ачты. Жашоо жалынын өчүрдү. Өмүр кечирүүнүн акыры түбү күнүмдүк экени, кунарсыздыгы көңүлүн кайт кылды. Көрсө, бардык тапканы – жалган кумар, текке кеткен жел өмүрү гана экен. Топурактан жуурулган адам пендесинин акыры топуракка кетмеги эртеби-кечпи турулуу тура. Жоктон келип, жок болуу… Ал арада жөнөкөй, колдогу ырыскысына топук кылып, акыл тегеретken терең өмүр кечирип гана бу жарыкчылыктан каниет таба алат турбайбы. Ошол, дене жашоосунда дененин, сезимдердин ыракаты үчүн жашоого келет окшобойбу. Анан, албетте, улуулардын учугун улап, тукумун калтыруу үчүн. Андан болсо Батыйдын көңүлү жай – Сартак, Токто хан, Аю хан, Улакчы аттуу биринен бири алгыр, бой тирешкен сободой уулдары бар. Бешинчиси, Барак тирүү болгондо беш манжа толук болбойт беле, арман! Ошентсе дауучу куру эмес, калганына өмүр берсин, шүгүр дейли. Каракорумдагы курултайга кеткен Сартагы да келип калар. Келсе жанынан чыгарбай жарык өмүрүндө жыйган акыл-насаатын айтып берсесе…

Ушундай убайлуу күндөрдүн биринде Батый адаттагысындай дөбө чокусундагы казандай кара ташта ойго тунуп, санаага батып олтурган эле. Үстүнөн капыс чыккан коогалуу катуу шуулдактан Батый селт эте асманга башын көтөрдү. Баягы кара бүркүт Баракты акыры кайра алып келип үстүнө таштап жүрбөсүн?! Андайларды укканы бар…

Түпсүз көк мейкинден кара таштай кулаган караан дал төбөсүнө тийчүдөй тике келип кайый берди да калдактай кайра жогору атылды. Таң калгандан эсин жыйганга үлгүрбөй Батый алда качанкы өз бүркүтүн тааный койду! Ооба, анын каруусунда чубалган жибек боосун, андагы сөөмдөй алтын балдакты да өзү таккан. Боого чыланган кызыл так – кан… Барактын каны! Баласын көтөрө качкан бүркүт дал ушул, өзүнүн кыраанын турбайбы! Жаш түлөк кезинен тартып таптап, жан бирге адамындай ардактап баккан эле го?.. Бир жолкуда ал кыраны карышкыр алып, Батый жетип баргычакты ичин жарып, боор-жүрөгүн жеп жибербеди беле. Андай, ээсинен мурда олжого кол салып жиберген ээнбаштыгы үчүн Батый жылан жон камчысы менен жонуна тартып-тартып жибергенде бүркүтү таарынып, калдактай учуп качып кеткен. Ошондон бери

www.bizdin.kg



кайрылганы ушул. Демек, ал кек сактап, эми ошол өчүн алып жаткан турбайбы!

Анысы ал, бу жолкусу неси, balaңды жеп, эзелки кегимди акыры алдым деп табалаганыбы же… Аңгыча болбой асманга атылган бүркүт тээ, бийиктен кайра кайрылып, жебедей зуулап Батыйга тике атырылды. Жамандыкты түпөйүл туйган Батый кылычын кынынан сууруп ала коюп аткан октой бир закымда жете келген бүркүткө шилтеп калды. Ысык кан хандын бетине жаба чачырай берди. Оң канаты мүрүнөн кыйылган бүркүт жаны ачына бир «шаңк!» этип кулак түбүнөн шамал ызгыта жандай өтүп барып, жер сая будаланды. Ошондо да жалгыз канатын сабай тоголонуп, асманына кайгып чыга албай армандаган бүркүт акыры сол канатына таяна калып башын көтөрдү. Ээси экөө тиктеше түштү. Колунан келсе бирин бири жалмап жиберчүдөй. Ага экөө тең алсыз, дармандары жок эле. Түбүнөн кыйылган канатынан атылган кызыл жошо канга чыланган бүркүт адам баласынан алып ала албай калган кегин кектеп, акыркы айбатын кылды. Жердин сырттаны менен асмандын кыраны тике тиктешти. Өчөгүштөн өзөктөрү өрттөнгөн экөөнүн тең кан тепкен көздөрү кыпкызыл. Ичтеринде буюккан кек. Акыры берендер бетме-бет кездешти. Бир кездеги жан бирге достор эми бири-биринин канын төгүүдөн кайра тартпас каска айланып тирмие тиктешип турушту. Экөө тең акыркы сокку урууга алсыз. Өзөгүн өрттөгөн кош армандан каруусу кайтып, каны коюлган Батыйдын соңку ирет кылыч чабууга дарманы жетпеди. Бүркүттүн кан толгон кызыл көздөрү Барагын эстетип, жүрөгү жарылып кетчүдөй көкүрөгүн тебе катуу түрсүлдөп, аптыга жуткан менен аба жетпей деми кыстыга жерге шалак эте жыгылып кетти. Ошол бойдон турган жок.

Тил-ооздон да, акыл-эсинен да калып, алыстан уккан атынан эле Азия менен Европа титиреген каардуу хан эртеси эле дүйнөдөн кетти. Күнүлөштүк менен кектин түбү ушул болду. Атактуу адамды гөрпенделик жеп тынды. Ал, 1259-кой жылы эле… Жакындары жабыгып, душмандары табалап дуулады. Жолдун алыстыгынан Батый хандын сөөгү улуу хандын башка урпактары сымал өз мекенине жетпей калды. Балким, аны кастары каалашпаган чыгар. Жакындары өз жандарын арачалагандыр… Эрдиги менен ээлигин арттырган элине таберик катары табытка салынган жеңишчил курал-жарагы гана аттарга артылып кетти. Өзү болсо өлгөндүн өз шору болуп, Эдилдин жээгиндеги белгисиз бир токойдун арасындагы дөңсөөгө жашыруун көмүлдү да… үстүнөн жүздөгөн аттарга таптатылып, бир да адам билгис кылып тегизделип, жер менен жексен кылынды. Токой жаап калсын деп көчөттөр тигилди. Ал амалды аткарган амалсыздардын баарынын баштары түгөл алынып салынды. Жада калса кылым кыйырларында эстелип, урпактары урматтап турууга моло таш да коюлбады. Бара-бара анын кабырын кастар-

www.bizdin.kg



лашкан достору, жаны бирге жакындары да таппай калышты. Кастарынын кара ниеттиги күч эле.

## Атак – арман…

Акыл-эсинде учу-кыйырсыз удургуган ушундай ой-санаалардын учун таба албай убайга баткан Жувайни учтап алган каздын канатын кара сыяга дагы бир кезек малып алды да, ак кагазга шурудай тизмектеп жаза баштады. Айрымдарына өзү күбө болуп, аралашып калган, кай бирлерин калптан алыс адамдарынан кайталай уккан орчундуу окуялардан жылнаамасын баштоону чечти. Жүрөгүн укту, ага баш ийди. Акыл алдаса да, жүрөк калп айтпайт…

«Бу жазмыштын жазуусу катуу белем! Жеңгисхан да, анын улуу уулу Жоочу да, анын Батыйы, эми алардын урпагы Сартак да аялзатынын азабын тартып армандашканында бир мандем-сыр бар! Өмүргө өлүмдү, акка караны, жарыкка караңгылыкты… каршы койгондой эле атак менен арманды Жараткан теңдей жаратып койгон беле?!. Баарынан да эки дүйнөнү дүңгүрөткөн Батый хандын эртелеп өлгөнү, Кудай өзүң кечире көр!.. ырас эле болгон көрүнөт. Эгерде өзүн тарткан өрт жүрөк улуу уулу Сартактын дал өзүндөй улуу махабаттан ачуу армандап, болгондо да атасы Батыйдын аталаш, энеси бөлөк иниси Беркенин берген уусунан кырчындай кезинде жан таслим болгонун билсе жүрөгү жарылып кетмек! Акылман аялы Баракчындын башын алдырган да ошол Берке болбодубу! Бир адамдын башына мынчалык кайгы бергилик кылбасын деп Теңири да аны аяп эрте алып  кеткендир! Анда кеп, кезеги менен болсун…

Ошол, Батый өлгөн жылы кайгы менен салтанат эриш-аркак жүргөндөй эле Сартак Алтын Ордого хан дайындалганынын урматына опаасыз чоң той өткөрдү. Ал салтанатка бирдиктүү мемлекети талкаланып, көз каранды майда хандыктарга чачырап кетишкен кыпчак, булгар, кавказ, крым, саксон, хорезм төбөлдөрү менен катар айрым жеңилген да, али өз алдынча шерикке айланган орус княздары да чакырылып, мурдагы кас, кийинки букаралар бир дасторкондо сайран курушту. Чүйгүн төө, кара кайберен, сүттөй ак куудан тартып миң дүйүм балык, табылгыс улар, бөдөнөнүн эт-жумурткасына чейин табактап тартылып, кымыздын тундурмасы менен бал арагынан баштап миң түркүн жүзүмдүн шербетине чейин суудай гана акты го! Түркүн элдин түмөн күүсүн чалган камыш, чопо-чоорлор сыздап, найза бойлуу керней-сурнайлар Ордону жаңырта дапылдап, кыл кыяктын түрлөрү кыял козгоп, биринен бири керемет кыздар түркүн түс кийимдери менен чимирик атып, жылаңач курсак-жамбаштарын сүлкүлдөтө элөөрүтүп, балбандар бакырып, жамбашка сала чабышып, найзалашып, кылычташып… той топурунун

www.bizdin.kg



аягы качан, не менен бүткөнү эч кимдин эсинде жок. Бир гана хан Батыйды эстеп, ичинен армандагандар аз болду…

Тойдон көп өтпөй чабуулдаган чабармандар орустун ооматтуу князы Александр Невскийдин Сартакты конокко чакырыгын алып келишти. Кезинде аларды Батый хан атасы дос кылган эле. Дал ошондо бабаларынан келаткан балээ кумурадан чыккан жин сымал Жеңгисхан тукумун кайрадан  кара тумандай чулгады. Моңголчо «аньда» дей турган баатыр кан досунун жайыл дасторконунда ойдо жок, сыйга карк олтурган жеринен кыпчактар айтмакчы «өзү шекер, өзү бал, өзү кайың, өзү тал» Натальяны Сартактын көзү чалып калса болобу! Ал байыркы князь тукумунан эле. Жүрөккө жүрөк тартышат деген чын. Азиялыктардагы чексиз бийликтин белгиси болгон бутунан төбөсүнө чейин чылкый кызыл кийинип, бийлиги менен гана эмес, бүтүндөй  турпаты, адамдык алгыр акыл, тубаса касиети менен эркектерде сейрек кездешчү өзгөлөрдөн бийик өткүрлүгү күч сыйлуу Сартакты бойго жетип, эркектерге сынаакы да, сырдана да көз салып калган селки да мурда эле баамдап калган. Эч бир жанга сыр алдырбас жүлжүк көзүнүн кыйыгы менен жан досу Александрга да шек билдирбей Батыйдын кыя караганын  кыраакы кыз да илгиртпей байкады. Аңсаган аялзатынын бакыты ошол, көңүлү түшкөн эркегинин чын ынатканы эмеспи! Ал, алкымы агылган арзытканынын сук көз агытуусун жөн гана эмес, бүтүндөй жандүйнөсү, жон териси менен сезди. Муз суусу капыс чачылгандай ичиркенип да, ошол эле кезде көшүлө балкып да кетти. Бүтүндөй турпаты менен эркектин кубаттуу көңүл-күдөрүн эстен тана күсөп, зарлап-зарыга тилеп турган ууздай денеси аптаптуу, дуулдаган ысык илепти даана сезди. Экөөнүн көздөрү чагылыша түштү. Оттуу көздөр! Табышкан махабат! Алтын жиптер менен саймаланган ак жибек сарафанынын ичинде толукшуган сымбаттуу мүчөсү жумуруланган, турна моюн, бото көз, ак куудай керилген сулуу ак арзууңду түшүндүм да чын ыкласымдан кабыл алдым дегенсип күлмүң эте кызыл шарап куюлган кесесин Сартакка аста карматты да, көзүн сүзө жер карай ийиле кетенчиктеп кете берди. Артымдан келсең келгин, күтөмүн дегенсиди, бүткүл турпаты. Мелжеген кайберенин кууган жолборстой чапчаң Сартак ордунан атып туруп, кылак эте кыз кирип кеткен эшикке атырылды. Анын сырын бир гана кыраакы Александр байкады. Нечен күн-түн тынбай шимирген кымыз менен шараптан алагүү тартып калган  калгандардын жамбаштай жаткан хандын неге ыргып туруп, кайда баратканы менен бөлөк эч кимдин иши болгон жок. Албетте, дубал жандай жарданып турган жансакчылары артынан ээрчимекке умтулганда Сартак аларды чечкиндүү кол жаңдай токтотту.

Ээн, көк малахиттүү бөлмөнүн төрдөгү бурчунда тордогу тотудай жанагы сулуу турган экен. Сартакты жалт көрө салып кол суна умтулду. Экөө үнсүз ысык кучакташа кетишти. Бирин бири катуу арзытканын

www.bizdin.kg



айттырбай түшүнүштү. Кумарлуу кучак, диртилдеген денелер! Экөө тең акылдан айныгандай албуут сезимдерине ээ боло алышпай узакка ысык аймалашты. Эркек колдур үнү менен жалынып-жалбарып, кыз алдан тая кыңкыстап жатты. Бакыттын туу чокусу!

– Мен сени катындыкка аламын! Азыр алып кетемин, – деди Сартак оттуу.

Кыз кубаттуу монголдун тилин билбесе да дилин түшүнүп:

– Ооба, жаным! Мен сендикмин! Сени мурдатан эле угуп, аңсап келгемин…– десе болобу, жалындуу.

Сартак да анын айткандарын жүрөгү менен түшүндү.

– Мен Сартакмын, сенин атың ким? Азыр эле Александр досумдан башыңды ачып алайын.

Ашыгынын өз атын атап жатканын боолгой койгон акылы зирек кыз:

– Наталья, мен На-та-льямын, – деп, тилине жат ысымды арзытканы жадында бекем түйүп алсын дегендей ысмын кайталай да, ажырата да айтты. Үнү да жылаажындай назик, наристеникиндей таза экен.

– На-талья, кандай керемет ысым! Сен ушул жерде жылбай туруп тургун, мен азыр эле досумдан сени сурап келейин, антпесе менден сыр жашырдың деп таарынып калар…

Албууттанган сезимдерине такоол бере албай, ашыгын азыр эле алып кетмекке ашыккан Сартак:

– Сен ушул жерде күтүп тургун, Наталья! Мен азыр…– деп, кыздын ысык кучагынан амалсыз бошонду да, айтканын ашыгына жеткирүү үчүн колдору менен кызуу жаңсап, баарын илгиртпей түшүнгөн кызды ийининен кыса дубалга такады да жана кирген эшигинен атып чыгып кетти.

Конокторунун салтын сыйлап, кат-кат салдырган мамыкта жамбаштай куш жаздыкты чыканактаган Александрга Сартак аттап-буттай шашыла жете барып:

– Аньда, мага Натальяны белекке бер. Мен аны катындыкка аламын! – деди оттуу дем менен. Бул, бир чети төбөлдүн буйругу эле. Бирок Сартак канчалык жеңүүчү, айтканын айткандай, дегенин дегендей баарын букараларына аткарткан хан болсо да адамгерчилигинен тайбай, досуна сый-ызаатын көрсөтүп жатканы эле. Аны кыраакы орус князы дароо түшүндү.

Денесинин зорлугуна карабай Александр ордунан шамдагай тура калып, көшөкөрлөнгөн тилмечин кол жаңсай артка түртө токтотту да Сартакты эки ийнинен кыса кармап күлүмсүрөй:

– О-о, достум, алгыр көзүң накта калтарды тандаган экен! Наталья түбүнөн ак сөөктөрдүн, чыныгы боярлардын тукумунан. Аны сенден аямак белем, досум! Өзүң жакшы билесиң, меникинин баары сеники. Бирок бардык ишибизди кудайга жагарлык кылсак дейм. Билем, сен да, кейрет энең да христиансыңар.

www.bizdin.kg


– Анда кандай тоскоолдук, эмнеге сөздү созуп жатасың, ток этерин айткын!

Александр жооп бергенге ашыкпай, ашыктык отунан жалындап турган Сартакты далыдан аяр кучактап төрдөгү коңшу столго алып барды да, алтындалган кымкап, не бир асыл таштар менен шөкөттөлгөн таажы кийген текебер, сөөктүү епископко:

– Азиз ата, монголдордун улуу ханы, менин кан досум Сартак княздарыбыздын бир бийкечин арзытып калган экен. Ыракым этсеңиз алкап коёлук...– деп шыбырады.

Кырктын кырына чыга элек Александрдын атагы артып, чиркөөнүн, анын аркасында өзүнүн да аброю артка сүрүлүп баратканына ич күптү болуп жүргөн епископ бапсайган ак сакалын экчей, ыңгайлуу учурду кантип өз пайдасына оодарып калууну көз ачып-жумганча ойлоно койду. Чанда келүүчү мындай, кудай жалгап бере койгон учурду текке кетирүүгө түк болбойт эле. Анын, мурдагы динчилдердин бардыгынын да башкы мүдөөсү – чиркөө бийликтен, мейли канчалык акылман падыша, чыгаан жаангер болсо да бийик туруусу шарт. Тилекке каршы, эл да мал окшоп мыкты чыкмаларды ээрчий берет тура. Ага жол берүүгө эч болбойт! Крестчен католиктерди 1240-жылы Нева дайрасынын боюнда талкалап, андан көп өтпөй кышында катылган швед кресттүүлөрүн Чуд көлүнө чөгөрүп, орустарда мурда болбогондой атак-даңкка ээ болгон Александрдын ооздугун ушундайында тартып койбосо болбойт. Ал үчүн ысык ынагы, чыгаан Батый хан достоштуруп кеткен жаш монгол ханы экөөнү чагыштырып, ортолоруна жик салып коюу жөн. Епископ кытмыр көздөрүн кыбыңдата жанындагы санаалаштарын сыдыра уурдана карап, дайыма кулагы сак, көздөрү көрөгөч алардын да Александрды тымызын сындырып коюуну колдой турганын сезе коюп улуу княздын жанында терисине батпай ашыгып турган Сартакка карап:

– Ооба, Сартак ханым, сен бизге кымбатсың, бирок христиан динибиз сенден да кымбат...– деп жыландын башын чыгарып келатканда махабаттан башы мaң тартып турган Сартак:

– Эй, чал, сен эмне деп турасың? Буйтактатпай чындыкты тике айткын! – деп кызуулана кыйкырып жиберди.

Мындай олдоксондуктан улам кандайдыр бир кытмыр-кыйдылыкты алдын ала боолгоп турган Александр «аттиң!» деп санын ачуу мыжыса, епископтун чырагына май тама түштү. Анткени акыйкатчыл Александрдын алдында епископ үчүн айныксыз шылтоо табылды. Мындай ондой берди болорбу?! Эч убакта, эч качан, мейли өзбү, жатпы, падыша түгүл отузга келип оолуккан Сартак хан болобу христиан динин кордоого эч акысы жок. Айрыкча, монголдордой баскынчы, кас-душмандар үчүн.

– Урматтуу ханым, сиздин жана энеңиздин биз менен бирге – диндеш экенибизге өтө курсантпыз. Волга дайрасынын төмөнкү куймасындагы

www.bizdin.kg



Сумеркент шаарына да жолборс жылы чиркөө салдырып Кудайды ыраазы кылдыңыз. Бирок… – Жаш хандын каны кайнап, чыдамы бүтө ойдолоктоп баратканын байкаган карт кыйды сөздү создуктуруп жиберсе алда кандай кооганын чыгып кетээрин боолгой чочулап, оюнун ток этерине өттү. – Энеңиз деле сизге айтса керек, христиандар үчүн бир гана никеге уруксат берилерин. Ал эми диндин эне оозу менен айтылуусу баласы үчүн эзели бузулгус ыйык мыйзам. Алты катыныңызга талак берип кетирген учурда гана…

Епископтун андан аркы сөздөрү Сартактын кулагына кирбей, каны кайнап, акылы тумандап кетти. Акыры тапкан бактысынан айрып жаткан эпископтун башын томолото чапмакка обдулду эле Александрдын карылуу колдору анын кылычын кынынан суурутпай кыса кармап токтотуп калды. Кылыч суурулду дегиче ошо замат эки жаатташып чабышуу, анын артынан алаамат согуш башталып кетмек. Түккө турбас текебер абышканын мындай күтүлгүс каршылыгынан каны шакардай кайнап чыккан Сартак албууттанган алгыр көздөрү менен досуна эмне, сен да мага каршысыңбы дегендей жалт карады. Ынагынын акылгөй көздөрүнөн жок, достум, сабыр кылгын, бир айласын табарбыз дегенди көрүп, ачуусун араң басып, колтуктай алып келген ордуна олтурду. Канткен менен хан тукуму эмеспи, тез эле эсин жыя койду. Епископ экөөнүн тирешин бал аракка акылын алдырып, каны кызып олтурган нойон, түмөнбашылары көрүп калды дегиче кызыл кыргын чыгып кетмек. Андай болгондо улуу бабасы Чыңгызхан менен теңдешсиз жаангер атасы Батыйдын армандап кеткен – акыркы деңизге чейин чабуу керээзин ал, аткара албай калмак. Аскербашылары ырас эле байкабай калышкан экен. Азыркы атасынан айрылып, өзүнүн бир тууган Чыңгыз тукумдарынын эле хандык тактыны тартып алуу кутумдугу күчөп, ынтымагы ыдыраган Хан Ордо солкулдап, анын айынан аскерлери ич ара ирип турган учурда жеңишчил Александр менен согушуу өтө опурталдуу болучу. Кыпчак, Хорезм, Кавказ, Хорасан, Крымдын жеңилген хандары, ошол эле хорват, орустар кылт эткен кыймылыңды аңдып, жаа, кылычын белендеп турушат. Тактыга олтура элек жатып он тараптан курчаган оттун ортосунда калуу опурталдуу эмей эмне. Анда эле тактыдан айрылдың дей бер! Ошондой ойронго жол бербей токтотуп калган Александрга ыракмат.

Сартак ар бири күч-кубаттуу ар элдин куну, ынтымак-биримдигинин белгиси катары келген алты катынын кыя алмак эмес, анүстүнө алардан бакандай балдары да бар эмеспи. Катындарына талак берсе калың колунун өзөгүн түзгөн алты элден ажырап, ата-бабалардын керээзин, өзүнүн өтөлгөлүү ой-максаттарын орундоо мүмкүн эмес. Бирок Наталья да жүрөгүнүн толтосун козгоп салбадыбы, ансыз жан оту саат санай жабыгып барат. Кийин Александрга кеңешип епископко таза күмүштөн ээр, үстүнө кымбат кундуздан ичик жаап, кочушун толтура алтын да берип көрдү.

www.bizdin.kg



– Ханым, бул бергендериңизди чиркөөгө кошкон кошумчаңыз катары кабыл аламын жана чоң ыраазычылыгымды билдиремин. Бирок, динибизди аттасам мени кудайдын каргышы урбайбы, – деп көгөрдү карт эчки.

Сартактын амалы кетти. Шылтоо таап епископту жан таслим кылсамбы, же тымызын уу бердиртип кан чыгартпай арам өлтүртүп өчүмдү алсамбы деген да ой бакты. Бирок дини бирге ал кургурду курутканы билинип калса динбезер аталып, энесинин арбагын таарынтып, чын эле Кудайдын каргышына каламынбы деп чочулайт. Алтын Ордонун атыккан ханы туруп алсыздыгына намыстангандан Натальясына да бара албайт. Жашырынып баргыдай ууру да эмес. Антташкан Александр аньдасы болбогондо экиленген эпископту небак эле күм-жам кылып салбайт беле! Шертиңди бузсаң шерлигиң кайсы?!

Ушундай убайымдуу күндөрдүн биринде топтой томолонгон семиз ордо башчы энтелеңдей келип алдына жер сүзө жыгылып калды:

– Ханым, атаңыз Батыйдын иниси Беркенин ордосунан бир жоокер качып келиптир, – деди ал сөзүн жута аптыгып.

Сартак ой бага түштү: Беркенин хан тактысына небактан көз артып, котур ташын койнуна катып келатканы анык дечи, ал эми чоң атасынын «Жасак» мыйзамы боюнча дароо башы алынып, сөөгү иттерге ыргытыла турган чыккынчы-качкынды сүйүнчүлөгөнүндө кеп бар. Демек, сабыр кылып, сыр тартып көрөйүн деп:

– Келсе эмине кылайын?! Же мени барып сендей жер сүзө жыгылгын дегени турасыңбы? – деди өктөм.

Ханынын заардуу сөздөрүнөн дене-бою үркүп кеткен ордо башчы ого бетер шашкалактады:

– О, ж-жок ханым, ал ж-журтбезер сизден айланып кетсин, биз да а-ал арамды дароо аркы дүйнөгө узатып салалы дедик эле, б-бир…мм… б-б…

– И, эмне токтолуп калдың? Же…

– А-ал т-татар бир орус кызы тууралуу с-сизге айтар к-кебим бар дейт…

– Ыя?! Анда эмне турасың?! Дароо алып келгин аны! – Орус кызы дегенде Сартактын жүрөгү кооптуу болк этип алды. Ордунан кантип атып туруп, ок тийген жолборстой ойдолоп кеткенин да байкабай калды. – Бол! Тез!

Эки жасоолу эдиреңдете сүйрөп келип тери тон, суур малакайчан кодогой татар жоокерди алдына көмөлөтө түрттү. Жер сүзө жыгылган ал хандын бир сөзү же билинбес жаңсоосунан эле чымындай жаны чыркырап кетээрин даана туюп турган эле. Не өлүүсү, не тирүүсү билинбей кыймылсыз жатып калган татардын жанына жийиркене басып барган Сартак аны тонунун жакасынан булка тартып мышыктыкындай сары көздөрүнө тике карап:

www.bizdin.kg



– Ысмың ким? Миңганың кайсы? – деди кекээрдүү.

Хандын чаары чыгып, жаалы кайнап турган көк көздөрүнө тике карай албай:

– А-атым Сырмак. М-м… ми-мин…– деп, жаш татардын тили күрмөөгө келбей калды.

Чоң атасы сыяктуу эле чыккынчылыкты, суу жүрөктүктү башынан жек көргөн Сартактын ого бетер итатайы тутулуп, чыдамы кете жоокерди жакадан ала башы жулунуп кеткиче жулкулдатып:

– Эй, сары иттин тукуму, кара жаның кымбат болсо жашырбай айткын! Эмне демексиң? – деп бакырып жиберди.

– У-урмат-туу ханым…

– Эй, ит, ток этер кебиңди айткын! Сандырак мактооңдун мага кереги жок.

– К-куп болот… Б-берке хан к-катын алды, т-токолдук-ка… орус к-кызын…

– Алса эмне кылайын?! Куттук айтып барсын дейсиңби мени, ал карыган эчкиге?! Аты ким экен ал кыздын? Ошону айт!

Сартактын санаасы жамандыкка бурулуп, самандай сапырылып кетти. Суук кабар укпагай элем деп түпөйүл жүрөксүдү. Ылайым андай болбогой эле…

Татар жоокер кандай кара баскыр балээге калганын эми анык туюп, сыр жашырса да, кара жолтой кабарды айтса да башы алынарына даана көзү жетип булдуруктап калды.

– А-аты… а-а…

Туулгандан эле кулагы сак, кыйды келген татарлардын биринин тили күрмөөгө келбей байланып жатканынан эле кыраакы Сартак жаман кабарды боолгоп, ошентсе да аныгын угайын деди:

– Айткын, азыр тилиңди кесип ала электе! Ал орус кыздын аты ким?!

– Н… н-нат-талья э-экен…

– Ыя?!. – деп Сартак ок жеген аюудай бакырып жиберди, – жаңылыш уккан жоксуңбу, жексур?!

– Ж-ж-жок… ө-өз-зүм ук-ктум…

«О, Жараткан! Бу не кылганың?! Ат түгүндөй жайнаган кыз-кыркындын ичинен Натальямды көрүп калдыңбы?! Көзүңө көр топурак эле тыгылып калсачы!» Күйүттөн түтөгөн Сартак Кудайга да наалаты айтып жиберди. Анан кантсин?! Араң тапкан арууханын чандайган сасык чал кордоп жатса! Кутумчулдугунан арамдыгы башына зилдеп кеткен Беркени азыр барып мууздап салгысы келди. Ал амалкөй да Ордо жоокерлеринин көбүнүн жортуулда экенинен пайдаланып калууну күсөп, алдын-ала камынып алса керек. Балким, шылтоосуна шыноо издеп Сартактын биринчи катылышын көздөп, Натальяны атайын токолдукка алгандыр? Ооба, ооба, так ошондой. Анда эмне, Александрды жардамга

www.bizdin.kg



чакырсабы? Болбойт. Жооң менен жасаган жортуулуң курусун. Досу болсо жеке башыныкы, элдики эмес.

Айласы алты кетип капастагы жолборстой чамынган Сартак акыры эси эңгиреп тактысына шалдая олтура кетти. Кара тумандай калдайып кыйлага үнсүз түнөрүп олтурду. Чатыр ичи кулак кескендей жымжырт, чымындын учканы угулат. Ашыгын ажыратып алар айла табылбайт. Ошентсе да… баса, епископ эмне кылды экен? Ал кантип макул боло койду?! Ушундай уулуу ойлордон Сартак эсине келе калып дагы эле тагдырынын кандай чечилээрин чыдамсыз күтүп жаткан татар жоокерге кайрылды:

– Берке мусулман туруп, христиан кызын кантип алды экен?

Ханынын жай суроосунан улам санаасы саал тына түшкөн тигинин эми тили буулбай шыр кетти.

– Натальяны уурдап келишип, көк чыбык менен чыркырата сабап жатып мусулмандыкка киргизишти…

Бул сөздөрдөн Сартак дагы ойдолоктоп тактысынан ыргып турду. «Карыган эчки! Шашпагын! А эмнеге, эмнеге мен антпедим?! Эмнеге епископ көп аял алууга жол берген мусулман динине экөөң тең өтүп алгыла, жолуңар ачылат деп мага айткан эмес? Александрчы? Анын да акылы жеткен эмеспи? Ит Беркенин жеткен акылына экөөбүздүкү биригип жеткен жокпу?!» Эми ага епископтун арамдыгы ачык болду. Ашыгынын башын аччу жолду атайын айткан эмес. Көргүлүктү көрсөтөт ага! Досуна коёр доо таба алган жок.

Сартактын ансыз да жүлжүк көздөрү ого бетер кектүү бүтүйүп, илбирстикиндей сары от боло жалындап чыкты. Жаак тарамыштары түйүлө тишин кычырата кыжынып, кыйлага наркы-терки аттай басты. Акыры амалы кетти белем, жоошугансып:

– А сен мага эмнеге буларды айтып келдиң? Же Берке жибердиби?! – деп көздөрүнүн чаарын чыгара качкын татарга бурулду.

– Ж-жок, х-ханым, – Сартактын көздөрү эми муздак көгүш от бүркө шибегедей сайыла өзүн тиктеп турганын көк желкеси менен сезген татар кайрадан тилин жутуп калды, – О-орус кызы менен с-сиздин… баары билет… а-айтып жүрүшөт…

– У-у! Канкускур!!! – Сартактын оозунан көк түтүн чыга кылычын кынынан шарт сууруп алды. Баары өң алаттан кете бужүрөп калышты. – Билип туруп жасаган экен да, ар-рам чөө! Көргөзөмүн мен ага, с-сени элеби, Берке!.. – Сартак кыйлага чейин кылычын кынына салбай улам бир тарапка атырылып, албууттанып жатты. Эгерде Сырмак татар таякелеринен болбогондо башын дарбыздай томолото чаап, адатынча кан төгүп, шакардай кайнаган жинин небак чыгарып алмак беле…

Канчалык кекээрленсе да акылы зирек Сартак аскерлеринин көбү жортуулда жүргөн кезде, күчүнүн аздыгынан улам Эдил дайрасынын жээ-

www.bizdin.kg



гинде, Сары-Кумдун үстүнө куруп алган Беркенин ордосун чаппады. Канчалык оор болгону менен кезеги келгенче сабыр этти. Аны албетте, айлакерлиги менен арамдыгы ашынган Берке да билип, укту. Эгерим Европага кеткен түмөндөрү кайта турган болсо Сартактын акыры келип кегин албай койбосун ачык сезген Берке андан озунуунун ыңгайын издеп жүрдү. Акыры ал да келди.

Сартак Каракорумдагы Улуу Курултайдан келаткан. Ордо талашы ал жакта да күчөп кеткен экен. Улуу Кагандын хан-урпактарынын дээрлик баары чар-тарапта жортуулда жүргөнүнөн улам каганаттагы чыныгы бийлик алардын катындарына небак өткөн эле. Каракорумда калган Өгөдөй да, Күйүк да чексиз мансабын көтөрө алышпай арактан күйүп өлүшкөн. Шапар тепкенден башканы билбеген алардын айынан Ордо бийлиги бошоп, катындардын кароосунда калган эле. Ошондо да Жеңгисхандын эссиз тукумдары өз энчилерине ыраазы болушпай биринин бийлиги менен байлыгына көз артышып тымызын да, ачык да так талашууга өтүшкөн. Чоң атасы курган зор империя жалпысынан Каракорумдагы бир Улуу ханга караган менен иш жүзүндө толук баш ийбеген өз-өзүнчө үч ордого бөлүнүп, алардын ар бири ич ара ондогон майда хандыктарга чачырап турган. Бардык хандар Улуу кагандын урпактары болгондуктан өздөрүн өзгөлөрдөн улук, такка татыктуу санап, ар бири жанындагы кандаш хандарды түркүн айла-амал менен өзүнө тартып, же ачык эле басып алып, күч топтоп алган соң Каракорумдагы башкы тактыны басып алууну самашчу. Ошентип, Улуу кагандын жалпы дүйнөдө бир мамлекет куруп, бирдиктүү да, бакубат да жашоо орнотуу ак тилеги ишке ашпай, орто жолдо чандырынан чабылып турган учур эле…

Узак жолдо ушундай убайга батып келаткан Сартакты Берке жолдо кубалап жетип:

– Улуу ханыбыз сапардан чарчап-чаалыгып келаткан экенсиң, даам сызып, масилеттешип алалык, – деп, ат жалына дасторкон жайып калат. Кеги ичинде болгон менен Алтын Ордосунун артын ойлогон хан сыртынан сыпаа сала, ачык душманымды азайта турайын деген ойдо аттан түшүп, даам ооз тиет.

– Ие, улуу хан болсоң да инимсиң, Жоочу чоң атаңдын уулдарынан жалгыз, Батый атаңдын инилеринен мен эле калдым. Жаныбыз башка болгон менен каныбыз бир. Бир тууган табылбайт. Эмнеге кийинки кездери мендей жалгыз агаңдан алыстап, учурашпай кеттиң? – деп, Берке жылан башын кылтыйта кекээрлеп да алат.

Сартак хан болсо да пенделик чама-чаркына шылтай жайкап, даамынан сыпаа ооз тийип, кези келген кезде бардык кегимди алармын карыган теке деп ичинен ызырынып, бирок сыртынан сыр алдырбай аттанып кете берет. Анан эле жолдон көңүлү айнып, окшуй кусуп, өзүн жаман сезе баштайт. Эч ким ага жардам бере албай, дарыгерин өзү менен са-

www.bizdin.kg



парга албай койгонуна катуу өкүнөт. Берке арамдын тамагына кошуп берген уусунанбы, же белгисиз дарттанбы, себеби даана билинбей эки күн жөөлүп жатып Батыштын жарымын чапкан улуу жаангер Батыйдын тун уулу да жаштайында жайрап, акыркы сапарына кете берди… Тагдырын тайыткан Беркеден кегин ала албай, армандап, ичине жутуп кетти… Анын ордуна Алтын Ордого хан болгон кичүү иниси Улакчы да жарым жыл айланбай кийин өнөкөткө өтүп кеткен ким бирөөнүн уусунан каза тапты… Ата-бабаларынын керээзин аткара албай кан кусуп калды.... Алардын өмүрү антип эрте үзүлбөгөндө Европанын тагдыры кандай болор эле?.. Монгол аттарынын туягы акыркы деңиздин толкундарын кечип калар беле...

Акыры Берке хан болду… Батый хан көрүндө нечен толгонсо керек…

* * *

Жувайни таң куланөөк салганда гана эсине келип, каламын кагаз үстүнө таштады. Кулак кескендей жымжырт. Таң ата намазга чакырган азанчылар тургай улам бири созолончу короздор да али ойгоно элек экен. Жандуудан май чырагынын билиги гана жалгыз үлпүлдөйт. Терезедеги ай орто толуп калган экен.

Канча түн, канча күн олтурду Жувайни, эсинде жок. Өкүттүүсү, ушунча күн-түндүк убара менен ушаланып жазгандары эсинде улам электенип жазмакердин купулуна толбой турду. Нечен күндүк азаптуу аракетине ичи чыкпады. Жок, улуу кагандын урпактары тууралуу Улуу Баянды мындай майдалап жазууга болбойт. Махабат – дүйнөнүн жарымын чапкан чыгаан жаангерлердин өмүр өтөлгөсүнүн болор-болбос бир өңүрү гана. Каргыштын анык-жалганы белгисиз. Алар жаангерлик бийик атакты пастап салат. Ал, алтын сарайдын ичин кулпу көзөнөгүнөн шыкаалагандай иш. Улуулукка умтулуп, улуу иштерди улаган бийик инсандардын жоболоңдуу жортуулдарын, аларды тарыхта калууга татыткан акыл-амалдары менен өзгөчө өлүмтүгүн, кайда болсо көлөкөдөй ээрчиген жан бирге жакындары менен капсалаңдуу кастарын, айкөлдүгүнөн аман калган элдер менен кылычтан кырылган калктарды, жер менен жексен болгон шаарлар менен жаңыдан жаралган калааларды, нечен дабан, тоо ашып түшүнө кирбес ажайып жерлер менен кук эткен кузгунсуз какыраган талааларды багындырганын, эр көкүрөк нойондору менен аты белгисиз жоокерлеринин эрдиктери жана пастыктарын… анан гана керт башын бакытка балкыткан, же кекээрин салган махабатын, каргыштын кара күчүн жазуу керек. Анткени ал керт башыныкы…

Ушундай ойлорго тунган Жувайни мелтейип чай кайнамдай жаздык чыканактап жатты. Күнү-түнү кыймылсыз олтургандан бүт денеси ноюп,

www.bizdin.kg


талыкшып калыптыр. Акыл-ою чарчап, чаташкан. Мындай азаптан көрө мээ сергитип, жанга даба берчү отун ташыган, же талаа менен тагдырлашкан дыйканчылык артык. Ошентсе да ар кимдин жарыкчылыкка жаралган өз жазмышын артып, милдетин аткармагы бар.

Дээринен ойчул Жувайни Улуу доордун жаңырыгынан али бирото кутулуп чыга албай, кытайдын жука кагаздарына шурудай тизмектеп жазып чыккан жазууларынын улам бирин шуудурата колуна алып, жарыкка тосо, сыдыргыга сала окуп жатты. Эки-үч курдай тура калып, каламын ала оңдоп, кошумчалаган да болду. Акыры бүттү, бир тутам барактардын баары окулуп бүттү. Ошондо гана Жувайни чечкиндүү тура калып, жазгандарын чогулта ороп ичке тасма менен кабаттай байлады да четке коюп жаңы барактын бирин алдына жайды. Ал, Улуу Тарыхты жазууга эми чындап белсенди. Анын жолун анык тапты. Буга чейинки жазгандары жарабайт. Кылымдарды карытар Улуу Тарыхты жазуу менен өзү да анын барактарында түбөлүк калууга аттанып жатканын али сезген жок. Ал – жазуучулук вазийпасын ак аткарууну гана ойлоп жатты…

Адам пендесинин бири дүйнө менен тарыхты кылычтап жеңсе, дагы бири орошон ой, калеми менен багынтат. Экинчисиники ак, адилет!

www.bizdin.kg



*Туулганынын 65 жылдыгына*

## Аман ТОКТОГУЛОВ



## *Микрорайон*

*Эмне, курбум, капалуусуң,*
*Санаа басып, чөгүп турсуң.*
*Жүр, келели тоого чыгып,*
*Бир аз таштап шаардын чуусун.*

*«Аныбыз жок, мунубуз жок,*
*Жашайбыз бир байкуш окшоп» –*
*деп аялың адатынча*
*сени капа кылган окшойт.*

*Көр тирликти ойго албаган*
*Балдар элек жаркылдаган.*
*Жылдар өттү. Биз башкабыз, –*
*Тагдыр түркүн жолго салган.*

*«Алдуу байлар андай жашайт,*
*Малдуу байлар мындай жашайт»... –*

---

**ТОКТОГУЛОВ Аман** *(1945–1992) –Таластын Көпүрө-Базар айылында төрөлгөн. Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктагандан кийин, «Кыргыз маданияты» гезитинде, «Ала-Тоо» журналында иштеген. 1974–1990-жылдарда республиканын Коопсуздук комитетинде, кийин өмүрүнүн аягына чейин ВААП-тын Кыргызстандагы бөлүмүн башкарып турган. Демократиялык багыттагы алгачкы «Майдан» гезитин негиздеп, анын тунгуч башкы редактору болгон.*

*«Поэзияга мамиле», «Ибарат», «Барал», «Таберик» аттуу сын, поэтикалык китептери жарык көргөн. Расул Гамзатовдун ырларын, «Менин Дагстаным» повестин, И. Крыловдун тамсилдерин которгон.*

www.bizdin.kg



*деп аялдар кээде чыны*
*биздин мээден камыр жасайт.*
*Килем деген чүпүрөктүр,*
*Алтын, күмүш – темир го бир,*
*Ушул жансыз оюнчукка*
*Не кор болот биздин өмүр?!*

*Кой, аныңды, башты көтөр,*
*Бул капалык өтөр-кетер.*
*Мына тоолор. Бир кыш өтүп,*
*Көк жамынды кайрадан жер.*

*Бул жашоого биз темселеп,*
*Дүйнө жыйган келген белек?*
*Үстүңдө үй, алдыңда аш бар*
*Мындан артык эмне керек?!*

*Тээ чокуга чыгып барып,*
*Сүйлөшөлүк. Эс алалык.*
*Шаардыктар көп быякта жүргөн*
*Шыбак көрсө баса калып.*

*Жасай турган бир иш элдик,*
*Биз отуз беш жашка келдик.*
*Майдаланып кетчү жер көп,*
*Майдаланбай жүрүш-эрдик.*

*Килем деген чүпүрөктүр,*
*Алтын, күмүш – темир го бир.*
*Андай жансыз азгырыкка*
*Кор болбосун биздин өмүр!*

* * *

*Сен мага келериңде*
*Калп дыгдыйган салабатыңды,*
*Көңдөй олуттуулугуң,*
*Бирөөдөн үйрөнгөн сөздөрүңдү,*
*Жасалма сыпайкерчилигиң*
*Бирөөнү алдайм деген куулугуңду*

www.bizdin.kg



*жана өзүң жедеп көнгөн кали күлкүңдү*
*Үйүңө таштап койбой ала келгин.*
*Сен деги эмне деген доссуң мага?*
*Мен шону бүгүн келет карап көргүм.*

* * *

*Кол беришиң жакпайт, бала!*
*Кишиге учурашарда*
*Алдыңда ким турса да:*
*«Салам» – деп айтарыңда*
*Көзүнө тике кара!*
*Кылыйып ууру иттей*
*Көзүңдү ала качасың*
*Сен дайым кол сунарда...*

## Ибарат

*Сен, досум,бышыксынба,*
*Көрүнгөндөн үйрөнгөн сөздөрдү айтып*
*Башты оорутпа.*
*Башкаларды ушактаба.*
*Элди кой өз жайына.*

*Өзүңдү изде!*
*Сен кимсиң бул дүйнөдө?*
*Турасыңбы өз ордуңда?*
*Келдиң азыр канча жашка?*
*Өз жүзүм – деп жүргөнүң*
*болбосун чоочун маска?*
*Мытаамдыкты жакшы үйрөндүң*
*жапжаш туруп.*
*Кылдыңбы өмүрүңдө*
*бирөөгө бир жакшылык.*
*Бар тилегиң – кызматтан жогорулаш*
*бир столдон бир столго улам жылып.*
*Кеч эмес али дагы,*
*Сен, досум, өзүңдү тап!*

www.bizdin.kg



*Тойгузба сөзүң менен,*
*көргөз иш, бер ибарат!*
*Бирөөлөрдүн айтканын кыла бербей,*
*Бирөөлөрдү туурап күлбөй,*
*Бирөөлөр эмне десе, ошо дебей,*
*Он киши кайда кетсе, кошо ээрчибей,*
*өз акылың өзүңдө*
*башыңды иштет.*

*Издегин сен өзүңдү.*
*Тапкының өз жүзүңдү.*
*Сынагын өзүңдү өзүң*
*Чоң иштен, кичине иштен,*
*жолдоштуктан, адамкерчиликтен,*
*күндөлүк кызматыңдан,*
*адамга мамилеңден,*
*ак менен кара иштин күрөшүнөн,*
*Адилдикти жалгандык жеңмек болуп,*
*сен ага күбө болуп*
*турган жерден!*

## Дидактика

*Жакшы адамдар кор болуп жамандарга*
*иши түшүп алдына келип турса,*
*Кем акылдар өздөрүн гений сезип*
*Кем акыл деп башканы сөгүп турса,*

*Эң татыктуу адамдар иштечү ишти,*
*Эбин таап эпчилдер ээлеп турса,*
*Алакандай бир жердин адамдары*
*Бирин бири көралбай көөлөп турса –*

*Бул көрүнүш төрөйт кейиш.*
*Бирок ал дайым жүрсө көкүрөктө*
*кейигенден эч нерсе өзгөрбөсө*
*Андан туулат коркунучтуу*
*сезим өлүк –*
*баарына кол шилтеген*
*кайдыгерлик.*

www.bizdin.kg



* * *

*Колуктуңду көргөздүң. Болсун, баатыр.*
*Колтугуңа жармашып бара жатыр.*
*Кыз кезинде кишинин баары жакшы*
*Кылдай кайгың жок жүргөн чагың азыр.*

*Аял жакшы – эр жакшы. Бакыт конот,*
*Чачылганың жыйналат, бөксөң толот.*
*Калк айткандай алган жар – ордолуу шаар,*
*Картайганда өзүңө эне болот.*

*Алдыңбы аялыңды, алгандай бак,*
*Көгүчкөндөй кулпунтуп, көңүлүн тап.*
*Өмүр бою сыйынып өткөндөй кыл,*
*Жакпаса да ал сага, сен ага жак.*

*Ырас, иним, жакшы аял – ордолуу шаар,*
*Бирдей эмес, бирок да бардык аял.*
*Өз койнуңдан суурулуп чыга келип,*
*Маңдайыңда ышкырып тургандар бар.*

*Андай аял бир алса мурунтуктан,*
*Алыс качат дос-курбу, урук-тууган,*
*Токмок болот ал аял сен кутулгус*
*Күндө бир маал төбөңө уруп турган.*

*Эл бар жерде момундун кейпин кием,*
*Эл жок жерде атылып октой тиет.*
*Жылдар өтөт, акыры жеңилесиң,*
*Сен билбейсиң – бүт баарын ошол билет.*

*Ырас аны жараткан антип кудай,*
*Бирок кеп бар айтылчу буган улай:*
*Келин жакшы, келген жер жаман болсо*
*Ажаан болот аргасыз момун жубай.*

*Колуктуңду көргөздүң. Болсун баатыр.*
*Колтугуңа жармашып бара жатыр.*
*Жаман аял билбеймин кайдан чыгат,*
*Жакшы зайып табылгыс бир кен азыр.*

www.bizdin.kg



# Менин жолум

*Менде жок күркүрөгөн урук-тууган,*
*Бел болуп, колтугумдан сүйөп турган.*
*Керек деген кызматка орноштурган,*
*Жетем деген нерсеге жардам кылган.*

*Бар болгон таянычым жалгыз агам,*
*Мен үчүн дайым түркүк, тоодой караан,*
*Ата ордуна чынында ата болду –*
*Дүйнөдө мен багынган жалгыз адам.*

*Билип өстүк жаш кезден жоктун жайын,*
*Эстүү киши апабыз, бизге дайым:*
*«Ууру кылба, адал жүр, окуу көздө» –*
*дечү байкуш ар акыл айткан сайын.*

*Өттү-кетти тумандуу бала күнүм,*
*Көр тирликтин көтөрдүк далай жүгүн.*
*Кандай кыйын абалга туш келсек да,*
*Аттабадык эч кимдин ала жибин.*

*Көр оокатка көмүлбөө – бу да эрдик,*
*Болбосок да бир даңктуу чыгаан элдик,*
*Кара менен ак эмне – айра билип,*
*Кактооч аттай жалаңдап чыга келдик.*

*Жаным күйүп, көз артпайм өзгө ишине*
*Жардам сурап жалбарбайм эч кишиге.*
*Мен ишенбейм бирөөнүн колдоосуна,*
*Азбы-көппү, ишенем өз күчүмө.*

*«Бак-таалайы» жашында камдалган бар,*
*Бактылуубу ошолор, кандай жандар?*
*Киши өлтүрүп салса да, бир эбин таап,*
*Кеткен болот кутулуп андай балдар.*

*Адам болбос табылбас өөн да, кынтык,*
*Түз баратып, калуу бар кээде сылтып.*

www.bizdin.kg



*Тилеп келем кудайдан ал андыктан,*
*Баспаса деп жок жерден бөөдө кырсык.*

*Жөнү башка бой кездин өрттөн кайтпас,*
*Ким турса да алдында тилди тартпас.*
*Үч баламды ойлосом, мен сылыктын,*
*Итке дагы катуураак «кет!» деп айтпас.*

*Менден гений сыкса да чыкпайт эми*
*Аттиң, бул ой багынтып барат мени.*
*Бар үмүтүм – балдарда, тыпырайтын,*
*Менден өйдө болсун деп келечеги.*

*Бирок жигер, оттуу дем жаш чактагы*
*Ойго түшсө, ташкындап жүрөк каны.*
*Четке кагам мезгилсиз картаюуну!*
*Четке кагам күрөшсүз багынганды!*

## Вокзал көчөсү, үй №540

*Дариха, кечирип кой, жүрөм түндө,*
*Кабыл ал, жадатпайм го келип күндө.*
*Мен бүгүн бир аз капа болуп турам,*
*Ачуураак бир ыза бар көңүлүмдө.*

*Куйсаң куй, коньягыңдан, ичсе ичелик,*
*Бул да бир тилсиз жолдош жанга шерик.*
*Олтурчу маңдайыма гүлдөй жайнап,*
*Мен бир аз эс алайын сени көрүп.*

*Күйөөң келе элекпи Москвадан?*
*Бечара сени сүйөт, түзүк адам.*
*Мен десең, өмүр бою сыйла ошону,*
*Билемин, жигиттер көп сага асылган.*

*Турмушта келин-кызды көрдүк далай,*
*Бирок да сен бир өргөө, кол жеткис жай.*
*Көңүлдү сергитесиң, эс алтасың,*
*Билесиң ойдогуну эч сурабай.*

www.bizdin.kg



*«Несине бу дүйнөнүн кайгырасың» ...–*
*дегендей жылмайыңкы жоодурайсың.*
*Сен эркекти баалайсың, түшүнөсүң,*
*Сен эркекке кечирим бере аласың.*

*Мен бир аз ичип койдум, көңүл бурба,*
*Дариха, эми акырын бир ыр ырда.*
*Унутуп мен бардыгын, көздү жумуп,*
*Калкыйын обонуңдун ыргагында.*

*Дарихаш, өмүр эмне, жашоо эмне?*
*Неге алдайт бир пендени башка пенде?*
*Неге көп бул турмушта көңүл калуу,*
*Бул дүйнө же жалганбы чынында эле.*

*Дарихаш, сүйүү эмне, дос, жар эмне?*
*Көр тирлик неге басат бизди жерге?*
*«Адамдын канаты ичте». А бирок да*
*бир учпай кете берет канча пенде.*

*Жаай албай удургуган булут сыңар,*
*Кээде бир менде шумдук буулугуу бар.*
*Дарихаш, сага келем, сен билесиң,*
*Не жанмын, эмнем түзүк, эмнем чабал?*

*Жамгыр бол, мага жааган жайкы күндө,*
*Мен сенден бир сергийин ушул түндө.*
*Биздин жол бирде ылдый, бирде өйдө,*
*Азыраак капалык бар көңүлүмдө.*

## Үч экмет

### *1*

*Жаман жолдош – колдогу кооз канжар,*
*Кооз канжарды кызыгып ар ким кармар.*
*Этиетсиздик саал эле кылсаң болду –*
*Өз колуңду шарт кесип кетиши бар.*

www.bizdin.kg



### *2*

*Чоң жааган кар бүт жердин оюн-кырын*
*Эч билгизбей тептегиз, аппак кылат.*
*Бийлик, байлык, кемчилин көп адамдын*
*Так ошондой жашырып, жаап турат.*

### *3*

*Жакшыны көр, жакшыны кеп кыл дайым.*
*Жамандарга асылба келсе колдон.*
*Жамандарга илээшсең, бир чымынсың,*
*Гүлзар турса, ыпылас жерге конгон.*

### * * *

*Көтөрөмүн көңүл,*
*Чыйралтамын дух.*
*Сыр бербейм бассам-турсам,*
*көрүнөм керилип,*
*курчутам өзүмдү өзүм,*
*«Азамат» – деп мактап коём,*
*«Түркөйсүң» – деп кечирим берем.*
*Колдоймун, сүйөмөлөйм,*
*Сөгөмүн, бирок аяйм.*
*Антпесем, мени өзүмдөн*
*Ким мени жакшы билет...*

### * * *

*Сен кимсиң?*
*Түшүнбөймүн.*
*Бирде сен пейилиң кенен түзүк жансың,*
*Колдон келсе жакшылык аягың жок,*
*Ичиңе кир сактабас кембагалсың.*
*Бир карасам,*
*кекенип, кастык ойлоп,*
*ичтен түтөп, кумсарып келатасың.*

www.bizdin.kg



«Көр тирликке кор болбош керек» деген
жагат мага идеяң. Бирок өзүң
майдаланып кетесиң болбос жерден.
Боюң жакпайт кортоюп келе жатсаң,
Акылдуусунутыш этесиң кээде неге,
Же шончолук билимиң барбы мээңде? –
деп капыстан тунжурап тура калам,
ойлонуп өзүм жөнүндө.

## Кейүү

Тирүү жан жаңылышат.
Кээде бир ойго келбес ишти жасайт.
Кызарып, уят болот эл алдында.
Өкүнөт, ичтен күйөт, түкүрүнөт.
А түгүл галстукчан бир кызматкер
Мас болуп, милицияга түшүп калып,
Күбөлүгүн көрсөтүп жан талашып,
Анысын эч ким карап койбогон соң,
Уңулдап ыйлап ийген башын салып.
Эми көрсөң, анысы эсинде жок,
Салам айтсаң, зоргодон алик алып...

Боло берет турмушта. Кеп анда эмес.
Бирок да отуз жаштан өткөн кезде
Бирөөнүн бийлигинен жапырылуу,
Кез келип турган жерде күңк-мыңк этип,
Керектүү сөздү өлтүрүп, айтпай коюу,
Анан да алсыздардын арасында
Эрсинип, мыктысынып сүйлөп туруу –
Араак барып, жылжытып ушак айтып,
Катындарча бежиреп сөз таратуу,
Аялдардан талашып өчүрөттү,
Ажылдап
пастык кылуу,
Жөндөп ачып бере албай шампанды да,
түркөйлүктү көрсөтүп, жан кашайтуу,
Анан да киши өңдөнүп, чачты сылап,
Акылдуудай,

www.bizdin.kg



*Салабаттуудай*
*жүргөн болуу –*
*О кандай жинге тиет!*

*Неге адамга берилет кайран жаштык*
*Көккө шаңшып бир ирет учпаган соң?*
*Неге ичесиң тамакты лапылдатып,*
*Турмушуңда бир мөөрөй утпаган соң?*
*Намыс күтүп, ар күтүп не кыласың,*
*Катарыңдан суурулуп чыкпаган соң?*
*Бирөөлөргө кыйынсынып не сүйлөйсүң,*
*Өз катының сөзүңдү укпаган соң?*

*Дос, бул ыр*
*мен жөнүндө.*
*Бирок сен ойлонуп көр:*
*менден сенин*
*эмнең өйдө?!*
*Сен деле мендей пенде*
*болуп жүрбө?*
*Экөөбүз тең*
*окшошкон бир пендебиз*
*бир бирине тыңсынган*
*бүл дүйнөдө.*

* * *

*Ар бир адам колдон келер*
*өз жумушун кылган болсо,*
*ар бир адам бул жашоодо*
*өз ордунда турган болсо.*
*Алдууга кур атаандашпай,*
*өз чамасын ар ким билсе,*
*Акылдуудай өзүн сезбей,*
*Акмактыгын эстей жүрсө.*

*Ичи тарлык, кыянаттык,*
*куру далбас бул дүйнөдө*
*жана кейиш, нааразылык*
*канча азайган болор эле.*

www.bizdin.kg



* * *

*Жалкоолук, билимсиздик, кенебестик*
*Жармашып келе жатат мага дайым.*
*Уялбай шылтоо кылып, кыргыз канын*
*Ушуга күнөөлүү дейм бабаларым.*

*Калса да нечен кыйын, оор күндө*
*Жок болуп, сиңип кетпей алда кимге.*
*Атамдын акысы не бабаларда*
*Апкелди кыргыз кылып ушул күнгө.*

*Аманбы алты саның – өзүңдө кеп,*
*Быкшыбай, колдон келсе, жалындап өт.*
*Агымдан суурула албас чабалдарга*
*Ар качан себеп даяр, шылтоосу көп.*

*Өмүрдө бир иш кылбай ойго аларлык,*
*Эрте-кеч иштен келип, ишке барып,*
*Кыдыңдап жүрө бериш колдон келер,*
*Кыбырап баланча сом айлык алып.*

*Кимдин жок бирден арман көңүлүндө,*
*Оюңдай боло бербейт баары мүлдө.*
*Бирок да ар бир адам байге көксөп,*
*Бир чуркап көрүш керек өмүрүндө.*

* * *

*Курбулар, тиги-бу деп*
*кереги жок.*
*Сүйүү деген ары жок*
*жакшы неме.*
*Сурабайт байлыгыңды,*
*кызматыңды,*
*боюңдун узундугун,*
*кыскалыгын.*
*Шампаңдап өз теңиңди таап алып,*
*Кудуңдап бирдемени айткан болуп,*
*Бир жерде элди аралап бараткның!*
*Таң көрү, сүйүү арсыз, нени айтасың!*

www.bizdin.kg



*Өзүңдүн кейпиң менен жумушуң жок,*
*Маралдай бир аялды сүйүп аласың.*
*Курбулар, бир кыз менен*
*таанышып келдим бүгүн!*
*Чаңына көр тирликтин*
*кор болуп басырылган.*
*кыз жандуу оттуу сезим*
*тирүүмүсүң?!*
*Жаз келгенде козголгон эски дарттай,*
*буулугуп мага батпай,*
*ээлигип, делбеленип,*
*мынчалык неге күйдүң?!*
*Жүлүндү куйкаларым,*
*Жүрөктү мас кыларым –*
*Кыздарга жетелеген жалын сезим,*
*Мен сени унуттум го*
*тирүүмүсүң?!*

* * *

*Бул тиричилик, бул жашоодон,*
*Мен өзүмдү издеп келем.*
*Майда, чоңбу – келсе колдон*
*Жакшылык иш иштеп келем.*

*Бүт эле адам адалсынат,*
*Ак өңдөнүп турмушунда.*
*Кеп – арамдык кимге жагат,*
*Кимге жакпайт – мына ушунда.*

*Арам кылсам, жебе болуп,*
*Тиет кайра так маңдайга.*
*Буга жетип көзүм толук –*
*Мен андайга баспай калгам.*

*Аялыңды сүйүп көрдүм,*
*Арагыңды далай ичтим.*
*Азгырык го түбү экөөнүн*
*Айландырган башты биздин.*

*Аракта акым эч калган жок,*
*Аялыңды сүйдүм дедим:*

www.bizdin.kg



*Көзү сүйүп, өзү, бирок*
*жетпегендин бири менмин...*

*Элетпи деп кетет оюм,*
*Энөө кылган төрөп бизди.*
*Түркөйлүгүм, ыкшоолугум*
*Айтор, мени көп өксүттү.*

*Түркөйлүгүм эмей эмне?*
*Ишим болбой өмүр менен,*
*Барып-келип ишке күндө*
*Курсак тойсо жүрө бергем.*

*Бирок кыйнайт мени дайым*
*«Киммин?» деген түпсүз суроо.*
*Өмүр жылып өткөн сайын,*
*Алды жагым – катаал сыноо.*

*Максатым не? Үйдү багыш,*
*Менден түзүк бала өстүрүш.*
*Абийир сатпай адал барыш,*
*Замандын ак жолунда түз.*

*Күйөр жерде оттой күйүш,*
*Коргоор жерде коргоо намыс.*
*Колдон келсе кагаз чийиш,*
*Ойдогуну айтып калыш.*

*Оңой эмес ушул максат,*
*Бир өмүргө жетет кенен.*
*Кайра туулсам, атаганат,*
*Анда башка жашаар белем?*

www.bizdin.kg



*Тарыхый баян*



Тойчубай
СУБАНБЕКОВ

# УЛУУ КЫРГЫЗ КАГАНАТЫ: IX–X КЫЛЫМ

## Кырк канат ак өргөөгө кут түшкөндө же Эр Жагылакар хандын сырттан чоросу жөнүндө тымсал

*«Биздин замандын IX–X кылымдары кыргыздардын тарыхында өзгөчө орунда турат. Бул мезгилди В.В.Бартольд адилеттүү түрдө: «Улуу кыргыз каганатынын доору» – деп атаган. Ал чынында эле кыргыз тарыхынын жылдыздуу сааты болгон, уйгурлар менен жоолашып, узакка созулган согуштарда кыргыздардын жоо-жарагы таң каларлыктай жеңиштерге жетишкен, Борбордук Азиянын көз кайгыткан бүткүл түзөң жайыгында кыргыздардын ооматы жүрүп, золобосу көкөлөп турган. Дал ушул доордун даңазасы менен алар тарыхка өчпөс из калтырган, ошол орто кылым кезиндеги элдердин санжыра-санатына кирген...»*

Юлий ХУДЯКОВ

*«...Хан өзүңүз тескей тоо өңүрүндө баатыр колду курап, күчтүү жоокер менен түндүк жактын каарманы болуп жатасыз. Өзүңүз бүт эле акылмандык менен жөндөмгө толгон экенсиз. Өзүңүздүн ак жүрөктүүлүгүңүз,*

---

**СУБАНБЕКОВ Тойчубай** *Токтогул районундагы Ак-Чий айылында 1953-жылы 12-декабрда туулган. Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүн бүтүргөн. Кыргызстан Журналисттер жана Жазуучулар союзунун мүчөсү. Кыргыз Республикасынын Эл агартуусунун отличниги.*

*«Издер өчпөйт, издер жаңырат», «Көөдүлдүн кыркалекей терektери», «Жүрөктөш жар», «Жээренче чечендин акыркы күндөрү», «Барс-бек кагандын көрөр көзү», «Каратүлөк чоронун эрдиги», «Күнбосун ажо» аталыштагы прозалык китептердин автору.*

www.bizdin.kg



*кеменгерлигиңиз менен калың элиңизди жетектеп, бөтөн урууларичинде да даңкыңыз чыгып, чек арадагы барча бектер арасында кадыр-баркыңыз көтөрүлүп...»*

(Кытай императорунун кыргыз каганына жазган катынан, биздин замандын 843-жылы)

*«... Або (Айбугу) аттуу баш увазир (бойла) жетимиш миң черүү менен ширбилерге кол салып, калган уйгурларды алып, Кумдуу талаанын (Гобинин) түндүк жагына кайтып келген...»*

А.Н.БЕРНШТАМ

*«...Созданная кыргызами империя простиралась тогда от Ангары и Байкала до Алтая и Семиречья, от Сибирской тайги до Великой Китайской стены».*

С.Г.КЛЯШТОРНЫЙ

Кайың-талдын арасында боз чымчыктар сымаптай мөлтүлдөп ойношуп, эр сынарлар калың шыбактан учуп чыгышпай, тоодактар менен безбелдектер тектирде койдой жайылып, көкала моюн кептерлер көгүш канаттарын күн нуруна жаркылдатып, «гүк-гү-гүк» эте үн салышып, каздар тобу менен учуп жүрүштү. Төлөш Алп менен Тану Сол кептерлерди, каздарды, боз чымчыктарды, эр сынарларды, тоодактарды, безбелдектерди карап койгон да, алардын үнүн тыңшаган да жок, мурдун шыр тартып койду. Биртикеден кийин каздар ылдыйлап, көк иримге конгондой болушту. Төлөш Алп менен Тану Алп Сол күлүктүгү уй түгүндөй көп ханзуудa жок дулдул чалыш көк тобурчактан, боз тулпардан түшүп, шоокуму алда кайдан угулган Оркун дайрасы тарапка көз чаптырбады.

Дулдул чалыш көк тобурчакты, боз тулпарды башынан жүгөндү шыпырып алып, шылдырап аккан мөлтүр булактан шимиртип, суусун толук кандырды да, кыңылдап ырдашпай эле, бартылдап сүйлөшпөй эле жетелеп, не бир түркүн чөптөн оттотуп, кадимкидей кардын кампайтып: «Эми экөөбүздүн санаабыз тынчыды. Ургу Алп келгичекти жата турсак окшойт»» – деп, таштак жолдо ташыркабаган, узак жолдо арыбаган, куланды кууса куткарбаган, казатта жүрсө кызылы чыгып жоорубаган, орукта минсе чаалыкпаган, куугунчулар кууса жеткирбеген экөөнү бош коёрдун алдында жибек жалынан, соорусунан сылап, чолпондой жайнаган көзүнөн, маңдайынан өптү. Андан соң бош коюшту. Эки шер колун балыш кыла жазданып, туланда асманды карап жата кетти. Тулаң мамык төшөктөй... Боз үйдүн үзүгүндөй үлбүрөгөн ак булут. Ошол ак булуттан өткүр көзүн албады Тану Алп Сол, а Төлөш Алп көзүн жумду да, түпсүз деңиздей терең ойго чөмүлүп, үн каткан жок. Эмнегедир ой толгогонду, ушинтип жатканды жакшы көрөт. Тану Алп Сол ушуну туй-

www.bizdin.kg



гандай болуп, аны акырын нукуп койбоду. Миң башы ат бороюн салдырып, алыскы аймактарды кыдырып, киндиктеш уруулардын башчыларына, баатырларына, коңур чечендерине, абройлуу аксакалдарына жолукканы кеткен, ал эми Эр Жагылакар хан ордодо. Ушу тапта арстандай айбаттуу хан акылдуу, сарамжалдуу, казан-аштуу канышасы менен сүйлөшүп олтургандыр... Тутук Ынанчы менен Чугу Алп Сол күтүрөгөн сан жылкыны айдап баратышкан жигиттердин артынан жөнөгөн. Эмдигиче алар кырдан кыр, белден бел ашып кетишкендир... Айбугу чоро болсо ат бороюн салдырып келгенден кийин өзүнүн ак өргөөсүндө, айдай сулуу зайыбынын жанында жаткандыр... Эс алсын. Ышкы отунда алоолонсун, жер кыдырып, эл аралап, белестен белес ашып, шаркырап аккан өзөндү кечип, тар капчыгайдан өтүп, калың бадалды аралап келүү оңой эмес да. Көкө теңир кубат берсин! Төлөш Алп көзүн ачып, асманды карап койду. Ары оттуу, ары курч көзүнө боз үйдүн үзүгүндөй үлбүрөгөн ак булут урунду. Ак булутту караганды Чугу Алп Сол да жакшы көрө турган, бирерде ал ары сүрдүү, ары сүйкүмдүү жүзүн сылап: «Кагандардын, хандардын, зардалдардын, баатырлардын пейили кең болсо, дили куду ушул булуттай ак болсо», – деп калчу. Эгерде азыр бул жерде болсо, көйкашка шер ак булутту карап, дагы ушинтип айтмак. Бирок биерде эмес да. Төлөш Алп улутунуп койду, анан анын: «Эй, Төлөш баатыр! Бери кара. Менин көзүмө тике кара. Баатыр деп койсом эле, бу сен эрдемсине бербе. Адырандабай жөн жүр. Али сенин томук этиң толо элек, тоодой болгон дөөлөрдү тозоор маалың боло элек. Абайлагын, Төлөш, абайлагын!» – деп батыл айтканын, Тутук Ынанчынын: «Бала баатыр! Чугу Алп Сол туура айтат. Бу сен капа болбо. Чынында эле балтыр этиң толо элек, жакадан алган жооңу жонду ашыра сүрөр кезиң боло элек», – деп бартылдаганын эсине түшүрдү. Ошондо эки шер ушинткени менен кийинки жылы кара кашка тынарларга, кызыл кашка тынарларга кошуп, черүү өнөрүнө шугурланткан. Боз кыроодо жалындан жалтанбаган жаш берендерге, жаш эрендерге кошуп, бороондуу түндө, нөшөрлүү күндө ач бөрүлөрдөй чап салышып, элпейимди алышкан басмылдардын, төнкаралардын, тогондордун, койкулардын, адиздердин тарткандарынын, элтеберлеринин, зардалдарынын жерине жортуулга жиберген. Ошол жортуулда жаш берендерден, жаш эрендерден кем калбай эрдик көрсөтүп, далай жоокерди сулатып, көйкашка эки шердин ишенимин актап кайткан[1]. Мына ушуну башта эмес, шоораты далайга кеткен Тану Алп Солдун жанында жаткан кезинде эстегенин... Алаканы менен жүзүн сылап койду. Тану Алп Сол эми гана бартылдап сүйлөп, карс-карс күлдү. Төлөш Алп күлбөдү, анткен менен:

[1] Бул 808-жылдан кийин болгон.

www.bizdin.kg



– Кудурети күчтүү Көкө теңир жараткан кишисине сагызгандай шакылыктап сүйлөсүн деп сөз бергени, булбулдай безеленип ырдасын деп үн бергени; каны каткаксыбасын деп ичкенге суу, кымыз, жарма, максым, бозо, чалап, айран, сүт бергени; күч-кубаттан тайбасын деп жегенге эт, чучук, казы-карта, боорсок, көмөч, чөбөгө, курут бергени; жөө жүрбөй минип алсын деп ат, төө, тай, өгүз бергени; жакканына тезек, отун, куурай, көң бергени ырас эле болуптур, – деди салкын кандуу. – Ушинткен кудуреттүү Көкө теңирге ыраазымын. Мен сенин жаныңда эле эмес, Айбугу чоронун, Тутук Ынанчынын, Ургу Алптын, Чугу Алп Солдун жанында олтурганымда да өзүмдү абдан бактылуу сезем. Бу силер бар, менин ырысым бардай. Күндү карап, Күн теңирине сыйынган, тоону карап, Тоо теңирине сыйынган, адилдиктен, калыстыктан тайбаган, арстандай айбаттуу, кабыландай кайраттуу Күнбосун ажо[1] жарык дүйнө менен коштошоор алдында ак көрпө жайыл, акылдуу, нарктуу канышасына: «...Баатыр баатырга каршы, шер шерге каршы, берен беренге каршы, эрен эренге каршы чыкпасын, найзакер найзакерге, кылычкер кылычкерге, айбалта чабар айбалта чабарга каршы чыкпасын, бек бекке, бий бийге каршы чыкпасын, уруу урууга, урук урукка каршы чыкпасын. Тоолуктардын түндүгүнөн кут түшкөн ордосу ойрондолбой, кабыландын баш сөлөкөтү түшүрүлгөн көк туусу жыгылбай, очогунда от күйүп турсун. Балпайган байбичелер, санжыргалуу аксакалдар төрдө олтурсун» дегенимди айта көр. «Атчан жоокерлеринен жөө жоокерлери көп, алпы менен дөөсү көп, жайчысы менен сыйкырчысы көп, амалкөйү менен куусу көп, шуйкучусу менен кайгуулу көп, жалданма жасоолу менен камандай күркүрөгөн канкору көп кас душмандын чабуулунун мизин кайтара көргүлө» дегенимди айта көр. «Байлыгы көптөргө, дүнүйөсү молдорго, кырса кырылып бүтпөгөндөргө, жер майышкандарга, кыяндай каптап киргендерге каршы туруу үчүн баатыр бабалардын керээзин аткаруу керек, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, касиеттүү

[1] Күнбосун шоокуму алда кайда угулган Иле дайрасы менен Талас дайрасынын ортосунда, чокулары көк тиреген Теңир-Тоонун батышында, касиеттүү Ысык-Көлдүн кылаасында көчүп-конуп жашаган кызыл уйсундардын, сары уйсундардын, кара уйсундардын жана бул аймактардагы киндиктеш уруулардын эң чоң башчысы, эр ажосу болгон. Б.з.ч. 160-жылдан баштап, уйсундардын биримдиги бекемделип, эр жүрөк берендери, эр көкүрөк эрендери бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, кастарын тиккендердин сазайын берип турган. Ошондон улам булардын бирикмеси күчтөнүп, ээлеген аймагы кеңейип, киндиктеш уруулардын ынтымагы чыңдала баштаган. Ордо шаары Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде болгон. Бул шаар Кызыл-Коргон деп аталган. Ары кашкөй, ары билге, ары адил Күнбосун ажо мына ушул шаарда туруп, өзүнүн бийлигине баш ийген урууларды башкарып турган. Жайында кымыз ичсе, кышында бозо ичип, ит агытып, куш салып, черин тараткан. Бул мезчерүүсү жүз миңден ашкан. Хан каганаты Күнбосун ажонун башкалардан артыкча экенин байкап, алакада болуу үчүн элчилерди баалуу белектер менен жиберип турган. А турсун эр ажого тектүү жердин айдай сулуу кызын да берген. Бул көөнө тарыхта белгилүү.

www.bizdin.kg



туунУ көкөлөтө көтөрүү, намыска жароо керек» дегенимди айта көр. «Күлүктөрдү минишип, куштардай сызышкан ичкиликтер да, ителгидей учуп келишкенинен, кайра сызып кетишкени бат уйсундар да, өрттөн кайра тартпаган, өлүмдөн кайра качпаган каардуу күндөр да тоолуктар. А тоолуктардын түбү бир, теги бир» дегенимди айта көр. «Бирин койбой, баарын айта көр. Бүткүлүгү уккандай болсун, бүткүлүгү боор толгогондой болсун. Үйүрүнөн адашкан казды топтошкон карга алаарын билишсин. Эч качан адашпай, эч качан бөлүнбөй жүрүшсүн» дегенимди айта көр. «Балдар, боз уландар аргымак минип алкынтып, ашуусу бийик тоону ашкан, ойдуңда жорго салдырган, оюнча кумар кандырган, тайган агытып, куш салып, черди тараткан, элиртип күлүк байлаган, этектен малын айдаган, агыны катуу суу кечкен, өзөндүн боюн бойлогон, өз эркинче жүрүп жыргаган, ажат ачкан чеченге, намыска жараган баатырга тогуздап байге берген, чатыраш ойноп, ордо атып, улак тартып, көргөндөрдү таңдаткан, алынча доорон сүргөн, койкоңдогон келин-кызы күлүп, ширин сүйлөп назданган, жигиттери тамашалап көңүл ачкан, күн нурунан кубат алган ак калпак кыргыздын кулундары экенин билишсин. Теги бирге, түбү бирге биригерин, эл макул тапканды, эр макул табарын, дүрбөлөңчү башчынын чолок этек, баканооз досу болоорун, көлдү бороон толкутаарын, жумурай журтту эселек толкутаарын, камдуу журт жоого кор болбой турганын билгендей болушсун. Алп кара куштай кымпыйган, аскер тоодой заңкайган Улуу кол башчынын, айдагардай айбаттуу, кабыландай кайраттуу Күйүк Теңир Куттун эрдигине, кызылбаштардын падышасы Мурадилдин жер жайнаган, жер майышкан, жеңилбес деген атка конгон черүүсүнүн таш-талканын чыгарган көйкашка Көкбөрү баатыр бабабыздын эрдигине таазим этип, жүрөгүндө сырттандай мол кайраты бар, көзүндө оту бар, көкүрөгүндө куту бар шерлердин ибаратын алып жетилишсин» дегенимди айта көр. Асыл каңышам, бул менин көзүм жумулаар алдындагы өтүнүчүм! Ие, акыркы өтүнүчүм! Бул айкөлүңдүн керээзи!» дептир. Керемет кепти, көрөңгөлүү кепти асыл каныша эр ажонун таажиясына келген көп, абдан көп абышка-кемпирлерге, бектер менен бийлерге, баатырларга, шерлерге, өткүр жигиттерге, акылы жетик келин-кыздарга, жылдыздуу балдарга айтып, бүт баарын кайрадан ыйлатыптыр. Эми бүт баарыбыз Күнбосун ажо бабабыздын керээзин аткарышыбыз керек.

Теңир-Тоонун кыраан бүркүтүндөй кымпыйган Тану Алп Сол муну укканда жүрөгү толкуп, көңүлү чалкып, учкул кыялы чабыттай берди. Төлөш Алп ушуну сезип унчукпай калды. А бирок биртикеден кийин дагы ой толгомокчу болду, анткен менен эмнегедир бул мертебе ой толгой албады. Айтор, ошондонбу, бир мертебе Баэжин жактан, Мисир тараптан келишкен элчилердин, кербендердин: «Эй, тоодо төрөлүп, тоодо өскөн кыргыздар! Жайдыр-кыштыр мал багып, жан сактаган кыргыз-

www.bizdin.kg



дар! Айткылачы, бу силер күлүк аттарды балаңардай бапестеп багат экенсиңер. Күлүк аттарды мынчалык неге жакшы көрөсүңөр?» – деген суроосуна бул сырттандардын: «Биздин ордобузга далай элчилер, далай кербендер, далай кагандар, далай кол башчылар, далай зардалдар келип кетишти эле. Бирок алардын бирөө да минтип кызыга сураган эмес. Биз деген тоолуктар болобуз. Чолпондой көзү жайнаган, аң-дөңдү карабай, өйдө-ылдыйды ылгабай чураган тулпарларыбыз биздин канатыбыз эле болбостон, эң жакын, эң жакшы көргөн санаалашыбыз да, жолдошубуз да, сырдашыбыз да. Куш өмүрдүн аптаптуу, нөшөрлүү, ызгаардуу, борошолуу күндөрү болот эмеспи. Куду ушундай эле касиеттүү жердин да тар капчыгайы, тайгак жолу, таштак талаасы, бийик ашуусу, шыбактуу адыры, бетегелүү бел-белеси, бадалдуу өзөнү, коркунучтуу кыясы, аркайган аскасы, жылан сойлогон коктусу, кумдуу тектири, арчалуу төшү, карагайлуу кыры, камыштуу көлмөсү, жыштуу жылгасы, каманы күркүрөгөн балгындуу камышы, карышкырынан чөөсү көп будуру, жез тумшуктар байырлаган зоокасы, каракчылар жаткан үңкүрү, жолборсу жойлогон чери бар. Ушундай жерден аман өткөргөн, өмүрдү сактап калган да тулпарларыбыз. Шерлерибиздин, баатырларыбыздын, бийлерибиздин, бектерибиздин мырзаларыбыздын, жигиттерибиздин атак-даңкын чыгарган да тулпарларыбыз. Тойлордо, аштарда мөөрөй алып, байгеге маарыткан да тулпарларыбыз. Качкан жоону куйрук үзүп кетишине жол бербеген да тулпарларыбыз. Шондон улам биз, тоолук кыргыздар, тулпарларыбызды жакшылап карап, ардактап багып, алардын чолпон көзүнөн, маңдайынан өөп, жалынан, көкүлүнөн жыттап, соорусунан, кулагынан сылайбыз да», – дешип коңур чечендердей жооп беришкенин эсине түшүргөндөй болду. «Кыраандарым ай! Сырттандарым ай! Жолборсторум ай! Чукугандай кеп табышкан арстандарым ай!» – деди жүрөгү жылып. Кабыландай кайраттуу Тану Алп Сол кайрадан бартылдап сүйлөбөй, карс-карс күлбөй, эки жакты карабай, куш уйкусун салгандай болду. Төлөш Алп ага кошулуп чырм этип албады. Бирерде ушинтип уйкусу келбей калат. Ургу Алп токойдон элик атып келгени кеткен. Кыйладан кийин келип калаар. Тану Алп Сол да, Төлөш Алп да ага башындагы бөркүндөй эле ишенет. Дүйнөкапар жатышканы да ошондон. Мындай болбосо, бул жерде жатышмак деле эмес, чый-пыйы чыгып эки жакты элеңдеп карашмак. Эч антпей, биртикеден кийин Төлөш Алп да көзүн жумуп, куш уйкусун салмакчы болду. Эмнегедир аалам заматта абат дүйнөдөн бөлүнүп, таттуу уйкунун кучагында мемиреп кетти. Бир оокумда дулдул чалыш көк тобурчак менен боз тулпар коркунучтун жакындап келатканын сезгендей болуп, алпейими кетип, оттогонун токтотуп, башын көтөрдү да, эки жакты шектүү карап, андан соң куш уйкусун салып жатышкан көйкашка Тану Алп Солдун, Төлөш Алптын жанына барып, бугудай мойнун созуп турду. Көкала моюн кептерлердин

www.bizdin.kg



«гүк-гү-гүк» эте үн салышканы да угулбай, өздөрү да көрүнбөй калды. Булар дагы коркунучтун жакындап келгенин сезишти окшойт. Эки шер көзүн ачпады, козголуп койбоду. Дегеле бейкапар мемирешүүдө. Айбан да болсо акылдуу тобурчак, тулпар тынчы кетип тыбырчылады, анткен менен тигилердин накеринен тиштеп тартпай, куйругу менен чапкылабай, алп мүчөлүү, москоол денелүү шерлердин бетине тумшугун тийгизди. Ошондо гана экөөнүн көзү умачтай ачылды. Ордунан чапчаң туруп, дулдул чалыш тобурчактын, боз тулпардын жибек жалынан сылап, маңдайынан жыттап койду да, шапа-шупа башына жүгөн салып, басмайылды бекем тартты. Сыр найзаны колуна алып, шып эте минди. Ары, ары жакта калың кол келатыптыр… Басмылдар, тоңуралар, байгурлар, чүбөйлөр, аксептер, төнкаралар, эдиздер, тикиндер, далидилер, кайлар, ыгырактар, чаруктар, тогондор экен. Булардын арасында койкулар да көптөй... Чериктердин найзаларынын учу жылтылдайт. Чаң ызгыйт. Алар жалаң найзакерлер, кылычкерлер эле. Айбалта чабарлар менен жаачылар булардын арасында жок, ордодо калышкан. Тану Алп Солдун, Төлөш Алптын боконо жүрөгү болк этпеди, боктуу ичегиси солк этпеди. Качып кетүүнү ойлоп да койбоду.

– Айланайын, ардактап минген тобурчагым! – деди Тану Алп Сол. – Сен болбосоң, бу менин көзүм кашайып, шорум шорподой катмак тура. Кагылайын, канатым! Мен сага тирүүмдө өзүм ыраазы, жарык дүйнөдөн кайтканымда сөөгүм ыраазы. Туткун болуп, кордук көрүп калуудан сактап калдың. Эми жолборс жүрөк, балбан билек Ургу Алп токойдон чыкпай турса экен. О, кудурети күчтүү Көкө теңир! Өзүң колдой көр!

Калың колдон качпаган, намысты алдырбаган, дөөдөй болгон баатырды бучкагына теңебеген Төлөш Алп да көктү карап, алакан жайып, Көкө теңирге табынды. Эки кулагы тик, ортосунда шам күйүп тургандай болгон, жумуру мойну койкойгон, жал-куйругу жибектей төгүлгөн, жыбырскы түгү кулпунган боз тулпар тыбырабай тынч турду.

* * *

Ээн жердин бөрүлөрүндөй катуу келатышкандардын он башчысы:

– Күтүрөгөн сан жылкыны айдап кетишкендер бул эки кан кускурду калтырып койгон тура. Чериктер! Бул биз үчүн жакшылыктын жышааны. Бүт баарыбыз түндө оң жамбашыбыздан жаткан окшойбуз. Балбан билек, арстан төш, жолборс жүрөк Тану Алптын, өрттөн кайра тартпаган, өлүмдөн кайра качпаган Төлөш Алптын жанында жүрөгүн эрдик менен бөлөп, акылын эрки менен ширеген Эр Жагылакар хан, кармаган жеринен кан чыгарган, кан менен кошо жан чыгарган Айбугу чоро жок. Жүрөксүп калтаарыбагыла. Көйкашка эки шердин жаалдуунун жаалын

www.bizdin.kg



баскан, каардуунун каарын учурган Тутук Ынанчы, тизелүүнү тизеге чаап чөгөлөткөн, баштууну оройго уруп, баш ийдирген Чугу Алп жок. Кайратыңарга кайрат кошкула! – деп каарданды эле, узун бойлуу, кең далылуу, чымыр денелүү элүү башы:

– Каар салып найза суналы да, көркоодой болгон эки шердин канын жерге төгөлү! – деди жаалданып. Шумкар кабак баатыр аларды кубаттагандай:

– Бизге чындап эле теңир берди окшойт. Түгөнгөн сайын түтөгөн, түбүнөн кайра күчөгөн кыргыздардын ажыдаардай айбаттуу Эр Жагылакар ханы, кабыландай кайраттуу Айбугу чоросу жокто, бул көйкашка эки шердин канын жерге төкпөй эле, күлүктөрүн тартып алалы да, өздөрүн алдыбызга салып айдап алалы, – деп камандай күркүрөдү. Бука моюн, буура сан жүз башы көк жалдай көзүн кызартып:

– Бу биз антпей эле, омуртканын чети деп, жүрөктүн төмөн жагы деп, өлчү жери ушул деп эле саябыз, – деди зиркилдеп. Бөөдөй болгон миң башы кара кашка аргымагын булкунтуп, каар салып бакырган да, төбө чачын сүксүйтүп, кежиге чачын үрпөйтүп, жүрөктү үшүтө кыйкырган да жок. Бирок көңүлү уйгу-туйгу болгондой. Анысын тигилерге билдирбеди. Кантсе да башынан далайды өткөргөн да. Тогондордун кыясы бийик бел ашса да, кырк күнчөлүк жол жүрсө да, кылт этип суу ичпеген, чыдоосу айбандан башкача болуп, түк чаалыкпаган, узун кулак кула качырды минген баатыры менен эдиздердин кыраан куштай кымпыйган, күрөң айгырчан берени үтүрөйүп үн катпай, басмылдардын айдарлуу шеринин жанында турду. Булар ат жалында шамалдай ойногон кыргыздардын кыраандарынын башын канжыгалап, канын көөкөрлөп урушаарын билишет. Үн катышпаганы да ошондон. Андай болбосо, тигилерге кошула адырандашмак. Бука моюн, буура сан жүз башы кайрадан зиркилдеп, аларды жутуп ийчүдөн бетер акырая карап койду да, андан соң: – Даңкы таш жарган Капаган кагандын балбан билек, жолборс жүрөк кол башчыларындай болуп, эч ырайым кылбай, мустапа чериктерин кыяндай каптаткандай, биз дагы жоокерлерибизди туш-туштан айгайлаган чуу менен каптата берели. Мына ошентип, кыр-кырдагы кыргыздардын таалайына жаралгандай болгон Күлүчор шерди, Тексин иналды, Өзгөнө ичерги[1] баатырды өлтүргөндөй, биз дагы мобуреги опол-

---

[1] Көк күбө тон кийген, күмүш кемер курчанган, көк күлүк ат минген Күлүчор, кайраты толук заары күч Тексин инал, кызыл тилин кайраган, көк жалдар алдында сайраган, кабыландай кайраттуу Эзгене ичерги VII–VIII кылымдардагы Кыргыз каганатынын акылдуу, даңазалуу кол башчылары эле. Бул шерлер шоораты далайга кеткен Барс-Бек кагандын көкөлөп учарына канат болгон. Бирок баатыр бабалардын жоокердик салтын бузуп, кар көп жаап, кыш оор болуп, алыскы аймактардагы эрендер, берендер куштай учуп келгенге кыйын болгон туушта, 711-жылдын аяздуу түнүндө калың карды малташып, бийик ашууну ашып, жол кайгыган кайгуулдарга көрүнбөй, токой аралап, эзелки өчү бар душмандардай уурдана жүрүп отуруп, күтүүсүздөн кол салышкан экинчи Чыгыш түрк каганатынын тандалган кошуундары менен болгон урушта эрдик көрсөтүп курман болушкан.

www.bizdin.kg



тоодой болгон эрлерди өлтүрөлү. Эгерде ушинтсек, ажыдаардай айбаттуу Эр Жагылакар хандын бир капшыты эңшерилип калат. Куду ушуга кубанып калбай, куду ушуга ыраазы болуп калбай, дагы ач арстандай чамынсак, өлтүргөн сайын өөрчүгөн кыргыздын, түгөнгөн сайын түтөгөн кыргыздын, түбүнөн кайра күчөгөн кыргыздын, кырылган сайын кычаган кыргыздын коргонундай болгон Айбугу чоросун, Тутук Ыманчысын, Чугу Алпын, Ургу Алпын да жексен кылабыз. Мына ошентип аскар тоодой заңкайган Эр Жагылакар хандын экинчи капшытын да эңшергендей болобуз.

Элүү башы, он башы муну коштоп кетишти. Жалоондой чериктер да кубаттап кыйкырышты. Кастык отун жагышса ушул да. Бир оокумда кан күсөгөн карышкырлардай жутунушкандар чукул кирип келишти.

* * *

Тану Алп Сол менен Төлөш Алп калың кошуундун атырылганына карабай, жүрөксүп калтаарыбай: «Көк жалдай болгон Күлүчор шердин арбагы колдой көр! Арстандай айкырып, селдей каптаган жоону аралай качырып уруш салган Тексин иналдын арбагы колдой көр! Кара чаар кабыландай чамынган Эзгене ичергинин арбагы колдой көр!» – дешип, алардын жолун тосуп, Алтын тоонун ач илбирстериндей чамына кыйкырып, туш-туштан чап салышкандарды качырып кирди да, алардын айрымдарын найзалап, айрымдарын кылычтап, айрымдарын чокмор менен оройго чаап, айрымдарын айбалта менен жонго уруп келатты. Айыгышкан айкашта карсылдаша кармашып келген шерлер да. Желмогуздай кыйкырган он башы, камандай күркүрөгөн элүү башы, бука моюн, буура сан жүз башы каны кайнап, көк жалдай атырылып, көйкашка эки шерге чап салбай, чериктерди айдактап жүрдү. Тогондордун узун кулак качыр минген баатыры, эдиздердин күрөң айгырчан берени, басмылдардын айдарлуу шери Тану Алп Сол менен Төлөш Алптын бирде кызыл чаар жолборстой, бирде кара чаар кабыландай аралап уруш салып, бир тобун кайсап, кайра четке чыга берип, эрдик көрсөткөнүнө тан бергендей болду, анткен менен дөөдөй болгон миң башыга анысын билдирген жок. Эгерде билдирип коё турган болсо, анын каарына калып, ата-энесин ашаткан сөөгүсүн угуп калчудай. Ушуну уккусу келбей, жоокерлерин каптатымыш болду. Күрү-күү... Чак-чук... Карс-карс...

Кызыл кыргын, сары сүргүндө айбалта менен салышып, найза менен сайышып, кылыч менен чабышып, ашкере эрдик көрсөтүп, абдан даңкталган жүз башы басмылдардын айдарлуу шерин, эдиздер-

www.bizdin.kg



дин беренин, тогондордун баатырын аңырайып карады да, андан соң: – Эй, суу жүрөктөр! Эй, арсыздар! Жамгырдын ташка урунган тамчысындай чачырабагыла. Топтолуп найза сунгула. Топтолуп кылыч чапкыла. Бириндебегиле. Биригип чаап салгыла, эй, коёндор! Качпагыла. Кырылган сайын кайгырган, кайта кайраттанып күчөгөн кыргыздын эки баатырынан коркпогула! Атырылгыла! Каптагыла! Кабыргасын сындыра сайгыла! Эки көзүн ойгула! Төшүн жарып, жүрөгүн сууруп алгыла! – деп кайрадан каар сала качырып, кайрадан чериктерди айдактай баштады. Шум ажал муну коштогондой... Ал эми такымына чокмор кыстарып, белине кынсыз кылыч байланып, карууга көкала калкан илип, түпөктүү найзаны бекем кармаган миң башы дөпөдөй даңкайып, урушка кирбей, чап салышкандарды карап турду. Каарданган жүз башы аларды айдактап жүрөт. Миң баш ага ишенет. Урушка кирбей, баарын карап турганы да ошондон болсо керек.

Бир маалда Тану Алп Сол дулдул чалыш көк тобурчагын чуратып, артынан чаңын буратып, Төлөш Алпты айбалта менен далыга урмакчы болуп калган төн-каралардын бука моюн, буура сан эренине жетип барды да, көз ирмебей күү менен сайып, алеки саатта боконосун болк эттирип, билегинен күч кетирип, оозунан кан кустурду. Ошо бойдон ал оңоло албай, үзөңгүдөн буту тайып, ээрден көчүгү кылтайып, карагер аргымактын үстүнөн кулап түштү. Бул көйкашка Төлөш Алпты шердентсе, басмылдардын айдарлуу шеринин, эдиздердин беренинин, тогондордун баатырынын канын шакардай кайнатып, көздөрүнөн чаарын чыгарды. Үчөө үч жактан ач илбирстей чамынып чап салышты. Тану Алп Сол кара чаар кабыландай айкырып, алар менен карсылдашып кармашса, Төлөш Алп боз тулпарын теминип, каар сала бакырып, алдынан тосконду сулатып, чээнден чыккан аюудай бакырган жүз башыга жетип: «Бу сенин жаагыңды жап кылайын да, каныңды жерге төгөйүн!» – деп, андай-мындай дегиче, ачып-көздү жумгуча чабдар аттын үстүнөн көмөлөтө сайып түшүрдү. Бирок башын кыя чаппай, боз тулпарды буруп, кызыл чаар жолборстой аралап, кайрадан качырып кирди эле, жалоондой чериктердин бир тобу жанынан түңүлүп, токойду карай бозду, бир тобу дайраны карай кача турган болду. Ушуну көргөн, ушуну туйган миң башынын ичинен кан өтүп кетти. Тану Алп Сол өлөмүн деп ойлобой, чымындай жанын аябай, ит урушун салып урушканын күчөттү. Ичинен кан өткөн миң башы каракашка аргымагын булкунтуп, эми камандай күркүрөп, желмогуздай кыйкырып, токойду карай бозгондорду токтотуп, дайраны карай качмакчы болгондорду каарып-кууруп, кайрадан каптатты. Карс-карс... Чак-чук... Онтогону бар, жыгылганы бар, кыйкырганы бар, үзөңгүдөн буту чыкпай, атка сүйрөлүп калганы бар.

www.bizdin.kg



* * *

Кулак тундурган күрү-күүнү уккан Ургу Алп элик атканын токтотуп, калың жыштан чыгып, тукабадай кулпунган туланда калган Тану Сол менен Төлөш Алпты карай күлүктүгү койкуда жок тулпар сындуу торкашка атын чаап, Сайын тоонун шумкарындай сызып жөнөдү. Жаракчан чериктер Тану Алп Солду, Төлөш Алпты курчап калышыптыр. Курчоодо калган эки шер кара жанын аябай, өлөмүн деп ойлобой, алар менен кырчылдаша кармашып жаткандай... Муну көргөндө Ургу Алптын көңүлү кетти бөлүнүп, кабырга сөөгү сөгүлүп, көзүнөн жашы төгүлө берди. Мурдун шуу тартып, көзүнөн жашын сүртпөй: «Уй түгүндөй көп жоого кыргыйдай учуп жетейин да, кыргызымдын таалайына жаралгандай болгон Тану Алпты, Төлөш Алпты курчоодон куткарып алайын. Анте албай калсам, туубай таза чөгөйүн да, тирүү жүрбөй өлөйүн!» – деп торкашка күлүк атын олбуй-солбуй теминди. Жаныбар бугудай мойнун созуп, курандай башын жерге салып, куландай оозун ачып, арышын арбыта керди. Тим эле булуттуу асман алдынан, башы ыргалган чөптүн үстүнөн сызып келаткандай... Сыр найза болот учу жылтылдап, кылычтын мизи кылтылдап, каруучуга илген калканы күн нуруна чагылат. Кыян алып кеткен андан өткөндөн кийин:

– Тану Алп! Тану Алп! Төлөш Алп! Төлөш Алп! – деп кыйкырды.

Каары ичине кайнаган, көзүнөн чаары чыккан, кирген буурадай буркулдаган миң башы үрөйдү учурган бул кыйкырыкты укканда селт этип, ошол жакты карай салса, кыргыздардын даңкы таш жарган, атагы узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына жеткен, айдагардай айбаттуу, кабыландай кайраттуу Эр Жагылакар хандын өрттөн кайра тартпаган, өлүмдөн кайра качпаган кол башчысынын дагы бири түнөргөн асмандан төмөн карай шукшурулган алгыр шумкардай учуп келатыптыр. Эми мунусу экөөнө кошулса чатак! Үчөөлөп арстандай айкыра алып, көк жалдай кайсап, кыраан бүркүттөй тээп кирди дей бер! Шондон улам боконо жүрөгү болк этип, боктуу ичегиси солк этип, ирени кубара түштү. Бирок жанындагы басмылдардын айдарлуу шерине, эдиздердин шерине, тогондордун баатырына билдирбей, жаалданган он башыга, элүү башыга байкатпай, шуудур-шуудур эткен камыш арасынан чыккан камандай күркүрөп, жүздөй черикти алгырлыгы ченде жок шумкардай шукшурулуп келеткан Ургу Алптын алдын тороого, адегенде канатын кайрып, жүрөгүн канатууга, анан буту-колун сындырып, башын жарып өлтүрүүгө барман берди эле, алар кан күсөгөн карышкырлардай атырылышты... Айыгышкан айкашта, чартылдашкан чабышта, кандуу жортуулда сыналып, далай мертебе жалындан жалтанбаган жигиттерин, намысты колдон алдырбаган жоокерлерин өлүмдөн сактап калган, да-

www.bizdin.kg



лай мертебе башына оор мүшкүл түшкөндө туңгуюктан жол таап, жанындагыларды кыйын кезеңден чыгарып кеткен, шонтип далай мертебе эрдик көрсөткөн Ургу Алп тулпар сындуу торкашка атынын башын бурбастан, жаракчан чериктерден коркпостон, атырылгандарды качырып кирди да, бирде найзалап, бирде кылычтап, айгай сала бакырып, канапбутап жиберди. Сырттан да. Шондон уламбы, айтор, жалоондой чериктердин айрымдары найза суна албай, айрымдары кылыч шилтей албай, ары боло беришти. А турсун тогондордун узун кулак кула качыр минген баатыры, эдиздердин күрөң айгырчан берени: «Эй, түгөнгөн сайын түтөгөн, түбүнөн кайра күчөгөн кыргыздардын эрдемсинген көк жалы! Найза менен сайгылап, кылыч менен чапкылап, каныңды жерге төгөлү! Кардыңды жарып, башыңды кесип, торкашка күлүгүңдү тартып алалы!» – деп тике качырып кире алышпады. Басмылдардын айдарлуу шери гана желмогуздай кыйкырып, коёндой кулак жапырган, куландай куйрук көтөргөн, куюндай жерди сапырган аргымагын олбуй-солбуй теминип, катуу келип, күү менен сайып өтмөкчү болду. Ары чапчаң, ары сак, ары кыраан Ургу Алп буйт берип, ага сайдырган жок. Дөөдөй болгон миң башы ызырына зиркилдеп, башын чайкап койду. Басмылдардын айдарлуу шери эми найза сунбай, чериктерине буркулдай берди. Алар кайрадан чап салышты. Керме-Тоонун зоокасындай зоңкойгон, боз кулжадай маңкайган, көзүнөн чаары чыккан Ургу Алп өткүр экендигин, шердин шери экендигин көрсөтүп, кайрадан айгай сала бакырып, кайрадан тулпар сындуу торкашка күлүк атынын соорусуна камчы уруп, тукабадай кулпунган туландын аркы четинде кара чаар кабыландай аралап уруш салып жүргөн Тану Алп Солду, Төлөш Алпты карай зыпылдады... Ушуну дагы көргөндө миң башынын көңүлү дагы бөлүнүп, алпейими дагы кетип, ирени дагы кубара түштү. Бирок кайрадан чериктерине билдирген жок. Бирде буурадай буркулдап, бирде камандай күркүрөп, бирде желмогуздай кыйкырган он башы күлүктүгү ширбиде жок чаар атын катуу теминип, соорусуна чып-чып эттире камчы чаап, буруктай сызып бараткан Ургу Алпты кууп жетип, оң далынын бети деп, омуртканын чети деп, күү менен сайып өтмөкчү болду. Анткен менен тилеги таш каап, чаар аты мүдүрүлүп кетти эле, өзү топтой ыргып, күп эте жерге түштү. Жаны көзүнө көрүнүп, дароо туралбай, онтоп жиберди. Биртикеден кийин араңдан зорго туруп, чылбырын сүйрөгөн чаар атын кармаганы чолоңдоп жөнөдү.

– Тану Алп! Тану Алп! Төлөш Алп! Төлөш Алп! – деп Ургу Алп кайрадан кыйкырды.

Капилеттен сөз тапкан, караңгыда жол тапкан Ургу Алптын үнүн укканда Төлөш Алптын, Тану Алп Солдун өчкөн оту күйгөндөй, өлгөн жаны тирилгендей болуп, кайраттана түшкөндөй, өткүр көзү чоң ачылды. Шондон улам эки шер ого бетер жолборстой качырып уруш салга-

www.bizdin.kg



нын күчөттү. Ок жыландай октолгон торкашка атын чуратып, артынан чаңын буратып, бат эле жетип келген Ургу Алп көз ирмебестен найза сунуп, чап салышкандардын эки-үчөөнү аргымак үстүнөн ыргыта сайып, курчоону жарып өттү да, коркунучтуу өлүм жөнүндө ойлобостон урушуп жаткан Тану Алп Солго, Төлөш Алпка кошулуп, ач арстандай атырылып, айбатын көрсөтө баштады. Жалоондой чериктердин бир тобунун үрөйү учуп, бир тобунун ирени кубарып, өздөрүнчө топ-топ боло качууга ыңгайлашып калышты. Мына ушуну байкаган миң башы кайрадан жинденип, кайрадан сөгүнүп, кайрадан айдактады. Жалоондой чериктер каардуу миң башынын каарына калып калуудан коркушуп, дагы чап салышты. Ызы-чуудан, күрү-күүдөн коркпогон, жалт бербеген, «Чү!» деп эле теминип койсо куштай учкан, желдей сызган, өйдөылдыйды ылгабай, курандай арышын керген, чаалыкпастан чуркаган күлүк ат эрдин канаты да. Мындайга жеткенден жетелектери көп. Карсылдашкан кармаш, чартылдашкан чабыш күчөгөндөн күчөсө да, эмнегедир миң башынын көзү үч шердин казатта жүрсө кызылы чыгып жоорубас, орукта минсе чаалыкпас атынан өтүп кеткендей болду. Айтор, ошондонбу, кандай гана болбосун, бугудай мойнун бураган, куландай чураган, бурактай сызган үч атты олжо кылып алууну, бирин ордодо калган каганга, шоораты далайга жеткен кол башчыга тартуулап, бирин өзүнө алууну ойлоп койду. Мындай кылса, ого бетер кадыр-баркы көтөрүлөт эмеспи. Шондуктан тоодон кулаган таштай чимирилип, туш келгенди кайсаган Тану Алп Солдун, Төлөш Алптын, Ургу Алптын араандай оозу ачылган, ак көбүгү омуроого чачылган, бирде закым болуп, эч көзгө илинбей зыпылдаган, бирде ок жыландай окторулган күлүктөрүн өлтүрбөө керектигин бөркүндөй ишенген баатырына айтты эле, ал башын ийкеп койду да, анан көк кашка аргымагын өйдө-төмөн чапкылап, тиштерин көрсөтүшө ыркырашкан карышкырларга окшогондой чап салышкан жоокерлерге эскерткендей бакыра жеткирип жүрдү. Жалоондой чериктер анын айтканын аткарышып, үч шердин тобурчагын найза менен сайып өлтүрүүгө аракет кылышкан жок. Тану Алп Сол айлакердик кылып, бир оокумда токойду карай качышкан болду да, анан кайрадан ит урушун салып, кайрадан тигилердин бир тобун жексен кылып, кыйладан кийин:

– Эр Жагылакар хан! Эр Жагылакар хан! Ургу Алп! Ургу Алп! Төлөш Алп! Төлөш Алп! – деп үрөйдү учура кыйкырып, кара жаак айбалтасын кармай калып имерди. Аскар тоодой заңкайган, калың камыш арасынан чыккан камандай күркүрөгөн элүү башыны каң дедире төбөгө тартып жиберди. Анын башы жарылып, кан чопкутуна жайыла берди. Эси кете эңгиреп, акылынан тана шалдырап, эки көзү алактап, эки буту салактап, чымын чаар атынын жалына өбөктөдү. Башынан туулгасы ыргып, өзү ураган аскадай кулап түштү. Жалоондой чериктердин айрым-

www.bizdin.kg



дарынын жүрөгү канаса, айрымдарынын каны кайнаса, а өлүм кубангандай... Кээде көк жалдай азуусун көрсөтүп, кээде буурадай буркулдап, кээде камандай күркүрөп, кээде желмогуздай бакырып, далайдын жанын чыгарган, далайдын канын төккөн миң башы ушуну көргөндө заманасы куурулуп, астыңкы эрдин тиштеди. Көзү тостоюп, денеси муздап, ичинен дагы кан өтүп кеткендей болду. Көзүнө кан толуп чыккан эрендин да денеси мөңгүнүн алдындагы таштай муздап кетти. Анткен менен качырып найза сунган жок.

– Тану Алп! Тану Алп! Ургу Алп! Ургу Алп! – деп Төлөш Алп да жүрөктүн үшүн ала кыйкырды. Анан басмылдардын буурадай буркулдаган айдарлуу шерин күү менен сайып өттү эле, анын тогуз кат сооту кат-катынан быркырап, боконо сөөгү болк этип, кабырга сөөгү кайкалап, омуртка сөөгү омолуп, буудай жүзү бозоруп, эки көзү тунарып, найза тийген жери сыздай түштү. Шондон улам алы кетип алсырап, буту-колу шалдырап, эс-учун жыя албай, ээрден көчүгү кылтайды. Болот учтуу сыр найза табарсыкты жаралап, чаар ичегини аралап, ченебей тешип кириптир. Кызыл жаян кан кетип, колу-буту шалдырап, сүйлөй албады. Оңоло албай кулап түштү. Дөөдөй болгон миң башы шилекейин жутуп, ок жыландай октоло ойдолоктогон каракашка аргымагынын тизгинин тартып, кабагына кар жаадырып, үзөңгүнү чирене тээп, эки анжы боло түшкөн чериктерине кайрадан барман бере кыйкырды да, көзүн чакчаңдатып, олбуй-солбуй камчы уруп, олбуй-солбуй теминип, күлүгүн чуратып, артынан чаңын буратып, күү менен саймакчы болду эле, казатта айбалта менен салышып, найза менен сайышып, чокмор менен чабышып, кылыч менен кайсашып, далайды башынан өткөргөн Тану Алп Сол чапчаңдык кылып, калканын тосо берди. Найзанын бөрү тили калканга кадалып, сабы чорт сынды. Санындагы москоол денелүү, ителги кабак он башы дароо өзүнүн найзасын суна калды эле, миң башы шарт алып, кайрадан жиндене ызырынды. Бирок өйдө-төмөндү ылгабас, айчалык жолдо арыбас көк тобурчактын үстүнөн Тану Алп Солду ыргыта сайып түшүрө алган жок. Буурадай буркулдаган он башы капталдап чыгып, кабыргасын сындырмакчы болду эле, тогондордун узун кулак кула качыр минген баатыры ой, он башы! Бу сен жөн тургун! дегендей карады да, андан соң көк жалдай кыйкырып, кыясы бийик бел ашса да, кырк күнчөлүк жол жүрсө да, кылт этип суу ичпеген, чыдоосу айбандан башкача болуп, түк чаалыкпаган качырды оң-тетири теминип, олбуй-солбуй камчы уруп, ары жактан жетип келди да, учу болот, сабы жез найзасы менен катуу сайды. Ургу Алп ашкере чапчаңдык кылып, алам заматта кыйшая берди эле, желмогуздай айкырып сунган найзасы таамай тийбей тайып кеткендей болду. Шондон улам ал ызырына сөгүндү, Ургу Алп бачым оңолуп, көйкашкалыгын көрсөтүп, бөрү тилдүү найзасын кош колдой имерди эле, дөөдөй болгон баатырдын кабыргасын сынды-

www.bizdin.kg



рып, жүрөгүн жарып өттү, колунан найзасы түшүп, ээрден көчүгү кылтайып, көзү ымырап-чымырап, кубаты кетип, башынан туулгасы ыргыды. Куду ушу маалда жетип келген Тану Алп Сол наркескенин шилтеп, анын башын шылый чаап өттү. Төлөш Алп да кызыл чаар жолборстой күркүрөп, аралай уруш салганын күчөтүп, буурадай буркулдаган он башыны кара аргымактын үстүнөн ыргыта сайып өлтүрдү. Мына ушуну көргөн чериктердин далайынын денеси муздап, тулку боюн калтырак каптай берди. А турсун чаар атчан он башы да жүрөгү болкулдап, көзү алактап, жанагыдай буркулдабай да, күркүрөбөй да калды. Ал эми өткүр чериктердин бир тобу жүрөксүп калтаарыган жок, анткен менен кайрадан атырылышпай:

– Кыргыздардын бул баатыры ажалдан качпаган, өрттөн кайра тартпаган кара көк тура, – дешти. Бул он башыга жакпады бейм, ал аларды акырайып карап койду. Бирок эмнегедир чокчоңдой албады.

– Ой, бул эле эмес, тигиниси деле жолборс жүрөк, балбан билек эрдин эри экен, – дешип калгандары аларды коштоп кетишти.

– Жаагыңарды жапкыла, айбандар! Коркоктор! – Миң башы суурдун айгырындай аңкыштады. – Тапкан экенсиңер жолборс жүрөк, балбан билек эрдин эрин! Тапкан экенсиңер карак көктү! Буларың шер болбой калсын, эр болбой калсын, кара көк болбой калсын! Силердин жүрөксүп калганыңардан пайдаланып калды. Каптагыла тумандай... Башын жаргыла! Көзүн оюп салгыла!

Жалоондой чериктердин бири да каарданган миң башыга кеп кайрый алган жок, анткен менен айрымдары күңк-мыңк этишти, айрымдары жактырбагандай болушту. Ортодо жүргөн коркунучтуу ажалдын катуу чеңгээлине түшүп берүүнү каалашпагандай... Миңдеген миң башы кайрадан ажал чуудасы саксайган, кең көкүрөгү жагжайган, түлкүнү кууган тайгандай бели ичкерген, уч жагы чачыктуу куйругу иймеңдеген, оозу чоң ачылган арстандай кыйкырбады. Москоол денелүү он башы да адыраңдабады. Ой-санаасы алда кайда кеткендей... Эдиздердин күрөң айгыр минген, бирок бүркөк асмандай түнөргөн берени да ызырынып зиркилдебеди, ач илбирстей чамынбады. Каракашка айгырын өйдө-төмөн чапкылабай, кан-сөлү жок кумсарган, жалоондой жаачылар менен жалоондой айбалта чабарларды Селеңгир дайрасынын боюнда калтырып койгонуна өкүнгөндөй болгон баатыр буларга караганда эле эмес, башкалардан дагы Тану Алп Солдун, Ургу Алптын, Төлөш Алптын көйкашка экенин жакшы билет. Мындан алты-жети жыл мурун куду ушул үч шерден далай найзакер, далай кылычкер, далай айбалта чабар өлгөн, а турсун далай эрен, далай берен өр таянып качкан, өзү да эки анжы болгон. Бирок бозуп кеткен эмес. Эки жүздөн ашуун жоокери менен үч шерин курчоого алган. Куду ошондо Тану Алп Сол өткүр жигиттерин жебенин болот учу кейиптентип, үч бурчтай кыла тизип, эки жагына Ургу

www.bizdin.kg



Алпты, Төлөш Алпты кара чаар кабыландай, кызыл чаар жолборстой коюп, өзү эң алдына түшүп, сыр найзанын бөрү тили болуп, чөөлөрдөй ыркырашкандарга арстандай атырылып, кан күсөгөндөрдү каарып өтүп кеткен. Эми ошондогудай болуп мунун жанында өткүр жигиттери жок. Бар болгону үчөө эле. Ошондуктан ыңгайы келип турат. Калайман бүлүк салып тургаңды кубалап, каарын тиккенден кегин алып, үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган, шонтип кыр-кырдагы кыргыздардын кайрадан таңы атканын, кайрадан кызарып күнү чыкканын айкын билдирген Эр Жагылакар хандын таш коргонду талкалап, такыр кылчу бул үч шеринин колу-бутун сындырып, бети-башын жарып, көзүн көгөртүп, оозу-мурдун канжалатып, чымындай жанын чыркыратуу керек. Ичинен ушинткен баатыр ач арстандай айкырып кирмекчи болуп, кайта антпей эле, алам заматта бул оюнан айныгандай туруп калды. Көңүлү уйгу-туйгу болгон миң башы мына ушуну туйган жок. Шондон улам жаалданып, Таң каганатынын айлакер каганын ажайыпканасындагы темир тордон чыккан көк жалдай атырылды. Карс-карс... Чак-чук... Кайраты толук, заары күч Ургу Алп айлакердик кылып, өзөндү карай бозумуш болуп, кайта биртикеден кийин бурулуп, ит урушун салып, катылгандын далайынын катыгын берип сулатты. Сулатканы менен курчоодо калып, канчалык ач кабыландай чамынса да, канчалык кирген буурадай буркулдаса да, канчалык сырттандай ыркыраса да, түк курчоону жарып өтө албай койду. Жалоондой жоокерлердин жаны кашайып калган да. Баары өчөшүп, Ургу Алптын чымындай жанын чыркыратып, кабыргасын сындырып, башын жарып, эки көзүн оюп, кыйнап өлтүрүүнү самап калышкан да. Эдиздердин ач илбирстей чамынган берени менен чартылдаша чабышып жаткан Төлөш Алп муну туйбады. Тану Алп Сол карсылдаша кармашып жатса да, кан күсөгөн карышкырлардай болуп, көздөрү кызарган чериктердин жаман оюн туйгандай болду. Пайитин таап, кыштын чыкылдаган чилдесинде кирген буурадай буркулдаган миң башынын найзасын колунан кагып түшүрдү да, андай-мындай дегиче, ачып көздү-жумгуча сайып жибербей, азууларын көрсөтүшкөндөр менен чабышып жаткан Ургу Алпты өлүмдөн алып калуу үчүн чолпондой көзү жайнаган тобурчактын башын буруп, сооруга камчы чаап, каардана:

– Ургу Алп! Ургу Алп! Кайратыңдан кайтпа! – деп кыйкырып, артынан чаңын буратып жөнөдү. Дулдул чалыш көк тобурчактын жибек жалы, жибек куйругу суудай төгүлүп, туягы жерге тийген сайын майда таш быркырап, туш-тушка чачырады. Кулаңдай кулагын жапырып, курандай арышын керип, куюндай жерди сапырып, бир заматтын ортосунда жетип барды. Тану Алп Сол кайрадан үрөйдү учура айгай сала бакырып, курчоону жарып, алышкан жоодон коркпогон Ургу Алпты өлүмдөн сактап калды. Көгөргөн көктөгү теңирге ыраазы, экөө кошулуп, өйдө-төмөн карабай, өлүп калат экенбиз деп санабай, чымындай

www.bizdin.kg



жанын аябай, кайрадан качырып киришти. Карс-карс... Чак-чук... Айыгышкан айкаш ого бетер күчөп, кокуйлаганы мындан көп, уңулдаганы андан көп, тырайып жатканы бар, үзөңгүдө буту калып, атка сүйрөлүп жүргөнү да бар. Каары ичинде кайнап, көзүнөн чаары чыгып, арстандай айкырган Тану Алп Сол шапа-шупа айбалтасын күмүш кемерине кыстарып, андай-мындай дегиче, ачып көздү-жумгуча ач албарсты кындан сууруп алды эле, ачалбарс кадимкидей узара түшүп, учу куу арчанын чогундай кызарып, өзүнчө жарк-журк этип, үнү чыкты шыңгырап.

«Ой, бу бөрүлөрдөй желип-жортуп жүргөн жырткыч кыргыздардын тулпарынын такасы кай жерге түшпөгөн, бу өкүнгөн сайын бекиген кыргыздардын кылычы кимдерге гана шилтенбеген. Шондуктан буларды түк аябоо керек. Коркпогула! Кыяндай каптагыла! Сазайын бергиле!» – деп кыйкырган баатырдын башын шылып түштү, ушуну көргөндө заматта жүрөксүп калтарышып, кайрадан чап сала албай калышты чериктердин бир тобу. Тану Алп Сол ачалбарсты кынга салбай, дагы бир тобун шылыды, ошондон соң гана кынга салды эле, ачалбарс кадимкидей кыскарды. Сыр найзаны колуна алып, кайрадан бакырып сунду, эдиздердин берени чартылдаша чабышканын токтотуп, күрөң айгырынын башын буруп, оңбуй-солбуй теминип, ары карай качып жөнөдү. Төлөш Алп каар салып кыйкырып, алеки саатта жетип, аны көмөлөтө сайып түшүрмөкчү болду эле, элүүдөй черик жолун тороп калышты. Чак-чук... Карс-карс…

Кара чаар кабыландай чамына албай, ач арстандай айкыра албай, жүрөгү канап, ачуу менен ызага буулуккандай болгон миң башы: «Мээлегенин жаза атпаган мергендерди, жалындан жалтанбаган жаачыларды калтырбай эле, бүт баарын өзүм менен кошо алып келгенде болмок экен. Кап, ошентпегенимди!» – деди ичинен. Бармагын тиштегендей болду. Өкүнсө ушинтет да.

– Бул бөрү кыргыздын көк дөбөдөй даңкайган үч баатыры бизге алдыра тургандай эмес, – деди он башы итатайы тутулуп. – Эми кантебиз?

– Кантерибизди өзүбүз да билбей калдык, – дешти чериктер.

– Бөрү кыргыздардын үч баатыры күчөгөндөн күчөп баратышат. Кайсап бүтө тургандай болду. Жексен кыла тургандай болду.

– Ой, бул үч баатыр канкор кыргыздардын «киши шерлери»[1] окшойт.

– Ырас айтасыңар, чынында эле, бул үчөө нака «киши шерлер» экен.

– Ушундай кезде, өлүп кала элегибизде качып кетели, башыбызды аман алып калалы.

---

[1] *Киши шерлер* – жалбырттаган өрттөн, алоолонгон жалындан да, кызарган чоктон да коркпогон, алды-артына, аз-көбүнө карабастан, калың кошуундан жүрөксүп калтаарыбаган, жалгызмын деп эки анжы болбогон, тоодон кулаган таштай чимирилип, жоону качырып кирген, кайта качымыш болуп, кайта ат коюп, ит уруш салып, акырында бытчытын чыгарган баатырларды илгери ушинтип аташкан.

www.bizdin.kg



– Ой, эгерде анте турган болсок, бүт баарыбыз суу жүрөк аталып, алтын чатырдагылардын эле эмес, тууганларыбыз менен жолдошторубуздун да жек көрүүсүндө калгандай болобуз.

– Коёнду камыш, эрди намыс өлтүрөт эмеспи. Карынын да, жаштын да бетин карай албай, тирүү өлүктүн куду өзүнө айланып калабыз го. Шондон улам качпай эле, коркпой эле, кырылган сайын кычаган кыргыздардын үч «киши шерине» кайрадан найза суналы да, макоолордун шайын оодаралы.

– Ошентели десек, бул үч баатырдын жоо кийими башкача болуп жатпайбы. Эгерде андай болбосо, эмдигиче булардын жоо кийимине найза кирет эле да. Эмдигиче булардын жоо кийимин кылыч кесет эле да.

– Чын эле ай! Абдан туура айтасыңар, эмнегедир булардын жоо кийими кат-катынан сөгүлбөйт го, эч жеринен тешилбейт го, эч жеринен кесилбейт го. Абдан бекем экен, абдан бышык экен.

– А биздин соот-чопкутубузга найза кирип атат, биздин көкүрөгүбүздү кылыч кесип кетип атат.

– Кандай желмогуздарга жолугуп калдык эле. Түбүбүзгө жете турган болду.

– Балким, булар жер жайнаган ханзуулардын сыйкырын үйрөнүп алышканбы?

– Ой, анысын ким билиптир...

Ушинтип өздөрүнчө туталанып сүйлөшкөн, ушинтип өздөрүнчө таңданышкан чериктер эле эмес, даңкы дабан ашкан, алтын чатырдагылардын ишенишине, кадырлоосуна ээ болгон миң башы да азуулуудай кайраттуу Ургу Алптын, айдагардай айбаттуу Тану Алп Солдун, Карачыктай[1] кыраан Төлөш Алптын үстүндөгү олпогу, колундагы сыр найзасы, белиндеги кылычы, кемерине кыстарган айбалтасы, каруусуна илген калканы башкача экенин, кандайдыр бир касиети бардыгын, кадимки жоо жарактан, кадимки жоо кийимден артыкча экенин билбей турган. Алардын өз ара тигинтип сүйлөшкөнү да, өз ара тигинтип таңданышканы да ушундан.

* * *

Кыр-кырдагы кыргыз урууларынын таалайына жаралган Эр Жагылакар хандын ары ажардуу, ары акылдуу, ары сарамжалдуу, ары ак көрпө жайыл, ары торгой үндүү, бал тилдүү, ала жипти аттабаган, келим-ке-

---

[1] *Карачык* – Ала-Тоодо, Теңир-Тоодо жашаган кыраан бүркүттөрдүн бири. Калдайган кош канатынын күүсү, шукшурулган сүрү жырткыч эмес, кишинин да жүрөгүн түшүрө тургандай. Качырганын алмайынча койбогон. Кайберенди, карышкырды, түлкүнү бир заматтын ортосунда илип кеткен.

www.bizdin.kg



тимге бай канышасы көзүндө оту бар, көкүрөгүндө куту бар, сөзүндө эми бар, оозунда кеби бар бектер менен бийлерден ондойду Кебез-Тоону, Керме-Тоону эле эмес, Көгмен тоону, Тарабагатайды, Жети өзөндү, айтылуу Суусамырды, мал киндиктүү Кетмен-Төбөнү да кыдыртып, киндиктеш урууларды аралатып, жез оймоктун ыктууларын, тери ийлегендердин эптүүлөрүн таптырып, аларды Ат-Башыдагы батасы менен байыткан, акылы менен жыргаткан Кошой атанын касиеттүү коргонуна алдырып, ошерде жаткырып, ошерде семиз тайдын, семиз койдун, семиз торпоктун этин жедиртип, ысык чыгын ичиртип, бал кымыздан, айрандан өксү кылбай, бүт баарын ишке салган. Беделдүү бектер менен бийлерди ыраазы кылып, аларга алкоосун айтып, көңүлүн көлдөй чалкытып, жайына кетирген. Уздун уздарына бир кабатын Букардын пахтасынан, экинчи кабатын айтылуу Алайдын куйруктуу ак коюнун жүнүнөн жасатып, арасына болоттун таарындысын коштуруп, зээрди учуруп турсун деген кыязда алтындын ширесин септирип, ортосун көк темирдин таарындысын шыкатып, балбан жигиттерге катуу тарттырып көргөн…

www.bizdin.kg





*Поэзия*

## Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ

# *Монах*

### 1

*... Аккан дүйнө. Оо, качанкы дүйнө бу – башы кайда,*
*аягы – акыл жетип, жетпеген.*
*Качан, кайда башталганы дайынсыз, качан бүтөт белгисиз.*
*Башталган да бүтпөгөн.*

### 2

*Үзүл-кесил кээде мага ой келет, биз тагдырга таарынабыз жаңылыш,*
*Көзүм жеткен бир чындык – качалбайсың пешенеге жазгандан!*
*Тагдыр деген улуу сөз, аны изде, издебе,*
*барар жерге барасың, жетер жерге жетесиң –*
*тагдырыңы шашсаң дагы, шашпасаң да табасың –*
*ар нерсенин өз убакты сааты бар.*

---

**ТАШТАНАЛИЕВ Болотбек** – *1965-жылы Талас районундагы Көпүрө-Базар айылында төрөлгөн. Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетин аяктаган. Эмгек жолун «Ленинчил жаш» гезитинен баштаган. «Кыргыз маданияты», «Кутбилим», «Ата Журт», «Эркин-Тоо», «Кыргыз Туусу», «Утро Бишкека», «Кыргыз руху» гезиттеринде, Талас шаардык кеңешинде, Кыргыз Улуттук телерадиокомпаниясында иштеген.*
*«Кароол чоку» (1999), «Бүтпөгөн жол» (2001) ыр жыйнактарынын автору.*

www.bizdin.kg



### 3

*Кенебеген кылым кыргыз айтмакчы: «Өлбөгөн жанга жаз келет».*
*Кечиксе да, эртеби-кечпи, «өлбөгөн жанга жаз келет».*
*Жаз да келет, жаз ордуна жай келгендей, жай соңунан күз келип,*
*Бурганактап келген кыш күтүрөгөн күздү сүйбөй, кар жаап жүдөтөт.*
*Бу турмушта түбөлүктүү нерсе жок –*
*Бири келип, бири кетип, миң толуп, миң бөксөрөт.*
*Ушуну эстеп, ойлоймун, кереги жок шашып дагы,*
*шаштырып да тагдырды.*
*Анан калса, каалайбызбы, жокпузбу,*
*жашоо өзү, жашоодогу бакты деле, кайгы деле убактылуу бардыгы.*
*Ага болбой, бу жашоого түркүк болуп калуучудай жашайбыз.*

*Бу дүйнөдө убактылуу бардыгы.*

### 4

*... Аккан дүйнө. Оо, качанкы дүйнө бу – башы кайда,*
*аягы – акыл жетип, жетпеген.*
*Качан, кайда башталганы дайынсыз, качан бүтөт белгисиз.*
*Башталган да бүтпөгөн.*
*Оо, арийне, көз жетпеске сөз жетет,*
*Талашы жок, чындык бар.*
*Агат баары, көз жаш кургайт, күлкү да өчөт,*
*күн баткандай, жерге агарып таң атып.*
*Өтөт, төнөт, келет, кетет.*
*Өлбөгөн жанга өлөр күнү жаз келип, бир кубанткан сыңары.*

*Жашоо ошондой айланпа, өз огунда түбөлүккө тегеренип-айланган –*
*Жаз да келет, кыш да келет, келет күз, келет жай да!*
*Кетет кайра...*

### 5

*... Жай аяктап баратат, саргарып барат жашыл жалбырактар...*
*Жалбырактар, аа байкуш жалбырактар...ичер суусу түгөндү окшойт.*
*Бейтааныш, тааныш дүйнө мелмилдеп агып атыр..., агып...,*
*асфальт күйөт*

www.bizdin.kg



*Көктө асман калдайып тур, калдайып тур – жаан,*
*жо-ок, кар жаачудай!*
*Кар жаачудай... кышка кайда, али көп бар, али көп бар, алдыда күз...*
*Демейде жандуу сөзгө, күлкүгө толуп турчу,*
*Кыргыз жазуучулар үйүндөгү*
*конференц зал уюп калган, жымжырттык мурун кесет!*
*Карт монах доолун кагат, доолун кагат, көзүн жумуп...*

*Ал доолун көпкө какты, анан гана уйкудан ойгонгонсуп,*
*сөз баштады,*
*сүйлөп атты – эч ким менен сүйлөшпөй,*
*сүйлөшкөндү сагынып калса керек!*
*Сүйлөп атты, көзүн жуумп, кайсы бир окуяны эстегендей,*
*кайгылуу окуяны...*
*Колундагы доолусун – Багдаддын кан төгүлгөн көчөлөрүн*
*аралап productive кактым деди.*
*Кактым деди Кашмирде, Пешаварда, Пакистанда,*
*Индияда, Тибетте!*

*Берлин шаарын экиге бөлүп турган айтылуу*
*Берлин дубалынын жанында да*
*ал доолун каккан экен, Берлиндин бул муздак дубалынын*
*урандысын көрүп калгам*
*Берлин шаарын гана эмес, бир элди экиге бөлүп турган.*

*Студенттер козголуп, Тяйтян аянтына чыгышканда, Москвада,*
*Россиянын Ак үйүн танкалар атып жатканда да бул доол*
*кагылып турду дейт ал.*

*... Бирөөлөр көпкөнүнөн, башкалары акчаларын батыра албай,*
*«Бир күндүк өмүр болсо түштүгүңө жорго мин» – деп,*
*дүйнө жүзүн кооз, ажайып жерлерин көрүү жана эс алуу үчүн*
*кыдырышат –*
*а монахтын согуш болгон өлкөлөрдө өрт аралап,*
*кан кечип жүргөнүн көр.*
*Акыйкат издегендин муңун угуп, зордукка-зомбулукка жаны ачып,*
*ачкалыктан өлүм алдында жаткандардын оозуна*
*суу тамызып жүргөнүн көр.*
*Бирөөгө кор дүйнө, бирөөгө зар дүйнө деген ушул.*

*Байкуш монах дирилдеген доолундай үнү менен күңгүрөнүп,*
*Глобалдуулук – адамзат акылынын генийи эместигин,*

www.bizdin.kg



*аны эч качан гумандуулук менен чаташтырбоо*
*зарылдыгын айтып өтүп,*
*эгерде АКШ согушка миллиарддаган акчасын жумшабаган болсо,*
*дүйнөлүк финансы кризиси болбойт эле деген бир кызык ой таштады.*

*Дүйнөлүк финансы кризиси сормо саздай соруп атыр –*
*Европа, Греция...*
*Евро – доллар эрегиши, ажыдаарлар бири-бирин жатат аңдып.*
*Буга окшогон бири-бирине ор казган аңдышуудан, эрегиштен,*
*глобалдашуудан жакыр өлкө, карапайым адамдарга кандай пайда?*
*Жакырлар андан ары жакырланат, кедейлер итке минип!*
*Миллиардерлер, олихаргдар ансыз деле байлыгынын күчү менен,*
*ошол жыйган байлыгына көзү тойбой,*
*бүт дүйнөнүн байлыгына ээ болсом деп*
*көр дүйнө үчүн, байлык үчүн элдерди,*
*мамлекеттерди тебелеп-тепсеп турат.*
*Миллиардерлерди элдердин, адамдардын, өлкөлөрдүн тагдыры эмес,*
*Адамдардын бактысы, күлкүсү эмес, өлүү дүйнө,*
*байлык гана кызыктырат.*
*Миллиардерлер бактыны да, сүйүүнү да, күлкүнү да,*
*жаштыкты да, сулуулукту*
*сатып алса жана сатса болоруна өтө бекем ишенишет.*
*Чындыкты да, акыйкатты да дүңүнөн,*
*чекенелеп сатып алса болоруна ишенишет.*

*Дүйнөнү айтам, мени дайым Ата Журттун тагдыры көп ойлондурат,*
*Элим, жерим каржалып, кайыгып тур –*
*митингдерден, пикеттерден*
*Уруу, кески саясатчылар өрттөй күйгөн жигиттерди отко түрткөн.*

*Мына ушул улуу чындык, акыйкатты түшүнбөйбү,*
*түшүнгүсү келбейби*
*Ким бирөөлөр аянттарга митинг жасап, пикеттерге чыгышып*
*өз өлкөсү, өз укугу соода-сатык буюмдай соодаланып кеткенин*
*жаап-жашырып айтпастан, адамдын укугу деп өкүрүшөт, кыйкырып.*
*Ушул эссиз кыйкырык аба жарып, акыл-эс, көзүм,*
*көөнүм тумандanып,*
*кыйкыргым келет мен да, ким бирөө ыйлап турса,*
*жанында күлө албайсың.*
*Аттиң, булар митингдерге,*
*пикеттерге акча алып чыгышканын, чет жактан*

www.bizdin.kg



*акча берип кыйкыртканын айтпаса да,*
*эстей жүрсө дурус болмок деп ойлоймун.*
*... Бу күндөрдө дүйнөдө адам түгүл,*
*бүтүндөй мамлекеттер шордоп турат.*

*Ата Журтум – Кыргызстан карызга белчесинен батып туру,*
*жакырчылык баш көтөртпөй, жерге ныгырат.*
*Душманды сырттан издеп эмне керек, уулдары*
*чөөлөргө окшоп талап атат.*
*Илгери Ата Мекен, эл үчүн башын сайып, өмүрүн кыйган болсо,*
*Ушу бүгүн кара башы, курсагы үчүн мекенин, элин сатат.*
*Бизге, өзүбүзгө керети жок Ата Журттун*
*башкаларга керети барбы дейсиң.*

*Укмушту күтпөгүлө, укмуштар жомоктордо гана болот.*
*турмуш бул укмуштуу жомок эмес.*
*Кыргыздын бир гана Ата Мекени бар. Ал – Кыргызстан!*

*Карапайым адамдар турмушка акчанын көзү менен карабаса да,*
*Карапайым адамдарды миллиардерлер банкрот*
*болгондугу дайыма ойлондурат.*
*Миллиардерлер миллиондогон ач-жылаңач адамдарды*
*багып жатат деп ойлошот.*
*Миллиондогон адамдар жакырчылыкта жашаганы,*
*наны жок отурганы,*
*Бүтүндөй элдер жана мамлекеттер жок болуу коркунучу*
*астында тургандыгы*
*Миллиардерлер баш ооруткан, түн бою уктатпаган маселе эмес.*

*... Финансы кризиси келип-кетчү убактылуу көрүнүш бир –*
*Буга дейре, ар кайсы доорлордо финансы кризиси боло келген.*
*Дүйнөлүк кризис дегенибиз: акыл-эс кризиси, абийир,*
*ыйман, ар-намыс кризиси –*
*кечээги же бүгүнкү маселе эмес, түбөлүк маселелер.*
*«Канткенде адам улуу адам болот» деген собол*
*Канча кылым, канча акылды карытып келет жашап.*
*Эгер ушул эле суроого оңгулуктуу жооп тапсак,*
*дүйнөлүк финансы кризиси болот беле, болбойт беле?*

*Көчпөс үй курушпаган, өлүү дүйнө жыйнабаган*
*көчмөндөргө таң беремин!*

www.bizdin.kg



*Адамды сандыкка кулпу салып катса дагы ажал табат,*
*байлык деле ажалдан арачалап кала албасы түшүнүктүү!*
*Көр дүйнөнү оо дүйнөгө, көрүнө көтөрүнүп кеткендерди көрбөптүрбүз.*
*... Тирүүлүктөн ашкан дөөлөт, ырыскы, байлык барбы?*

## 6

*Ал бүтүндөй Индияны кыдырып чыкса керек!*
*Делиде, Аграда, Жайпурда,*
*Бангалордо колунан түшүрбөгөн доолун кагып.*
*... Индия! Көз алдымда турат дайым.*
*Анда баары эски жана жасалма эмес,*
*Жайпурдун көчөлөрүндөгү кайнаган жашоону карап туруп,*
*жашоо деген эмне экенин...*
*Куру эле акылдуусунуп, текеберсинип, кыйынсынып*
*зарылдыгы аз экенин түшүнөсүң.*
*... Индия – Бабурдай кеменгер бабабыздын мекенине айланган жер.*
*Түшүнүлүп, түшүнүлбөгөн, оо, Индия, бүтпөгөн сүйүүм менин.*

*Непал, Бутан, Пакистан, Ооганстан Индиядан көп анча алыс эмес.*
*Карт монах дүйнө жүзүн дээрлик бут кыдырыптыр.*
*Акыйкатты, чындыкты издедим деп айтканы жок,*
*сөзгө сараң неме экен –*
*Мен анын айтканынан чындыкты издегенин,*
*чындыкты таппаганын дароо билдим.*

*Монах адам убактылуу дүйнөдөн атак-даңк,*
*же байлыкты көздөбөсү түшүнүктүү –*
*Ал чындыкты таппагандай, чындыкты табууга да*
*эч кимди чакырбады!*

*Бу монах эч кимге милдеттүү эмес, эч ким ага –*
*чындыктын жоктугу үчүн!*

*Монах доолун кагып атты. Акырында айтты –*
*Бул доолдун жаңырыгы өзгөрүүлөр алып келет деген ишенимин.*
*Аны убакыт көрсөтөр.*
*Кыргыз жазуучулар үйүндөгү жымжырттыктан акыл сынат.*
*Оо, касиетинен айланайын аксакалдар, аксакал ...*
*Аксакал болуу кыйын, сакалдуунун баары эле аксакал боло бербейт!*

www.bizdin.kg



*Аксакал боло албайт, Кудай берген касиеттин кун,*
*наркын түшүнбөгөн –*
*Ага окшогон абышкалар бата берип, алаканын жайса дагы,*
*Жараткандан өзүнө соога сурап, көңүлүндө коколой башы турат.*

*… Аксакалдар – Ата Журттун канаты кайрылып тур!*

*… Жай аяктап баратат.*
*Саргарып барат жашыл жалбырактар, жалбырактар …*
*Жер шары тегеренип, күн чыгып, батып туру, миңи ыйлап, бир күлүп!*
*Оо, байкуш жалбырактар өмүрдүн аздыгы ай,*
*сен эми үзүлөсүң, жок болосуң –*
*Жашоонун бар маңызы жаралуу, жоголуубу? Өлүүбү, төрөлүүбү?*

*… Жашоонун маңызы не?*
*Канча дербиш, дубаналар, монахтар кыдырбады жер шарын.*
*Бу жашоонун акыйкатын,*
*чындыгын өтө кыйын адамдардын жүрөгүнө жеткирүү!*
*А жалганды, ушакты жер шарына алып учат –*
*учкан шамал, желген жел!*

**7**

*… Аккан дүйнө. Оо, качанкы дүйнө бу – башы кайда,*
*аягы – акыл жетип, жетпеген.*
*Качан, кайда башталганы дайынсыз, качан бүтөт белгисиз.*
*Башталган да бүтпөгөн.*

www.bizdin.kg



*Проза*



**Олжобай ШАКИР**

# ЧАТЫР

(Повесть)

## 60 000

Чатырдан кулап баратып, жамаачыланган жаман үйүмдүн үстү сынып кетпесе экен деп ойлоду. Жамаачы шымы шыйпырга илинип калыптыр, сынып кетти. Эми ага дароо чатырдын аңырайган тешиги көрүндү. Өзү да аңырайып калды. «Эмне кылам». Бечаранын айласы куруп турду. Шыйпырдын баасы кымбат экенин кечээ өз көзү менен көргөн. Качанкы эскилиги жеткен үйдү оңоюн дейт, каражаты тартыш. Суук эшигинен да, тешигинен да зырылдайт. Төбөсүнөн болсо жамгырдын сарыккан суусу тамат. Дубалдар сапсары, темгилала. Үй ичи нымдын жытынан көгөрүп, чирий баштаганын көргөндөн бери санаасы сан. Эшикте күздүн муздак жели согуп турат. «Шырдактар чирип бүттү, эркектей болуп жамгыр тамган чатырдын үстүн бүтөгөнгө да жарабайсың» деген катынынын наалыганын угуп, кечээ базарга барделе, бийлик кожоюндары ээлик кылган шыйпыр баасын көргөндөн кийин диңкеси сууп, кайра келген. Шыбыргак жамгыр башталганынан бүгүн эптеп короодо болгон сынык шыйпырларды кураштырып, жамгыр аккан тешиктерди бүтөгөнгө чыгынгандагысы болчу. Эми болсо аңырайган тешикти кайсы шыйпыр менен бүтөрүн билбей отуруп калды. Чатырдын үстү араң турганын билип туруп катындын кебин эмне уктум экен деп, өзүнө жини кел-

---

**Олжобай ШАКИР** *1970-жылы Нарындын Ат-Башы районуна караштуу Ак-Талаа айылында туулган. «Үшкүрүк», «Өзүм менен өзүм» поэтикалык жыйнактарынын автору. Республикалык бир далай гезиттерде эмгектенген. Бишкек шаарында жашайт.*

www.bizdin.kg



ди. Жерге түшүп, ары басты, бери басты. Эмне кылар айласын таппай, тамдын үстүнө чыкты. Кызыкты эми көрүп ал. Аңырайган тешикти карап отуруп, шыйпырлар биринин үстүнө бири ашташкан жердеги устундун үстүндө желим баштыкка оролгон нерсеге көзү чалынды. Адегенде эки шыйпырдын ортосуна коюлган шынаа го деп ойлоду. Бирок азгырык деген балээ жанына жай бербей, суурап чыкты. Суурап чыгып алып, колундагыны: «Жарылып кетчү неме эмеспи?» – деп кайра чочулады. Заманың түшкүр теракт деген укмуштарды теледен күндө көрүп, радиодон угуп атат го. Азыркы күндө адам баласы тынч жашоого мүмкүн болбой калбадыбы. Күнүгө ааламдын ар кандай алаамат окуяларын эшиткен Тээкбол азыр бөөдө кырсыкка кабылып калбайын деп ойлоду. Адамзаттын адамзатка жасаган кыяматы көбөйгөн заманда жан деген курусун, кадам сайын коркунуч. Жадакалса, күндөн күнгө өз үйүндүн чатырынын алдында тынч уктоого мүмкүн болбой баратат. Азыр анын колундагы абыдан дыкат оролгон желим баштык оор да, калың да көрүндү. «Жарылып кетсе не болот? Үйдү сапырып кетчү балээ болуп жүрбөсүн». Бирок ачканча шашты. Кабатталган желим баштык жөндөн-жөн турбаганын ойлогондо, үйдөн алыс жерге барып ачууга чыдамы жетпей, ачып ийди. Ичин көргөндөн кийин жүрөгү дүкүлдөп, колдорун калтырак басты. Жалаң кытыраган долларлар. Өмүрүндө акчада жыт болорун билчү эмес экен. Мынча акчаны кармап көрбөгөн жаны акчанын буркураган жытын сезди. Колунда жылмышкан долларларды шашкан неме улам миңден бөлүп санап болгуча, жерге чачылып кетти. Адашып да калды. Канчалык өзүн өзү кармаңайын десе да денесинин калтырагын токтоталбай койду. Бир убакта өзүнө келалбай турганын сезип, көзүн чылк жумду. «Өңүмбү же түшүмбү?» Өзүнүн күңгүрөнгөн үнүнөн селт этип чочуп алды. «Өңүм экен». Доллардын өңүн күндүн шооласына каратып текшерди. Аныгына ынанган соң санай баштады. Бүтөр эмес. Жарымын санап бүткүчөлө колдору талып кетти. Жонунан кара тер кетти. Өмүрү кара жумуштан чарчабаган неме акча санагандан чарчады. Мээси лукулдап, көздөрү караңгылашат. Доллардын бетиндеги башы тасырайган адамдын сүрөтү көз алдынан калкылдап кетпей койду. Көзүн кайра жумса да башы тасырайган кишинин сүрөтү мээсине кирип алгандай. Көз алдында кабат-кабат элестеген башы тасырайган кишинин сүрөтүнөн көңүлү айныдыбы, доллардын жытынан айныдыбы же ойдо жок жерден табылган олжодонбу?.. Кускусу келди. Акыры акчаны өлдүм-талдым болуп араң санап бүттү. «Туура санадымбы» деп бир эмес, эки жолу. Ашык-кеми жок 60 000 болуп чыкты.

## Өң

Зуура адегенде күйөөсүнүн күүгүм талаш короодо жер казып атканын көргөн. Бирок кермеде жайылган кирлерин жыйнаары менен кирип

www.bizdin.kg



кеткен. Үндөгөн да жок. Өң-алеттен кеткен Тээкбол көз карайган убакта үйгө кирди.

– Сага эмне болду? – деген Зууранын сөзү кулагына кирдиби, кирген жокпу, үндөгөн жок.

– Короону эмне казып атасың? – Баятан мелтейип каткан Тээкбол муну укканда чочуп кетти.

– Казган жокмун.

Бул сөз өзүнөн өзү оозунан чыгып кетти. Бирок тизеси боз топурак болуп жүргөнүн көрүп, карбаластап калды. «Жер казып атканымды кайдан көрүп калды?» Жин тийген немедей ордунда отуралбай, сыртка чыкты. Эмне ойлогонун өзү билбей, жаңыле көмүлгөн акчаларды кайрадан каза баштады. «Кайда жашырам». Күшүлдөп-бышылдап, колундагы күрөктүн учун жерге матыра тээп атып, чуңкурду кайра көмгөнчө шашты.

– Тээкбол, кайдасың? Үйгө кирбейсиңби.

Үйдөн чыккан Зууранын көрүп, мээси дагыле лукулдап чыкты. «Көрүп калды окшойт».

– Эй, кире берчи!

Аялынын короо жакка басканын көрүп, жердеги тырмоокту ала койду.

– Эмне кылып атасың?

– Короо тазалап атканымды көрбөй атасыңбы?

– Караңгыдабы? А күндүз тазаласаң эмне болот?

– Кол тиймек беле.

– Күндүз бош эле болуп атасың го…

Жооп таппай калды. Зуура артына кеткенден кийин чуңкурдагыны кайра казып алып, чердакка чыкты.

Тамдын үстүндө Тээкболдун ары-бери басып жүргөнүн уккан Зууранын жүрөгү бир балээни сезип, ал да бир орунга туралбай калды. Сыртка чыгайын дейт, бирок ачуусу чукул күйөөсүнөн сестенди. Бир далай убакыттан кийин үйгө кирген Тээкболдун алдына дасторкон жайды:

– Тамак сууп кетти...

Кечке сыртта жүрсө да Тээкбол тамакты жарытылуу ичкен жок. Өңү-башы кубарып, өзү менен өзү. Анын түрүн көргөн Зуура сүйлөгөндөн жазганды. Ушунча болуп жаак эттери титиреген күйөөсүнүн өңү мынчалык кумсарганын көргөн эмес. Үйдүн ичинде Сагыныч экөө жыла басып, үн чыгарган жок. Эмне кыларын билбей, эртеле төшөк салды. Үңкүйгөн Тээкбол да төшөк салынганын көрөр замат үстү-башын чечип ыргытты. Төшөккө култ этип кирер замат чүмкөнүп алды. Заманы куурулган Зуура Сагынычка шыбырап, эшикке чакырды.

– Атаңа эмне болгон?

– Билбейм, апа.

www.bizdin.kg



Зуура менен Сагынычтын сыртка чыкканын туйган Тээкболдун санаасы дале тынчыбай койду. «Булар эшикке эмнеге кетти?»

Көп өтпөй Зуура менен Сагыныч кайра кирди.

– Кой балам, жаталы, – деген аялынын шыбырап сүйлөгөнү шектүү туюлду.

Зуура менен Сагыныч төшөккө жаткандан кийин Тээкбол сыртка чыкты. Шатыны көрүп, санаасы ылдыйлады. Койгон ордунан жылбаптыр. Кайра келип жатты. Бирок түнү бою уктаган жок. Анын түйшөлүп жатканын көргөн Зууранын көзү кайдан ирмелсин. Экөө тең уктап аткандай түр көрсөткөн менен бир биринин дабышын кайтарып жатты. Улам сыртка чыккан күйөөсүнүн тынчсызданганын туюп, санаасы сан. Себеби Тээкбол бир убакта сыртка чыгып кетти да, кирген жок. Зуура короо жактагы бөлмөнүн караңгы терезесинен сыртты караса, Тээкболдун колунда күрөк жүрөт. Чочуп кетти. «Бирөөнү өлтүрүп коюп, короого көмүп атабы…» Жүрөгү оозуна кептелип, ою жамандыкка кетти. Күйөөсү түн ортосунда короодо жер казып атканы жөндөн-жөн эмес экенинен кооптонуп, сыртка чыкты. Зууранын үнүн уккан Тээкбол да селейип калды.

– Тээкбол, эмне болсо да айтчы! Кудай жалгагыр… Жүрөгүм бир балээ болуп атат…

– Таап алдым.

– Эмнени?

– Акчаны.

– Эмне болгон акча?

– Кайдан билем!

– Канча акча?

– Алтымыш миң…

– Алтымыш?!

– Доллар менен.

– Койчу.

– Ошон үчүн коркуп атам.

– Кимден?

Тээкбол үндөгөн жок. Зууранын ансайын айласы куруй баштады.

– Эмне болгон акча? Кана...

– Акыры-ын сүйлө... – Күйөөсүнүн шыбыраганын угуп, эми чындап чочулады. Түн жарымында минтип өң-алеттен кеткен Тээкбол көзүнө шектүү көрүндү. Болбосо менден эмне уурданат деген бүдөмүк ой турду.

Жанына Зуура келгенден баштап, Тээкбол өзүн бир аз жеңил сезди. Мурдагыдай шырт эткен добуштан чочулабай, Зуура менен эми ачык сүйлөшкүсү келди. Үйгө киргенден кийин болгонун болгондой айтып берди. Андан соң экөө акчаны кайра-кайра үч жолу санап чыкты эле, ашык-кеми жок туура 60 000 болду. Кенедей үйдө салынган шырдак бе-

www.bizdin.kg



тиндеги жайнаган акчаны басып жыгылышты. Капыстан буюрган олжону бирөө колдон тартып алчудай алактаган экөө акчаны жашырганча шашты. Бечаралар алеңгир эстери менен не кыларын билишпей, жүрөктөрү дүк-дүк.

– Не кылабыз? Бул эмне болгон акча! Кимдики? – Зууранын көздөрү алаят.

– Кимдики болсо ошонуку болсун. Бекем катыш керек… – деген күйөөсүнүн чечкиндүү жообунан кийин алайган көздөрү чанагынан чыкчудай муйтуңдады. Бир орунга туралбай аткан экөө канча бир убакыттан кийин өздөрүнө келип, акчаны кайда катаарды билбей, баштары катты. Эч бир ишенимдүү жер табылбай, акча менен келген коркунуч экөөнүн мээ булчуңун иштетпей салды. Кимдир бирөө аңдып тургансып алактап, эптеп ороого катымыш болуп, кайрале эртеси сары санаага батышты. Экөө бирдей уйку бетин көрбөйт. 60 000 доллардын ээси бул үйгө баары бир келерин ойлогон экөөнүн ичкени ирим, жегени желим. Акыры «ушул үйдөн көчүп кетели, андан кийин эч коркунуч болбойт» деген чечимге келишти да, дароо ошол күнү алдыдагы кышка калбай, жаңы үй сатып алмай болушту. Реклама жарыяланган гезиттердин бирин калтырбай сатып келишти. Өздөрүнө өздөрү ишенип, ишенбей, шаардагы эң мыкты деген үйлөрдүн баасын сураштырып отуруп, «бардык шарты ыңгайлуу» деген үйлөрдүн бирөөнө токтолушту. Андан соң өздөрүнүн үстү-башы оңуп, оболу жалгыз уулун чыкыйтып кийинтип, болгон мүдөөсүн аткарышты. Кубангандары ушул. Болбосо элдин балдарынын мунусу бар экен, тигиниси бар экен деп айтып келчү Сагынычтын жер карачу басырлыгын көргөн ата-эненин жүрөгү сыгылып кетер эле. Экөөнүн дагы бир ызасы – Сагынычты аргасыз мектептен чыгарып алышкан. Ал да турмуш забынан келип чыкты. Зуура астма оорусу менен ооруганына үч жылга аяк басты. Күнүмдүк тамак-аштан мурда күнүмдүк дары-дармегин убагында колдонуп турмайын, өмүр менен өлүмдүн ортосунда кысылганы кысылган. «Флексотид аэр», «серетид аэр», «беклазон аэр» өңдүү көздөн учкан дары-дармектер үчүн борбую катып келаткан Сагыныч да атасына кошулуп, базарда тачка түрткөндөрдүн арасында. Бири күнүмдүк тамак-ашка тыйын тапса, бири дары-дармек үчүн тырбаландайт. Окуусун уланта берет эле, сумкасы бош. Күнүгө китеп-дептерсиз сабакка келген Сагыныч мугалимдерден тил уга берип, жер карап бүтмөй болгондо, экинчи баргыс болгон. Анын үстүнө мугалимдердин да мектеп ремонтуна ата-энеңе айтып акча алып кел дегенине бетинен оту чыгып, «ана-мына» дечү шылтоосу калбай калган.

Тээкбол 60 000 долларды таап алган күндөн бери жашоолору жомокко айланды. Уулу экөө тең эртеден-кечке тачка түрткөн азаптуу турмуштан кутулуп, ойдо жок жерден короо-жай, атүгүл мончосу бар огороду кенен мөмө дарактуу шаар четинде жайгашкан үйдүн ээси болуп, жоон-

www.bizdin.kg



сунуп калышкан. Кудуңдаган Сагыныч курбулары менен мектепке барганына сүйүнүп, өзүн эл катарында эсептей баштаган. Бирок бул үй-бүлөнүн бейпил жашоосу бир күнү эле түш сыяктуу алмашты. Түн жарымында каалга тарсылдаганын уккан Тээкбол сыртка башбагары менен кекиртегине бычак такалды.

## Барымта

Тээкбол мурдагы кепедей үйүн төшөктөн туралбаган орус кемпирдин колунан арзанга сатып алды. Чамгарактын соодасы чечилгенден кийин кемпирди көчүрүшкөнү келген кызы үйдү арзан баага берип жиберген энесине абдан нааразы болгон. А кемпир бечара актанып, көптөн бери үйгө кардар чыкпагандан аргасыз сатып атканын айтып, кызын араң көндүрдү. Тээкбол да мындан башка берер акчасы жок экенин айткандан кийин үйдүн документтерин кыйылып атып карматышкан. Кемпир болгон оокатын үйдөн ташытып чыккандан кийин бир нерсесин унуткандай, босогодо көпкө турду. Бир убакта артына кылчайып үшкүрдү да, муздак дубалдарга кайрылып: «Эгер Сашам түрмөгө кесилип кетпегенде, сөөгүм сенден чыкпайт беле» – деп ыйлап жиберди. Кемпирдин бул арманына Тээкболдун ичи сыйрылып турса да, эмне кылалмак? Кемпирге кайрат айтымыш болду. «А уулуңуз качан келет?» дегенине, Сашасы бир ай мурда уурулук менен кесилип кеткенин айтып, бышактаган.

Убактылуу кармоочу жайда уурулук шек менен камалып жатып бошонгон Саша түн жамынып келип, кепедей үйдүн чатырына каткан акчасын таппай, кайсалап калды. Каалгасын кара кулпу кайтарган үй ээсин кайдан табарын билбей, коңшусу Антондун дарбазасын какты. Сыртка чыгып, Сашаны көргөн Антон терине батпай кубанды. Ал-жайды сурашып, эски кошунасынын абактан бошоп келгенине ишенип-ишенбей турду:

– Ой, качан келип калдың?

– Жаңыле келип…

Антон дароо Сашанын бушайман болуп турганын сезди. Таноосу көөп, жини келип алыптыр.

*Саша:* Биздин үйдү сатып алган жаңы коңшуларың кайда?

*Антон:* Булар алда качан эле жаңы үй сатып алып, көчүп кетишкен.

*Саша:* Ухх! – Муштумун муштумуна кагып, туруп калды.

*Антон:* А эмне болду?..

*Саша:* Кайдан сатып алганын билесиңби?

*Антон:* Билем. Өзүм көчүрүшүп баргам.

Антондон мындай жоопту күтпөсө керек, шак эле билектен алды.

*Саша:* Жакшылыгыңды эч качан унутпасмын… Сага баарын жолдон түшүндүрөм. Кеттик.

www.bizdin.kg



Түрмөдөн жаңы эле чыккан немеңин колунан эмне шойком болуп кетеринен чочулаган Антон иштин чоо-жайын билгиси келди. «Билем» деп айтарын айтып алганына, кайта ичинен өкүндү.

*Антон:* Көчүп кеткен немелерде эмне ишиң бар?

Саша ага чердакка катып кеткен 60 000 доллар жөнүндө айтып берди. Ал эмес, «кошунаңдын жаңы көчүп барган дарегин таап берсең, акчанын жарымын сага берем» деген шерти менен бир заматта азгырды. Муну уккан Антон артына бир аз кылчактап барып, кайра тез эле көндү. Караңгы түндө ал экөөнүн эмнени сүйлөшүп, эмнени пландаганын жан адам уккан жок, көргөн жок.

*Саша:* Апкел акчаны!

*Тээкбол:* Кайдагы?

*Антон:* Эмне анткорлоносуң!

*Саша:* Убакыт жок, тездет!

Үйдө эмне болуп атканына түшүнүп-түшүнбөй жылуу төшөктөн туруп келип элейип калган Зуура менен Сагынычты көргөн Саша Антонго буйрук берди:

– Экөөнү эшикке чыгарба!

Зууранын телефонго чуркаганын көргөн Антон дароо басып жыгылды.

– Кайда чаласың?

– Милийсага.

– Милийсагабы! – желкеге муштады эле, көзү караңгылашкан Зуура жерге жапырылып кулады. Антон эми жерде сулап жаткан Зууранын оордунан сүйрөп, көзү тостоюп турган Сагыныч экөөнү бөлмөлөрдүн бирине камады.

– Үнүңөрдү чыгарсаңар, мууздап салам!

Бейубак келген түрү суук Саша Тээкболду бычактын сүрү менен тез эле калтыратып койду.

– Демек, менин акчама үй алган экенсиң да… Жаман эмес. А мени келип калат деген жоксуңбу?

Бычактын сүрү сүр да, Тээкбол унчугалбады. Кадеми каткырдын корккону – тигинин колундагы жалаңдаган бычак. Мурда дайым Тээкболго кошуна кездеги кичипейил мамиле кылчу Антон азыр Сашадан өткөн жаналгыч сыяктанды. Анын да колунан жалаңдаган бычакты көрдү. Экөө бирдин ичинен чыкмайын соо коёр эместей.

– Бул үйдүн ээси келди, документин бер! – Көздөрү сааттын жебесиндей кыймылдаган Антон эми Тээкболдун жанына келип, өзөртө муштады.

– Кана дейм?..

Тигилердин опузасынан корккон Тээкбол да эч каршылыгы жок үйдө болгон документтерди издей баштады. Документ деле көп убара кылган жок, телевизор турган тартманын ичинен чыкты.

www.bizdin.kg



– Эми паспортуңарды.

Сашанын колуна Зуура менен Тээкболдун паспорту, Сагынычтын туулгандыгы жөнүндөгү күбөлүк да тийди.

– Башка эмнеси керек? – Саша менен Антон кеңеше баштады.

Бир убакта үчөөнүн тең колдорун таңып, бир бөлмөгө камап коюшуп, экөө кухня тарапка жөнөдү.

– Эмнени сүйлөшүп атышат? – деп бүргөдөй туйлаган Сагынычтын суроосу апасынын да, атасынын да кулагына кирген жок. Кайдан кирет. Тээкбол тээ бир убакта атасынын «Бирөөнүн оокаты бирөөнө буюрбайт» дегенин эстеп, мелтейип отурса, Зуура өз ичинен келмесин кайталап, өлүм менен маңдай-тескей тиктешип отургансып, бир чекиттен көзүн албады. Ийненин үстүндө отургансып, бирде тура калып, ары-бери басат. А тигилер да ансайын, башка бөлмөдө күбүр-шыбыр болуп отурганы жакшылыктын жышааны эмес экенин Тээкбол да, Зуура да туйду. Оо бир далай убакыттан кийин шаар ичи таптакыр жымжырт болуп калганда бөлмөгө Антон менен Саша башпакты. Экөөнүн ырайымсыз түрүнөн корккон Зуура Сашанын бутуна жыгылып, жансоогалап жиберди эле, төбөгө дагы жеди.

– Үнүңдү бас!

Антондун колундагы өзүнүн жоолуктарын көргөн Зууранын оюна өлүм кадалды да калды. Анын көзүнө азыр бир аз мурда жалаңдаган бычактын сүрүнөн да жибек жоолук сүрдүү көрүндү. «Бизди жоолук менен муунтуп өлтүрөбү?» деген суук ойдон корксо да, тигилердин «үнүңдү бас» дегенине карабай: «Балама зыян кыла көрбөгүлө, балама…» – деген сөзүн жалынып-жалбарып кайталай берди. Башка сөз оозуна келбеди. Аңгыча Сашанын шадылуу колдору Зууранын жаагын жап кылып, алкымдан алды. Анын алкымдан алган колу анык ажалдай туюлуп, Зуура алынын келишинче Сашанын колдорунан чыкканга тырмышты. Алгыр куштун колуна тийген эликтей тыбырчылаган Зуура эки колу артына таңылуу болсо да, каршылык көрсөтүп атты. Бирок ага болбой тигилер адегенде Зууранын көзүн таңып, соңунан Тээкбол менен Сагынычтын көзүн жоолук менен чытырата байлашты. Зуура жаалданганын койбой чыркыраганда, Саша ага өктөм буюрду:

– Сен угуп атасыңбы, канчык! Үнүңдү чыгарба!

Адам жан айласы үчүн кантип үн чыгарбайт. Колдору, көздөрү таңылып турса, жансоогадан башка эмне арга кылышсын. Бир убакта үчөөнү Антондун «Москвичине» тыккандан кийин, машине ордунан козголду. Ажал деген коркунуч жакадан алганда айла таппай туйлаган үчөөнүн баятан берки жансоога суранганын эки жаналгыч уккан жок. Үчөөнү мүшөккө тыккан мышыктан бетер кайда алып барып өлтүрөрүн айтпаган немелердин колунан кантип чыгып кетүүнүн аргасы турду. Кол эмес, көз таңылгандан кийин бул үчөөнүн жарык жашоодон үмүттөрү

www.bizdin.kg



үзүлө түштү. Адам бечаранын көзү жарыктан ажыраар замат карайлатат экен. Үчөө баятан бири-бирине караан болуп атты эле, көздөрү таңылгандан кийин жалгыз-жалгыздан карайлап калышты. Бирок үчөөнүн баштагы ойлору бирөө гана: «Булар бизди эмне кылып өлтүрөт? Бычактаппы, тирүүлөй көмүппү». Аларды өлүмгө алып бараткан жол узаргандан узара берди. Жолдун кыскарбаганын өлүмгө бараткан адам гана тиленбесе, ким тиленет. Үчөөнүн тилегени – узагыраак жол гана калды. Жол бүткөн жерден үчөө тең жарык дүйнөнү экинчи көргүс болобу? «Кайсы кара жердин алдына алып барып жашырат?» деген ойдон үчөөнүн тең башы чыккан жок. «Жетээр жерге жеткенде эмне болобуз? Бизди эмне кылып өлтүрүшөт? Бычактаппы же тирүүлөй көмүппү?..» Бул санаа кайта-кайта Тээкболдун да, Зууранын да, Сагынычтын да оюнан кетпеди. Үчөө үч башка жан болсо да үчөөнүн тилеги, үмүтү – жашоо, коркунучу, санаасы бир гана – өлүм. «Москвич» токтоду. Карайлаган үчөөнү жулкулдатып жетелеген тигилердин бирөөсү чөнтөгүнөн ачкыч алып чыккандай болду. Бирөөсү колундагы бычак менен үчөөнүн көзүнө таңылган жиптерди кесип жиберип, үчөөнү босогодон ичкери карай түрттү.

– Биз келмейин жылбайсыңар, уктуңарбы? – деген Саша жарыкты күйгүздү. Көздөрү чымыраган тигил үчөө колго жаңыдан үйрөтүлө турган жапайы жаныбарлардай эки жактарын каранып бүшүркөдү. Бөлмөдө Саша менен Антон көпкө кармалган жок. Жарыкты кайра өчүрүп, чыгып кетишти. Жарыксыз дүйнөнүн алдындагы ал үйдүн ээси бар экенин да, жок экенин да эки күн бою билишкен жок. Кирип-чыккан жан көрүнбөй, колдору таңылып, эки күн кесээрип ачка отурган немелердин дааратканасы да, жатагы да бир бөлмөнүн ичи.

– Биз эми эмне күндү көрөбүз? – деген Зууранын деми кысылганын тиктеп отурган Тээкбол менен Сагыныч артка таңылган колдорун чечалышпай, эмнени гана кылган жок. Бирине бири артын такап, чыйратылган жибек жип менен чие байланган колдорун чечкенге аракет кылган менен чымырап уюган колдо кайдагы каруу. Канча аракет кылышпасын, майнап чыккан жок.

Үй биринчи келген күнү жылуу эле, экинчи күнү кайыктырып таштады. Кыштын кыраан чилдесинде ээси жок үйдүн муздагы үч адамдын жанын алып кетерде короодон дабыш угулду. Босогодон Саша менен Антон кирди. Кантсе да ажалдын суук түрүнөн көрө кирип келген тиги экөөнүн жүзү ырайымдуудай көрүндү. Тирүүлүк жашоонун үмүтү кайра ойгонуп, үчөө үч жактан чырылдап жалбарды эле «үнүңөрдү дагы бир чыгарсаңар, мууздап салам!» деген Сашанын өктөм үнүнөн кийин, басылып калышты. Өлүмдөн мурда жаман ойдун сүрү сүр экен. Анан бул үчөө бычактын сүрүндөй сүрдү көрбөгөн чыгар. Кекиртектерине мизи курч бычак такалган кезде шымдарын булгап коюшту.

www.bizdin.kg



Тиги экөө көпкө буйдалбастан, үчөөнүн көздөрүн таңып, сырттагы «Москвичке» кайрадан тыгышты. «Жайыбызды казып, даярдап койгон экен» деген суук ойдон Тээкболдун да, Зууранын да бою чыйрыкты. Денелери калчылдап, жансоогалагандардын кебин бул жолу да жаналгычтардын уга турган түрү жок. Бирок Саша менен Антондун алдын ала түзгөн пландары таптакыр башка экен. Алар борбор шаардын күнчыгыш тарабындагы Каражыгач жаңы конушуна жеткенден кийин: «Эми каалаган жагыңарга баргыла» – деп, айталаага коё берди. Колдору, көздөрү чечилген үчөө эми караңгы түндүн алдында кайда барарды билбей карайлады. Алар асмандагы жылт эткен жылдыз, жарк эткен айды көргүлөрү келди, бирок дале көз таңылгандагыдай караңгы турду. Каякты карай кадам шилтээрди билбеген немелердин төбөсүндө жылдыздан шоола тамып турса да, жолду болжойт эле. Бирок айлананы туман каптап тургандыктан, үчөөнө анчалык алыс эмес шаардын жарыгы да көрүнгөн жок.

## Шам

Көчөр иштен келатып, жолду кыскартыш үчүн имерилиштен эрте кайрылган. Алдыда кышкы чилде келаткан менен быйылкы кар жука болуп, жолдор кара болчу. Жаңы конуштагы дөңсөлөр жаткан тегерекке көз чаптырып бараткан. Көчөрдүн көзү кумурскалардын уюгуна кадалаары менен ордунан тык токтоп, уюктардын чоңураагына белги койду. «Жакшылыгыбызга шыпаа болуп калгысы бардыр» – деп ичинен күбүрөнүп, Ырыска жакшы жаңылыгын жеткиргенче шашты. Босогону аттаары менен колуктусуна кумурскалардын уюгун таап койгонун айтып, ал жерге бул түнү экөө шам жакмай болушту.

Экөөнүн үйлөнгөндөрүнө он жылдан ашты, бирок Ырыстын согончогу канабай келатат. Экөөнүн барбаган жери, барбаган мазары калбады. Медициналык текшерүүлөрдүн да эч биринен майнап чыккан жок. Акыры элдик дарыгерлерден айла болор деп, бүбү-бакшылардын биринен сала бирине барып жүрүшүп, бирөөсүнүн айтымы менен кумурсканын уюгуна түн ичинде шам жагуу керек экенин угушкан. Жубайлар түн оокумунда жараткандын күчүнө жалбарып чүрпө тилеп, кумурсканын уюгунун башында шам жандырып отурушту.

– Садагаң кетейин кудай, бизге кумурсканын тукумундай тукум бер… – Күбүрөнгөн Ырысты Көчөр чыканактан сүйөдү:

– Жүрү эми. Буюрса, эртең да келебиз.

– Биз бул жерди өзүбүз үчүн мазар кылып, күнүгө деле келип турабыз.

Жакын жерде келаткан добушту угуп, Ырыстын мукактанган үнү токтоп калды.

www.bizdin.kg



Үч жандын кимиси жол, кимиси баш калкалаар жай табарын билбей, айсыз караңгыда турду. Үчөөнүн үмүтү бир-биринде. Бирок үч жан тең бирине бири тиктейт. Биринен акыл чыкса эле ээрчигени турат. Үн каткан бирөө да болгон жок. Бир аз мурда: «Жаагыңарды жапкыла!» – деген эки жаналгыч жандарынан эбак узап кетсе да, үчөөнүн тең жаактары ачылбай, айланага көз чаптырып, тилдери күрмөөгө келбеди. Үн катсале эки жаналгыч пайда боло калчудай коркунуч үчөөнү дале басып турду. Уюп калган колдоруна көпкө чейин жан кирбей, булчуңдары сайгылашып, чымырап ооруганы эми күчөдү. Ийинден кесип салгандай шал болгон колдору денеден бөлүнүп, оор таштын салмагындай жерге салаңдайт. Денелерине аз-аз жан киргенден кийин алыс эмес жерден үлбүлдөгөн жарык көрүндү. Ал Ырысты чыканактан сүйөп турган Көчөрдүн колундагы шамдын жарыгы эле. Баятан бери асманда жылт эткен жылдыз көрүнбөгөн үчөөнө ушул жарык азыраак үмүт берди. Бейаң-сезим үч жанды жарыкка өзүнөн өзү жетеледи. Жакын келген үч караандын бири озунуп салам айтаары менен:

– Туугандар… кечирип койгула, – дегени жөн-жай кишинин үнүндөй эместигин Көчөр туйду. Түн оокумда үрпөйүп чочуган тигилерге Тээкбол болгон окуяны аяк-башы жок айта баштады. Бирок окуянын түйүнүнө келгенде токтоп калды. Анын 60 000 доллар жөнүндө айткандан кыйнала баштаганын көргөн Зуура кепке аралашып, болгон ишти болгондой айткандан кийин Көчөр менен Ырыс бейтааныш меймандарды үйдү карай ээрчитти. Тээкболдун үй-бүлөсүнүн башына түшкөн тагдырга бул экөө да ошол сааттан баштап кошо кейип, эртесинде иштин ыкы-чыкысына Көчөр да аралашып кетти. Адегенде Тээкболдун жаңы сатып алган үйүнө келишсе, жаңы кожоюн чыгып, үйдү мыйзам жолунда сатып алган ал документтерди көрсөтүп чебелектеди. Колунда бул үйдүн ээси экенин күбөлөй турган эч бир документи жок Тээкбол эмне кылсын, кайда барып арызданарды билбей кайсалады. Куру дегенде үй ичиндеги буюм-терим, кийим-кечектерин алалы дешсе, сыйпалатып эч нерсе калтырышпаптыр. Үйдү сатардан мурда майда-барат буюмдарды башкаларга соодаласа керек, бүдүр нерсе табылбады. Жаңы кожоюн деле адамкерчиликтүү жан экен...

– Бизге башка бирөөнүн оокатынын кереги жок, болсо алып кеткиле, – деди.

– Ата, эми биз кайда барабыз? – деген Сагынычтын аянычтуу түрүн көргөн үй ээсинин да айласы куруп:

– Аттиң ай-йе… Мындайын биз кайдан билиппиз. Эмне кыл дейсиңер?..

Ары жак, бери жакты тиктеген Зуура эчкирип ыйлаган бойдон баласын бооруна кысып шалдайды.

Үч жандын томсоргонун көргөн Көчөр да жанын коёр жер таппай, ордунда тегеренип туруп калды. Анын башына Антонду табыш керек

www.bizdin.kg


деген ой келди. Жалгыз илинчек ошол экенин айтып, Тээкбол менен Зууранын ээрчитип, дароо Антон жашаган үйгө жөнөштү. Бирок ал да изин жашырып кетиптир. Үйдөн Бахтияр аттуу уйгур жигит чыкты:

– Силерге ким керек?

– Антон.

– Ал Россияга көчүп кеткен.

– А бул үйдүн ээси ким?

– Мен.

Бахтияр Антондун үйү менен бирге жанындагы Тээкболдун эски үйүн да ишкерлик үчүн сатып алганын айтканда, Тээкболдун тиштери кычырап кетти:

– Менин үйүмдү саткыдай, анын кандай акысы бар экен! Бул үйдүн ээси, мына менмин!

Бахтияр чатакты ырбатпаш үчүн үйдөн документтерди алып чыкты:

– Үйдүн ээси сен эмес, мына – мен.

Муну укканда Тээкбол менен Зууранын дүйнөсү алай-дүлөй аңтарылды. Бахтияр аларга үйдүн босогосун да аттата турган эмес. Кепке-сөзгө келбей, каалганы тарс жаап, басып кетти.

## Кыш

Бул үй-бүлөнүн абалы Көчөрдүн ичин ачыштырып, үйүнө кайра ээрчитип барды. Бирок Ырыска күйөөсү үй-жайсыз, таанылбаган бирөөлөрдү киргизип алганы жаккан жок. Эки үй-бүлө чогуу жашай баштагандан көп өтпөй эле бир күнү кечинде Ырыс эки балык көтөрүп келип, кууруп баштаган. Бышкан соң чоңураак кесим куйрук жактарын күйөөсү экөөнүн алдына коюп, балыктын эки башын Зуура менен Тээкболдун алдына түрттү. А Сагыничтын алдына табак коюлган жок.

– Ой, Ырыс, өзүбүзгө чоңураак кесимин алып алыппыз го… Кой, силер жегиле, – деген Көчөр өзүнүкүн Тээкболдун алдындагыга алмаштырды эле, Ырыстын кабак-кашы чыртыя түштү:

– Өзүңдүн ырыскыңды өзүң же...

– Жок. Муну Тээкбол баласы экөө бөлүп жесин.

Көчөр өз сөзүн кесе айтты.

– Жо-жоо… жей бергиле, жей бергиле! – дегени менен Зууранын тамакка болгон табити дароо сууду. Негедир Сагыничты: «Адам эсебинде жокпу?..» – деп арданды. Анан калса балыктын башы канча эт болуп бермек эле. Эки балыктын башына үч жандын курсагы тоёбу. Ансыз да Зуура кургур тамак даяр болгонго чейин эле базардан келген Ырыстын эки балык көтөрүп киргенин көрөр замат өзүнөн өзү кысынып, тамактан баш тарткысы келип турган. Эки балык беш кишиге эмне болот?

www.bizdin.kg



Сууктун күнүндө канчадан бери кара нан, кара чайга зарына болуп бүтсө да эптеп чыдап аткан немелерге үй ээлеринин көзүнө тике кароо деле оор болуп жүргөн. Бирөөнүн төрүндө башы батып, багалчагы сыйбаган үчөө жер карама болуп, каалаганын жеп, каалаганын ичмек кайда. Үйдө катуураак үн чыгарып сүйлөшө албай, ансыз да мусаапырга айланышты. Чоочун үй-бүлөнүн таламын талашкан Көчөргө деле күндөн күнгө кыйын боло баштады. Эрди-катындын кыжың-мыжыңы күчөгөндөн Тээкбол да акыры Зуура менен Сагынычын турмуштун туш келген тарабына жетелеп жөнөдү.

«Бала туубаган катында кайдагы мээрим болмок эле! Оокатты мен таап келем, а үйдөгү катындын дасторконго пейилди кенен салбаганын көрбөдүңөрбү… Таарынбай баргыла» деген Көчөр үй-бүлөсүн ээрчитип кетип бараткан Тээкболду далай жолго чейин узатып келди.

– Жок, биз силерге ыраазыбыз, – деген Зууранын колтугундагы Сагынычка Көчөр өзүнүн үстүндөгү кементайын жаап, үйүн карай бет алды.

Андан соң Тээкбол өзүнө, аялына, баласына документ алалбай, көрүнгөн эшикти түрткүлөдү. Күнүмдүк ичкен-жеген тамак-аштан тыйын арттыра албаган немелердин документ сатып алганга буямалары жетпеди. Документ эмес, батирге төлөгөнгө чөнтөктөрүндө сокур тыйын жок карайлаган үчөөнүн кара өзөк күндөрү баарына түрттү. Жансактоонун айынан таштанды челектердин түбүн аңтарышат. Азыктын колго тийгенин тандабай жеген үчөө жан бычактын мизинде болгон күндөрү шаардын көчөлөрүнөн жыйнаган бөтөлкөлөрдүн тыйынына нан сатып жеп, жан багып жүрүштү. Бирок бөтөлкөдөн жыйналган тыйынга сатып келчү айран-сүт, нан жумурга жук болбоду. Тамак-аштан мурда Зуурага дары-дармек үчүн күнүмдүк акчаны үзбөй табууга жанын жанга уруп иштейли десе, жумуш бирде табылса, бирде кайыр сураганга жеткирди. Күндөн күнгө кедеринен кеткен Тээкбол менен Зуурада жадагалса кайрым тутар тууган жок эндекей жандар эле. Жатаар жайы, түнөр түнөгү жок кыштын кайыктырган суугунан кайда барарды билбей, көрүнгөн подъезддерди сагаалашты. Күнүгө кабат үйдөгү жашоочулардан кубаланып жүргөн күндөрдүн биринде Наргиза аттуу селсаяк кызды ээрчип, жылуулук трассасы өткөн жертөлөдөн орун табышты. Мурда алардын жашоосуна жийиркеничтүү караган үчөө селсаяктарга аралашууга тез эле моюн сунду. Бул жердеги көңүлдү айныткан бир гана нерсе – жертөлөдөгү абанын жагымсыз жыты. Көктүн жытыбы, чириген пияздыкыбы, чамгырдыкыбы, балыктыкыбы, жумуртканыкыбы, заараныкыбы, тердикиби, келемиштердикиби, айтор, дубалдын боорунан жердеги топурак, ташынан өйдө жыт бөлүп тургань гана болбосо, жылуу. Ошол жылуулугу болгон үчүн эле байырлап калышты. Айланадагы каңылжаарды жарган жагымсыз жыттан канчалык окшубасын, бирок кайда баралышмак. Өздөрүнүн жыттары да жертөлөдөгү жыт

www.bizdin.kg



менен сиңишип, жыт жөнүндө ойлонбой да калышты. Бирок бул жердеги жыттан жаман жиркеништүү жашоо – ата-эне, баланын ортосундагы сезим...

Жертөлөдө түнкүсүн кыңкысташкан аял-эркектердин үнүн уккан Тээкбол менен Зууранын беттери сыйрылып бүттү. Канчалык кулактарын жапырган сайын, кечкисин жертөлөдөгү көрүнгөн эркек менен Наргизанын «ахалап-охологонун» угуп жаткан Сагынычтан ыңгайсызданышат. Бала неме чоңдор жасап аткан ишти өзү жасап аткандай уялганын сезген ата-эне кирерге жер таппайт. Жан кумарга баткан аял-эркектин үндөрүн балабыздын кулагы укпасын деген Зуура менен Тээкбол кээде мукамдуу үндөрү болбосо да карылдап-шарылдап ырдамыш болот. Бирок муну жаман кементайын башына чулгап уктамыш болгон Сагыныч сезип эле жатат. Кээде жерди топулдатып бийлегенге аргасыз болушкан ата-энесинин маскарапоз болгонун аяйт. Тигилердин деле башка табар амалы болгон жок. Күн алыстан кайталанчу жертөлөнү жаңырткан үндөр ата-бала-эненин ортосундагы сепилди кулатып салды. «Эптеп жазга жетип алсак, баш калкалар жай табарбыз» деген Тээкбол уулу менен аялын сооротумуш болуп, эртеден-кечке жаны сеп албайт. Бөксөсүнө эт, сүйрүсүнө сүт толелек Сагыныч да алы жеткен тыйын-тыпыр таап келсе, апасынын дары-дармегинен башкага жумшабайт. Жанын карыштаган Зуура бечара да күйөөсү таап келген ар кимдин арткан-үрткөн кийимдерин жамап-жаскай коюп, үчөө бир аз суукка моюн бербей жүрүштү. Күндө кечинде бир биринин таап келген оокатына шүгүр келтирип, табылбаган күнү томсоруп отуруп калышат.

Булар менен жертөлөдө күн өткөргөн Зуура менен ымалашып сыр айтышар Наргиза көрүнгөн эркектин колунда кор болуп жүрүп, акыры ичкиликке ооп кетиптир. Каракөк тарткан өң-келбети муңайым тартып, олоң чачы батташып жүрсө да, жылдызы жанып турат.

## Тор

Өзүнүн айтымына караганда аны мындай жашоого Зухра деген таэжеси жеткирген окшойт. Ал күндөрүн эстеген сайын уңулдап ыйлап алат. Зухра анын жөндөмүнө карап, адегенде Улуттук драма театрынын алдындагы училищага окутам деп шаарга жетелеп келген. Абитуриенттерди даярдоо мөөнөтү башталганда Ж... аттуу режиссер менен тааныштырып: «Эми ушул агайың эмне айтса, ошону аткарасың, болбосо окууга өтпөй темселеп кайра айылга кетесиң» – десе, секелек эмнени билсин, башын ийкеңдетип, таэжесинин сөзүнөн чыкпай турган болду. Анын үстүнө мектепти аяктагандан бери жүктүн түбүндө көп отуруп калган кыз ата-энесинин маңдайына кайтып баргысы келбеди. Режиссер да ошол эле

www.bizdin.kg



күнү Наргизага көркөм окуу, монолог жаттоо керек экенин түшүндүрүп, тапшырманы эки күндөн кийин кандай аткарарын көрмөк. Андан соң «Этюд», «Сценадагы кыймыл» деген сабак жөнүндө айтып кубандырды. Наргизанын да эң эле кызыкканы ошол сабактар болду. Анда бийлегенди, артисттик чеберчиликти үйрөнөсүң деген. Сахнага чыгуунун сырын ушул агайынын өзүнөн үйрөнөрүн уккандан тарта кыялы көкөлөп, үйгө жетиналбай келип, дароо көркөм текс жаттаары менен улам-улам күзгүнүн алдынан кайталап, агайы кандай айтса, так ошондой мойнун койкойтуп, өзүн актриса сезе баштады. Эки күндөн кийин театрга келип, абитуриенттерге аралашты. Агайы улам бир абитуриентти сахнага чыгарып, ар кимдин жөндөмдүү, жөндөмсүздүгүнө токтолуп, кээсин дароо эле «сен жарабайсың» деп, жалынып-жалбарып ыйлаганына карабай жөнөтүп атканын көргөндө, Наргизаны да сүр басты.

– Бул деген театр. Ар кимиңдин көңүлүңө карап алып калалбайм. Мага демектен жатындашым болуп кетсеңер да, таланты жогуңарды кантип актер кылам? Ушул жерден билим алып чыккандын баары актер болуп кеткен эмес, – деп абитуриенттерди бүшүркөтүп салган режиссер бир убакта Наргизаны да сахнага чакырды. Негедир Наргизаны тааныбагандай, кайдан келгенин сурады.

– Зухра таэжем менен…

– Ушинткениңерди токтоткула! Мени атам алып келген, апам алып келге-ен… Кана, тапшырманы жаттап келдиңби? Айт! Сени театрга ким жетелеп келгенин сураганым жок.

Агайынын өктөм корсулдаганынан сүрдөгөн Наргиза жаттап келгенин унутуп салды.

– Айтпайсыңбы…

Наргиза өзүн карманып, көркөм окууну чолуп-чолуп айта баштаган жерден, агайы токтотуп койду.

– Ажылдаган аялды көрдүң беле? – режиссердун бул кебине залдагылар да, Наргиза да күлүп жиберди.

– Көргөм.

– Көрсөң, элестетчи. Элестетип атасыңбы?.. Эми менин бетимди келип тытып алчудай ажылдачы.

Наргиза уялып кетти.

– Сен уялба. Уялсаң, артист болалбайсың.

Режиссер эми сахнага басып келип, ажылдаган аялдын образын туурап берди.

– Эми мени кайталачы.

Наргиза режиссердун айтканын кылды.

– Мына… мына. Бир аз өзүңдү бошот. Кысынба. Мына бул жерде эч ким жок деп элестет. Сахнада өзүң менен өзүң тургандай сез. Баарын унут. Бул жерде мен да жокмун, эл да жок…

www.bizdin.kg



Наргиза тез эле агайын ыраазы кылгыдай образга кирип кетти. Сахнага башкалар да чыгып, бирок көбүн «жарабайсың» деп дароо эле жөнөтүп атты. Эртеси, анын эртеси да абитуриенттер ылганып отуруп, 10–15 гана кыз-жигит калды. Алардын арасында да экзамен болгон күнү келген жолуна түшө тургандары бар экенин уккан Наргиза агайы айткан тапшырмаларга болгон дитин коюп, күндөн-күнгө чымыркanyп, режиссердун айтканын айткандай аткарат. Өзгөчө жүдөгөнү – «Сценадагы кыймыл» деген сабак болду. Өзүн мурда бийге жөндөмдүү сезген Наргиза агайынын алдына келгенделе жылан көргөн бакадай титирейт. Экзамен болоруна саналуу күн калганда агайы Наргизаны четке бөлүп: «Кечинде мына бул үйдүн дарегине кел, бий үйрөнөбүз» – деп олуттуу сүйлөп, басып кетти. Дарек боюнча кечинде агайы айткан үйдүн коңгуроосун шыңгыратты. Босогону аттаары менен денесин кайрадан калтырак басып, Ж...нын сүрүнөн коркуп турду. Үйдө музыка ойнолуп атыптыр. Агайы кадимки театр сахнасындагыдай калбааттуу түрү менен Наргизанын колунан алып, ортого тартты.

– Адегенде бийлегенди үйрөнүшүң керек. Ансыз, сценадагы кыймылга көнбөйсүң. Катыган немедей болбой, менин боюма жабыш. Эмне тартынасың?

Экөө вальс темпиндеги музыка менен 1, 2, 3, 4 дегенди чогуу кайталап, бири-биринин кадамын ээрчип, кенен залдын аягынан башына чыккыча бийлеп атышты. Наргизага бул өзгөчө жакты. Агайынын алдында мурдагыдай кысынбай, эми өзүн эркин сезип, ыргакка түшүп калганына сүйүндү. «Эң негизгиси – музыканын ыргагын угушуң керек» деген агайынын сөзүн ар бир кыймыл сайын унуткан жок.

– Наргиза, суусадыңбы? Жүрү кухняга.

Экөө кухняга кирери менен агайы куюп берген компотту тартып ийди.

– Кел, дагы ич.

– Жок, рахмат, агай.

– Рахматты окууга өткөндөн кийин айтасың.

Агайынын бул сөзүнө Наргиза чексиз ыраазы болуп калды.

– Экөөбүз азыр вино ичебиз.

– Мен ичалбайм.

– Ичип көрөлексиңби?.. Азы-ыр… Муну ичсең, кадимки Таттыбүбү эжеңден өткөн актрисага айланасың. Жанагы театр сахнасынан киралбай аткан образга винону ичкенде киресиң. Сен эми мындан ары чыгармачыл адамсың. А чыгармачыл адамга эргүү керек.

Таттыбүбү жөнүндө агайынын кебине жүрөгү серпилип, ошол улуу актрисадай болом деген чексиз кыял менен агайы сунуп турган чөйчөктү албайм дегенге эрки жеткен жок. Бир жагынан улуу адамдан жазганган кургур, мөлтүлдөп турган чөйчөктөрдү «кел, кагыштыралы» десе, кагыштырып ийди. Кагыштыргандан кийин ичпей коё албады. Аз-аздан кылтылдатып ууртап отуруп, тез эле жүзү албырып чыкты.

www.bizdin.kg



– Жүрү эми, образга кандай кирер экенсиң...

Театр сахнасынан образга киралбай аткан Наргиза чын эле агайы айткандай, азыр кадимкидей эргүү менен үнү шаңкылдап, тартынганын унутту. Тиги да «жарайсың» деп ыраазы болуп карап отурганына сүйүндү.

– Кел, жаныма отуруп, бир аз эс ал.

Отурары менен агайы шадылуу колдору менен кучактап алды. Каршылык кылган жок. Кайра эркелегиси келип, өзү да агайына ыктады. Мындай жакындык экзаменден кулабай турган ишенимин да жаратып койду. Азыр алдыда эмне болорун баары бир сезип да турган. Бир жагынан кокус агайымдын эрки менен болбосом, эртеңки тагдырым эмне болот деген коркунуч да жоошуганга аргасыз кылды.

Ж... да Наргизанын баёолугу менен энөөлүгүн байкап, бир далайдан кийин чочутуп албас үчүн жүзүнөн сүйүп, чачынан жыттады. Мунусу тигиге да жагып турганын туйганда, азада кыздын тирсийген көкүрөгүн аспиет уучтады. Качан гана Наргизанын деми алеп-желеп болуп турганын сезгенде, этегин түрдү. Жүрөгү түк-түк соккон кыз агайынын колун бир аз түрттү, бирок бул анын каршылыгы эмес, уялгандагысы эле. Буга чейин эч бир эркекке минтип кол салдырып көрбөгөн секелекке агайынын эркелеткени жагымдуу сезилип, жаш денеси дүрт этип дүүлүгүп кеткен.

## Ыза

Ал ошол күндөн баштап агайынын үйүнө күндө келчү. Алдын ала чочулаткан экзаменден да өттү. Экзамен алган мугалимдер абитуриенттердин бой-келбетине карап да тандоо жүргүздү. Бул жагынан анда өңкелбет кудайга шүгүр эле. Акыры бактылуу студенттик турмушка аралашып, агайына болгон сүйүү сезимине элирип солкулдаган Наргизанын тез эле сулуулугу артып чыга келди. Театр студенттеринин эң жакшы көргөн сабагы – «Актерлук чеберчилик». Бул сабактын мугалими Ж... нын ар бир сөзү, ар бир кыймылы студенттерге жакчу. Бирок жумасына үч эле жолу кирет. А студенттер болсо бул сабактын өтүшүн күнүгө каалар эле.

Зухра бир күнү: «Агайыңды бүгүн кечинде үйгө ээрчите кел» – деп калды. Таэжеси күнүгө түнкүсүн жумушуна кетчү. Күндүзү деле көп көрүнбөйт. Негедир бул күнү үйдө эле. Кечинде таэжесинин жумушуна агайы менен Наргиза да бармай болду. Буга чейин таэжеси эмне жумуш кыларына кызыккан эмес. Азыр кызыкты. Алар шаардын буйткалуу көчөлөрүнүн бириндеги саунага келишти. Ал жерде чоң залы бар экен. Анда өңчөй ажары келишкен ар улуттагы 15–20дай кыз Зухранын келишин күтүп отурушуптур. Алар Наргизалар кирип келери менен тура ка-

www.bizdin.kg



лып, илбериңки учурашты. Негедир баарысы эле Зухраны «мама» дешет экен. Наргизага бул кызыктай туюлду.

– Кана, тизилгиле, – деген Зухранын өктөм буйругу кыздарды шаштырып койду.

– Азыр мына бул агайыңардан бий үйрөнөсүңөр деген таэжеси Наргиза менен Ж...ны калтырып, өзү чыгып кетти. Ошол күндөн баштап күнүгө кечинде чоң залга агайы экөө келчү болду. Кыздарга түрдүү бийлерди үйрөткөн агайынын билимине, талантына суктанат, бирок Ж...га болгон кызганыч сезимдери жанына тынчтык берчү эмес. Бийден кийин агайы күнүгө бир кыз менен саунага кирип кеткенин жактырбай жүрдү.

Күнүгө эркек аттуунун далайы ушул жерге келет. Босогону аттаары менен кыздарды казгатар тизип, көңүлүнө жаккандарын саунага жетелеп кирип кетишет. Муну көргөн Наргиза таэжесинен чочулап жүрдү. Ал эмес, кыздардын кээсин сабай турганын көргөн. Бирок Наргиза аларды таэжеси эмне себептен улам сабаганын билчү эмес. Аны келген милийсалар да териштирбегенине акылы айран эле. Алар дайыма карап отурушат. Бул жерде Зухрага кыңк эткен адамды көргөн жок. Ошондой күндөрдүн биринде залга жоон топ эркектер кирери менен адаттагыдай кыздардын баары казгатар тизилип калышты. «А сен эмне кыздардын катарына кошулбайсың?» деген таэжесинин үнүн уккан Наргиза элеңдеп калганда, Зухра дароо эле кабинетине ээрчитип барып, жаакка тартып алды.

– Сен эмне мейманга келдиң беле? Бул жерде баарыбыз иштейбиз, көрдүңбү? – деп кабинетте карта чабышып отурган эки милийса менен агайын көрсөттү.

Наргизанын сойкулук кесиби ошол күндөн уланды. Ошол күндөн баштап бул жердеги башка кыздар сыяктуу эле күндүзү студенттик, түнкүсү саунадагы турмушу өтүп жүрдү. Келген кардарлардын көбү тез эле тааныш болуп калышчу. Бул жерди бир көрүп алган эркек кайра келбей койчу эмес. Арасында депутат, министр, бизнесмени бар. Аларды күнүгө телевизор же гезит беттеринен көрүп калчу. Эс алганы келгендер үчүн бул жерде бильярд, теннис, телевизор, DVD, кафе – баарысы боло турган. Ал эмес ак халатчан врачтардан бери келип-кетип кыздарды текшерүүдөн өткөрүшөт. Кептин баары ошондой текшерүүлөрдүн биринде Наргизанын боюнда бар экени билингенден башталды. Гинеколог муну Зухрага угузары менен Наргизага көрбөгөндү көргөздү. Кылгылыкты ким кылганын билип турса да, муну атайыле жаш кызды басмырлоо үчүн, анан да башкаларга сабак болсун үчүн жасады...

– Сен каяктан жүрүп боозудуң?

Аргасыз жарга камалып турган бечара агайы менен мамиле күтүп жүргөнүн угузары менен Зухра ого бетер атырылды:

– Как атаңдын башы!

www.bizdin.kg



– Таэже.

– Жаагыңды жап! Таэже дегениңди экинчи укпайын. Мен бул жерде мамаңмын!

Эртеси эле өзүнүн эмес, Зухранын эрки менен боюндагысын алдырды. Буга эч болбосо агайым каршы турар деген ою да ойрон болду. Агайы бул ишке катыштыгы жоктой четке чыга берди. Ал ошол окуядан кийин сынды. Билим алам деген тилеги менен чайкоочулук кылган таэжесинин торуна түшүп калганына ызаланып, окуусун калтырды. Мындай кадам менен таэжесинен көңүлү кайткандыгын каңкуу кылгысы келген. Бирок мунусу Зухрага майдай жагарын акылы аңдабаптыр. Эми ал бул жерде күнү да, түнү да иштөөгө мажбур эле. Босогону аттаган кайсы эркек болбосун көзүнө илингендердин бири – Наргиза. Ажары төгүлүп турган жаш кыздын жалын отуна кызыккандар кээде Наргиза үчүн атайы келген учурлар көбөйдү. Акыры эркектен жадаган жандын ызасынан ичкиликке көнүп алды. Иш убактысы күнү да, түнү да Зухранын гана эрки менен. Бул жерге көп учурда жогорку кызматтагы чиновниктер келген маалда алардын алдына жетелеп чыккан Зухранын Наргиза өңдүү бой-келбеттүү 4–5 кызы бар. Кайсы маал болсун, мында келген сыйлуу меймандар үчүн стрип бийлеп берген да ушулар.

Тезекбай менен Зейнеп: «Кызыбыз Наргиза шаарда театрда окуп атат» дегенге төбөлөрү көккө жетип сыймыктанчу. Бир күнү эле Наргизанын театрда окубай калганы, ичип жүргөнү, бузулган жолго түшкөнү жөнүндө ар кандай сөз айылга жетти. Абысындарынын оозун басалбаган Зейнеп күбүр-шыбыр көбөйгөн сайын өйдө карай албай, кызынан кабар алганы шаарга келсе, мурдагы Наргиза эмес. Булдуруктаган мас абалында апасынын бооруна кулап, кечирим сурап турганы Зейнептин жүрөгүн муздатты. Кызын жаактан ары бир тартып алып, жатындашы жасаган иш экенине ишенип-ишенбей, баары бир кызын күнөөлөдү. Иштин чоо-жайын Зухрадан да сурады. Анын айтымында: Наргизаны агайы менен бирге саунадан кармап алыптыр. Кийин боюна бүтүп калганын билип, баласын алдыртып салганын укканда, кызынан жүрөгү сууган Зейнеп, Наргизага кайрылбаган бойдон айылга жөнөп кеткен. Ошондон кийин: «Кызыңарды өз көзүм менен көрдүм» – деген айылдыктардын кеби арбый баштаганда Тезекбай менен Зейнеп да биротоло «кызыбыздан кечтик» дегени Наргизага жетти. Аны баарынан ызаланткан ушул. «Кайда барам?» Ата-энесине чейин биротоло бети ачылып калгандан кийин бул суроого басса-турса жооп издеген Наргизага тагдыр буйругу дагы бир чалмоо ыргытты. Зухранын кол алдындагы Наргизага окшоп катуу ичип кеткен 2–3 кыз боло турган. Алардын ичкенин койдура албаган Зухра бир күнү: «Кайда барсаңар да кармабайм, кеткиле! Булар менен кете турган дагы кимиңер бар?» – дегенин уккан Наргиза: «Мен» – деди. Тиги да негедир эч каршылыгы жок: «Бар, айланайын,

www.bizdin.kg



сенин ичкениңден өзүм да жадап бүттүм» – деп, Наргизадан кутула жадап турганын билдирди. Зухранын Наргизага айткан акыркы сөзү менен ыраазычылыгы ушул болду.

Зухрадан колдоруна бир тыйын албай чыккан алар ошол эле күнү Правда-Кулатов көчөлөрүнүн кесилишиндеги Батма деген сутенордун тобундагы кыздарга кошулду. Бирок өздөрү тапкан акчанын жарымынан ашыгын сутенорго карматышар эле. Бул жерди күнү-түнү көзөмөлгө алган кызыл шапкечендер бар. Алар бул жайдын коопсуздугун камсыз кылганы үчүн сутенор менен жең ичинен бөлүшүп алат. Анткени журналисттердин коомчулукка чагылдырып жиберер аракетине бөгөт коюш. Бир курдай бул жайда иштеген кыздарды видеокамерага тартып кеткен журналисттердин тобу мамлекеттик тийиштүү органдардын кийлигишүүсү менен жабылуу аяк жабылуу бойдон калган. Эл-журттун арасына андай чагым салар окуяга кабылбаш үчүн мындагы сутенорлор ошондон кийин тийиштүү органдардын жогорку кызматтагы жетекчилерин колго алып коюшкан. А болбосо журналисттердин тымызын жортуулга келип-кеткени – чуу салмайы басылчу эмес.

Наргиза бара-бара акыркы тыйыны калса да, баарын ичимдикке жумшаганга өттү. Чөнтөктүн түбүндө тыйын калбаган күнү ичимдик татмайын туралбаган неме: «Пиво алпер» – деп, тааныш эркектерге телефон чалмайы көбөйдү. Өзүнүн кара жанынан башкага карабаган Наргизага кээде ичимдик болсо болду, мурдагыдай үстү-башына карабай калган. Акыры жүрүп, көчөдөгү селсаяктарга кошулгандагысы ушул.

## Касапчы

Жертөлөдөгү азаптуу кыштан чыгып, ала шалбырт жаз келатты. Эми да Тээкбол менен Зууранын санааркаткан көйгөй бар. Баягы жаңы конушка жеткенде буттары кенен сунулуп, эрди-катын балалуу болууну ниет кылышкан. Эми күндөн күнгө Зууранын да мөөнөтү жакындап келатат. Сыз жертөлөдө өлбөстүн күнүн көрүп, эптеп кыштан чыгып алгандан кийин да экөө эмне кылышты билбей, баштары катты. Анамына деп жүрүшүп, Зууранын боюнан алдырып таштаганга таптакыр кеч болуп калды. Сыз жертөлөнүн шартында төрөлөр наристенин тагдыры кантер экен? Муну ойлогондо: «Кайсы каргашалуу күнгө туш болдук» – деп, Зууранын жүрөгү зыркырайт. Бир жагынан күндөн күнгө начарлаган өзүнүн ден соолугунан чочулап, чүнчүп да бүттү. «Куру дегенде мурдагы кепедей үйүбүз буюруп калса эмне. Эскилиги жетсе да, ушул жертөлөдөн өйдө эмес беле» деген кейип-кепчигендери көбөйдү. Бул өкүт дайыма экөөнүн ичин сыйрып, ошол кепедей үй көздөн учуп турат.

www.bizdin.kg



Ой-санаа жеп, жазгы күндүн илебине чыйрыккан денесин кактап темир жолдун боюнда отурган Зуура алыстан Сагынычтын ыйлап келатканын көрдү.

Сагыныч акыркы убактарда Ош базарынын тегерегинен чыкпай калган. Базарда аны менен бирге жүргөн шимүүр түлкүдөй 3–4 жетим бала бар. Булар базардагы майда чөнтөкчүлөр. Чоң чөнтөкчүлөрү да бар, бирок алар буларды бирөөлөргө урдуруп-соктурбай, сырттан көзөмөлдөйт. А алардын сыртынан көзөмөл кылар Бакыт, Кемел, Айбек деген милийсалар жүрөт. Кимде-ким чөнтөкчү балдарды колго түшүрүп алган болсо, алар бул базардын тартибин көзөмөлдөгөн ошол милийсаларга кайрыла турган. Кызыл шапкечендер чөнтөкчү балдар колго түшөрү менен арызын жазган жабыркоочунун көзүнчө чөнтөкчүлөргө түшүнүк кагаз жаздырган түр көрсөтүп, пунктка жетелеп кетишчү. Бирок аларга чара көрмөк түгүл, дароо бошотуп: «Кечке чейин дагы баланча акча табасыңар»– деп, чөнтөкчүлөрүн жортуулга жөнөтүшчү. Сагыныч да далай жолу колго түшүп, далай жолу бошоп чыккан үчүн коркуу дегенди билчү эмес. Мунусу милийсаларга майдай жакчу. Кайра күндөн күнгө тирикарак болуп бараткан Сагынычты «өрт бала» дешип, жакшы көрүшчү. Башкаларга караганда Сагыныч да чөнтөк тинткенге келгенде жолдуу эле. Эч бир куру кол кайтчу эмес. Ошондой күндөрдүн биринде базардын эт саткан бөлүгүндөгү узун кезекти күткөн элдин артында турган. Улам арттан келгендерди алдына өткөрүп жиберип, экиүчөөнүн чөнтөгүн тазалап койгон. «Алдыга өтө бериңизчи» – деп кичипейил көрүнгөн баладан эч кимиси шек санабады. Ангычале Сагынычты бирөө келип кежигеден уучтап, карылуу колдору менен тыбырчылаткан бойдон эт чапкан дөңгөчкө сүйрөдү. Кезекте тургандар чуру-чуу болуп: «Жөн турган немени эмнеге ыйлатат?» – дешип, баланы тыбырчылатып сүйрөп бараткан колу кетмендей касапчыга наараазы болушту. Алгыр куштун колуна түшкөн түлкүдөй тыбыраган баланы дөңгөчкө эңкейте кармаган касапчың да касапчы экен, эт чаап аткан балтасын жарк эткизип өйдө көтөрө берди. Дөңгөч дүңк дегенделе бала чыңырып ийди. Эт чабылган дөңгөчтүн үстүндөгү баланын колунан кан диркиреп, төрт манжасы секирип-секирип кетти. Манжанын учунда деле жан бардан бетер бүлк-бүлк эткенин көргөндөр чыңырып ийген баланы аяды.

– Ой, канкор! Бул эмне кылганың? – деп жаңыле кезекке келип турган чүкөдөй чалдын жаны чыдабай кетип, таягы менен касапчыга тап берип калды эле, касапчы кайра чалды урушту:

– Чөнтөгүңдү карачы. Карачы дейм! Акчаң ордунда бекен?

Чал да жанчөнтөгүнө колун салып, селейип калды:

– Катыгүн, акчам жок!

Касапчы эми башкаларга да өкүм кыйкырды:

– Дагы кимдин акчасы жоголуптур?

www.bizdin.kg


Базар ичи чуру-чуу түшүп: «Менин акчам жок» дегендер касапчынын оозун тиктеп калышты.

– Баарыңардын акчаны мына бул желмогуз алды! – деп түпкүчтөй түйүлгөн баланы элдин алдына түртө берди:

– Бар эми, кайда барып арыздансаң да алдагы манжасыз колдоруңду көрсөт!

Жардангандар баланын чөнтөгүн тинтип, бирок эч кимиси сокур тыйын да табалган жок. Бир убакта күрсүйгөн-күрсүйгөн, бука моюн буржуйган үч-төрт жигит пайда болуп, касапчыны тоорумакчы болуп чекеге чакырды эле:

– Мына, акчаңарды мына бул бадиректер* алды!

Касапчы, капчыгын жоготкондорго тиги тургандарды көрсөтөрү менен базардын жарымы ошол чөнтөкчүлөрдү кууп жөнөдү. Баланы болсо милийсалар келип, пунктка жетелеп кетти. Алар кан токтобогон Сагынычтын колуна кайдан-жайдан таап келген кийиз куурду күйгүзүп баса койгондон кийин кан токтоп калгандай болду. Базардагы чөнтөкчүлөргө капчыктарын каңтартып ийген жабыркоочулардын уу-дуу болгону басылары менен милийсалар Сагынычты: «Бул жагын өзүбүз тууралайбыз» – деп узатып коюшкан.

* * *

Уңулдап ыйлап келген баласынын түрүн көргөн Зуура: «Кудай ай, биз сага эмнебизден жаздык!» – деп, касапчыны каргап-шилеп, ботодой боздогонун уккан адам жанына чыдап туралбас эле. Адегенде жаалы кайнап, касапчыга бармай болгон. Бирок аны Сагынычтын: «Милийсалар мени эптеп куткарыш үчүн качырып жиберди. Экинчи келбе – деп айткан» дегени гана токтотуп койду. Кечинде баласын көрүп, касапчыга бармакчы болуп жулкунган Тээкболдун ачуусун да ушул сөз токтотту. Болбосо, касапчыны бычак менен жарып өлтүрмөк болгон.

Сагынычтын колу бир айча зырылдап ооруп жүрдү. Көрүнгөн дарыдармекти шыбап атышып, акыры айыктырып алышты. Ал анан атасына кошулуп, Аламүдүн базарында тачка түртүшүп, жан үрөп жүрдү.

## Канталамай

Бир күнү кечинде базар жабылар убакта элдин баары: «Акаев качып кетип, Ак үйгө эл кирип барыптыр» дешип, жабыла жөнөгөн. Бийликке

* Оңбогурлар.

www.bizdin.kg


наразы элдин көтөрүлүшкө чыкканын уккан Тээкбол менен Сагыныч да окуяга күбө болгону элдин шарына кошулуп кетти. Көчөдөгү эл күндөгүдөн башкача дуулдап, бир убакта сүрүлүп бараткан топтун алды дүкөндөрдүн терезесин талкалай баштады. Кээси кирип атат. Казганаттап тургандардын арасындагы тиги экөө да эмне болуп атканына түшүнбөй калышты. Аңгыча кирип кеткендин баарысы дүкөндүн ичинен колго эмне урунса, сыртка ташып атканын көргөн Тээкбол менен Сагыныч да колго тийгенин алып, кудуңдап жертөлөгө жөнөштү. Сумка-сумка тамак-аш көтөрүнүп келген экөөнү көргөн Зуура элейип калды. Шаардын көчөлөрүндө дүкөндөрдүн баары талкаланып атканын укканда, Наргиза экөө да кайта бир барып келмей болгон Тээкбол менен Сагынычка кошулду. Наргиза орто жолдон эле азык-түлүк дүкөндөрдүн бирине кирип кетти. Шаар ичиндеги үй эмеректери сатылган дүкөндөрдүн биринен диван, кресло көтөрүп чыгып аткандарды көргөн Тээкбол, Зуура, Сагыныч да четте калбады. Бирөөлөр көтөрүп баратып таштап кеткен дивандын бирин алып жөнөштү. Кыш бою сыз жертөлөдө көңүлдөрү сууган аларга ушул гана керек эле. Аны: «Ээси менмин» – деп да эч ким талашкан жок. Колунун жарааты толук айыгелек Сагыныч кыйралаңдап апасы менен дивандын бир учун көтөрүп баратты. Ай-күнү жакындап калган кош бойлуу Зуурага андан бетер оор болду, бирок чыдаганга аракет кылды. Далай оор турмуштун азабын тартып келаткан шордууга дивандын салмагы оор сезилген жок. Алдыда күшүлдөп-бышылдап бараткан булардан алдуу-күчтүү Тээкбол Зууранын ай-күнү жакындап калганын деле унутуп койгондой. Кээде гана диванга бир аз көчүк басып, тыным алары менен арттан бирөө кубалап келчүдөй шашылган үчөө акыры жеткирип тынышты. Зуура бечара жертөлөгө келер замат диванга боюн таштаган бойдон турган жок. Эми жертөлөнүн ичине диван коюлганы абыдан жарашып калды. Бул жерге келгенден бери үчөөнүн эң катуу кубанган күнү – бүгүн. Азык-түлүктүн камы да бир далайга жетчүдөй. Бирок түнү бою онтолоп чыккан Зуура эртеси катуу кыйналып баштады.

## Байчечекей

«Мен силерди ошондо эмнеге үздүм экен?» Жаңы ачылган байчечекейлерден көзүн албай отурган Наргизанын жүрөгү зырп этип алды. Бажырайган гүлдөрдү телмирип тиктеген анын көкүрөк кусасы элөөсүздөн козголуп кетти. Ыйлап жиберди. Ала-Тоодо эң биринчи эрте ачылып, эрте соолуган назик гүл байчечекей экенин эстеди. «Эмнеге силерди ушинтип жаратты экен?» Гүлдөрдүн таажысынан сылап, гүлбуруктары назик болорун буга чейин элес албай келген Наргиза бала ке-

www.bizdin.kg



зинде үзүп ойногон байчечекейлерге табияттын таш боор экенин ойлоду. «Табияттан да, наристе өспүрүмдөн өйдө эмнеге байчечекей гүлүн аябайт? Эрте ачылганы үчүнбү? Эмнеге күзгө чейин ушул жарашыгыңар менен бажырайып турбайсыңар?» Гүлдөр менен сүйлөшкөн Наргизага азыр жарык дүйнөдө байчечекейден бөлөк аянычтуу эч нерсе жоктой туюлду.

Анын көзүнө эң четтеги башкаларынан эрте ачылган байчечекей көрүндү. Чирип баштаптыр. Бажырайып турган таажылары четинен соолуп, курушуп турганы – айыккыс дарт сыяктуу сезилди. Өсүмдүккө жабышкан ал дартты өзүнүн денесиндеги жаңыдан пайда болгон котон жарасына окшоштурду. Соолуп бараткан гүлдү да соолуп бараткан өзүнүн жаштыгындай элестетип: «Менин тагдырым да сеникине окшош» – деп, гүлбурагы чириген байчечекейди кебездей жумшак алаканы менен сылап, аны гүл эмес, тикенекке окшоштурду. Назик гүлбурагы кургап калган байчечекей Наргизанын алаканын тикенек сыяктуу сайгылады.

Ал өзүнүн денесинде пайда болгон котон жарасын бүгүн гана байкаган. Аны жазбай тааныды. Таанып замат заманы куурулуп, бул айыккыс дарттан арылаар арга таппагандан, бир кездеги Айгүл курбусун эстеди.

Денесине котон жарасы чыккан Айгүл дартынан айыгып кеткен. Аял кишинин денесинде жаңыдан пайда болгон мындай балээни эркекке өткөрүп жиберүү оңой экенин ошол Айгүлдүн оозунан уккан. Батманын колунда иштеп жүргөн Айгүлдүн дартын көп эркектин кайсы бири тез эле илип кетти. Калыбы, Батманын айтуусу боюнча эркек менен болгон катнаш оңой жол экенин угуп, сутенору айткан кеңешти жасаган. Айгүл чындап эле ошондон кийин айыгып кетти. Наргиза да азыр курбусунун бул балакет оорудан куландан соо кутулганын эстегенде, агайы Ж…ны эстеди. Бул дартты, бул азапты Ж…га гана ыраа көрүп, башка эч бир эркектин бул дартка кабылышын каалаган жок. Анан ургаачы аттуудан Зухрадан башка эч бир жан котон жарасы эмне экенин көрбөгөн, билбеген болсо деп тиледи. Ушул эки адамдын котон жарасынан чирип өлгөнүн кудайдан суранды. «Каргышым ушул экөөнө жетсин!» – деп каргылданып ыйлап: «Мен бул дарттын азабын башка жан адамга каалабайм. Мен азыр өзүмдүн жанымды өзүм кыям да, бул дартты өзүм менен алып кетем…»

Бирок кантип өз жанын кыярды билбей, эки жагын каранды. «Эмне кылсам! Эмне кылып, жаным кыйналбай өлүп алсам экен?»

Бул дартты баарынан да ушул жертөлөдө жашаган селсаяктарга жугузуп алуудан чочулады. Алардын ар бири өзүнүн үй-бүлө мүчөлөрүнөн артык көрүнчү. Аңгыча: «Баа» – деп ыйлаган наристенин үнү угулду. Үн жертөлөдөн жаңырды. Тээкбол менен Сагыныч бул убакта түндө талоонго алынган дүкөндөрдү дагы бир сыйра кыдырып жүрүшкөн. Наргиза

www.bizdin.kg



азыр наристенин ыңаалаган үнүнө кулак түрүп, ай-күнү жакындап калган Зууранын эстеп, жертөлөгө жүгүрдү. Кыңкыстап жаткан Зууранын жанына келери менен кызыл эт ымыркайдын тыбырчылаганын көрүп, чочуп кетти. Эриндери кеберсиген Зууранын суусундук сурап атканын түшүндү. Анын үнү угулбай калыптыр. Түндө баштыкка толтура көтөрүп келген арак, пиволордун оозун ачты да, адегенде бир шише аракка колун таза чайкады. Чебелектеп шаштысы кеткен неме Зуурага пиво жуткузгандан кийин, карбаластап калды. Бир убакта бөтөлкөнүн сыныгын таап келип, Зуура көргөзгөн жерден баланын киндигин кесип жиберип, дивандын бир башындагы эски жоолукка наристени орой салды. Наристени колуна көтөрүп, эми ал жертөлөнү жаңыртып кыйкырды:

– Сүйүнчү, эркек бала төрөлдү! Мен анын киндик энесимин…

Жер жаңыртып жар салды да, колундагы бөтөлкөнүн сыныгын алган бойдон ордунан шарт жөнөдү. «Менин жанымды кыйнабай турган ажал сенин гана мизиңде» – деп, ичинен күңгүрөнгөн Наргиза байчечекей жайнаган күнөскө кайра келди. Билегин түрүнүп, жоон кан тамырын узунунан тилип жиберди. Айнек тилген колунан кан шыр кетти. Түтүктөн аккандай болуп шырылдаган кан бажырайып ачылган байчечекейлердин таажысына жамгырдын суусундай төгүлдү. Бирок жамгырдын суусундай гүлбурактарды бажырайтып ачып жиберген жок, бүрүштүрүп, бүрүштүрүп салды. Көзү караңгылашкан Наргиза да байчечекейлердин үстүнө бүрүшүп кулады. Ал да байчечекей гүлүндөй үн чыгарбай соолуду.

## Кайрат

Жертөлөгө эң биринчи Тээкбол келди. Зууранын көргөн ал же сүйүнөрүн билбей, же күйүнөрүн билбей дендара аңырайды. Балким, башка учурда эркек балалуу болгонуна сүйүнөр беле, бирок азыр заманы тарып турду. Көкүрөгүндө эч бир аталык сезим жок селейип каткан бечаранын акыл-эси олку-солку эле. Азыр ал муздак кабар уккан адамдай сустайды. Түндө диванды көтөртүп байкоостук кылганына күрсүнүп алды. Зуурага үңүлсө, өңүнөн каны качып, төрөттөн кыйналгандыктан, кырча тиштелген эрди жарылып кетиптир. Аңгыча атасынын артынан өзүнөн чоң баштыктарды жонуна көтөрүнүп алган Сагынычты көргөн Зуура эчкирип ыйлап жиберди. Чыканактай баласын турмуш ушунчалык өжөр кылып койгонуна эне кургурдун сай-сөөгү сыздады. Баласы буга чейин мынчалык аянычтуу көрүнгөн эмес эле. Күндөн күнгө бойсунуп келаткан уулунун шымынын багелеги чолоюп кыска келип турганына каңырыгы түтөдү. Багелектен кызыл ашыгы бултаңдап көрүнүп жүрөт. Жашы быйыл 12ге карап атат. Ушул жашка чейин эмнени гана

www.bizdin.kg


көргөн жок? Турмуш аны ийик менен чыйратылган жиптей чимирди. Жарым жан оорукчан апасына бойтоңдоп буту басып, тили чыккан күндөн бери: «Мен чоңойгондо сизди өзүм айыктырам» – дегени эле канча жолу жүүнүн бошотуп, кайта канча чыйралтты. Баладай болуп оюнчук эмне экенин эмес, биринчи: оору эмне экенин, акча эмне экенин, дары эмне экенин билди. Баладай болуп, балдардын тобуна кошулбай, эс тарткандан ушуга чейин эле оорукчан апасынын жанынан чыкпай, керектүү дары-дармектерге акча тапканга далалаттанып келатканычы. Баладай болуп, жомок эмне экенин эмес, турмушту түшүндү. Ал жомок деген керемет дүйнө бар экенин деле билбесе керек. Аны атасы, апасы мажбурлай албас түйшүккө нечен жолу турмуш мажбурлады. «Апамды айыктырам» деген таза дили, таза дити менен баарына даяр балага уурулук деген түшүнүк таптакыр жат болчу. Аны айып деп эсептечү эмес. Эненин ак сүтүн актар милдетим деп сезер эле.

Зууранын көзү бозоруп турса да, ушуну ойлогондо жүрөгү зырылдады. «Балам, келчи бери» – Сагыныч апасынын бооруна башын жөлөгөн кезде, Зууранын муун-жүнү бошоп, бүлкүлдөп ыйлап жиберди:

– Шордуум, ай… шорду-уум!

Эненин бул үшкүрүгү заманын кууруп турса да, Сагыныч азыр кайраттуу көрүнгүсү келди. Бирок апасынын абалын көргөн бала өзүн кармана албады. Ал да апасынын ушуга чейин кайраттуу, чыдамдуу болуп келгенин аяп, өксүп ыйлады. Буга чейин канчалык ыза болуп жүрсө да, апасынын көзүнчө карманып, ыйлачу эмес эле, жүрөгү өзүнөн өзү дирилдеп кетти. Буулуккан жашын төгүп болгондон кийин:

– Апа, бөбөгүмдүн атын Кайрат коёлубу? – деди.

Бирок ал муну айтам деп, апасын дагы бир сыйра ыйлатып алды.

– Тилегиңден айланайын десе. Сен айткандай ушу бизге Кайрат болсунчу, балам! Акжолтоюбуз болсун.

Баятан башын салбыратып отурган Тээкбол да муну укканда жандана түштү. Ал жаңы төрөлгөн уулуна ысым жөнүндө эч нерсе ойлонгон эмес. Ордунан серпилип туруп келип, жоолукка оролгон наристенин жүзүнө эми гана тиктеди. Баятан бери үңкүйүп турган неме эми ымыркайга бир аз үйрүлүп, эмчегин эмизмек болгон Зууранын колуна берди.

Оозуна эмчек тиери менен ыңаалаган үнү басылып калган бөбөгүн тиктеп сүйүнгөн Сагыныч: «Түндөгү талоонго кабылган дүкөндөрдөн бөбөгүмө коляска ала келбеген экемин» – деп ичинен өкүнүп алды. Курсагы ачка неме түндө атасы экөө көтөрүп келген баштыктардын биринен колбаса алып чыгып, оозуна тиери менен бул жердеги жертөлөдөн кетпеген сары күчүк шыйпаңдап жүгүрүп келди. Сагыныч ага чоң кесим колбаса ыргытып бергенин көргөн Тээкболдун ачуусу келип кетти:

www.bizdin.kg



– Өзүңдүн ырыскыңды өзүң жебейсиңби, атаңдын оозун урайын десе!

– Бул деле ачка да.

– Баарыбыз эле ачкабыз! Эмне сен, тоюнуп калдыңбы? – Муштумдай колбасаны кызганган Тээкбол, уулун тилдерин тилдеп алып, кайра аяды. Ойлоп отурса, баладай болуп, же балдар менен ойнобосо, ушул күчүк менен чын-дилинен кубалашып ойногон уулун тилдегенде эмне? Өзү курдуу балдар менен сүйлөшкөндөн корунган уулунун ушул күчүгүнөн башка кайсы жанкурбусу бар?

Күчүктүн башын сылап эркелетип аткан аянычтуу уулун карап отуруп, тээ качанкы турмушун эстеди.

## Нике

Тээкбол кенедейинен мал менен чогуу өстү. Атасы Шонкенин бала көрбөй жүрүп көргөн эндекей туягы. Ал өмүр бою чабан болуп жүрүп өткөн. Кийин көзү өтөрдө: «Ушул балам малга кароо. Таягымды уулума өткөрүп берейин, жакшы чабан болор түрү бар» – деп башкармадан суранып, Тээкболду да малчылык кесиптин артынан салган. Зуура менен Тээкболдун кол кармашып калганына да атасы себепчи. Ал анда колхоздун тубар коюн кармачу. Бир жылы Ат-Башыдан келген сакманчылар менен бирге кесиптик окуу жайдын студенттери жиберилип, арасындагылардан маңдайы жарык, кичипейил Зууранын турмушка бүйрө экени Шонке аксакалга абыдан жагып калды:

– Айланып кетейин, мектепти орусча окуганың менен чабандын кыздарынан да тың экенсиң. Мына бул жаман уулумду карачы, жактырсаң, келин кылып алып калалы. Макулсуңбу? – деди эле, тиги да тырсылдап жооп бергени:

– Уулуңуз абыдан эле жоош экен, а чүлүктөп жетелеп алсамчы, – деп Тээкболду чымчый кеткен.

– Мейли ошент. Эркекти чүлүктөп жүргөн да бирөө керек, – деп ичи жылып калган.

Тээкбол экөө ансыз да бирине бири ымаласанашып жүрчү эле, кексе чал аны астыртан туюп жүргөн үчүн жылдырып сүйлөдү го…

– Сен да бирөөнүн жалгызы экенсиң, бул да жалгыз. Эмне бар, эмне жок, көзүм өтүп кетелекте ушул жалгызымды үйлөнтүп, жайлантып кетсем, арманым жок эле. Кемпирден айрылганыма бир жыл болду. Айланып кетейин, ошент, батамды берейин, – деп оюн-чындын арасында эки жаштын ниетин жакындатып салган. Ошондон көп өтпөй, өзү да төшөктөн турбай жатып калды. Карынын көзү баарына жеткенби, Зуура менен уулун бир күнү маңдайына чакырды:

– Көзүм көрүп калсын, колуңарды кармашкылачы.

www.bizdin.kg



Экөө канчалык тартынып турган менен оор акыбалда кыңкыстап жаткан карынын шагын сындырбас үчүн кол кармашты.

– Эп, баракелде… Ылайым кармашкан колуңар ажырашпасын. Экөөңөрдүн алдыңардагы аталык милдетимди толук аткаралбасам да, айтар кебимди уккула… Зуура, сенин ата-энеңдин алдына барып, жакшылыктын ырым-жырымын жасайлы десек, экөөнүн тең көзү тирүү эмес деп атасың. Бирок урук-туугандарыңдын алдына барып, кулдук урганга жарайбыз. Эмне айтсаң, макулмун, оюңду айтчы, балам – деген Шонке аксакалдын кебинен кийин үй ичи жымжырт боло түштү.

Көөдөндөгүсүн айтарын айтып алып, баятан «коюңузчу» деген жоопту укпасам экен деп бүшүркөп жаткан чалдын үмүтүн суутпай, Зуура да чечкиндүү жооп узатты:

– Той камын өзүңүз жакшылап айыгып кеткенден кийин көрөлү. Убакыт бар, – деп короодо маараган козуларына чуркап кетти.

Ал күндөрү уулу экөөнүн үй тириликтерине да аралашып кеткен жакшылыктарына ыраазы болгон чал Зуураны чындап колунан чыгаргысы келбеди. Босогодо чечкинсиз туруп калган уулун чакырып:

– Тээкбол, бери кайрылчы. Уучуңду узарта турган түгөйүң болчу жан ушул кыз. Өзүң да имерсең боло, – деп уулуна ичи чыкпагандай түр менен жалдырады.

Анын эртеси эле Тээкбол менен Зуурага Шонкенин акыркы керээз айткан күн болуп калды.

– Зуура, айланайын, сен менин өз балам болуп калдың. Сенден жашыра турган кеп жок. Кокус, жамандык болуп кетсе, мына бул караан туткан медеримди жалгыз калтыра көрбө. Ушуну сенин колуңа тапшырып атам…

Дагы бир аз тынымдан кийин, алсыз колдорун жайып, бата берер алдында эсине бирдеңке келгендей, буйдала түштү:

– Тээкбол, унутуп атканымды карачы. Тээтигил ыраматылык апаңдын сандыгын ачсаң… Жок балам, сен аччы, – деп кайра Зуурадан өтүндү.

– Ачылдыбы?.. Ачылса, ошондогу ак жоолукту алып, Зуурамдын башына өзүң сал, – деп болочок келинчегинин башына жоолук салып аткан уулунун кыймылынан көзүн албай тиктеди.

– Эми колуңдагы ачкычты келинчегиңдин колуна бер, – деп мындан ары ал сандыктын ээси Зуура болорун айтып, колун батага жайды:

– Акжолтой келин болуп келгениңе ыраазымын, балам. Жалгыз тилегим ушул эле, тилегиме жеткирдиң. Экөөндүн өркөнүңөр өсүп, алдыңарды мал, артыңарды бала бассын, оомийин... – деп акбата бергендин эртеси таңга жуук үзүлүп кете берди. Ошондон бери Тээкбол менен Зууранын кармашкан колдору ажырай элек.

www.bizdin.kg



## Жаңы мезгил

1991-жылдын күзүндө радиодон СССР өлкөсү тарагандыгы жөнүндөгү кабар эшитилип калды. Радиодон уккан жаңылыкка ишенип-ишенбей жүрдү. Ошондон бир жыл өткөндөн кийин эле мал санакчылар келип калды:

– Колхоз тарап атат, малыңды өткөрүп бер.

– Ой, менин малчылык кесиптен башка колумдан эмне келет?

– Биз эмнени чечмек элек. Бул тээ жогору жактын буйругу.

Мындайды күтпөгөн Тээкбол менен Зуура аргасыздан малын өткөрүп, боз үйүн чечип бергенден кийин жакага көчүрүлүп келинди.

Түз эле колхоздун конторуна аттап, башкармага кирди:

– Биздин мындан аркы көргөн күнүбүз эмне болот?

– Эмне болмок эле, малдан деле жадагандырсың, эми жыргап жата бер, – деген башкарма жер аңтарылып кетсе да козголор эместей. Бирок ага болбой, арыз-муңдун четин чыгарды:

– Өзүңүз билесиз, ушул жашка чейин малдын артынан келатам…

– Анан?..

– Эми кайда барып жашайм?

– Кайда барып жашамак элең? Үйүңө…

– Менде кайдагы үй? Мал артынан жүрсөм…Мага эми өкмөт жардам бербесе, ким берет?

– Өкмөт кайдагы үйүн берет? Түшүнөсүңбү? Азыр өкмөт деген жок. Ал оомийин болду… Ха-ха-ха-ааа, – деген башкарманын жообунан кийин салбырай басып, атасынан калган эски жалпак тамга жөнөдү. Босогону аттаары менен жакшы кабар күтүп отурган үй-бүлөсүнүн да супсундары сууй түштү. Өзүн колхоздун алдыңкы чабанымын деп жүргөн бечара минтип башкармадан шагым сынып, ызаланам деп ойлогон эмес эле. Өмүр бою партия жүктөгөн милдетти аткарып келатам деген куурагыр СССРдин кулап калганына кабырга сөөгү кайышып, мүмкүн жакшылык болуп кетер деген үмүттөн ажырагысы келбеди. Коммунисттик партия ушул бойдон таптакыр кыйрап каларына ишенген жок.

Уулу Талип экөө ошол эле күнү ылай ийлеп, атасынан калган эски чамгарактын шыбагын жаңыртканга киришти. Эшик-терезелердин жыртыгын бүтөп, сынган айнектерди кураштырып атып, колундагы дат баскан мыктардын керектүүсүн ыргытып, керексизин пайдаланып отуруп, өзүн да так ушул керексиз мыктай сезди. Эми ойлосо, убагында өкмөтүң деле Тээкболду так ушул мыкты колдонгондой колдонуптур. Азыр эми майышып, керекке жарабай ыргытылган мыктан эмне айырмасы бар? Кагылды, согулду, акыры эмне болду?.. Өкмөт ушинтип мындан ары керексиз мыктай ыргытып таштайбы? Муну ойлогондо, шуу үшкүрүп алды.

www.bizdin.kg



Үйдүн ичи-тышы шыбалып, акталгандын эртеси короо-жайын ирээттештирип атып, бастырмага кирсе эле уулу Талиптин денеси арканга асылып калыптыр…

– Талип! Кокуй, бул эмне кылганың!

Талиптин өлүмүнө эмне себеп болгону табышмак бойдон калды. Эч кимге эч нерсе деп айтпай, кабагы түнөрүп жүрүп эле өз жанын өзү кыйган өспүрүмдүн өлүмү ата-энесинин башына оңбогондой оорчулукту салып койду.

Жаманчылык зыйнатын баштан өткөрө элек немелер кыйынчылыкты ошондо көрдү. Короосунда маараган малы жок абалын көргөн айыл эли чогулуп, акыры жаманчылыкты бирге көтөрүп кетти. Эптеп бирөөнүн кунан чыкма жылкысы табылды. Андан башка ыгым-чыгымы деле оңой болгон жок. Баарынан да боз үй берген киши чыкпай, ар кимден ижарага сурап барып атып, араңдан-зорго табылды. Элдин пейили бузулган заманды Тээкбол ошондо көрдү. Айыл эли жаманчылыкта да боз үйдү ижарага берип калары оюна келбептир. «Элде салт деген бар эле. Кайда ошол?» – деп замандын капшабына кабылды. Бир журттун ичинен чыккан боз үйдүн ээси күнүгө боз үйдүн кунун доолап келе бергенде, карызды күтө турганга араң көндүрдү.

Ушул жашка келгиче төбөсүндө үйү жок экенин капарына албаган аңкоолуктун азабы мына. Жайлоого көчсө, колхоз берген боз үйү, кыштоого көчсө, сарайы бар неме үй-жайга кам-чоло көрбөй жүрө бергенинин азабын тартар күнгө туш болду. Партия үчүн адал эмгек жасап жүрөм деген түшүнүктүн быт-чыты чыкты. Буга чейин алдындагы алкынтып минген аты, айдап жүргөн малы өз менчигиндей көрүнчү экен. Аларды колхозго өткөрүп бергенден кийин аны менен эч кимдин иши болбой калганына баарынан катуу арданды. Алдыңкы чабан кезинде алган үйдөгү орден, сый барактардын баары өкмөттүн баланы алдаган оюнчугунан бетер пайдасы жок экенине ичи ачышканычы.

Короосунда койдун корголу жок Тээкболдун үй-бүлөсү ал жылы атасынан калган жаман тамда эптеп эле кыштан чыкты. Талипти жерге бергенден кийин көмүр сатып алганга чамалары жетпей турганда, кыш кирип келди. Жыртык мешке от жаккан сайын үйдүн ичи түтүнгө толуп, кошуна-колоңдон тилемчи болуп, отун сурап келгенде: «Кудай Таала адамга башканы суратса да, чилденин күнүндө бирөөдөн от сурантпасын» деген күндөрдү өткөрдү. Куру дегенде Ак-Сайдан көң жүктөп келгенге колхоз башкармасына барды эле, трактор сурап алганга кадыры жеткен жок.

Акыры колхоз карамагында эч бир энчиси жок экенинен үмүтү үзүлүп, ошол каатчылык жылдары Чүйгө көчкөн көпчүлүк менен Бишкекке жылды. Мал менен жүрүп, ыкшоо мүнөз күтүп калган жаны кыжылдаган шаар турмушуна бирок тез үйрөндү. Кызы Салима менен Зуура

www.bizdin.kg



бирөөлөрдүн аркасы менен Россияга товар ташышса, өзү көчөдө тамеки, семичка сатып отурду. Бир аз ирденип келатканда дагы бир ырайымсыз кырсык Зуура экөөнө кан жуткусуп кетти. Россиядан келаткан кызын бирөөлөр поездден ыргытып жиберип, сөөгүн тосуп алышты. Зуура экөө анда да канаты кайрылган куштай, сыздап отуруп калышкан. Ошондон кийин да батирден батирге көчүп, турмушу улана берди. Сагынычы төрөлдү. Жаңыдан көз жарган наристенин ыйын угуп сүйүнгөн экөө Талип менен Салиманын бир кездеги айжаркын элесин сагынганда, «Сагыныч» деп азан чакырышты. Зуура экөөнүн кайгысын Сагыныч төрөлгөндөгү жакшылык бир аз жеңип кетти.

Жаңы замандын шарданы кайра эле соода кылгандан башка арга таптырган жок. Өкмөттүн кылча пайдасы жогуна түшүнүп, анын кан соргон мите курттан эч айырмасы жок экенине көзү жетти. Маңдай тер менен тапкан болор-болбос тыйын-тыпыры салыкчылардын чөнтөгүнө кетет. Күнүгө ар кайсыны айткан милийсасы да, салыкчысы да көп. Зуура экөө соода кылар бир чарчы жер үчүн кокодон алчу ошолордон күйдү. Өкмөт чыгарган закондордун шылтоосу күн сайын алмаша бергенинен, акыры соодадан көңүлү калып, курулушчуларга кошулду. Андан да чекеси жылыбаганда, чоң базарга барып, тачка түрткөн түйшүккө аралашты. Канча жыл батирден батирге көчүп, көңүлү калган Зуура экөө жарыгы күйүп турган терезелерди көрсө, кудай тааладан үйдөн башка эчнерсени тилеген жок. Экөөнө терезеси жарык үйдө жашагандар бул дүйнөдө эң бактылуу көрүнөр эле. Шаар четиндеги козу карындай жаңы көтөрүлгөн чатырларды көргөн сайын, Зуура экөөнүн ичинен кан өтүп жүрүп, акыры эптеп жыйган акчага төшөктө жаткан орус кемпирдин эски үйүн сатып алышкан. Бирок акыры минтип чатыр көздөн учкан тагдырга туш болушту. Анын үй-бүлөсүнө эски замандын да, жаңы замандын да жарыгы тийген жок.

Канчалык белин бекем бууп, каруусун казык кылбасын, маңдай-теринен жарыбай койду. Кимди күнөөлөйт. Өзүнбү? «Тагдыр ырайымын качан көрөм?» – деген Тээкбол азыр турмуш эмнеге ушуга жеткиргенине башы катып отурду. Зуура экөө эмнеден адашты? «Кудай кандай адамдын колуна эле  берип коёт? Өз ырыскымдан жыргап кеткен күн болдубу? Ууру кылганым жок. Киши өлтүргөнүм жок. Кудай бизди эмнеге жазаладың! Каргышыңа кабылгыдай эмне кылдым эле!? Бир уурунун акчасын таап алыпмын, ошобу? Каргышыңа калаар иш кылганым ушул элеби? Ууру кылгандардын канчасын көрдүм? Бирөөнүн адал тер, адал эмгегин жеп деле жыргап жашап жүргөндөрдүн канчасы жүрөт! Эмнеге ошолордун телегейи тегиз? Ошолордун жазасын бербеген кудай таала эмнеге менин үй-бүлөмдүн башына азапты үйүп салдың? Эгер кудай таала бар болсоң, эмнеге баарыбызга тең болбойсуң! Кудай-таала, эмнеге сенин кулагың кереҥ, көзүң көр болуп калган! Эмнеге бизди кууратып койдуң?!»

www.bizdin.kg



Каңырыгы түтөп отуруп, жер муштаган бечара баятан кудайга акаарат келтирип алганына кайра өзү калтаарый түштү. Өмүр бою кудайдан коркуп жашаган бечаранын кудайга акаарат келтирген күн деле ушул болчу.

## Келемиш

Күн кечтеп калган маалда Зууранын деми кысылып, алсырай баштады. «Чыйрыгып атам» дегенинен Тээкбол менен Сагыныч таштанды челектердин арасынан таап келген эски кастрюлга шорпо кайнатып беришти. Бирок жарытылуу иче алган жок. Алардын «ооруканага жеткирели» дегенине да эч көнбөй койду. Түнү бою кыңкыстап жатып, бир убакта көзү илинип бараткан экен, баланын ыңаалаган үнү басылбай атканынан ордунан козголуп, сүт чыкпаган эмчегин дагы эмизди. Баланын ыйы мурдагыдан күчөндү. Зуура болсо: «Карды тойбогон үчүн ыйлап аткандыр» дегенден башканы ойлогон жок. Эмчектен сүт чыкпай атканына кейиди.

* * *

Жертөлөдөгү келемиштер бул жердеги кыбыр эткен жандардын тирлиги тынчыган кезде күндүзгү кандын жытына келген. Шимшилеген алардын бири жоолукка оролгон Кайраттын кызарган согончогун кемирип кирди. Бирок аны наристе чырылдап ыйласа да жан адам туйган жок. Бул жердеги келемиштерге көнүп калгандыктан баары бейкапар уйкуда эле. Наристенин ыңаалаган ыйы эч бир келемиштин коркуу сезимин ойгото алган жок. Алар тез эле биринин үстүнө бири үйүлүп, ымыркайдын согончогун кемирип жиберди. Төшөнчүнүн үстү кыбырап атканын туйган Зуура үлбүрөгөн чырактын жарыгындагы келемиштердин күндөгүдөн көп экенин  көрүп, жүрөгү бирдеңкени сезгендей Кайраттын төшөгүн кымтылар кезде колунун учу тыз дей бергенде келемиш тиштеп алганын туйду. Чочуп турган неме Кайраттын согончогун көрүп, бакырып жиберди. Түн ортосунда Зууранын келемиштерди кубалап, далбастап атканын көргөн Тээкбол эч нерсеге түшүнгөн жок. Кайраттын согончогун көргөндөн кийин гана эки колу менен жүзүн баса калды. Экөө эмне кылар айласын таппай отурганда, баятан бышактап ыйлап аткан Зуура үн катты:

– Каражыгачта жашаган баягы Көчөр эсиңдеби? Балага бөөдө убал кылбай, ошолордун колуна берели… Андан башка аргабыз жок, – дегенден кийин, кабыргасы кайышып отурган Тээкбол да аялынын кебине

www.bizdin.kg



көндү. Бирок экөө бул сырды эч кимге айтпоону чечти. Муну Сагынычка да угузбоо керек экенин сүйлөшүп, Тээкбол акыркы жолу Зууранын эмчегин наристеге бир эмиздирип алып, жылуу кымтылатып ороткондон кийин түн жамынып, Каражыгач жаңы конушуна жөнөдү. Баягы каргашалуу күн башына түшкөндө Ырыстын согончогу канабаган аял экенин айткан Көчөрдүн күйүтүн эстеп келатты. Баланын кадырын билээр кишинин терезесинин түбүнө келген кезде, эмне кылышты көпкө ойлонду да, каалганы такылдатты. Үйдөн чыгып келаткан Көчөрдүн дабышын угары менен наристени үстүнкү тепкичке шаша-буша коё салып, караңгыга сүңгүп кетти.

## Түш

Таң эртең менен Кайраттын кайда экенин эң биринчи сураган Сагыныч болду.

– Түндө кыйналганынан ооруканага жеткирип бердим, – деген атасынын жообунан Сагыныч эч бир шек алган жок.

– Кайра качан алып келебиз?

– Чоңойгуча алып келбейбиз. Бул жерден аны кантип багабыз? – деген Тээкболдун жообуна Зуура бир жактан кошулду:

– Бул жерди көрүп атпайсыңбы, балам. Аны кантип чоңойтобуз? Өзүбүз адам өңдүү жуунуп-таранып жашай албай атып, баланы каяктан жуунтуп, каякка уктатабыз? – деп каңырыгы түтөп турган апасынын жообунан кийин кечөөтөн бери бөбөгүнө камкор боло баштаган Сагыныч да эч нерсе дей албады.

Атасы менен апасынын түнөрүңкү кабагын байкап, түндө көргөн жакшы түшүн айтып, маанайды көтөргүсү келди:

– Апа, түндө жакшы түш көрдүм.

– Түшүңөн айланайын, айтчы.

– Түшүмдө дайым эле кичинекей чатырлуу үй көрөм. Биз ошол үйдө жашайт экенбиз. Менин Короочу деген күчүгүм бар экен.

Сагыныччтын бул түшүн Зуура жакшылыкка жоруду. Ал да түшүндө дайыма кичинекей чатыры бар үйдү көрөрүн айтып, уулунун маңдайынан сылады:

– Буюрса, биздин да үйүбүз болот, балам. Аман бололучу, – деген.

* * *

Денеси чыйрыгып, деми кысылып турган Зууранын бүгүн жөтөлү басылбай туруп алды. Бүткөн бою бир жактан оор тартып, көзү караңгы-

www.bizdin.kg



лайт. Түндөтөн бери калчылдап үшүгөн денесинин калтыраганы күчөдү. Кубаты кетип турган Зууранын абалы тез эле начарлай түшкөнүн туйган Тээкболдун да санаасы ордунда эмес эле. Зуурага кечээ кайнаткан шорпону кайрадан ысытып, бирок бүгүн да ичиралбай убара болду. Колу калчылдап, чыныдагыны оозуна жеткире албаганын көрүп, өзү жардамдашты. Анда да болгону бир ууртап, тескери бурулду.

– Ичсең эми.

– Күндү көргүм келип атат. Мүмкүн күнгө чыксам, чыйрыкканым басылар, – дегенинен Сагыныч экөө Зууранны колтуктан сүйөп, темир жолдун боюндагы күнөскө отургузушту. Көпкөк асмандан көзүн албаган Зуура күндүн нуруна бир башкача тиктеди. Жаз деми жыттанган тебелге көз чаптырып, суктанып алды:

– Күндүн табын карагылачы. Бүгүн абыдан сонун экен…

Бирок күндүн табы Зууранны жылытпай койду. Мурдагыдай эле денесинин калтырагы басылбай, жөтөлү башталганда каны качып турган жүзү көпкөк болуп чыкты. Анын түрүн көргөн Тээкбол жанбүдө болуп санаасы тынчыбаганынан, тез жардам чакырганы жөнөп кетти.

– Сагыныч, мага жакын келчи.

Жанында сүйөнүп отурган уулунан көпкө чейин көзүн албай, телмирип отурду. Анын бул көз карашы – Сагыныч менен акыркы көз ирмеми эле. Бир нерсе айтайын деп, бирок уулунун жүрөгүн ооруткусу келбеди. Коштошоордогу эң акыркы кебин эне жүрөгү айттырбай койду. Омуртка сөөгү сыздап турса да, тилин тишине катты. «Кош бол, балам, – деп кантип айтам! Жаным үзүлүп баратса да айтпастырмын. Оозума таш! Тиги дүйнө бар экени чын болсо, балам менен коштошпойм… Тиги дүйнөгө барайынчы… Атасы экөө бу дүйнөдөн көрбөгөн жакшылыкты мен тиги дүйнөгө барганда тилейм. Эгер тиги дүйнө жок болсо, анда кудайдын да бар экени жалган! Кудайдын бар экени чын болсо, баламды кудайдын колуна тапшырдым. Баламдан эми кудай таала мээримин аябастыр… Кудай тааланын бизге көргөзбөгөн башка эмне кордугу калды! Бу дүйнөдө атасы экөөнө жүк болгондон башка пайдам кайсы… Жарым жан оору болуп жүрүп, экөөнү кыйнап бүттүм. Жок. Жок, өлбөйм. Балам жанымда турганда, аны кантип чыркыратам! Жөөлүп атамбы? Жок. Жөөлүбөйм. Мына күндүн көзү чакчайып турбайбы… Балам жанымда отурбайбы…»

Бекем чымырканып, ордунан тургусу келди. Денесин козгой алган жок.

– Балам, атаң кайда?

– Азыр келип калат. Чыдаңыз, апа. Тез жардамга кетти.

– Наргиза эмне көрүнбөйт? Бүгүн кайда кетип калган?

– Билбейм, апа.

Зууранын Наргизаны сураган себеби: «Менин көзүм өтүп кетсе, Сагынычка менин ордума энелик мээримиңди сала жүр» – деп айтмак бол-

www.bizdin.kg



гон. Уулун да, күйөөсүн да мээрими жумшак биреөнүн колуна тапшыргысы келген. «Тээкбол менен Сагынычтын тагдырын тапшырып кетсем, тынчыраак өлөрмүн» – деп, Наргизаны көргөнгө эки көзү төрт болду.

– Наргиза эжеңди чакырып келчи, балам…

Сагыныч Наргизаны издеп, жүгүрүп кетти.

«Жок мен… кудайдан мээрим тилебейм. Кудайдын бар экени кана! Анын жок экенине мына бул чакчайып тийген күндүн өзү күбө. Биз мына бул жарык күндүн алдында кудайдын жакшылыгын көрдүкпү? Кудайдын калыстыгы кана! Ал биздин үнүбүздү ушул күндүн алдында угуп койдубу?!»

Ал азыр кудайдын тирек болоруна таптакыр ишенген жок. Тээкбол менен Сагынычка тирек болор күч кудайдын эмес, Наргизанын колунда деп ойлоду. Кудай тааланын колунан келбеген жакшылыктын баары аялдын колунда, аялдын жүрөгүндө, аялдын мээриминде деп ичинен күңгүрөндү. Бул дүйнөдө кудайдын жок экенин ал азыр сокур сезим эмес, көкүрөгү менен туйду. Туйганда да жарык дүйнө менен коштошорунда…

– Наргиза эжени таппай келдим – деген Сагынычтын кебин кулагы эшиткен жок.

Өзүнчө кайышып отурган апасынын үшүгөн колдорун ушалаган Сагыныч болсо алдыда жамандык болорун күткөн жок. Апасынын мындай оорусуна ал далай жолу көнүп калган эле. Бул жолу да көнүмүштөй сезилди. Болгону мурдагыдан көбүрөөк аяп, апасы көрүп келаткан турмушту ойлонуп, телмирип катып калган. Бир убакта апасынын көк жөтөлү кармап, өң-алети бузула баштаганынан коркуп кетти. Апасынын тарбайган колдору жайылып келип, күндүн нуру менен кошо Сагынычтын тулку боюн бир кучактап алган бойдон деми чыкпай калды.

– Апа! – деп бакырган Сагынычтын үнүн Зуура уккан жок. Анын денеси жер тарта бергендей болуп туруп эле сууп калды. Сагынычтын жүрөгү титиреп, чыңырып жиберди. «Балам жанымда турганда, аны кантип чыркыратам!» деген Зууранын кулагына Сагынычтын чыңырыгы жеткен жок. Жетсе, жарык күндүн нуру менен коштошпойт эле. Ал дагы бир чымыркаnып, баласын бооруна кучактап отурмак. Наргизага Тээкбол менен Сагынычтын тагдырын тапшырып, көрүндө тынч жатмак.

Бул убакта тез жардам айдатып келаткан Тээкбол апасынын үстүндө кулап жаткан уулунун жер сабап атканын алыстан көргөндө эле жүрөгү жамандыкты сезди. Тез жардамдан эми пайда болбосун билсе да, айдоочуну шаштырды.

Кеч болуп калганына ийин куушурган врачтар Зууранын жасатын* алып кетебиз дегенин укканда Тээкбол каршы болду. Бирок анын сөөктү

* Сөөгүн.

www.bizdin.kg



бербейм деген эркине коюшкан жок. Керектүү кагаздарга кол койдурарга келгенде, Зууранын да, Тээкболдун да эч бир документи жок экенин уккан врачтар, өздөрүнүн жоопкерчилигинен коркуп туруп алышты. «Соттолуп кеткидей алыбыз жок» дешип, аялынын жасатына Тээкболду ээ кылбай, жүктөп кетишти.

Эң чоң кыйынчылык эртеси башталды. Врачтар сөөктү моргго өткөрүп салгандыктан, Тээкбол менен Сагыныч он күн убара чегип салпактады. Ар кимге жансепил көрүнүп, Зууранын жасатын моргдон алууга уруксат алалбай, барбаган жерлери калган жок. Кайда барып арызданышпасын: «Колуңарда Кыргызстан жараны деген паспортуңар кана» деген шылтоолор жадатып, акыры Зууранын өз колу менен көмалбай калганына арманда калышты. Кайда барышпасын, арыз-армандарынан эч майнап чакпай турганына көздөрү жеткенден кийин бир күнү ата-бала маңдай-тескей отуруп, Зуурага эң биринчи жолу куран окушту. Алакан жайып бата кылар кезде Сагыныччтын манжасыз колдорун көргөн Тээкболдун көзүнө турмуш ушунчалык суук көрүндү. Алаканын жайып отурган уулунун колун тиктеп, өзүн дал ушул манжасыз колдой элестетти. Өмүр бою жанында таяныч болуп келаткан Зуура жок үчүн мындан аркы жашоо жолу эми ага так ушул мулуюп турган манжасыз колдой туюлду. Кош канаты жарадар куштай ордунан эңшерилип өйдө көтөрүлгөндөн кийин, артына бурулуп, көзүнөн кылгырган жашты уулуна көрсөтпөй, үнсүз басып кетти. Ал ошол күндөн баштап Кайраттын ыңаалаган үнүн угуп кайтуу үчүн Каражыгач жаңы конушундагы Көчөрдүн үйүнүн терезесинин түбүнө түн жамынып дайыма бир маал келип-кеткенге көнүп алды. Үйдүн сыртынан далайга чейин акмалап жүрүп, Кайраттын ыңаалаган үнүн бир угуп алгандан кийин, жандан чыккан наристесинин маңдайынан сылап алгандай болот. Түн жамынып бир маал келип кетмейин, Кайраттан санаасы тынбайт. Бөбөгү жөнүндө Сагыныч да ойлонбой койбойт. Бөбөгүн эстегенде, апасын да эстейт. Апасын эстеген сайын кичинекей чатыры бар үй дайыма түшүнө кирет. Түшүндө апасы менен ошол үйдө бөбөгүн эркелетип, бирде Короочу деген борсулдаган күчүгү экөө ойноп жүргөн болот. Түшүнүн эң жакшы көргөн жери – апасы үйдөгү мешке от жагып отурганы. Ал түшкө абыдан ишенет. Ал эми турмушта көзү жеткен нерселерге ушул жашынан эле анча ишенбейт. А түшүндө көргөн нерселер качандыр бир кезде турмушунда болоруна көзү жетип турат. Апасынын кайра тирилип келбесине көзү жетсе да, бирок качандыр бир кезде атасы экөөнүн үстүндө сөзсүз чатыр болоруна ишенет.

**2007–09.**

www.bizdin.kg



*Поэзия*



Атакан
КОЖОГУЛОВ

# ЫРЛАР

* * *

*Жүрөгүмдө бир сезимден калып так,*
*Жолуң тиктеп олтургансыйм чокудан.*
*Жеңижоктой жалгыздыктан жабыркап,*
*Токтогулдай миң толгонуп олтурам.*

*Өмүр күүсү бийлеп барат жанымды,*
*Өзүң десем өзгө жандай көрдүңбү?*
*Сен билесиң карамды да, агымды*
*Сенсиз келем коштоп алып эргүүмдү.*

*Мен өзүмдү ай-ааламдан кең сезип,*
*Мейкиндикте бара жатам мелмилдеп.*
*Сенсиз келем сезимимди терметип,*
*Бир көктөмдүн даамы кетпей эрдимден.*

*Жүрөгүмдөн жүрдү дүйнө кыяндай,*
*Жаздай жаркын дале сенден түңүлбөйм.*

---

**Атахан КОЖОГУЛОВ** *1970-жылы Кочкор районунун Чолпон айылында туулган. 1992-жылы КУУнун тарых факультетин аяктаган. Улуттук телерадиокорпорациясында журналисттик кесипте эмгектенет. «Көз мончок», «Деңиз муң», «Чач агарткан чакырым» ыр китептеринин автору. 1994-жылы Табылды Муканов атындагы сыйлыктын лауреаты болгон. УТРКнын отличниги.*

www.bizdin.kg



*Жеңижоктой ай-ааламга сыялбай,*
*Токтогулдай толкуп турам бүгүн мен.*

* * *

*Көңүлүмдү көчкөн журттай калтырдың,*
*Көр турмуштун көөдөнүндө калкырмын.*
*Арманымды наристедей жетелеп,*
*Арасында жалгыз калдым ай-жылдын.*

*Өзүңдү ойлоп өзөк өрттөп жанаармын,*
*Өткөн күндү кайрып берчи, каралдым.*
*Күйүтүмдү күкүк кылып безентип,*
*Кылымдардын кыйырына бараармын.*

*Көз жашылдап ырын тыңшап шамалдын,*
*Көңүл калып карегиңе камалдым.*
*Көөдөнүмдө соккон жүрөк барында,*
*Сыр дайрадай сени көздөй агаармын.*

* * *

*Өмүрүм өрттөп өзүңсүз тостум таңдарды,*
*Өкүттө келем өмүрүм коштоп армандуу.*
*Бакыттын кушун учуруп ийдим бир келген,*
*Баркыңды билип, баалаган мендей жан барбы?*

*Өзүңдү жоктоп канжолдо турам муңайым,*
*Өзүңө алып кайра эле жөнөйт бир агым.*
*Таалайдын изин биз баскан жолдон издетип,*
*Тагдырым болгон таркабас менин кумарым.*

*Бир өзөн сырдуу буулугуп агат муңумдай,*
*Биз сүйүү үчүн жашадык окшойт кылымдай.*
*Бул күндөр тураар сүйүүнү болгон терметип,*
*Бул дүйнө калаар мен созгон мукам ырымдай.*

*Тагдырдын жолун жаңылбай кимдер басалат,*
*Таңдарым мени айылыңа бир күн алпарат.*

www.bizdin.kg



*Өзүң деп жүрүп өмүрдүн чыгам соңуна,*
*Өзүмдү өзүм кечирбей, анан жазалап.*

## Кечтеги ой

*Бүтүн дүйнөм бүлүнүп ээндегенде,*
*Ыйлап турсам келбедиң тергемеенге.*
*Өзөгүмдү өкүттүү өрт аралап,*
*Өзүмдү өзүм өлтүргүм келген эле.*

*Көчкөн журттай көбүнөн көңүл калып,*
*Кетти жылдар үлүшүн бөлүп алып.*
*Санаам калды коштогон үйүр болуп,*
*Сыр дайрадай мелтирейт өмүр агып.*

*Жоболоңдуу жазмыш да, кулангамтын,*
*Жарык дүйнө күнүңдү кыялбадым.*
*Жашым аарчып сапарда кубат болоор,*
*Жаным сезди жаркыган кыраң барын.*

*Жерден боорум көтөрүп кулангамтын,*
*Жашыл аалам тоо-сууңду кыялбадым.*
*Алыстардан тигилип тургандайсың,*
*Алоолонуп эстетип кумар барын.*

*Көңүл чөгүп көз жашым көлдөгөндө,*
*Караан калгыр сарсанаа эрмек эле.*
*Өкүт өмүр, жарыгың жалгандыр – деп,*
*Өзүмдү өзүм өлтүргүм келген эле.*

* * *

*Ырлар эмне?*
*Биз жок болсок атыбызды чакыраар,*
*бир төгүлүп чачылар.*
*Ыйлап турар ак барактын жүзүндө,*
*ырдап турар алыс калган жазын ал.*
*Жакшыбызды даңазалап,*
*кемчиликти жашырар!*

www.bizdin.kg



*Ырлар эмне?*
*Жаралгандай бир берилип кайыптан,*
*жаным болуп карегимди талыткан.*
*Кырк чилтендин өзү болуп көрүнүп,*
*караанымды коштоп келет алыстан.*

* * *

*«Үй курам» – деп*
*үмүт менен канча жылым карыттым.*
*Алаканым ар жаз сайын жоорутуп,*
*карегимди талыттым.*
*Кумурскадай мээнет менен*
*ар там-ташын кынаптап,*
*«көл-шал» болуп терден келем*
*барaaр жерим ырaaктап.*

*«Үй курам» – деп,*
*үмүтүмдү шам чырактай жандырып*
*келе жатам,*
*канча жылды кербендердей чубатып.*
*Асманыман таңдар атып, Ай чыгып*
*бир кейитсе, бирде тагдыр кубантып.*

*Ар ташында ак элгегим, ырым бар*
*Жүрө берээр мен бараткан көч менен.*
*Түркүк болуп турбаса да кылымдар,*
*Калган жашты ушул үйдө өткөрөм.*

*Ымыркайдай ак тилектер бар мына*
*Ыңаалашып ушул үйдө торолмок.*
*Ырлар жазам бар өмүрдү алдыда,*
*Алыкулдай кээде сызып, кээде оңдоп.*

*Жетинин бири «кыдыр» – деп,*
*айтып коюп «ырым» кеп,*
*Жетинчи жыл көчкөн турам үйүмө,*
*терек тигип тереземдин түбүнө.*

www.bizdin.kg



# Сагымбай

*Аяндан бүткөн бир күчтү*
*Алпештеп келген жалындай.*
*Жарыгың жанды дүргүттү,*
*Жалындан бүткөн, Сагымбай.*

*Кайыптан жанган ыр куш да,*
*Кантесиң анан табынбай.*
*Тоо болуп калдың кыргызга,*
*Тоолордон бүткөн, Сагымбай.*

*Кылымдар коштойт артыңан,*
*Кыргыздын намыс, арындай.*
*Көл болуп калдың чалкыган,*
*Көк теңир берген, Сагымбай.*

*Улуу жол жатат кашкайган,*
*Урпакка кеткен каныңдай.*
*Аккула аттай тапталган,*
*Арышы кенен, Сагымбай.*

*Калдайган доорлор жаратты*
*Кай жакта калдың табылбай.*
*Сарала аттай канаттуу*
*Саябан элең, Сагымбай.*

*Бир көргөн аян түштөйсүң,*
*Буурул таң карайт артымды.*
*Жылгада колдон түшкөнсүң,*
*Жылдарың билбей баркыңды.*

*Бул тоолор турган тараптай,*
*Булуттун кирсиз, агындай*
*Кыргызда калат Манастай*
*Кайыптан бүткөн, Сагымбай.*

www.bizdin.kg



# Жаман чал

*Жаман чал болуп олтуруп*
*Чарчады, жүрөк жаш бойдон.*
*Чөйчөккө сүйүү толтуруп,*
*Чөбүрө чуркайт шоктонгон.*

*Кылымдын кылы кыйшайбай,*
*Каруусун бекем кармады.*
*Керемет эле ырлардай,*
*Карачач жылдар андагы.*

*Көзүнө чөгүп көк, сүйүү*
*Керилип акты өзөн-суу.*
*Жанына бүткөн көктүгү,*
*Жан-сырын туюп көтөрдү.*

*Жаман чал болуп тигилет,*
*Жомоктой ушул жарыкка.*
*Ак айды сүйүп, күндү өөп,*
*Алыста жылдар, алыста.*

*Көзүндө көктөм гүлү бар,*
*Карасаң жүрөк эзилткен.*
*Суусаткан ошол сулуулар,*
*Суулардай агып кетишкен.*

*Жүзүндө нурдуу бырыштар,*
*Жылдардын салган издери.*
*Кылымдай кымбат ыйык чал*
*Кемибей турган күч, деми.*

*Жоо сайчу кубат бар эле,*
*Жаман чал болуп карыды.*
*Кетирек ойноок бала эле,*
*Кыялбай турат жарыкты.*

---

www.bizdin.kg



*Жеңиштин 65 жылдыгына*



**Бакыт БАЙМЫРЗАЕВ**

# «ЗЕМЛЯК»

**(Аңгеме)**

Айдараалы аксакалдын уулу ооз ачтыга чакырып, карыялар өткөн жылы көз жумган атасын эскеришип олтурушту. Айылдын кутман карыларынын катары улам суюлуп баратканына ар кимиси өзүнчө кейип, алардын баскан-тургандарын көз алдыларынан өткөрүп, элестетишти, эскеришти. Андайда дасторкондо айтылган сөздөрдүн аягы келип, ушул айылдагы баягы эле эки достун согуштагы окуяларына такалчу. Ошол эки достун бири Аликбек адатынча башы оогон жакта жүрсө керек, бүгүн да жок. А мүмкүн кадимки «Аликбек өргүүгө» салып, эски чапанын айкарасынан жамынып бир жерде уктап жаткандыр. Анын ошондой «өнөрүнүн» дагы бири согуштан келгенден кийин пайда болгон. Эшектин үстүндө болобу, же жөөбү, кандай болсо да каалаган жерине узунунан түшүп «куш уйку» сала кетет. Көргөндөр: «Кайран Аликем, алп уйкуну салган экен го… Жөн койгула, эс алсын» – дешип андан оолактап өтүшчү. Аликең өзү: «Туруп-туруп эле жер көчүп,

---

**БАЙМЫРЗАЕВ Бакыт Акылбекович** – *1965-жылы Чаткал районунун Каныш-Кыл айылында төрөлгөн. 1991-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы КМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетин ийгиликтүү аяктаган. 1991-жылдын сентябрь айынан бери аталган окуу жайдын кыргыз адабияты кафедрасында окутуучу, ага окутуучу, доценттин милдетин аткаруучу болуп иштөөдө. «Кыргыз адабиятынын маселелери» (1995-жыл), «Азыркы кыргыз адабияты» (I том, 2005-ж.) окуу куралдарын жазууга авторлош болгон. «Жапаркул Алыбаевдин чыгармачылыгы» (2003-ж.), «Кыргыз сатирасынын айрым айрым актуалдуу маселелери» (2003-ж.), «Абдылдабек Самүдүн уулу (Тайгүрөңов)» (2006-ж.) монография окуу куралдары жарык көргөн. Үй-бүлөлүү. Бишкек шаарында жашайт.*

www.bizdin.kg



башым тегеренип кетет, ошондо көзүмдү чылк жумуп, жерге жата калам» – деп түшүндүрөт. Аны тааныбагандар мас деп ойлошчу… Арийне, биз айта турган сөз башка, эл оозунда эки «достун» согушка баргандагы аңгемелери көп айтылат. Көпчүлүк чогулган жерлерде да бул экөөнөн ошондогу болгон окуяларды олтургандар кайра-кайра такып сурашат. Ошол өткөндөр дагы эсине түштүбү, Рахман чынындагы ысык чайдан шашпай ууртап коюп, үн-сөзсүз ойлуу олтурду…

* * *

Шыбыргактап жааган кар аралаш жамгырлуу түндө боортоктоп сойлогон эки караан душмандардын бөлүгү жайгашкан аймакка улам жакындап келатты. Асынган автомат, ок-дары, канжар, чүмбөттөөчү атайын материалдан тигилген кийимден башка ашыкча жүк болбосо да, алдыга жылуу кыйла эле оор. Түн жарымынан ооп калса да уйку дегенди унуткан согуш адамдары ар кимиси өзүнчө ой жоруп, өзүнчө аракетин көрө бермей. Көзгө сайса көрүнгүс караңгы түндө да эки тараптын тең көнүмүш адатына айланган атышуу, ышкырып учкан снаряд, кызыл мончоктой тизип ок бүркөн пулемёттун үнү, жарык берүүчү ракеталардын  дембе-дем асманга атылып, айлананы күндүзгүдөй жарык кылып турушу, кобур-собур үндөр, мунун баары Рахман менен Аликбек үчүн жаңылык болбой калган. Бул эки чалгынчыга бүгүн да фашисттер жайгашкан аймактын жалпы абалын өз көздөрү менен көрүп, таанышуу эле болбостон, кеңири маалымат берүүчү «тил»  кармап келүү тапшырмасы  жүктөлгөн болчу.

Алдыда шырп алдырбай, өтө ыкчамдык менен сойлоп келе жаткан Рахман орто бойлуу, чымыр денелүү, карасур өңүнө куп жарашкан суйдаң тарткан муруту аны анча эле токтоо, анан калса кыйла эле катамал көрсөтөт. Ал эми анын артында куйрук улаш келаткан эби-сыны жок тартайган, узун бойлуу, өңү сары чийкил тартып, жымшык көздөрүнүн кычыгында токтобой аккан шоролуу жаштын чылпагы такай катып, жүдөмүш абалга келген жыртак бет Аликбек тиши-тишине тийбей титиреп үшүгөндүктөн өз командири менен фашисттерди  ата-жотосун койбой сөгүп келатты. Анын табиятынан шашма, бирок көздөгөнүн бербеген кежир кыялы боло турган. Ошол шашмалыгынан кээде олдоксон кыймылдап, айланасындагыларды ыңгайсыз абалга салганда уялганынан өзүн өзү унутуп, жанын коёрго жер таппай барып оозуна келген сөздү айтып бакырып калат. Ошондон улам айылдагы келин-кезек Аликбекти «белимчи аке» деп тергешчү. «Белимчи акесинин» кыз-келин үчүн түгөнгүс өнөрү боло турган.

Ал – темир ооз комузчулугу. Кыз оюндарда, жоро-бозолордо «белимчи аке» темир ооз комуз какканда ал жерде олтурган ак жоолукчан аялзаты анын өнөрүнө арбалып, жалаяк оозуна жабыша кадалган темир

www.bizdin.kg



ооз комуз ышкыра үн созгондо «белимчи акенин» да өңгөчү үзүлчүдөй узарып, моюн күрөө тамырлары көгөрө чыңалып, көзү чанагынан чыкчудай тостоюп барып күч келгенде мөлтүр тунук жашы бетинен ылдый куюлар эле. Ага да кайыл болгон ооз комузчу жүздөгөн жоодур көздөрдөн өзүнө дем-кубат алып, темир ооз комузду оозуна бүтүндөй салып жиберип, бошой калган эки колун ар түрдүү мимикада жаңсап, кыл арканда ойногон дарчыдай көпчүлүктү өзүнө тартып алчу. Көмөкөй менен кошо бүткөн бул өнөр «белимчи акенин» атын бүт элге таанытып, өзгөчө, аялзаты бул адамды айылма-айыл аңыз кылып, кадимкидей өнөрүн көксөп, алардын көкүрөк дарты болуп жашачу. Аликбек да аларды кыялында өзүмдүк катары санап, башкаларга ыраа көрбөй, көңүлү ток жүрө берди, үйлөнбөдү. Ошондой оюн-зоок күндөрдүн аягы минтип кан күйгөн согуш менен коштолду.

Эгер бул согуш оту тутанбаса, фашист бизди карай жолбун иттей жортуп, жоо болбогондо Рахман менен Аликбек минтип Батыш Украинанын баткактуу сормо сазында боортоктоп суу болуп, жыланча сойлойт беле? Аликбектин оюна ушулар түштү. Өзүн туулуп-өскөн айылында жүргөндөй элестетип кетти. Кышылдап катуу сойлогон Аликбектин ой-санаасы Рахмандын согончогун тумшугу менен катуу сүзүп токтогондо бириндеп чачырады да, көзү умачтай ачыла түштү. Көрсө, фашисттердин чегине жетип, айланта курчалган тикенектүү зымды атайын ала жүргөн болот кайчы менен кыркуунун жолун издеп, Рахман саамга ойлоно калган экен. Көнгөн адатка салып, тикенектүү зымды тез эле кыркып, алдыга карай бой урушту.

Душмандын күзөтчүлөрү таң таштап калса да уктабай, улам-улам ракета атып, айлананы жаркырата жарык кылып турду. Жер менен жер болуп сойлогон эки чалгынчы эми мерчемдүү жерге келишкендигин сезип-туя башташты. Тигилердин кобур-собур үндөрү, иттеринин арсылдап үргөнү кадимкидей жакындан угулууда. Күн баягыдан да катуулап жаап келди. Өтмө катар суу болгон бул экөө болжол менен жүз кадамча боортоктоп сойлогон соң күтүлбөгөн жерден ири калибрлүү пулемёттун буктурмасына кабылышты. Көзүң жамандыкты көрбөсүн: Та-та-тата-та-талап кулак-мээни жеген узун тарсылдак бул эки чалгынчынын жүрөк үшүн алгандыктан эсин эки бөлүп, жерге жабыштыра баш көтөртпөй кыймылсыз абалга келтирди. Бир саамга өздөрүн жогото калган эки жоокер ириде бири-биринин амандыгын тилешти.

Пулемёттун таңкы тынчтыкты бузган ачуу үнү басылар менен эле чалгынчы Рахмандын онтогону, «бай-байлап» кылган жан далбасы Аликбектин үрөйүн учурду. Баарынан да топурак менен жуурулушуп, кан-жини аралашып, чубалып жаткан ичегини көргөн Аликбектин жүрөгү оозуна келип, өңү ант ичкендей кубарып, ала-сала дендароо боло түштү. Көз ирмем убакыт өттүбү, өтпөдүбү ким билсин, эс-мас

www.bizdin.kg



абалда калган Аликбек колу менен өз ичеги-карынын өзү мыжып, өлүү-тирүүнүн ортосунда жаткан Рахмандын үстүнө үйрүлүп, чымындай жанына аралжы болуп, жаратын таңып, жардам берүүнүн ордуна жан алгыч көргөндөй  көчүгү менен артты көздөй жылып, кетенчиктей берди. Айылдаш адамы эле эмес, куралдаш жолдошу болуп келаткан Аликбектин бул мамилеси Рахманды бир эсе таң калтырса, ошол эле учурда жанын кашайтты.

– Ой, баччагар, сени кайсы кара теке сүздү?! Бол, ыкчам менин солдаттык күрмөмдү айрып жиберип, ичегимди ордуна келтирип, ичимди таң. Анан экөөбүз чогуу алдыга жылалы!

Аликбектин түрүн байкаган Рахман эми сөзүн оңдоп сүйлөөгө өттү:

– Алике, мени бул жерге жалгыз мындай абалда таштай көрбө! Кантсе да кыргызбыз го… Бир элдик, бир журтпуз го… Алике! – Колу-башы калчылдап, кан ичмеси кармагансып кубарган Аликбек айтылган сөзгө кулак салмак тургай, эми көмкөрөсүнөн түшүп оңдолуп алып, анан ичинен күбүрөп, анысын угузуп-угузбай кобурап, жинди болгон эмедей өзү менен өзү сүйлөшүп, кимдир бирөөлөргө сөгүнүп-сагынып, тоңкоңдоп, копол кыймылдап баратты: – Мен… мен эми… жарадар немени сүйрөймүнбү же берилген тапшырманы аткарышым керекпи?… Жо… жок… болбойт! Мен тагылган тапшырманы аткарышым керек! Буйрукту аткарышым керек! Ие… неңди урайын фашист! Эми ал аз келгенсип тиги ичегимди жыйнап, ичимди таң деп жатпайбы?!! Мындайды ким көрүптүр?!… Өлчөөсү өзү менен эле кетсин… Бул өлөт, адам болбойт! Өлөт… өлөт… Өлгөндө да арам өлөт!  – Жаагы карыша түйүлүп, өзү жерде түйүнчөк болуп тоголонуп жаткан Рахман ачуусун тыя албай, үзүлкесил  муунгансып, шыбырай сүйлөдү:

– Эй, ит, ырайга келип жардам кыл! Жо, болбосо, анда сени да кошо ала жатам! Артыңа кайт! Жан керек десең жардамга кел! Мени бул жерге таштаба!… Мени… мени… Аликбек,  эсиңе кел!… – Айтылган сөзгө кыпындай да кулак какпаган Аликбек бар күчү менен алдыга карай умтула, өпөң-чычаң өңүп баратты. Рахман эми  өзүн токтото албай калды окшойт, ыйынып-ычкына, чубалган ичегилерин тутамдай кармап ордунан обдула берип ары жакта жаткан автоматка карай жүзтөмөнүнөн кете эптеп жетип жыгылды. Өз куралы колуна тиери менен көзү канталап кызарган Рахман «биссмилла» деп ичинен ыйман келмесин келтире күбүрөп алып, анан аны бетине кармай берди. Бута атымчалык аралыкта жөргөмүштөй тарбалаңдап сойлоп бараткан Аликбек автоматтын кандуу кароолуна даана илинди. Адеп машаны басардан мурда Рахман Аликбектин балалык чагын, айылда экөөнүн бирге ойногон күндөрүн, анан келип азыр эле үрөйү уча, жаратты таңуудан, өзүн кошо ала кетүүдөн баш тартып турган кебетесин дагы бир жолу көз алдына келтирип, ошол замат заманасы куурула кейип да, өткөн өчү бардай жинденип да туруп машаны кантип басканын билбей калды. Рахман өз кыялында өткөн ба-

www.bizdin.kg



лалыгы менен дагы бир жолу коштошуп, адамдардын алдында, эл-журттун алдында кечирим сурап, муун-жүүнү бошоп, шолоктоп ыйлап жатты. Кокустан «тык» деген үндөн чоочуй, башын чулгуп көтөргөн Рахман али да өлбөй сойлоп бараткан Аликбекти көргөндө кара курт көргөндөй денесин жыйырып, колунан куралы жылмышып барып жерге кандай түшкөн болсо, өзү да ошондой абалда эстен танды. Оозунан ок бүркүп, тирүү жан үчүн ажал чачкан кандуу курал бул жолкуда эзелтен келаткан катаал антынан тайып, от албай турду. Көрсө, түнү менен жааган кар аралаш жамгырдан улам сойлоп келатканда милтесине суу тийгендиктен, эми минтип ойго келбеген окуянын уланышына себепкер болууда.

Арадан көп убакыт өтпөй эле Аликбек кеткен тараптан чыккан жер силкинткен жарылуунун үнүн бул жарадар жоокер уккан жок… Күн ачылбай, кар аралаш жамгыр мурункудай эле тынбай жаап жатты…

## II

Рахман эсине келип, көзүн ачканда өзүнүн тирүү экенине ишенип, ишенбей, адеп көзүнө урунган ак халатчандарды көрүп, өзүн санчастта же госпиталда экенин боолголоду. Жанына келе калган эмчи эжеден бүгүн кайсы күн экенин кыңкыстап атып араң сурады. Анын айтуусу боюнча эсептесе бүгүн бул жерге келгенине төртүнчү күн болот экен. Кантип эле ушунча күн бир ойгонбой уктасын…

Ал жарадар болуп эс-учун жоготкондон көп өтпөй партизандык отряддын адамдарынын жардамы менен санчастка жөнөтүлүп, андан алгачкы медициналык жардам алган соң, аскердик госпиталга жеткирилип, оор операциядан кийин минтип төртүнчү күнү гана эсине келип олтурат. Рахман колу-бутун кыймылдатып, жаткан ордунан козголуп, темир керебетти кыйчылдата копшолду. Бирок ошол замат зылдай оор жүк үстүнөн ныгыра басып тургансып, жаңы эле союлган жери жанын көзүнө көрсөтө ачышып, ичи бир башкача сайгылашып ооруду. Эрдин кырча тиштеп онтогон Рахман кайра эле мурункудай бир калыпта жатууга аргасыз мажбур болду. Чекесинен чыпылдап чыккан терди аарчып туруууга шайы келбей, кайрадан уйкуга кирди.

Эртеси көзүн ачканда эшикте күн жаркырап тийип, бөлмөнүн ичи өзүнчө бир шаңга бөлөнүп тургансыды. Муну Рахман кечегиге караганда бүгүнкү абалы, көңүл-маанайы кыйла дурус экенине жоруду. Жарадар солдаттын ойгонуп, көзүн ачканына кубана ал-жай сураган эмчи эже аяк-башын кымтылап жаап, анан аркасына жаздыкты бийиктеп коюп, сыртты карап отургудай ыңгайлуу шарт түзүп берди. Тирүүлүктүн өзү чоң дөөлөт экенине Рахман дагы бир жолу ишенип, дагы бир жолу жетине албай ыраазы болду.

www.bizdin.kg



Шайдоот кыймыл-аракети менен ар кандай абалда жаткан жарадарга чоң үмүт, терең ишенич тартуулаган кесипкөй эмчи эже Рахмандын алдына атайын жасалган тактайчаны коюп, үстүнө жука тасмалды жайып, бир чөйчөк кайнак суу жана шылдыраган суюк сорпону булоолонтуп көтөрүп келди. Оң колуна кашык кармап, Рахман «биссмилла» деп бир аптадан берки биринчи жолку даамды оозуна жакындатты. Бах, чиркин, тирүүлүктүн деми, бышкан аштын даамы кандай күчтүү жана таттуу! Аны өз башынан өткөрүп, өз колу менен ооз тийгенге не жетсин! Рахман оозуна келген алгачкы даамды каниет кылуу менен «кылк» дегизе күрмөдү. Муздак суу болсо кана ичкиси келди. Кулагына сай-сайдан түшкөн булактардын шылдыры угулду.

Күндөн күнгө Рахмандын ахвалы аз-аздан оңолуп, жараты жакшыра берди. Арадан антип-минтип он күндөн ашык мезгил өттү. Эми ордунан туруп, бөлмөнүн ичинде илкип-калкып ары-бери баса турган болду. Ошондой күндөрдүн биринде көзү туздай көгөргөн орус улутундагы эмчи эже ага келип ал-ахвал сураган соң, коңшу бөлмөдө анын «землягы» жатарын, эгер кааласа барып кобурашып турууга болорун айтты. Кайдагы «земляк»? Балким, өзү өңдүү жарат алган дагы бир бузурман баласы жардамга зар болуп, Ата Журт кабарына суусап, өз эне тилинде ички дартын, көңүл көйгөйүн бөлүшөр пенде издеп жаткандыр. Эмне болсо да эмелеки эмчи эже айткан «землякты» өзү көзү менен көрүп, ал-жайын суроону чындап ниет кылды.

Рахман илкий басып, коңшу бөлмөгө жөнөдү. Эшикти ачып, улаганы аттаганда эле анын көзүнө урунганы баягы көнүмүш – экөөсү эки башка абалда кийилүүчү бир эле тумактын  кулакчындары болду. Андан кийин бир кулакчынын жөн эле кыстарып, экинчисин байлабай бош калтырып, анысы антенна сыяктуу сороктоп туруучу тумактын эки түрдүү абалдагы кулакчындарына өзүнчө төп келишкен жымшыгый көз, жыртак бет көрүндү. Көргөнү курусун, бет алдында өзүнө өзү ээ болбой, шоролуу көзү бир башкача шойкомдуу болуп, шыптын бир чекитин көз ирмебей кадала тиктеп, кыштын кыраан чилдесинде бардамалап,  бууланган көк уюл муздай жайылып, ээк-сакалга чейин жетип токтогон чор кайнаган чимкиригин тарталбай, эби-сыны кетип нес болуп олтурган Аликбекке кол сунуп, салам айтты:

– Аа… саламалейки… Сен да бул жерде белең?… – Салам айткан кишини таанып, жөндүү алик алмак тургай ит келдиби, «пыш» дедиби, аны сезип, ажырата албай тирүүнүн өлүгү болуп олтурган Аликбектин шадылуу оң алаканын Рахман кош колдоп, астейдил түрдө силкилдетип, копол кыймыл менен учурашты. Аликбек болсо баштагысындай эле бир нерсени ажыратып билмек турсун, өзүнүн бар же жок экенин аңдап, туйбай бир калыпта шыпты тиктеп тунжурап олтура берди. Бул көрүнүштүн чоо-жайын эми чала-чарпыт боолголоп түшүнө баштаган Рахман шаш-

www.bizdin.kg



пай үнүн бийигирээк чыгарып, жайгерчиликте өзүнүн такай айта жүргөн көнүмүш сөзүн кошо экинчи ирет кепке тартты:

– Ой, дайис, эсиңе кел!… Аа… шордуу, сага эмне болгон?… – Рахмандын үнү каргылданып, мууну бошоп кетти. Мындан он күн мурунку таңкы окуя, андагы Аликбектин жоругу ушу тапта Рахмандын ой-санаасынан чыгып, айылдаштын азыркы абалы аны адам катары түйшөлтүп, кейитип турду. Көкүрөк, далысы кошо арчындалып таңылып, жанаша керебетте жаткан кавказ улутундагы жарадар солдат Аликбектин минага кабылып, контузия алганын, келгенден бери ушинтип олтурганын, абалы оор эле экенин өзүнүн тилине ылайык акцент менен коңгурап кыска түшүндүрдү.

Демек, жагдай Рахман өзү болжоп, баамдагандай болуп чыкты. Аңгыча жакасындагы атайын белгилери боюнча аскер чини медицина майору экенин көрсөткөн, тили украин же поляк улутунда деп боолгологудай таасир калтырган кашка баш врач ак халатын желбегей жамынып, жарадарлар жаткан бул бөлмөгө адатынча мисирейип кирип келди. Аскердик тартип боюнча ордунан турууга жарамдуулары кыргый көргөн таранчыдай дүрбөп, көбү какайып, ката түшүүгө үлгүрүштү. Майор тик тургандар менен бөлмөдө жаткан оор жарадарларды бир сыйра көз жүгүртүп, сыдыра карап келип, Аликбекке келгенде күндөгүдөн башкача абалда өңү-башы түктөйүп, жаналгыч көргөндөй кумсарып кетти. Офицер бул тургандарды олтурууга буйруду да ошол эле замат ачуу үн менен чыңыргандай болуп улуу эмчи эже менен бүгүнкү кызматта турган врачты тез мында келүүгө чакырды. Ал экөө жетип келер замат ушул эле бөлмөдө жатып, он күндөн бери өздөрүнө «өзгөчө тамаша» тартуулап жаткан мына бул азиат улутундагы солдатты өтө кылдат текшерип, мунун адаттан тышкары куулугун, арамзалыгын азыр бул жоокерлердин көзүнчө үчөөлөп ашкерелей тургандыгын чаңкылдаган үнү менен жарыялады. Айтылган кабарды уккан соң, бул жердеги жарадарлар убайчубай келишип, эл чакан бөлмөгө батпай турду. Мындай көрүнүш көбүнө кызык туюлду.

Врач-капитан оболу жөнөкөй шприцтин кадимки эле кичинекей ийнеси менен Аликбекти колу-башына, бутуна, бетине чейин акырындап сайгылап көрдү. Аликбектин отурган абалында, өңү-түсүндө эч бир өзгөрүү сезилген жок. Аңгыча жанагы майор кайнаган жинин токтото албай ийнине желбегей жамынган ак халатын силкип ыргытып, ыкчамдай басып келип, эмчи эженин кулагына бир нерсе деп шыбырагандай болду. Ошол замат эмчи эже бөлмөдөн жылан көргөн эмедей сыртка карай тактайды тарсылдата чуркап кетти да, тез эле субагай келген бир жалтырак темир кутучаны колтугуна кыса жетип келди. Анын ичин ачканда көзгө урунган нерсе – адаттан тышкаркы көлөмдөгү узун ийнелүү жоон шприц болду. Ал жерде жарданып карап турушкан жарадарлар-

www.bizdin.kg



дын арасын күбүр-шыбыр сөздөр коштоп, сыноонун мындай түрү көбүнүн денесин дүркүрөтүп, сезимдерин ичиркентип, жыйрылтты.

– Ка-ап, мынчалыкка барбай эле койсо болмок, эми бул шордуу кантет?

– Ким билет? Мындайларды жакшылап текшериш керек. Балакеттин баары ушундайлардан чыгат.

– Бечараны бекер эле кыйнамай болушту ээ!... Мунун кебетеси эле айтып турбайбы. Бул адам болбойт!...

Кыскасы, ар түрдүү тилде ар кандай ойлор айтылды. Рахман өмүрү ушул жашка келгени мындай чоң, узун ийнелүү шприцти көргөн эмес. Көпчүлүк тургандардын арасынан кимдир бирөөсү жылкыга да ушундай шприц колдонуларын акырын угузуп-угузбай шыбырап сүйлөп, жанындагыларга түшүндүрүп жатты. Жанагы майор өзүнүн тапкычтыгына маашырлана кыймылдап, мыскылдуу көз карашы менен ары жакта тартайыңкы тартып ак дамбалчан локуюп олтурган Аликбекти улам-улам карай берди. Аңгыча жаркырак түстөгү узун жоон ийнени оң колуна мыкчый кармаган майор мылжыя күлүп, Аликбекти көздөй дымактуу кадам шилтеп жакындап келди. Майор адегенде жыңайлак тамандан баштоону туура көрдү окшойт, эңкейип Аликбектин эби-сыны жок солдойгон сол бутуна жийиркенгендей түр менен кол сунуп, аны олтургучтун үстүнө кайдыгер абалда шалак дегизип таштады. Ошол замат оң ыптасында шалпылдап асылып жүрүүчү маузерин көчүгүн карай жылдырып оңдомуш болду да, оозун бир жагына чулчуйта берилүү менен каадалуу чоң жумуш жасап жаткансып жоон, ары узун ийнени Аликбектин сол бутунун таманын көздөй акырын сойлотту. Улам ийне арылаган сайын майор эңкейип Аликбектин көзүн теше тиктеп, кандайдыр бир өзгөрүүнү издеп жатты. Жарымынан көп көлөмдө сайылган жоон ийнеге эч кандай реакция билдирбеген Аликбек дүйнө бейкапар, баягы эле калыбында шыпты тиктеп нес болуп олтура берди. Майор өзүнүн мындай текшерүүсүн тамандан кийин балтырга, андан жоон санга, андан улам өйдөлөп олтуруп өтө сезгич деп эсептелген адам организминдеги мерчемдүү жерлердин баарын куру калтырбай «сылап-сыйпап» чыкты. Акыры үмүтүн үзүп, түңүлдү окшойт чечип ыргыткан халатына да карабай, колун силке шылкыя басып бөлмөдөн чыкты.

Арадан көп өтпөй Аликбекти согуштан биротоло бошотуу жөнүндө чечим кабыл алынып, аны атайын адам коштоп, өз Мекени Кыргызстанга алып кетти. Ал эми Рахман болсо ал жерде эки жарым ай жатып, жаратынан айыккан соң өз аскер бөлүгүн кууп жетип, бир жарым жылдын ичинде Берлинге чейин барды.

Андан кийин да бир жолу жеңил жарадар болуп, Берлиндин алдында талаа госпиталында бир ай чамасында дарыланып чыккан. Аликбек менен болгон өткөн жылкы окуя анын эсинде калбай, унутулган болчу.

www.bizdin.kg



Душмандын улам артка чегиниши, Жеңиштин болору көбүнө айкындалган сайын кат-кабар жазышуу, өткөн-кеткен майда-баратка маани берүү көңүлдүн чордонунан алыстап, баары жакындап калган Жеңишти күтүшүп, эки-үч эселенген кайрат-күч менен аракеттенишип жатышты. Рахман аскерден элдин эң артында кайтып, айылда эмнелер болуп жатканынан кабарсыз болчу…

## III

Рахман коңшу райондун борборуна келип түшкөндө мезгил күзгө таяп, жалбырактар саргая баштаган эле. Элдин соода-сатык, күнүмдүк тиричилиги ушул коңшулаш район менен болуп келатканын эстедиби же өзү такай келип, көп аралаган райондун борбору өзүнө тартып, кызыктырдыбы, айтор, Рахман да ар бир жолуккан адамды, жан-жаныбарга чейин абай сала көңүл токтотуп келатты.

Аңгыча алдынан чыккан өңү кара шамалга тарашадай туурулуп, ээрди желки болуп жарылган карылуу, арык өңдүү, узун кишини көрө коюп, анын аты-жөнүн да жаңылбай эстеп, сүйүнгөндөн кыйкыра кыраатында менен салам айтып, кучагын жая күлүмсүрөп, тез-тез арыштап алдыга умтулду.

– Ассалоому алейкум, Усуке! Аман-эсен көрүшөр да күн болот экен ээ?!! Мал-жаның аманбы? Эл-журт эсенби?

Бабырап ал-жай сурап өзүн көздөй келаткан Рахмандан тигил неме тиктеген бойдон көзүн албай, денесин коркунучтун илеби бийлеп, бир ордунда селейип катып турду. Кызмат кылган аскердик бөлүктөн аттанып чыккандан бери биринчи жолугуп, бет маңдай келген эски таанышынын көңүл-маанайына көп да көңүл бөлө бербеген Рахман эшик төрдөй аралыкты чоң-чоң аттап келип, мойнун сыга кучактап калды. Баятан бери үн-сөзсүз дал болуп, катып турган неменин эми минтип айтылган саламга адамча алик албай, өзүнөн денесин оолактатып, чочуркай караганын сезе койгон Рахман эски таанышына эми таарынгандай үн менен кайрылды:

– Ой, Усуке! Канча жан кайтпай калган кан майдандан тирүү келип, амандык-эсендик сурашып алдыңда турсам боюңду жыйрып, таанымаксан болушуң кандай?! Же сен эми ушундай болуп калгансыңбы?!

Айтылган адилеттүү сөз ар-намысына тийип, анан калса, көргөн көзүнө ишенбей турган неме өзү уккан кабардын карандай калп экенине чындап ишенген соң сүйүнгөндөн балбалактап жашып кетти:

– Ээй, Рахманым, эмнесин гана айтасың?…Адам ит болоордо ушундай абалга келет турбайбызбы. Кечир досум! Кечир!… Болбосо, кантип эле сени таанибай калайын. Ой, айланайын Раке, илгери өлгөн адам

www.bizdin.kg



тирилет дегенди жомоктон гана угуп, билчү элек, эми минтип, заманга жараша бул да чындыкка айланган экен го…

Алиги неме же сүйүнгөндөнбү, же эски таанышынын бир жыл мурун өлүп, эми «тирилип» келип олтурганынан сүрдөдүбү, айтор, чекесинен чыккан чыпылдаган терин чыдабай чапанынын жең учу менен сүртүп жиберди. Үн-сөзсүз бир ордунда дал болуп калган Рахман дагы эле уккан кулагына ишенбей, өзүнө келе албай турду. Ансыз да тамагы кургап, өзүн ыңгайсыз сезе калгангабы, үнүн кыра жөтөлүмүш болуп, анан тиги өзүнчө кобурай кетти:

– Бу, өткөн базар бекен, же кайсынысы так эсимде жок, Чаначтын белин ашып силер тараптан эки киши келген. Ошолордун айтымында мындан бир же бир жарым ай мурда сенин жылдыгың менен ашыңды берип, аялың болсо ошондон кийин ак кийип, айгыр-жалдык бирөөгө нике жаңырткан имиш. Эми, бу согушуң менен соолуп калгыр, тирүү жүргөн адамды өлтүрүп, эчак өлгөн адамды минтип «тирилтип» олтурганын карачы… Раке, ушунчалыкка шүгүр дейли, мен сенин алахвалыңды түшүнүп турамын. Бирок арга канча, адам баласы маңдайга жазылганын көрөт экенбиз, көп эле каныңды кызытып, ачууга алдыра бербе…

Рахман эмне деп сөз айтарын билбей, ары жакта жаткан көк ташка көчүгүн коюп, коомайлана олтура кетти да жаак тарамыштары түйүлүп, бүткүл денеси ток ургандай диртилдеп, бир башкача абалга келди. Ичи куйкалана ысып, көзүнөн муздак суу учуп, деми чыкпай калды. Баягы ичеги-карыны чубалып, топурак менен канга жуурулушуп жатканда да ушундай абалда болгонун эстеди. Эмнегедир көз алдына кулакчыны шалпайган Аликбектин госпиталдагы көрүнүшү элестеп кетти. Рахман оор улутунуп, өзүнөн өзү тиштери кычырап кеткенин байкабай калды. Дагы эле көз алдында жамгырлуу түндө канга чыланып, жерде чубалган өзүнүн ичегиси менен артын карабай жан талаша боортоктоп сойлоп бараткан шалпаң кулакчындуу Аликбек турду. Рахман бүткөн боюн жыйрып, ичиркенип алды. Бул убакта анын муштумдары таштай түйүлүп, өзү эч нерсени сезбеди.

## IV

Кара-Теректин ичи менен эңкейиштеп жалгыз адам жөө келатты. Аркасында көтөргөн баштыгы бар. Коңшу райондун борборунан чыканына бүгүн үчүнчү күн болсо да баскан-турганы шайдоот. Жалгыз аяк чубалган жол адамдын, малдын үзүлбөй каттаганынан улам боркулдап, чаңы обого көтөрүлүүдө. Рахман өзүнө тааныш жерге келгенгеби, көкүрөгүн сагыныч менен сүйүнүчтүн илеби бийлеп, бет алдынан сок-

www.bizdin.kg



кон айдарым желге жүзүн тосо көк-жашыл шиберлүү жайлоо абасынан кере-кере дем алат. Мезгил күзгө таяп калса да ак мөңгүлүү адырлардан эми жаңыдан баш баккан бетеге менен байчечекейдин жыты кадыресе жайлоо шаанисин жоготпой, адамга жаздын керемет белгисин аз да болсо ыроолойт. Сагызган шакылыктап, улам ар кайсыл шакка учуп-конууда. Көп алыс эмес коктудан кекилик жорголоп, быйылкы жаңы чыгарган балапандарын көздөн далдаа жакка жашыруунун камы менен жанталаша бөгүп, улам таштан ташка секирип качып баратат. Рахмандын кекилик үнүн укпаганына да төрт жылдан ашып калды. Бир саамга турган ордунда токтоп, алар имерилген кичине тумшукту көпкө карап турду. Улам айылга жакындап, канча жыл бою кан менен мылтыктын дарысынын жытына көнүп калган мурдуна эми эзелки тааныш жыт келип, көөдөнүнө кандайдыр бир сезим уялагансыды. Ал туулган жердин күчкубаты, касиеттүү деми эле. Рахман улуу Жараткандын мунусуна да ыраазы болуп, ичинен шүгүр айтып жүрүп олтурду. Алдынан эшек минген карыя, дагы эки келин чыкты. Рахман буларды тааныбайт экен. Салам айтып өтө берди. Эми мына бул көрүнгөн коктуну ашып, Жол-Сайга түшсө эле ары жагы өзү туулуп өскөн айылы, «Социализм» колхозу эмеспи. Ал кадамын тездетип, чоң-чоң арыштады. Сайдын ичи менен эңкейиштеп жүрүп олтуруп бир чай кайнамдай убакыт өткөн соң аркы учуна чыкты. Аңгыча иттердин үргөнү, малдын маараганы алыстан үзүлкесил угулуп, жандуу кыймыл көз алдына келе түштү.

Жогорку айылдын желкесинен орун алган Кудаяр уста салган көпүрөдөн өтүп, бери карай келаткан эрбеңдеген эки караан көзүнө биринчи чалдыкты. Кийген кийимине караганда кызыл-тазыл көрүнөт. Бири аял, ал эми экинчиси болсо эшек минген улгайган абышкадай сыяктанат. Рахман кантсе да өзүн ыңгайсыз сезди. Эбак өлүп, аш-суусу берилген киши тирүү алдынан чыкса муну тааныган тигил экөө эмне абалда болоор экен деп ал ушуларды ойлоду. Бир тай чабым аралык калганда Рахман тигилерден көзүн албай келатып, өзүнөн өзү өңү-башы өзгөрүлө баштады да, оң ийинине арта сала көтөргөн солдат баштыгынын кайыш боосуна оң колу карыша, жаагы курушуп, көзү кутурган иттин көзүндөй кызарып, өңү түктөйүп, кара-көк тартып кетти. Аны мындай абалга жеткирген жагдай эшекке өчөйө минген немени байланбай жүргөн бир жак кулакчыны болду.

Бул өрөөн боюнча жайы-кышы тумак кийип, бирок анын бир жак кулакчынын байлабай бош шалпактатып коймой адат бир гана кишиде бар эле. Ал Рахмандын фронттош «землягы» Аликбек боло турган. Рахмандын өңү-түсү эми чындап бузулду. Мындай кебетеленген жүрүш-туруштуу адамды ат чабым жерден анын Аликбек экенин жазбай тааный турган. Жазмыштын мындай салганына Рахман бир чети таң калса, бир чети сүйүндү. Ал мындай кездешүүнү канча күндөн бери күтүп, самап келатпады беле.

www.bizdin.kg



Мына эми кылчууңду кылып ал да, былчылдашты көрүп ал! Рахман ушуну каалап келаткан. Ортодогу аралык улам жакындаган сайын Аликбектин да жыртак көзү улам шоролонуп чоңоё берди. Рахман жанагыдай кебетеси менен аркан бою кирип келген чакта Аликбек жаналгыч көргөн эмедей эшектин башын жулка тартып, үзөңгүнү чирене тээп туруп калды. Бет алды чыккан адамдын үрөйүн эки кулагын тикчийте карап сезди белем, желип-жортуп келаткан көк эшек да турган ордунда жер-сууну буза аңгырап, тыбырчылап жиберди. Ал эми жаалы сыртына чыккан Рахман жалгыз аяк жолдун чаңын чоң солдат өтүгү менен сапырылтып дагы эле жакындоодо. Демек, Аликбек үчүн ажал жакындап келатканын ал өзү шар эле түшүндү окшойт, оорукчал бутуна салмагын салбай эшектен очорула түштү да, жаңы эле алган жаш аялынын аркасына айлана качып, өзүн эшектен оолактата берди. Аңгыча чоң солдат өтүк көчүгүнө «зың» дегенде ансыз да ооруксунуп, оңолбой жүргөн эски жарат көзүнөн от чагылдырып, куйкасын куруштуруп, жан айласын кетирип жиберди. Жаш зайып кулачын жая балапанын коргологон чымчыктай чырылдап, ортого түшө калып жатты. Аликбек болсо адатынча тыңгылыктуу кол кайтарбай, жарытылуу жооп айта албай, бирде эшекти айлана качып, бирде аялына далдалана калып, өзүн коёрго жер таппай апкаарып, катуу шашып калды. Улам күрсүлдөп согулган барскандай чоң муштум Аликбектин бети-башын бат эле «челек» кыла ийлеп, чоң өтүк кийиз бышыргансып үстөккө-босток тебилип, анын жанын тез эле көзүнө көрсөтүп койду.

– Ой, жаман, сен өлбөдүң беле?!… Кой, кой жаман! Кантет! Койсоңчу ой, жаман! Болду, болду дейм! Сен өлгөнсүң! Сен…

– Энеңди урайын шалпык, сени бүгүн же бар кылайын же биротоло өлтүрөйүн! Мына!.. Мына!.. Мына!..

гиле. Мындай улуу иште мен да башында болом. Анткени мен ийгиликке жетишүүнү көздөгөн адаммын. Төңкөрүшкө катышуу менин өлүмүмдү тездетүүдөн башка эч нерсе алып келбейт. Бирок төңкөрүштү жасайбыз. Ийгиликке жетүүгө күрөшөбүз. Же жеңебиз, эгер жеңилсек өтө катуу каршылык менен күрөшөбүз. Даярдаган каражаттарыбыз, куралдарыбыз, артыбызда тылыбыз да жок. Бирок ага ишенгиле, бар десек болот. Жок дей берсек ким баштайт? Чечиминерди азыр ачык билдиргиле. Сиздер бул жерге ошол үчүн келдиңер. Көп ойлонгонго убактыбыз жок. Бул элди жана милдетти кабыл алгыла. Элиңер силерди кызматка чакырууда. Тезирээк уюмубуздун башына кошулгула!

Мындай ачык айтылган чакырыкка ыраазы болдук. Ок атылды чыкты окшойт. Эми артка жол жок. Бирок баары бир мындай жалындуу жүрөккө жеткен сөздөрдөн кийин дароо толкуп, эртеси эле чабуулга чыга албайт элек. Чындап, атайын чыгынып, алгачкы кадамыбыздан тартып дыкат ойлонуп, анан аттанышыбыз керек болчу. Мухит – жалындуу болгону менен тажрыйбасыз эле. Алгач бирдиктүү, жоопкерчиликтүү жетекчиликти түзүү керек, ал оңой эле болчу. Ошондон кийин гана алгачкы кадамыбызды тикендүү жолдорго атташыбыз мүмкүн болмок.

Дегиңкиси, жетекчиликти түзбөсөк деле орустарга каршы чыгуу керек болчу. Кавказдагы орус тузактарын азайтуу керек эле. Ал эми бул жердеги алгачкы аракеттерибиз сөзсүз ийгиликтүү чыгат. Андан эч кандай шек санабайбыз. Бирок ал ийгиликтерибиздин көпкө созулбашы мүмкүн. Анткени күчтүү аскерлерди жеңүүгө жалгыз куралдар менен гана каршы чыкпайт. Канчалык алгачкы сокку күчтүү жана капысынан болсо орустарды ошончолук жеңүүгө мүмкүнчүлүгүбүз чоң болмокчу.

Бир топко ойлондук. Жалын үлбүрөй баштады. Бизге буюрган милдетти кабыл алуу мезгили келди. Бул милдет, биринчиден, орустарды жеңүүгө коюлган буйрук эле. Башында оңой эле көрүндү. Андан кийин бул жерлерде өкмөт түзүү иши калат. Ошентсе да ошол тапта: «Дагы коё тур» дегенге мажбур элек. Анткени жүрөктөрү жалынга толгон бир нече уруулардан башка күчүбүз жок эле. Жалын оту болсо жүрөктөргө жетет. Андан артык көп деле нерсе каалабайт элек. Бирок куралдарыбызга дагы кошумча жардыргычтар болгондо жакшы болмок, бирок колдо болгонуна да каниет.

Биз, сунуш кылынган милдетти кабыл албай коё албайт элек. Рас, ачык айтканда кыйынчылыктар болмок. Ошентип этияттык менен Абдулах бейге жообубузду бердик.

– Бизге жүктөлгөн жүктүн салмактуулугун азыртадан эле жон-терибиз менен сезип турабыз. Намыстуу жана оор милдет бердиңиз. Батышта орус селин токтотуу үчүн акылдарынан аска жасаган Түркиянын түрктөрү кандай гана душмандар менен күрөшүп жатканда чыгыштагы анын улутташтары колдорун куушуруп турбашы керек. Боордош-

www.bizdin.kg



торубузга түшүндүрүп жана туура жолду көргөзүү менен башыбызды көтөрчү убактыбыз келди. Бирок биздин адамдарыбыздын колунан келе турган иштерди даана айтсаңыз. Орустарга оор согуш ачуубу? Мейли анда... Аны кабыл алабыз. Орустарды толугу менен жеңип, түрк кандаштарыбыздын жеринен кубалап чыгуубу? Муну да кабыл алабыз, бирок жардыргычтардан жардам берүү шартыңыз менен... Ал эми өкмөт түзүү, аны жетектөө милдеттерин башкаларга берсеңиз. Анткени бир инсан эки ишти алып кете албайт. Жардыргычтар жана эң керектүү каражаттарды табуу үчүн бардык жерге кирүүгө даярбыз. Колубузда жетиштүү курал-жарактар болгондо орустарга аттануу гана милдетибиз калат.

Ортодо терең жымжырттык өкүм сүрдү. Бардыгы тунжурап калышты. Ошондо Абдуллах бей:

– Сизден, – деди, – ушундай акыл-эстүү жоопту күтүп жаткам. Вазыйпаңыздар орустарды жеңүү болушу керек. Ушул үчүн күрөшүңүз.

Кайрадан үнсүздүк өкүм сүрдү... Ордубуздан турдук. Абдуллах Бубинин колдорунан өөп, сыртка чыктык. Эми артка жол жок. Дарыя ташкынына өз каалообуз менен кошулдук. Жыйынтыгы ийги болбой калган күндө да түрк туугандарыбыздын жүрөгүнө жалын берген болобуз. Түрк эли багымсыздыкка ушундай жалын аркылуу жетишет. Канчалаган жылдардан бери уланып келген көз карандылыктан арылуу үчүн күрөшүн уланта беришет. Эркиндик келет, ага карай кенен жол чапканда гана.

## Ошентип, куралдандык жана аракет башталды

Бардыгын көпкө чейин ойлондук. Акыры жолго чыктык. Ар кай жерден аракеттенип Японияда жасалган бомбаларды, курал-жарактарды таптык. Алдыдан дагы ушундай куралдарды табуу мүмкүн эле. Бир жагынан орус чек араларынан бир топ табылгаларды таптык. Жекече керектүү нерселердин баары алынды. Хусейин бей башчыбызга азырынча үч миң сом жана ар бирибизге алтыдан ат беришти. Максатыбызга кириштик.

Жана турган оттун алгачкы жалыны катуу чыгышы керек эле. Кыргыз башчылары менен экинчи жолу төңкөрүш тууралуу кеңештик. Бардык аракеттерибизди аки-чүкүсүнө чейин такташтык. Акыры сапарга аттануубузду жарыя кылдык. Ачыкка чыккан маалыматтан кийин карта аркылуу көп нерселерди тактап алдык. Курал-жарактар менен жетиштүү жабдылган соң тандап алган багытта жолго аттандык. Енвер Паша тарабынан Түркстанга жөнөтүлгөн Турсун жана Шади эфендини өзүбүзгө тарттык. Алардын мындай улуу иште биз менен болуусун каа-

www.bizdin.kg



ладык. Булардын бири үй-бүлөлүү экендигин айтып капа боло баштады. Ага мейли дедик. Экинчиси эч нерсе дебестен кошулду.

Алгачкы аракетибиз катары Емрулах бейди Пекинге жиберүүнү чечтик. Ал досубуз Германиянын элчиси Фон Хинтцени таап, анын жардамын бизге камсыз кылмак. Хинтценин жардамы аркылуу акча жана керектүү каражаттар менен камсыз болсок абалыбыз жеңилдейт эле. Темир усталарга миңге жакын узун жана учтуу найза жасаттык. Кошунубуздун бардыгы атчан болгондуктан алар ылайыктуу курал болуп бермек. Ошентип Емрулах бей Пекинге, ал эми биз болсок Ысык-Көлгө жөнөдүк.

Колдорубуздун көбүн Ысык-Көлдүн жээгинде чогултууну көздөдүк. Кыргыздар ал жерде көтөрүлүп жатышкан. Балким, жеңилип калышаар беле. Тезирээк жетишибиз керек болчу. Биз бараткан тарапка башка тараптардан да атчандар аттаныптыр деген кабар алдык. Негизинен, алардын көчмөн болгондугунан улам бир топ эле ызы-чуу чыга тургандай. Биз болсок тартипке келип, атчандарды согуш кийими менен жабдыдык. Бул жагынан алганда күчтөндүк. Алар эми орустардын кол алдындагы жоош жыгач усталар же байкуш короо кызматкерлери эмес эле. Биз кол башчысы жана командири бар күч болчубуз. Орус падышасынын, аскерлеринин мыкаачылыгына түкүрүп, алардын көргөзгөн азаптозокторунун өчүн алууга бараттык. Алар пас санаган инсандардын канчалык бийик жана канчалык күчтүү экендигин көргөзүшүбүз керек эле. Жүрөгүбүздө сыймык оту жанды. Жалпы эл үчүн согушка аттандык.

Бир комузчу ат үстүндө: «Эй жоокерлер жол ачылды, маңдайыңа кайрадан!» – деп ырдап жатты.

**РЕДАКЦИЯДАН:** *Бул, «Азияда беш түрк» китеби түрк тилинен кыргызчага которулуп жатат. Жакын арада өзүнчө китеп болуп чыкканда окурмандар толук тааныша алат.*

Которгон **Мезгил ИСАТОВ**

*Публицистика*



**Ильгиз ТАЛИП**

# ЭНЕ – АДАМЗАТТЫН ТУУСУ

Бу жарыкчылыкта Эненин атынан ыйык эмне болушу мүмкүн? Али алгачкы кадамын жасай элек наристе тилин чулдуратып: «А-пп-а» деген сөздү тыбыштардан кураштырганда өз жеңишине аябай маашырлана бактылуу жылмайганын көз алдыңызга келтириңизчи.

Мээнети кайткан дыйкан кырманда кызылды кырдап, жаңы түшүмдүн тартылган унунан бышкан токочтун сындырымын туурулган колдору менен ооз тийип жатып, алкоо иретинде: – Ыракмат,ырыс тартуулаган Жер эне! – дейт. Чабуулда бара жаткан эр жүрөк азаматка капысынан ок жаңылып, кансырап бараткaнда да акыркы күчүн жыйнап: «Жер энем, сен үчүн!» – деп душманга ок жаадырган.

Дүйнөдөгү касиеттүү саналгандын баары эненин аты менен байланыштуу, анткени жашоонун өзү энеден башталган. Ким ымыркай кезинен эненин мээримин, жүрөк табын, эзилип эркелетүүсүн сезип өссө, ошол өзүн бактылуумун деп эсептейт. Ал эми ымыркайында эле канжанынан жараткан эң асыл адамынан айрылса, өлгүчөктү жүрөгү сыздап, армандан арылбай өтөт. Атүгүл тагдыры оң карап, жакшы табыштарга жеткен инсандар да эзели орду толгус жоготууларына ичи сыз-

---

**Ильгиз ТАЛИП** *1938-жылы 1-январда Аксы районунун Ак-Суу кыштагында төрөлгөн. Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүн аяктаган. Кыргыз телерадиокомитетинде, «Кыргыз маданияты» жумалыгында, «Чалкан» журналында, «Эркин-Тоо» гезитинде иштеген.*

*«Ардактуу адам», «Кулунчак», «Сиздин таанышыңыз эмеспи?», «Шапата», «Ырларымда жан сырым», «Мекендин чыныгы уулу», «Кыргызстандын баш багбаны», «Күрдөөл» аттуу поэтикалык жана прозалык жыйнактары жарык көргөн.*

*Ильгиз Талип –«Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер», СССР Жазуучулар, СССР Журналисттер союздарынын мүчөсү.*

www.bizdin.kg



дап, айыкпаган касиретин көз жашын агызып, күйүт менен эскербей койбойт. Эмне үчүн абалкылар: «Энелүү жетим—эрке жетим» дешкен?

Ата парзы абалтадан жондо жоо жолун тосуп жаткан коргоочу болгон. Балдарды торолтуу, тарбиялоо жана тиричиликтин бүт түйшүгүн аркалоо аялзатынын мойнуна түшкөн. Балким, акындын бул саптары биздин ойду так чагылдырар:

Мыктай болуп бедениме кадалган,
Жандүйнөмдү жабыркаткан бар арман:
Сенден калган туяк болуп турсам да
Көлчүк окшойм башаты жок жаралган!

Муну кайдигер окууга болобу? Абалкы замандарда туткундун акылэсин жоготуш үчүн башына шири кийгизишип, маңкурттарга айлантышкан. Мунун бардыгы энени эстен чыгаруу максатын гана көздөгөн.

ЭНЕ! Чачтары куудай агарганга чейин өз энесинин атын аздектөө менен атап, анын карылыгын кастарлаган адамга биз терең урматтоо жана ыраазычылык менен карайбыз, ал эми өзүн төрөп, эрезеге жеткирген, кейиштүү карылык курагында аны ардак-сыйдан, жылуу мамиледен өксүтүп, кароосуз таштаган мерезге наалат айтабыз.

Адамдын энеге жасаган мамилесине карата эл да өз баасын таразалайт. Энесин кор туткан кемпай эмес, өкүмдарың да жакшы сөзгө арзыган эмес. Өзүнүн адамзаттык бийик нарк-ырасимдерин абалтадан аздек туткан калкыбыздын оозеки чыгармаларында да бул түшүнүктөр өнүктүрүлүп, бекемделип олтурган. Эненин образы анда өмүр жарыгы, аруулуктун туткасы, эрдин асыл жары, перзенттеринин мээрим төккөн Умайы катары сүрөттөлөт. Анын ага-туугандын арасын ширеткен данакерлиги,жетим-жесирге боорукерлиги, кыйын-кысталыш кезеңде эр аттуунун намыс-арын ойготкон акылмандуулугу ар дайым даңазаланып келген. Атүгүл эл башына каран түн түшкөндө кас душманга каршы аттанып, таң каларлык эрдик жасаганы Кыз Сайкалдын, Жаңыл мырзанын мисалында чагылдырылган.

Өткөн алааматтан өлүм коштогон снаряддар улуп-уңшуп, замбиректер күпүлдөп, үрөйү учкан мал-жандын ызы-чуу түшкөнү, кансырап жаткандардын онтоосу угулат. Ал эми ата-энеден айрылган балакайлардын боздогону жандүйнөңө азар салып, заманыңды кууруп иет.

Мына ушул тамтыгы чыккан жана очорулган дүйнөнүн үстүндө эненин бүкчүйгөн тулкусу аянычтуу сүкүт салып чыга келет. Чыныгы поэзиянын маңгилиги деп ушуну айтыш керек, бул анын мезгил мейкиндигинде өз жашоосун суктанарлык улантып жаткандыгы!

Кыргыз адабиятына, баарыдан мурда элдик оозеки чыгармачылыгына баам салсак, Эненин образы ар дайым калкагар тоодой көкөлөтө көрсөтүлөт. «Манас» эпосунда Чыйырды менен Каныкей жөнөкөй эле бала төрөгөн аял, же элдик баатырдын жары гана эмес, баарын баш коштурган, калк камын ойлогон, мээримди тең төккөн кең пейил эне,

www.bizdin.kg



үйдүн куту катары чагылдырылган. Биздин элдик эпостордун бардыгында аялзатынын айжаркын образы бар ажарында тартылып, ал качан да болбосун башкы карман менен катар жүрөт. Бул жагынан биздин эпосторубуз Чыгыштын классикалык үлгүдөгү сюжеттери менен гана үндөшпөй, көркөмдүгү жана көлөмү жагынан дүйнөлүк мурастардын баарынан ашып түшөт. Дегинкиси, каармандары жалаң эркектерден турган эпикалык чыгарма же дастандарды элестетүүгө мүмкүн да эмес.

Байыркы гректердин «Одиссея», «Иллиадасынан» баштап эле арадагы чыр-чатактардын чыгышына көбүнесе айперилер себепчи да болушкан. Буга Пталомей династиясынын акыркы канышасы Клеопатранын Ю.Цезарь, М.Антония менен байланышы, анан Октовиан менен согушу ачык далил болгон. Мындан көрүнгөндөй айперилиердин жүрөгүн ийитиш үчүн жолборстой жоо сүргөн эрлер ар кандай катаал сыноолорго түшүп, эрөөл талаасында курман да болушкан. Ошентсе да калк башына каран түн түшүп, аргасы куруп, туюкка камалганда алдыга шоола чачкан акылды Эне тапкан, эрди чыйралтып, элди кайраттандырган. Кыргыздын белгилүү уруусунун Бугу энени өз тотеми кылып алышы да бекеринен болбосо керек…

Биздин залкарларыбыз Аалы, Жоомарт, Жусуп, Мукай, Темиркул, Кубанычбек, Алыкул сыяктуу акындарыбыз да не бир ажайып чыгармаларын жаратышкан. Бул атуулдук алкоонун азадил симфониясынын аккорду катары Эненин майышпаган эрдигин бар бийиктигинде чагылдырган чыгарма катары Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестин атоо керек. Анда бекеринен Жер эне менен Аял эненин образы катар коюлган эмес. Бул экөөсү тең түбөлүк жашоонун башаты болуп саналат. Жерсиз тирүү жандын өмүр сүрүүсү токтолот. Энесиз адамзаттын укум-тукуму курут болот. Ушул өңүттөн алып караганда залкар калемгер бүткүл дүйнөлүк глобалдуу мааниси бар проблеманы көтөрүп чыккан.

Ырас, ар башка доор өз мотивдерин шарттайт. Өзүнүн мыкаачылыгы жагынан мурдагыларынан алда канча ашып түшкөн өткөн каардуу согуштун фонунда Эненин образы ого бетер касирет-кайгылуу боло түштү. Ал согушта алган жарын, аздектеген балдарын жана эң жакын адамдарын жоготуп жатты. Чиедей кызыл перзенттери менен өзөк жалгар азыгы, башпаанектер кепеси жок оккупация алдында калды, Ата Мекендин күч-кубатын чындоого бар алынча жан үрөп, цехтерде, кендерде жана эмгек талаасында аракеттенди. Бут тартарга алы калбаса да түндөсү жоокерлер үчүн жылуу кийим шырып, тумак, байпак даярдады, тапкан-ташыганынын баарын фронтко берди…

Биздин жоокерлерди ар кандай үгүт-чакырыктардан оболу ар-намысын козгоп, болоттой чыңап, чыйралткан «Родина – мать зовет!» деген ураан болгон. Бул эки сөз биздин түшүнүктө бир бүтүндүккө уютулуп, бөлүнбөс болуп калган. Жер эне менен Аял эненин бир катар чагылдырылышы алардагы касиеттердин окшоштугунан айкын көрүнөт.

www.bizdin.kg



М: «Күчтүү болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн» деген акындын акылман саптары да Аял эненин азап-тозокко, кайгы-касиретке, түмөн түйшүккө кабагым-кашым дебей көтөрө билгендиги менен далма-дал келгенсийт. Казактын таланттуу акыны Кадыр Мырзалиевдин аялга арналган бир ырында мындай саптар бар: «Шүгүр дедиң жоодон кийин койнуңда, Аман калса, он балаңдан бир балаң!»… Бул эне чыдамкайлыгына, көтөрүмдүүлүгүнө таазим, аны даңазалаган ода сыяктанат.

Башкага койбой өптүрүп,
Балдарым багам деп жүрүп,
Өчүрбөй шамын үмүттүн
Өкүттө өмүр өттү бүт.

Жарымды күтөм деп жүрүп,
Жат жанга койбой өптүрүп,
Күлгүндөй жаштык курагың
Күйүттү тартып өттү бүт.

Куушуп жылдар жаңырды,
Туу тутуп намыс-арыңды,
Өлүмгө кыйбай сен күттүң
Өмүрлүк деген жарыңды.

Күндүзү тыным билбедиң,
Түндөсү көзүң илбедиң.
Жомогуң бала көөшүлтүп,
Жүн ийрип,тери ийледиң.

Белеги кимге тийгенин,
Берендин кими кийгенин
Билүү жок, арнап жарына
Жөнөтчү сендей миң келин.

Кармашса жары Мекен – деп,
Калышпай жасап сен эмгек,
Аскердин камдап азыгын,
Тылды да жаттың бекемдеп.

Ал кез түш – бешик терметкен
Ата уулу анан эр жеткен.
Жеңиште жоокер жарынын
Үлүшүн айтсак теңме-тең!

www.bizdin.kg



Казатта жайрап курдашы
Калса да жесир тул башы,
Калкына кызмат өтөдү
Кайгысын жеңген ургаачы!

Алаамат жылдарында эл башына түшкөн азап-шорду энеден артык эч жан көтөрө албас. Эненин образы абалтадан бери драматизмдин, трагизмдин да белгилерин ала жүрүп, дайым жана баарыдан мурда социалдык мааниде жаңырган: эгерде жердеги эң ыйык жан—Эненин абалы кыйын болсо, анда дүйнөдөгү адилетчилик жөнүндө сөз кылуунун кажети барбы? Замандын залкар акыны Р.Гамзатов өзүнүн тубаса көсөмдүгү, турмуштук тажрыйбасы менен мындай деп жазган:

«Бизде аялы кападар үй-бүлө бактысыз, үй-бүлө жашоосуна жагымдуу жагдай түзүлбөй, же анын ынтымак-ырашкерлигине доо кетип, куту качкан өлкө да бактылуу боло албайт» – деп айтылат…

Үй-бүлөнүн бакыбат турмушу энеге, анын жандүйнөсүнүн маанайына жана мээримдүү ырайына байланыштуу.

«Аялга болгон мамилесинин деңгээлинен коомдун жетиктиги,ал эми энелерге көрүлгөн биздин камкордуктан анын адеп-ахлактык бийиктиги, же тескерисинче, бузулгандыгы жана ыймандын жакырчылыгы аныкталат».

Акын М.Абылкасымованын афоризмге айланган мындай саптары бар:

Кайсыл элде жүдөө күтсө зайыпты,
Энелери элечегин тарталбай,
Ошол элдин уулуна кой айыпты
Бул да кырсык бирге жүргөн байкалбай!

Кандай таасын, таамай айтылган сөз!

Бейпилдик жылдарында деле эненин жүрөгү жай алып, беймарал тынып калбай, абалкыдай эле кандайдыр бир коркунучтун аяны сагалап тургандай кооптонуу менен жашайт. Андыктан, даткалык чинге татыган Курманжандын артында деле мискиндиктин элеси баамдалып турган.

Эркектер асылкечинин көзүнө шайдоот, тайманбас жана жигиттин гүлү болуп көрүнгүсү келет. Балким, ошонун өзү аларды чыныгы эркекке айлантар. Ошентсе да алар энесинин алдында гана чабал жактарын жана кемчиликтерин жашырбай айтуудан жалтаңдашпайт, каталарын жана жоготкондорун жашырбай моюнга алышат. Перзенти жашы, деңгээли жагынан канчалык узак жолду басып өтпөсүн, эне алдында чачың агарганга карабай баары бир баласың! Ал болсо ушул иши жүрүшпөй, тагдыры тайгылтып жаткан жаранга баарыдан мурда эне зарурат экендигин жүрөгү менен туюп турат…

Бирок символдук белгилерге ээ болуп, коомдук эбегейсиз вазипаны аркалоо менен Эне деген мээрбан зайып, акылгөй кеңешчи, ноюбаган

www.bizdin.kg



мээнеткеч жана табиятынан ыр-күү жандуу, жакшылыкта жайыл дасторкон, күйүттө мүңкүрөбөс, кайгыда кайышпас, кубанычта куунап шат бойдон калып, эч качан адаттагы азадалык асыл сапаттарды жоготкон эмес ЭНЕ!

Жарык дүйнөгө келген ар бир пендесинин тили «Апа» деген сөз менен чыгып, коштошордогу акыркы сөзү да «Апаке!». Эне жөнүндө канчалык ыйык, касиеттүү сыпаттоолорду айтпайлы анын улуулугун, баа жетпестигин чагылдырууга кудурет жетпес эле. Ошондон улам ар кыл доордун тарых тааныган таланттуу акындары аны даңазалап, не бир керемет чыгармаларды жаратышкан. Ар бир аялзаты өзүнчө бир табышмактуу галактика болгону менен жогоруда белгилегендей жалпы мүнөздүү касиет, сапаттары бар. Андыктан, бул тема тирүү жан жашап, Адам атанын, эненин насили барда түгөнүшү мүмкүн эмес.Анын ар бири алпештеп өстүргөн асыл эненин ак сүтүн актоону, анын алдына таазим этүүнү ыйык парзым деп эсептейт.

Ааламды сен миң сан ирет тегерен,
Артык жанды табалбайсың энеден.
Эр жетсе да тоосу бардай таянар,
Энелүүлөр эзел убай жебеген.

Канды берген, жанды берген денеден,
Улуулугун Умай менен теңеген.
Акылманды,акындарды мындай кой
Акмагың да энем жаман дебеген.

Өкүмдар бол бүт дүйнөнү ээлеген,
Өзүңдү сез көк тиреген сен эмен,
Туткасына айлансаң да калкыңдын
Туулганың тана албайсың Энеден!

Акындын саптарында калет жок. Анткени башкалардан канчалык артыкчылыгың болбосун баары бир сени эне төрөп, ак бешикке бөлөгөн, эмчегин ийитип, эзиле алдейлеген.

Аял темасы кыргыз поэзиясында эң эле терең жана гармониялуу жаратылган темалардын бирден бири. Андыктан, эне жөнүндө жазылгандардын мыкты үлгүлөрүн топтоо алда качан эле бышып жетилгендигин айткыбыз келет. Албетте, ага Жеңижок, Токтогул сыяктуу алп акындардын аялзатына арналган ырларынан баштап (колдон келсе, башка элдердин залкар акындарынын энеге арналган ырларынын котормолоруна да конкурс жарыялап), азыркы калемгерлерибиздин чыгармаларына чейин кошуп, жыйнак чыгарсак, анын таалим-тарбиялык мааниси ченемсиз болмок.

www.bizdin.kg



*Жазуучу Мелис Абакировдун портретине штрихтер*

**Бактыгүл ЧОТУРОВА**



# ЗАМАН КАЛЕМГЕРИ

## Профессионал стилист

Мелис Абакиров… Бул ысым окурман журтчулугуна көптөн тааныш. Ага жеткирген анын таланттуу жазуучулук чебер калеми жана эч кимге окшобогон, эч кимди туурап кайталабаган мүнөзү. Таланттуу жазуучулук калеми дегеним, анын «Айыл аңгемелерин» окуганда орус классикалык адабиятынын гениалдуу сүрөткери Лев Толстойдун аңгемелеринен кем калышпаган таасирди берери чындык. Ал эми романдары тууралуу өзүнчө чоң сөз. Бирок деги бир чоң сөздү айттырбаган кежир жөнөкөйлүгү кээде Мелис агайды башкаларга таптакыр окшоштурбаган табиятын өзүнөн өзү далилдеп турат. Мисалы, жазуучунун шакирти Жумабек Медералиев «Көкөй кести» романы тууралуу мындайча пикир айтканы мисал болот: «Автор менен китепти редакторлоонун үстүндө иштеп жатканыбызда ал киши «Көкөй кестини» таптакыр тарыхый роман дедирбей, тим гана роман дедиртип койгон эле. Чыгарма менен толук таанышып чыккан адилет окурман анын бул жанрдык аныктамасы кыйла талаштуу, шарттуу экенин аңдабай койбойт. Бирок чыгарманын редактору, сөз өнөрүнө, адабиятка тиешеси бар, маалыматтуу окурман катары, азыр деле өз пикиримде турам. «Көкөй кести» сөздүн толук маанисиндеги тарыхый роман. Азыркы учурда санжыра, эскерүү деңгээлинен ары узай албаган эмгектер тарыхый деп жарлык тагылып жаткан шарт-

**ЧОТУРОВА Бактыгүл** *Токтогул районундагы Кара-Жыгач айылында 1955-жылы 29-сентябрда туулган. КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Учурда «Кыргыз Туусу» гезитинде иштейт. СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү. Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыктын лауреаты. «Кызыл ат», «Боз торгой», «Сагыныч», «Ысык-Көл сүйүүнүн көзүндөй», «Чокморовго ырдесте» ыр жыйнактарынын автору. Казак акыны Шахизада Абдукаримовдун «Көк астындагы каганат» ыр жыйнагын которгон.*

www.bizdin.kg



та бул абдан адилеттүү аныктама болмок. Анын үстүнө кыргыз, кыргыз эле эмес, көчмөн цивилизациянын тарыхына келгенде элдик оозеки чыгармачылыктын санжыра делчү үлгүсүнө, таза болбосо, олуттуу тарыхый күбөнаама катары караганыбыз жөндүү го деп ойлойм. А негизги кеп чыгарманын жанрдык аталышында деле эмес, андай болгон күндө да, бул жагдай чечүүчү мааниге ээ болбос.

... Экинчиден, кыргыз адабиятындагы чебер стилист калемгерлердин бири катары романдын тилин да анын жалпы көркөмдүгүнүн кызыкчылыгына кызмат кылдырууга жетишкен. Ал аз келгенсип, ар бир каармандын сүйлөгөн сөзү, тили ошол образды ачууга жана ошондогу тарыхый учурдун дем, илебин берүүгө кызмат кылат». Мына бул сөзүбүздүн күбөсү эмей эмне?! Ар бир жазуучунун тагдыры эл тагдыры, заман тарыхы менен байланышкан. Мелис Абакировдун чыгармалары кандайдыр бир деңгээлде замандарды, ал тургай доорлорду чагылдырган деген ийги пикирлерди адабий сынчылар да жазып жүрүшөт. «Көкөй кести» романында XVII–XVIII кылымдагы кыргыз элинин өз жерин баскынчылардан коргогон кыйын кезеңи чагылдырылат. Кандайдыр бир деңгээлде тарыхый окуялар сүрөттөлөт. Ал эми «Барымта» романында XIX кылымдагы эл турмушун, тагдырын элестүү берген.

Жазуучунун «Алмалуу бак» повести Октябрь революциясынын алдындагы жана совет бийлигинин Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы окуяларды камтыса, «Алчалуу төр» повестинде согуштан кийинки жылдардагы окуялар сүрөттөлүп, акиташ бышырган чакан топтун ар кандай тагдырлары, жеке адамга сыйынуунун кесепеттери, жаратылышты бүлдүрүү сыяктуу маселелер көтөрүлгөн. Ал эми «Кумар» повести Брежневдик шаан-шөкөттөрдү, бирок ошондогу дымактуу мезгилдин сүрөтүн башкы каармандын образы аркылуу ачып көрсөтөт. «Канталамай» повести болсо эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы өлкөбүздө болгон терс көрүнүштөрдүн күбөсү катары сезилет. Айта кетүүчү бир нерсе, М.Абакировдун чыгармаларынын тили жатык, жүрөккө жакын, эркин окулгандыгы. Минтип сөздүн атасын тааныган чеберлер гана жаза алат.

Таланттуу котормочу, жазуучу Мамасалы Апышов М.Абакировдун чыгармачылыгы тууралуу 2000-жылдын 3-ноябрында «Zaman Кыргызстан» газетасына жарыяланган «Өткөн доорго Гимн» деген макаласында мындай дейт: «Жазуучу мурунтан белгилүү эле көп айтылган окуяларды, легенда-уламыштарды, санжыраларды кайталап олтурбастан, мындан эки-үч кылым илгери болгон окуяларды өз алдынча иштеп чыккан. Көркөм сөз фантазиясынын закончеемдеринин негизинде өз көз карашын, концепциясын, идеясын түзүп, кайталангыс чыгарма жарата алган.

... Жазуучунун эң негизги «инструменти» – тил болот эмеспи. Мелис Абакиров чебер жазуучу-стилист катары эбак эле өз баасын алса да, аталган романдагы стилдик эволюция өзүнчө сөз кылууга арзыйт».

Акыйкат баа. Кыргыз сөз өнөрүнүн жүгүн аркалап жүргөндөрдүн арасында Мелис Абакировду сөз менен дыкат иштеген, эч кимди кайталабаган чебер стилист катары баалоо керек.

www.bizdin.kg



## Айдын жарыгында ак сарайдын дубалын курган чебер устадай болуп…

Ооба, ал турмушта дагы чын эле бирөөнүн изин да басып кайталоону жаман көрөт. Ал турсун күлкүсү да эч кимге окшобойт, өзү кызык жаралган кыялкеч адам. Балким, чыгармачыл жандүйнөсүнөндүр, ага башка кишинин мүнөзүн алып келип чаптаса да жабышпайт болуш керек. Анткени ал жасалмалуулук менен куулук-шумдуктан алыс жаралган адам. Ошогобу, ага бирөө жагыш да кыйын. Чыгармачылыкта бир нече жылдардан бери ага-карындаштай болуп калсак да оңой менен жазганыңды жакшы дебейт, сындап гана турат.

Кээде жолугуп калганда: «Ии, көчөдө шамдар жаркырап, арыкта суулар шаркырап, автобустар аркырап… там турат…жалтырап,.. калтырап» деген ырлардан жазып жатасыңбы, же торгойдун ырын жазып жүрөсүңбү?..» – деп тамаша-чындан суроо ыргытып калат. Мен бул сөздүн төркүнүнө түшүнүп, жымыйып күлүп жооп берем. Мени агай «Торгой» деп атап алган. Бир чети андан көп нерсени таанып, үйрөнүүгө болот. Нукура тазалыкты талап кылып, сөз менен иштөөгө жомоктогу «Сарыбайдай сараң». Пикирлеше калганда «Сөздүн өңү-түсү жаз, жай, күз, кыш деген төрт мезгилдин өңүндөй болуп даана көрүнүп туруш керек. Ал турсун сөздүн жыты болот – жыпардай буруксуган же сасык, сөздүн даамы болот – былжыраган бүксүк, күңкүл же ширин, үнү да болот, ошонун баарын ажыратып өз-өз орду менен жаза албаган киши жазуучу эмес, ал адабияттын босогосун аттабай эле койсо болот» – деп какылдап-какшап жиберет тим эле. «Өзүнөн башканы кыйын ойлобойт» – деп чыны менен эле кээде таарынайын десең, өзүнө да ошол талапты койгонун көрүп туруп: «Кой айланайын, андан көрө, ката кетирген калпыстыгым болсо угуп, оңдоп алганым жакшы эмеспи» – деп ойлонуп каласың. Табият ага кандай кыял-жорук берсе так ошондой бойдон келе жатат…

Бирок мен да жөн калбайм да, сүйлөшүп олтурганда өзүнө окшоп ыңгайсыздантчу кычы суроолордон таштап коём:

– Мелис агай, кээ бирөөлөр сыйлык-наам, атак-даңкка кызыкпайм дешет го, сизчи? (Дароо ойлонбой туруп катуу жооп берет):

– Ой, ал деген карандай калп!

– Кантип?

– Адамдын жандүйнөсү, жаратылышы туулганда эле жакшы нерсеге, атак-даңктуу болууга умтулат, умтулбайм дегендер калп айтат, кокуй. Ким болсо деле атым чыкса деп ойлойт да. Пенделик дегенди билесиңби, ал ошондой жаралган. Бирок атак-даңк деген өзү эле келе койбойт да, таза эмгек, мээнет кылыш керек.

– Өзүңүзчү?

– Мен деле ошондоймун.

– Байлыккачы, ага да умтулбайм деп айткандар көп?

– Кимдер экен, так ошолор курулай актанышат, ал дагы калп сөз. Ой, жетиштүү жашаганды ким жаман көрсүн ботом, бирок бир нерсе, ал мээнетиң менен келсин.

www.bizdin.kg



– Иштеген-тиштейт дегендейби?

– Так ошондой, бирок биздин шорубуз – азыр иштебей эле тиштегиси келгендер көп болуп жатпайбы… болдучу ай, торгой, кайдагыны айтасың, тамеки чегип келейинчи, дагы ушундай тик көздүү суроолоруң болсо камдай бер, – деп коюп сыртка жөнөйт… Кызык адам… Берген жоопторун карабайсызбы, болгонун болгондой шар айтканга көнгөн. Бул кичинекей диалогдон бир чымчым жасалма сөздү таппайсың.

Айрымдар айтып калышат: «Бу жазуучулар дегениң апендидей калк» – деп. Жо-ок, андай эмес дегим келет. Кудай берген өнөрдү баласындай бапестеген жазуучу калк деле апендиси жок эле балээдей эле акыл-эсти шам чырактай алдыга коюп алып, адамзаттын сезимине ошол шам чырактан жолуна жарык чачып олтурганы көп. Алар талант болуп туулгандар. Талант шыбагасын алып туулгандар сөз менен иштегенде айдын жарыгында ак сарайдын дубалын урган колунан көөрү төгүлгөн устадай иштешет. А жазгандын баары эле жазуучу эмес. Мелис агай айткандай даңкка умтулуп «мен кыйынмын» дегендер да бар, бирок кыйындын кыйындыгын өзү айтпай эл айтканы жеңиш. Айталы, Өзгөн мунарасы же, Бурана мунарасын курган чебер устанын колу менен төрт дубалды тургузуп там салгандын колун салыштырып болобу. Андайды мезгил жүрүп олтуруп өз-өз ордуна коёт. Бул жаңы сөз деле эмес, ыгы келгенде эске сала турган жөнү келип турганынан айтылган кеп. Мына ошол сөз өнөрүнө Мелис Абакиров деген ысым кайдан, кантип келди? Эмки сөз ушундан болсун.

## «Кагылайын кара шыйрак бала чагым ай!»

Жазуучунун тагдыры – кызык тагдыр. Мелис Абакиров Сары Өзөн Чүйдүн Кегети айылынын кулуну. Кылымдардын сырын каткан Бурана мунарасынын өзүнө тарткан аурасы азыр да анын ошол таттуу кыял бала чактагыдай жүрөгүнө жакын. Ал балалыктын оюнга тойбос жыргал доорун сүрө алган жок. Согуштан кийинки кыйын кезеңде кабыргасы ката элек кара шайрак бала кенедейинен оор түйшүккө аралашып, турмушка мезгилинен мурда бышып, эр жетти. Ал тууралуу өзүнүн «Кагылайын кара шыйрак бала чагым ай!» дегени бар. Бул сөздүн түпкүрүндө сагыныч да, өкүнүч да, анан көп маанини камтыган элестер да жатат. Андагы өжөрдүк мүнөз да ошо бала чагынан калган. Кулактын тукуму деген жалаа жабышкан тагдыр менен ал кенедейинен күрөшкөн. Бул тууралуу кийин ал ойдон чыгарылбаган окуялар циклинде жазылган «Айыл аңгемелери» чыгармасында ушунчалык элестүү чагылдырган. Илгери чоң атасын манаптын тукуму деп Иртышка-Павлодарга кулакка тартып, айдатышкан экен. Кыраа киши замандын өзгөрүп турганынан алдын ала сактанып, ага чейин эле уулунун фамилиясын өзгөртүп – Кыргыев деп, аткошчу кедейдин баласы атантып, Ташкенттеги САКУга окууга жибертип ийиптир. Бирок кийин баары бир билинип калып окуудан чыгарылган экен. Канткен менен ал кездеги шартка салыштырмалуу билимдүүлүккө жетишип, Алматыдагы РАБФАКты бүтүрүп алган. Андан соң канча мезгил суудай акты… кандай гана окуялар болбоду… турмуш ак жүргөн адамды баары бир мезгил менен таразалап өз ордуна коёт тура.

www.bizdin.kg



Катардан калбай, кадыр-барктуу жашаган экен. Мунун баарын агайдын китебинен окуп билдим. Балдардын кулагына куйганы: «Бешенеге жазгандан артык да, кем да эч нерсе жок, абийириң ар дайым таза болсун» деген сөз эле дейт Мелис агай. Ата менен эненин тарбиясы көп учурда баланын адам болуп калыптануусуна чоң эле таасир берерин турмуш далай тагдырлар аркылуу ырастаганын көрүп, баштан кечирип да жүрбөйлүбү.

Экинчи жагынан алып караганда Мелис агайда эненин ыйыктыгына болгон көңүлүнүн түпкүрүндө бир нур жашап тургандай сезилет. Көрсө, ал эне тарбиясынан көптү өзүнө нурдай сиңирип алгандай, ошол нурдун жарыгы, тазалыгы менен жашап келе жаткандай сезилет. Ага өзү да ынанып: «Бала болуп башыма түк чыккандан чекеме чертип койбогон, жалаң нарк-насилден, ар-намыстан таалим берген апакемдин сүрөтчүгө атайын тарттырып, төргө илип койгон түстүү чоң сүрөтүн күн сайын көрүп каниет алам» – дейт.

Мелис агайдын «Кайран шешем» деген элегиясында мындай бир жери бар: «Кулактар!» Денем дүр дей селт эте түштүм. Бул ачуу, кас душман дегенден да жаман сөз айылда бир гана бизге тиешелүүдөй сезилчү мага. Тырмактайымдан кыйды болгон жаным илгиртпей сезди дароо. Кимдин кыйкырып жатканын да билем, аны бир гана киши: «Мен райкомдун энесимин» – деп мактанчу байбиче айтчу айылда. Анын бир уулу коңшу райондордун биринде райком дешчү, кээде айлап-жылдап айылга «Виллис» минип келип калчу. Ошо кербездүү байбиче райкомунун мурдагы аялынын эки баласын, жаңы келинине батпай, айылдагы улуу уулуна келип, неберелерин бакчу. Чоң небереси менден бир жаш улуу, кырдуу болгонуна карабай чүкө ойноп чырдашканда, же башка балалык таймаш болгондо өжөрлүккө салып мурдун кандатып койчумун. Ошондой кезде уга калган сөз». Мына ошол «кулактын тукуму» деген сөз анын жүрөгүнө жүгөрүдөй кадалган. Ал үчүн айылдагы азербайжан, чечен балдар менен намыс талашып урушканда, алы жетпей баратса колу-бутуна жабышып алып тиштеп болсо дагы жеңип кетчү. Азыр деле ошондой, эр болсоң эрегишип жеңип көр...

«Айыл аңгемелерин» окуган окурман жазуучунун өз автопортретин даана сезет. Андан автор согуш учуру, согуштан кийинки жылдардагы айыл турмушун сөз менен сүрөт тарткандай элестүү чагылдырып, элеттеги жаш адамдын өсүп калыптануусунун эволюциясын көрүп тургандай болосуң.

## 6-класста фельетондон башталган...

Ошол бала чакта эле, мектепте 6-класста окуп жүргөнүндө гезитке кабар жазып турчу. Болгондо дагы бая жогоруда айткандай терс көрүнүштү тепкенден кайра тартпаган мүнөзү менен Буранадагы китепканачы сельсоветтин келини болгону үчүн эч кимди тоотпой, китепкананы убагында ачпай, кино да коюлбай калганы тууралуу катуу сындаган фельетону райондук гезитке жарыя болуп, бир топ чуу түшүрткөн. 6-класстын окуучусу азыр деле фельетон жазганын уга элекмин, тоббо... Ошондон баштап жазмакөйлүккө ынтызарлыгы күчөгөн.

Мектептен кийин зооветеринардык техникумга окууга өткөн. Бирок ал кесипке көңүлү тартыла албады. Чыгармачылыктын азгырыгы менен филология

www.bizdin.kg



факультетине окууга өтүп, көркөм өнөрдүн босогосун аттаганы өз сүйгөн тагдырын тапкандай болду.

Адабияттын айдыңына алгачкы ирет алып чыккан устаттары Шатман Садыбакасов менен Касым Каимов эле. Баягы бала чактагы жазган фельетонунан башталган, студенттик жылдарда чыгармачылыктын тушоосун кескен алгачкы аңгемелери улаган жылдыздуу жолдо кара сөз өнөрүндөгү чебер стилист катары таанылып, ондогон повесттер жана «Барымта», «Көкөй кести» аттуу эки романдын автору болду. Таң калыштуусу ал атайын китеп жазам деп бошонуп олтурбай, жооптуу кызматтарды аркалап жүрүп эле чыгармачылыкты дагы «эки тизгин, бир чылбыр» кармагандай айкалыштырып иштеп, эртеңкинин эмгектерин жаратып койгону. Кыргыз айтмакчы, дээринде барлар ушундай болсо керек, буга жетиш кыйын. Иштейм деп жүрүп жеке чыгармачылыгымды «өлтүрүп» алдым деп өлүмүш болгондор деле бар.Байкаганга эң негизгиси чыгымсыздыкка чыйт түкүрүп, кажынган мээнеткечтик, эмгекчилдик дагы талант жаратманынын колдоочусу болсо керек деп ойлоп коём. Менимче, Мелис агай так ошондой табияттагы адам.

Тандалма чыгармаларынын 2 томдук жыйнагы өткөн жылы жарык көрдү. Мында бир суктандым. Себеби китепти жарыкка чыгаруунун маданиятынын бийиктигин, тазалыгын көрүүгө болот. Эмесе, азыркы базар экономикасынын эрежеге сыйбаган шартында орой айтканда «иттин кара капталынан» эмне деген гана китептер саман-топондоп көп чыгып жатат. Көлөмүн айт, өзүнчө эле томдуктар. Ичин ачсаң урук-тууганын мактатып, куда-сөөгүнөн бери сүрөттөрү чапталган, өзүнүн жазганы да бар, өзү жөнүндө бирөөлөрдүн жазганы да бар, адабият айдыңынын абасынын жыты сезилбейт. Шаршен куудул айтмакчы «аралаш курут кошкон май» болсо дагы эмне, андан да төмөндөп кеткендей сезилет. Бул тууралуу Мелис агайдын өзү менен болгон бир маектешүүдө минтип айтып жатпайбы: «Бул ириде автор үчүн уят нерсе. Кандай болгон күндө да китептин форматы, стили, сырткы мукабасы, графикалык көркөмдөө бирдиктүү бир системаны камтыш керек. Ар бир сүрөт, форма, тамга да китепке ажарын ачып кызмат кылуу керек. А түгүл форзацтарынан бери философиялык ой берип туруу керек. Азыр болсо сен айткандай китеп чыгаруунун маданияты төмөн түшүп кетти. Көпчүлүгү китепке тиешеси жок ( атасы, чоң атасы, достору, кудасынан бери Кудай бетин салбасын) ашыкча сүрөттөр менен коштолот. Китеп чыгаруунун маданияты менен эстетикасы сакталбаса элге жугумсуз болот». Айтса, атпаса төгүнбү. Китепти жазуу менен жарыкка чыгаруунун өз маданияты, критерийи бар эмеспи, ал эми козгочу идея болсо өтө чоң маселе, башка сөз. Бүгүн Мелис Абакировдун чыгармачылыгына токтолуп жаткан соң ошол жагдайда басым жасайлы. Анын ар бир китеби окурман үчүн толук кандуу адабий көркөм чыгарма катары руханий мүлктүк салмагы бар. Ушу сапар тандалмаларынын жыйнагын барактап окуп олтуруп, бирөөнү эле мисалга алсам – Жинди Сабырга окшогон каарманын көрүп тургандай, кошо жүргөндөй болосуң. Окурманды билгизбей тартып алуу, жазуучунун калеминин даремети. Анан ойлодум, агай өмүр бою иштеп деле келе жатат, жазып деле келе жатат, болгондо да жакшы чыгармаларды жазып, кантип жетишти экен? – дейм.

Жыйнактын баш сөзүндө: «Чынында эле жетекчилик иш менен чыгармачылыктын «эки тизгин, бир чылбырын» тең кармоо, ийгиликтүү жалгаштыруу ким-

www.bizdin.kg



ден гана болбостон өзгөчө уюшкандыкты, максатка умтулууну, иш, андан да ашкере маанилүүсү жөн билгиликти талап кылары анык. Мелис байке Абакиров мына ошондой оңойго турбаган оор милдеттерди абийирдүүлүк менен, өзгөчө сый-урматка татырлык аркалай алган» – деп жазат Жумабек Медералиев. Чын эле Мелис агай чыгармачылык менен жетекчилик кызматты бирдей ала келди. Биздин «Кыргыз Туусу» гезитинде эле он жылга жакын иштеген. Мамлекеттик басма тармагында жооптуу кызматтарда чейрек кылым кызмат өтөп, далай-далай акын-жазуучулардын чыгармаларын күрүчтүн ташын тергендей иргеп, окурман журтчулукка сыдыргыдан өткөргөн.

«Бизди согуштун балдары деп коёт да. Ошол учурдагы окуялардан баштап, биздин муун азыркы жаңы заманга чейин 6 заманды көрүптүрбүз. 40-жылдары Сталиндин, андан кийин Хрушевдин, Брежневдин, Горбачевдун, Ельциндин, Акаевдин, азыркы алтынчы доорду көрдүк. Социализм менен Эгемендүүлүк деген эки доорду көрдүк» – дейт ал. Эгемендик келгенден кийин Акаевдик жана Бакиевдик. Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар союзунда катчы болуп иштеди. Мына ушул жылдар аралыгында ал көркөм чыгармачылык өнөрканасында да мыкты узанып келди.

Чебер котормочу катары да М.Абакиров Л.Н.Толстой, Х.Химменес, Х.Р.Химсисс, О.П.Шестинский, Арпад Генцтин чыгармаларын кыргызчага которгон. Кыскасы, кыргыз окурмандарына кыйла эле эмгек жасады. Ал эми ондон ашык китеби дүйнөнүн башка тилдеринде которулуп жарыкка чыккан.

Минтип куру санаганды ал өзү жаман көрчү эле, бул сөзүмдү ушуну менен токтотоюн да башка өңүттөн карап айтайын.

Баса, жазуучу агабыз 70 жаштын жазын тосуп жатпайбы. Аны айтсаң өткөндө бирөө: «Опе-ей, баягыдай эле го!» – дейт. Ушу жашка ар ким ар кандай абалда кол берип, ар кандай көрүнүп келет экен. Мелис агай баягыдай эле чапчаңдыгы менен, тамекисин дембе-дем соруп шуулдап басып келип калгандай туюлат. 70 жашка келгени деле байкалбайт. Качан көрсөң аппак жакалуу көйнөгүндө галстугу чыкыйып турганы турган, ал турсун кызуу учурунда дагы (бул сөзгө агай таарынбайт, билем, анткени курулай мактоодон көрө турмуштагыдай эле нерсени агай жакшы көрөт). Бир жакасы бырыш түшкөнүн көрүүгө болбойт. Бул эми Бегимжан эженин мыктылыгы деп айтуу дагы жөндүү го. «Ушу Мелисти ушунча сүйүп, сыйлаганыма өзүм да таң калам» – деп эжей карсылдап күлүп калат. Өмүр бою басмада редактор болуп иштеген Бегимжан эже азыр ардактуу эс алууда болгону менен Мелис агайдын номур биринчи редактору, сынчысы болуп үйдө «иштеп жатат». Бул жагынан дагы Мелис Абакирович бактылуу адам.

## Алмаңызды ырас уурдап кетиптир

Бу киши бир нерсеге кейибеген неме да. Жанында бирөө кейип турса да: «Болдучу ай, эмне болуп жатасың, дүйнө омкорулуп, астын-үстүн болуп жатабы, токтот!» – деп кыйкырып жибермейи бар. Кейигенди жактырбайт.

Бир мисал, кайсы бир жылы жазуучулар чогуу олтурган жерде дачадагы алмасын бүтүндөй уурдатып алып, капа болуунун ордуна кайра ууруну шордуу

www.bizdin.kg



деп күлгөнү кызык. Ошол оюмдан кетпей жүрүп кийин, «Алмаңызды ырас уурдап кетиптир» деген ыр жазгам.

«Кышкыга деп терип, жыйнап кечке күн,
Кынап чогуу койгон бойдон кеткемин.
Алмамды бүт уурдашыптыр уурулар», –
деп жайдары күлгөнүңүз эстедим.

Ак төө карды жарылгансып агынан,
Ууру келет колуңузда барынан.
Ууруга эмес, өзүнө жок тагдыр көп,
Кечкен дүйнө кызыгынын баарынан.

Кенебеген күлкүңүзгө өтүп сүр,
Алмаңызды ырас уурдап кетиптир.
Жашыңызга жаш кошулган сыяктуу,
Жазда алмаңыз гүлдөйт кайра өсүп бир!

Көрсө, адамда бар болгон жакшы турбайбы, жок болсо ууру эмес, өзү кайдан жыргамак. Бар болгонго жеткирсин деш керек экен. Ууру болсо өз «кесиби» менен «иштеп жатат». Бирок бир жыргаганы менен чын эле шордуу тагдыр экен да. Качанга чейин уурдап оокат кылат? Мындай шордуулукту эч кимдин тагдырына бербесин.

## Жарк дей түштү эмес… чарт дей түштү чагылган…

Турмушта айрым адамдар жай баракат жашоонун жагдайына карата, же замандын оош-кыйыш келген күндөрүнө жараша мүнөзүн ыңгайлаштырып алып секин тирилигин жасай берет. Кээде андайлар өз баасын өзүнөн ашыра «өлчөтүп», мезгилинен мурда бирөөнүн жолун тосуп болсо дагы шыбагага ээ болуп алууга жөндөмдүү. «Өзү жөнүндө түшүнүгү кеңири» болуп, колунан келгендерге «жарк дей түштү чагылган» болушат. Ал эми Мелис Абакиров болсо «чарт дей түштү чагылган». Анткени ал калпты көргөндө чычая качкан чындык үчүн чарт жарылат. Ит жеминдей бир пайда үчүн бирөөгө көз каранды мүнөз күтпөгөн «кокуйлугу» артыкча. Ошон үчүн ал эбак ала турган «элдик» наам менен кол алышпай жүрөт. Сааты чыкканда сыйлык өз ээсин табар.

Мелис Абакировичти 70 жаш торколуу тою менен куттуктап, үй-бүлөлүк, чыгармачылык жетишкендиктерде чагылгандай чартылдап жүрө бериңиз демекчибиз. Чартылдаганы менен ичи таза да, жаратылышта да жасалмалуулук жок эмеспи, чагылгандын биринчи үнүнөн кийин жаз келет. Агайдын мүнөзү да ошондой.

www.bizdin.kg



*Дүйнөлүк адабияттан*

Г.ФИГЕЙРЕДО

# ТҮЛКҮ МЕНЕН ЖҮЗҮМ

## (Үч көшөгөлүү трагикомедия)

**(Башы өткөн санда)**

К с а н ф: Демек, сени сүйүп калдым дечи? Сенин жанымда турганыңды мен сезбей калган турбаймынбы...

М е л и т а: Сага жаккан мээримди Клеяга мен үйрөтүп койгонмун. Ал ошон үчүн манжалары менен чачыңды тарап, уйпаламыш болуп, колун мойнуңдан арта салып, кучактай калат.

К с а н ф: Мына кызык! Философ, ай-ааламдын ар кандай кубулуштарын түшүндүрүүгө жөндөмдүү болгону менен теке маңдайында турган нерсени байкабай калат турбайбы. *(Түйшүгү оюна түшө калып)* Аялым!.. Акчам!.. Кулум!.. Мелита!.. Ай-ай-ай!..

М е л и т а: Сени сүйбөгөн аялдын кереги эмне? Ырахатын көрбөгөн акчанын, өзүнүн шылдыңы менен тынчыңды алган кулдун сага эмне кереги бар?..

К с а н ф: Кой! Бачымыраак сакчыларды чакыртып, Эзоп мени тоноп кетти деп кабар бериш керек.

М е л и т а: Ким билет. Балким, ал сенин аялың менен кошо качкандыр.

К с а н ф: Эмне? *(Боюн токтотуп)*: Жо-ок! Андай болууга мүмкүн эмес!

М е л и т а: Мүмкүн эмес деген окуянын бардыгы тең көз алдыбыздан өтүп жатпайбы.

К с а н ф: Туура!.. Алар чындап эле качып кетиптир. Мени алар алдашкан экен. Ай-ай!.. Чакыр сакчыларды! Чакыр бачым!

www.bizdin.kg



М е л и т а: Аларды оюна кой. Жоготооруң бар болгону сени адам катары санабаган аялбы?..

К с а н ф: А... Менин акчамчы, Мелита?..

М е л и т а: Алардан кутулууга арзый бербеген акчага кейибесеңчи. Мен сени бир кучактап койсом, алар түгүл дүнүйө көзүңө көрүнбөй калат.

К с а н ф: Аялга чандырган арсыз эркек болуп калышым кантип эстен чыгат! Менин аялымдын адам сыягы жок кулду менден артык көрүп ээрчип кеткени ичимди ачыштырып жатпайбы. Мунун кеби канча?.. Самостогу буту менен басып, мурду менен тынгандардын бардыгы тең ооздон түшпөй макталып жүргөн философ ушунтип мыш болуп калыптыр дешип күлүшпөйбү. Менин шакирттерим эмне дейт? Алар мени таштап Хризипке өтүп кетишпейби. Көчөдөн аркы-терки өткөндө мени көргөндөр сөөмөйү менен көрсөтүшүп: «Мүйүздүү чунак келатат!» – деп шылдыңдашпайбы... Жок, Мелита! Аялым менен кулум экөө тең жазасын тартышы керек. Сакчыларды чакыр. Эфиопко айтып кой, өгүздүн тарамышынан жакшылап туруп бир шапалак жасап койсун.

М е л и т а: Менден күткөнүң жалгыз эле ошобу? Андан башка эч нерсе оюңа келбейби?..

К с а н ф *(чайырдай жабышкан оюнан чыга албай)*: Андай болууга мүмкүн эмес!.. Мен буга ишене албайм!.. *(Эки колдоп башын мыкчып)*: Ишенбейм!.. Ишенбейм!.. *(Жаңы ой табылгандай жандана түшүп)*: Токто!.. Ал менден кулду артык көргөндөн кийин, мен андан күңдү артык көрүп кете албаймбы?..

М е л и т а: Ксанф! *(Ксанфтын мойнуна асылып бараткамда толгон түйүнчөктөрдү көтөрүп Эзоп кирип келет да, кыйратып салгансып жайнатып таштайт.)*

Э з о п: Бардыгы даяр!

М е л и т а *(жалт бурулуп, селдейе түшөт)*: Кайтып келип калдыңбы?..

К с а н ф: Аялым кана?

Э з о п: Аялыңды көргөн жокмун. Бирок керектүү буюмдун бардыгын сатып алдым.

К с а н ф: Менин акчамабы? *(Каарданып)*: Менин акчама сатып келдиңби?!

Э з о п: Булардын бардыгы тең сенин тоюң үчүн!

М е л и т а: Ксанфтын үйлөнө турганын кайдан билдиң? Мен эч качан ойлогон эмес элем, азаматтык кылыпсың!

К с а н ф: Сен эмне үчүн ушундай апырык-сапырыктарга менин акчамды короттуң?!

Э з о п: Карап көрчү, Ксанф! Булар апырык-сапырык эмес. Көрдүңбү? *(Түйүнчөктөгү буюмдардын бардыгын жайнатып көрсөтөт.)* Карфагенден келген асыл буюмдар, кездемелер. Шуру-мончоктор, Танаградан

www.bizdin.kg



келген статуеткалар. Маралдын терисинен жасалган жеңил сандал, кемерге ылайык алтын шооналар...

К с а н ф *(каарданып)*: Булардын эмне кереги бар?

М е л и т а *(Ксанфтын сөзүн бөлүп)*: Эң ырас кылыптыр! *(Колуна шуру, берметтерди, кездемелерди алып көрүп)*: Кандай сонун! *(Боюна ченеп көрүп)*: Кандай жарашыктуу!..

Э з о п: Сенин үйлөнө турганыңды бүт шаардын эли билет.

К с а н ф: Шаардын эли мени үйлөнөт деп сөз кылып алышыптырбы?

Э з о п: Ар бир дүкөн сайын буюм сатып алганы барсам, дүкөнчүлөрдүн бардыгы тең: «Мындай асыл буюмдарды, алтын шакек менен атырларды сатып алып эмне кыласың?!» – деп сурагандардын бардыгына: «Мырзам үйлөнгөнү жатат, ошого керек!» – деп жооп бердим.

К с а н ф *(ызырынып)*: Жок, сен өтө эле аша чаап кеттиң. Жонуңдан кайыш тилип, жазаңды окутпаса болбойт...

М е л и т а: Жазалабай эле кой, Ксанф. Ал алдын-ала эмне болоорун билип иш кылган экен.

К с а н ф: Кантип, бул айыбы үчүн жазалаба дейсиңби? Акчаны аялыңды кайра келтирип берем деп алган. Анын ордуна шаарга барып эч кимге керексиз апырык-сапырыктарды сатып келиптир. Бул эмне деген жиндилик!

М е л и т а: Булардын кереги жок дейсиңби, Ксанф? Бизге кереги тийип калат.

К с а н ф *(Эзопко)*: Жонуңдан кайыш тилип албасам, менин Ксанф атым өчүп калсын! Эй, келесоо, аялымды издеп таап, ээрчитип келмек эмес белең?

Э з о п: Издеп жүрүүнүн зарылдыгы жок ко дедим.

М е л и т а *(Ксанфка)*: Албетте, зарылдыгы жок. *(Эзопко)*: Акылдуулугуңа кулдугум бар. Ксанфтын сени азаттыкка чыгаруусуна колумдан келишинче аянбай далалат кылам.

Э з о п: Рахмат, Мелита. Ксанфтын азаттыкка чыгарам деген убадасы бар. Ал убадасында турууга тийиш.

К с а н ф: Мен... Аялымды алып келип колума тийгизгенден кийин гана сени азаттыкка чыгарам деп убада бергем.

Э з о п: Аны көрүп аласың!

М е л и т а: Эми Клея келбей койсо деле болот. *(Ошол учурда Клея элеңдеп кирип келет да, албуутtанып Ксанфка асыла кетет.)*

К л е я: Угушума караганда үйлөнгөнү жаткан экенсиң го?.. Тойго деген белектерин камдап жатат дешип шаардыктардын бардыгы дүрбөп алышыптыр. *(Жерде жаткан асыл буюмдар менен кездемелерге, атырларга көз чаптырып)*: Чындап эле үйлөнүүгө катуу киришип калган экенсиң го?!

Э з о п: Аялыңды келтирип берем деп убада бердим эле. Мына, келди! Эми мага азаттык бер, Ксанф?

www.bizdin.kg



К с а н ф *(Эзоптун сөзүнө көңүл бурбай)*: Келдиңби? Клея!!! Чыны менен эле кайра келдиңби? *(Мелита бетин басып ыйлайт.)*

Э з о п: Бечера Мелита, аялыңдын келгенин көрүп жетине албай, кубанганынан ыйлап жатпайбы. *(Мелитага)*: Туурабы, Мелита? Ак жүрөктүгүң жанда жок. Өзүнүн мырзайымына абдан берилип калган тура. Азаттыкка чыгуу жөнүндө ойлоп да койбойт. *(Ксанфка)*: Ксанф, аялың жанында турат. Аны келтириш үчүн сени үйлөнгөнү жатат деп жар чакыруу гана жетиштүү болгон. Буга ыраазы эмессиңби?

К с а н ф: Албетте, ыраазымын. *(Клеяга колун созуп)* Ахх... Клея, Клея! Сенин кайрылып келгениң мен үчүн зор бакыт болду!

Э з о п: Эми мага азаттык бербейсиңби?

М е л и т а *(ичтен сызып, буулуккан бугун бүркүп)*: Азаттыкка жетээримде аны менден талаштың! Эми сурап ал, кууражан кул!.. *(Клеяга)*: Сен анчалык келбесең күйөөң маган үйлөнмөк болгон. *(Ксанфка)*: Аялың менен мураска жет! Ал сени сүйгөндүктөн кайрылып келгени жок, сенин байлыгыңа сатылып келип отурат. Акчага сатылган аялың менен жашап кал. Ал сага жагыш үчүн эмес, сакчылардын капитанына жагыш үчүн жасанып-түзөнүп жүрөт.

К л е я: Мелита!.. *(Ксанфка)* Анын сөзүнө да ишенесиңби? Ичи күйгөндүктөн айтып жатат. *(Мелитага)* Чык!.. Жогол!..

Э з о п: Бечара Мелита, азаттыкка чыгуунун жолунан адашып жатасың!

М е л и т а *(түйтөктөп, эшикке чыгып баратып)*: Өзүңдү сен өтө эле мыктымын деп ойлойт окшойсуң! Эми эле сен келээрдин алдында аялым менен акчамды алып качып кетти деп Ксанф сенден шек санап жаткан. *(Чыгып кетет.)*

Э з о п: Ксанф, мага азаттык бербейсиңби?

К с а н ф: Ал жөнүндө кийинчерээк сүйлөшөбүз.

Э з о п: Убадаңа турбайсыңбы, Ксанф?

К л е я: Сени биз урматтап сыйлайбыз, Эзоп! Эмнеге кеткиң келет?

Э з о п: Эмнеге десең, мен дагы өзүмдү өзүм сыйлаймын. Азаттык бер, Ксанф.

К с а н ф: Кудайдын барманына сен ишенбесең мен ишенем, эгер Кудайым маган жакшы жышаана берсе, сени сөзсүз коё берем. *(Бак тарaптагы эшикти көрсөтүп)*: Тиги тарапка бар... Эки сононун жанаша учуп баратканын көрсөң, анда Кудайдын мага жакшылык, сага азаттык буюрган жышаанасы болот. Жалгыз соно болсо, анда сенин азаттыка чыгышыңды Кудай каалабайт... Барып Кудайдан тиле!..

Э з о п *(каалга тарапка баратып)*: Эмне үчүн адилет ишти саласал кылып, болоор-болбос ишке чалындырасың? Кудай буюрбаган учурда да сен өз сөзүңдө турушуң керек эмес беле?

К с а н ф: Кудай сен тарапта болсо, мен сага азаттык берем. *(Эзоп эшик тарапка жөнөйт. Сыртка чыгып асманды карайт. Клеяга)*: Клея!

www.bizdin.kg



Сенин келип калганың жакшы болду. Мен тим эле жетине албай турам. Сен жанымда болуп, каалаган учурда карап коюп канагаттануу мен үчүн чоң рахат! *(Эзоп жок болуп кетет.)* Мени бир өөп койчу, жаным?

К л е я *(Ксанф өз бооруна тартып, кучактап жаткан учурда)*: Бул белектерди мен үчүн алдырдыңбы?

К с а н ф: Ооба, сен үчүн. Өөп койсоң, Клея? (*Өбүшөт. Сценанын артынан каткырык чыгат. Экөө чочуп кетишип, ажыраша калышат.*) Күлүп жатышабы?..

К л е я: Ооба, күлүп жатышат.

К с а н ф: Эзоптун кебетесине күлүп жатышса керек!

К л е я: Жок... Ал бир күлкүлүү тамсил айтып жатса керек!

К с а н ф: Жо-ок... Алар бирдемеге ыраазы болуп күлүп жатышат... Ыраазы болушпаса эмнеге күлүшөт эле. Эзоптун айткан тамсилдери менен кебете-кешпири бир шылтоо да. Бир нерсеге ыраазы болгондо биз деле шылтоого шыноо кылып күлө беребиз.

К л е я: Сен Эзопту жактыра бербейсиң. Жаман көргөнүңдү кээде билдирип да коёсуң.

К с а н ф: Аның туура. Эмне үчүн андай экенимди өзүм да билбейм. Чындыгын айтканда туура сүйлөгөндү ким эле жакшы көрсүн.

К л е я: Эзоптуку туура болсо, аны эмне бошотуп койбойсуң?

К с а н ф: Азаттыкка чыгыш үчүн али жаштык кылат.

К л е я: Сенин оюңча ал колу-буту тушалып жүрүп өтүшү керек тура...

К с а н ф: Сен чыны менен эле аны жактырып калган көрүнөсүң!..

К л е я: Анча-мынча... *(Сценанын артынан дагы каткырык чыгат.)* Угуп жатасыңбы? Эзоп өлгөн кишини да күлдүрөт. Ошонусу мага жагат.

К с а н ф: Мен эмне, сени күлдүрө албаймбы?

К л е я: Сен башкача күлдүрөсүң. Эзоп сөзү менен күлдүрөт, а сен болсоң Эзопту туурап сүйлөйм деп күлдүрөсүң. Күлкүнүн да эркек, ургаачысы болот. Дөөдүрөш менен сүйлөй билиштин айырмасы асман менен жердей экенин билесиңби?..

К с а н ф: Жок, билбейт экенмин.

К л е я *(күлүп)*: Көрдүңбү? Мына ушунуңа мен күлөмүн.

Э з о п *(эңтелеңдеп кирип келет)*: Жүрү, Ксанф. Жүрү батыраак, көргүн. *(Ксанф менен Клея өбүшө кетет.)* Кудай үчүн, Ксанф!.. *(Элеңдеп, асман тарапты карап, карбаластап)* Мен үчүн болбосо да Кудай үчүн карап кой, Ксанф?.. Тээтигинде эки соно учуп баратат!.. *(Чыдай албай өбүшүп жаткан Ксанфка жетип барып, аны жулкулдатат.)* Жүрү, батыраак! *(Эшикке жетелеп чыгат.)* Кудай кудуретинден айланайын. Эми азаттыкка чыкмак болдум. *(Алыстан көрүнгөн чекитти көрсөтүп)*: Тигине Ксанф, көрдүңбү?

www.bizdin.kg



К с а н ф *(асманды тиктеп)*: Эчтеке көрүнбөйт го?..

Э з о п: Көзүң бозоруп калса керек. Тээтиги тарапты карап көрчү.

К с а н ф: Жалгыз соно учуп бараткансын көрдүм. Бери келип карачы, Клея? *(Клея жанына басып келет.)* Мага бирөө эле учуп бараткансыйт...

Э з о п: Кудай урсун, экөө болчу. Сен көпкө чейин эзилишип, каалгып басып келгенче бирөө көрүнбөй калды.

К с а н ф *(Клеяга)*: Асмандан канча соно көрүп турасың?

К л е я: Бирди эле...

К с а н ф *(Эзопко)*: Сени бошотууга Кудайдан буйрук жок экен. *(Эзоптун башы шылкыя түшөт да, эшикке жөлөнгөн бойдон дал болуп туруп калат.)* Кой... Мен эми шакирттериме барып келейин. Мени бир өөп койчу, Клея... *(Клея бетин тосуп, Ксанф өөп коюп чыгып кетет.)*

*Пауза.*

К л е я *(Эзопко)*: Сен эмне, ыйлап жатасыңбы?

Э з о п: Жок!..

К л е я: Көзүңдөн жаш агып калыптыр го?..

Э з о п: Ал асманды көпкө тиктеп тургандан болсо керек. Көрсө, көккө карабай, жер карап жүрүүнү унутуп коюптурмун. Мен сыяктуу мусаапырлардын өйдө кароого акысы жок да... Алар ар дайым үңүлүп, жер тиктеп жүрүшү керек.

К л е я *(паузадан кийин)*: Менин эмне үчүн келгенимди билесиңби?

Э з о п: Билем... Күйөөңдү жакшы көргөн үчүн.

К л е я: Ошол эле дейсиңби?.. Мени жакшылап карап көрчү...

Э з о п *(карабай туруп)*: Мен айтпадымбы, жер карап жүрүшүм керек деп.

К л е я *(назик мамиле менен)*: Мени бир карап койчу...

Э з о п: Жок... Сен да мени караба! Менин ырайым суук, түрүм киши көргүс...

К л е я: Ырайы суугум... Мени жакшылап карап көрчү. Менин көзүмдүн карегинен чагылган өзүңдүн сүрөтүңдү карап көрчү. Сулуу экениңди көрбөй турасыңбы?

Э з о п: Сенин көзүңдү Кудай жалгасын, Клея. Бирок мага түшүндүрөм деп аракет кылбагын.

К л е я: Ансыз деле түшүнүп турганыңды билемин. Сулуу болбогонуң менен келесоо эмессиң да...

Э з о п: Жок, Клея, мен жеткен келесоомун!

К л е я: Жок... Сен келесоо эмессиң. Сенин даңкың алыста кеткенин өзүң билесиңби?..

Э з о п: Мага даңктын кереги жок. Мага азаттык керек.

К л е я: Ксанф саган эч качан азаттык бербейт. Эч качан. *(Кыска пауза)*. Андан кегиңди ал... Мени бооруңа кысып кучакта. Мени сүйүп, моокумуңду кандыр.

www.bizdin.kg



Э з о п: Мен анте албайм. Мен кулмун.

К л е я: Өзүң эрксиз болгону менен жаның эркинче... Мен үчүн сен кул эмессиң.

Э з о п: Сен менин мырзамдын аялысың...

К л е я: Мен сенин жонуңдан таяк кетирбей, сени кордоп, басынткан адамдын аялымын. Маңыроо болбой Ксанфтан кегиңди ал!..

Э з о п: Жок, Клея!.. Менде кек алуунун андан да мыкты жолу бар. Мен карабай коюп кек алам. Чатыры бийик чарпаяда көздүн жоосун алып, самсаалап бышып турган жүзүмдүн шиңгилин көргөн түлкү асылган менен жетпесин билип: «Али көк экен, тиш каматып жүрөмбү!» – деп басып кетет. Ал эми азыр мөлтүрөп бышып турган жүзүм тумшугуңа тийип, мени жегин деп өзү суранып турат. Түлкү түртө салып кетсе, бышып турган жүзүмдүн таттуу ширеси ууга айланып, кайрадан көгөрбөскө айласы канча!.. Кегимди мен мына ошентип алам. Сен болсоң чүрөксүң. Сен даңктуусуң. Менин үмүтүм, менин тилегим сен болосуң! Бирок мен сенден баш тартам.

К л е я: Келесоо десе. Андан кийин мен Ксанфты сөзгө көндүрүп, сени азаттыкка чыгартат элем. Же сенин азаттыкка чыккың келбейби?

Э з о п: Андай азаттыктын мага кереги жок. Азаттык деген таза болот. Биз ага таптаза кол менен жетүүгө тийишпиз.

К л е я: Кул болуп жүрүү жагып калдыбы?

Э з о п: Ооба!..

К л е я: Ксанф сени качандыр болбосун бир күнү адал эмгегиң үчүн бошотуп коёт деп ойлойсуңбу?

Э з о п: Дал ошондой!..

К л е я: Сен канчалык пайдалуу болсоң, ал сени ошончолук кул кылууга аракет кылат. Биз эч пайдасыз кулдардан тез кутулууга аракет кылабыз.

Э з о п: Андай болсо, мен Ксанфка пайдалуу, сага пайдасызмын.

К л е я: Сен көнбөйсүңбү?

Э з о п: Көнбөймүн!..

К л е я (*бир аз унчукпай туруп, чыдамсыздык менен*): Жок, Эзоп! Жок! Мен десең көп жалдыратпа... Сага карата болгон адилетсиздикти заматтын ортосунда оңдоп коём. Мени бир өөп койчу. Сени ырайы суук кылып, акылдуу жаратып, зарлантып койгон тагдырдын алдында жыргалчылыктын бир тамчы даамын татууга толук акың бар. Менден качпа, Эзоп!..

Э з о п (*алаканын жайып*): Мына бул колдорду көрүп турасыңбы? Кулчулуктун айынан чор болуп, эч нерсени сезбей калган. Таяктын тагынан денеде тамтык жок. Турмуш менен адамдар тепсеп отуруп, теримдин бүтүн жерин калтырбай жаратка толтурган. Бооруңа кысып алып, оймоктой ооз менен менин колумду өпкөндө эмне кызыкчылык болот? Анын көңүлгө толоор эч нерсеси жок. *(Бир аз буулугуп туруп, билинээр-*

www.bizdin.kg



*билинбес үмүт менен)*: Мен эчен сапар ойлонуп, өзүмө өзүм: «Ким билет?» деген суроону берээр элем. *(Тунжурап)*: Ким билет?.. Эгер мен уятсыйытымды жоготуп коюп, кулдугумду унутуп, айбандарды тамсил кылып айтканды токтотуп, адамдардын бардыгы оңолуп кетсе, балким, мындай ишке кызыгып кетээр белем? Менин денем камчыга бышып, көндүм болуп калган. Камчынын жакындаганын сезээр замат денем: «Чыда, келесоо! Жакшылыктан үмүтүңдү үзүп, этиңдин ооруганын сезбей калышың керек!» – деп чаңырып, эскертип турат. Ким билет?.. Антип эскертип турбаса, балким, калың бадалдын далдасынан кезигип кошулуп алышып, кайра ар кимиси өз жолуна түшүп оттоп кеткен жаш жаныбарларча экөөбүз да бири-бирибизди табаар элек деген үмүттө болоор элем!

К л е я *(чыдамсызданып)*: Эмне үчүн андай болууга мүмкүн эмес?

Э з о п: Эмне үчүн дегенде менде камчы кайыштыра, кордук майыштыра албаган, тарткан азапты таттуу кылып, жыргалчылыкты опол-тоодой тосуп, башкаларга такыр сездирбей турган сапат бар.

К л е я: Ал эмне деген сапат?

Э з о п *(маанилүү түрдө)*: Күнөө!.. Күнөөлүү кылмыш... Кол жетпеген бийиктеги жылдызым. Бардыгын тосуп, биз үчүн дүйнөнү шордуу кылган күнөөлүү кылмыш... Үлбүрөгөн оозду биротоло бизге берип коюп, чолпондой жанган көздү бири-бирине тиктетип, жалдыратып, жандын жыргалын сунуш кылып коюп багынтпай жер караткан күнөөлүү кылмыш! *(Сурданып)*: Мына ушул, Клея. Дал ушунун өзү, жаркыным. Жаныма жолобогун!.. Жолобо... Оо, таңдын нуру, деңиздин көңүл сергиткен жели, чиркөөнүн сырына чагылган күндүн шооласы, суусу тунук күмүш булагы... Жолобо мага, жолобо... Ак куунун көк мончогу, асмандын жарык жылдызы... Жолобо... Ары тур, сүйгөнүм!.. Өмүрүм!.. Жалгыз бойдон калайын... Мен жалгыз...

К л е я *(эркелетип)*: Байкуш Эзоп!.. Сүйгөн сулууңду сенден эч кандай каскак ажырата албайт. Ал жаныңда турат. Жалдырап сенин жообуңду күтүп турат. Алгын... *(Эзоптун бою балкып кетет. Эмне кылаарын билбей жаш балача эреркеп, Клеянын бети-башынан сылап эркелетет. Бир оокумда селт эте түшүп, мууну калчылдап колун дароо тартып алат да, оолактап басат.)*

Э з о п: Жок!..

К л е я: Ошол элеби?

Э з о п: Ошол эле.

К л е я (*бир аз унчукпай туруп*): Сен билесиңби, Ксанф келсе сазайыңды бербесин?..

Э з о п: Аялына макул болбогон адамдын күнөөсүн кечирбейби?..

К л е я: Ал кечирсе да, мен кечирбейм. *(Пауза)* Мен ага баарын айтып берем.

www.bizdin.kg



Э з о п *(сөзүн бөлүп)*: Мага асылып, күнөөлүү сунуш кылганын болбой койдум, абийирсиз ишке баргандыгы үчүн сазайын бергин деп сурасың!..

К л е я: Акылың жеткен экен. Дал өзүң айткандай жасайм.

Э з о п: Аял деген ушул да. Эми мен жүзүмгө айланып, сен түлкү болдуң... Мен көкмүн. Учурдан пайдаланып, өчүңдү алып кал.

К л е я: Алибетте, өчүмдү алам... Анткени сен жеткен макулук экенсиң. Сен кулсуң, кебетең суук... Мен бир кумардан чыгып ал десем болбодуң. Өз убалың өзүңө, жазаңды тарт! *(Эшиктен шылкыйып Ксанф кирип келет.)*

К с а н ф: Эзоп!.. Эзоп!.. Мени сактап кал, Эзоп!.. Сен кечөөкү жолбун менен ичип мас болгонду билесиңби? Деңизди жутуп берем деген менин сөзүм эсиңдеби? Мени Кудай уруп, деңизди жутуп бере албасам, үй-мүлкүмдү бүт бойдон сага өткөрүп берем деп тил кат берип койгон турбаймбы? Менин тил катымды кишинин бардыгына көрсөтүп, айтканыңды аткар деп талап кылып жатат. Самостуктардын бардыгы аянтка чогулушуп, мени барып деңизди жутуп беришимди күтүп турат. Күлкү болбодумбу, Эзоп... Мени мазакташып боорун тытып күлүп жатышат.

Э з о п: Элдин күлкүсүнө чыдай албайсыңбы? Мени көргөн эле жерден күлүшөт.

К с а н ф: Эмне кылам, Эзоп?.. *(Кейип-кепчип)*: Үй-жайым, дүнүйөм, бардыгынан айрылмак болдум. Эми эмне кылам?..

Э з о п: Эмне кылмак элең, барып деңизди жутуп бер.

К с а н ф: Тамашаңды угаар чамам жок. *(Кекетип)*: Айт дейм! Болбосо...

Э з о п *(колун бооруна кайчылаштырып)*: ...Жонуңдан кайыш алам дечи? Эмне кылаарыңды мен кайдан билем. Чакыр Эфиопту. Эмне карап турасың?..

К л е я *(обочороок туруп)*: Ошент, Ксанф! Өлгөндөй кылып сабат.

Э з о п: Кантип кутулуунун жолун таап берсем азаттык бересиңби?

К с а н ф: Ант берип коёюн!

К л е я: Сабаткын, Ксанф. Жаны чыкканча кыйна. Кандай күнөө кылганын билесиңби? Мага акедей асылып, мен сени аял катары пайдалансам, Ксанфтан кегимди алган болоор элем деди.

К с а н ф *(дал болуп, Эзопко)*: Ошенттиңби?

Э з о п *(Ксанфка)*: Урдур мени! Соктур мени!.. Башымды жара чаптыр. Маңги болуп, экинчи сени кыйын авалдан сууруп чыгууга жараксыз болуп калайын. Эмне карап турасың? Адегенде мени сабаткын, андан кийин барып деңизди жутуп бергин. Болбосо, дүйнө-мүлкүңдүн бардыгынан ажырап каласың!..

К л е я: Бул Эзоптун сага каршы кармаган куралы, Ксанф. Кеңеш сурап көзүн караарыңды билип, сенин ак никелүү аялыңа кол салып жатат.

www.bizdin.kg



Э з о п: Карап турбай тезирээк чеч!..

К с а н ф *(ындыны өчүп Клеяга)*: Биздин үй-мүлк эмне болот, Клея?

Э з о п *(Клеяга)*: Философуң экөөңөргө үңкүр да болсо үй болуп берет. Талаада жашоо ал үчүн абдан пайдалуу... Балким, Диогенчилеп даңкыңар чыгат. *(Ксанфка)*: Кыйналып жүрбөй кечөөкү өзүң ичип бошоткон челектин ичине кирип алып жашай бербейсиңби...

К с а н ф *(башын мыкчып, бакырып)*: Менин үйүм!.. Менин жайым!..

К л е я: Эми эмне кыласың, Ксанф? Башыңа эч нерсе кирбей турабы?

К с а н ф: Сенин оюңча менин башым, Минерваны жараткан Юпитердин башы деп турасыңбы?

К л е я: Ксанф! Бир айласын тап да, Эзопко таңсык эместигиңди далилде! Андан кийин мойнуна кодоо салдырып, жилигин чактыр.

К с а н ф *(эмне кылаарын билбей)*: Айла, айла!.. Кандай айла?.. Мен жашоодогу майда-чүйдөлөрдүн айласын тапкыч белем?.. Мени философ дейт! Ушулардын бардыгына сен айыптуусуң!

К л е я: Эмне дейт?.. Мен айыптуумунбу?..

К с а н ф: Эмне үчүн мени мас болгончо ичирдиң? Эмне үчүн капитанды үйгө киргизесиң? *(Эзопко)*: Туура эмеспи, Эзоп? *(Клеяга)*: Сен болсоң үйгө киши келдиби, ит келдиби, шыйпаңдап жабыша каласың!..

Э з о п: Клея келген кишини кайра жактырбайт.

К с а н ф: Жок, ал көрүнгөнгө жабышып көнүп калган! *(Өмшүңдөп)*: Менин үй-жайым эмне болот, Эзоп?..

Э з о п: Ксанф, барып деңизди жутуп бер!

К с а н ф: Эзоп! Аялымдын айткандарынын бардыгын жалган десең болот. Ал сенин тамашаларыңдын бири, чынбы? Сенин тамсилдериңдин бири экенине көзүм жетип турат.

К л е я *(чыдап тура албай)*: Ксанф!..

К с а н ф *(Клеяга)*: Бул чындык. Дал ошондой! Эзоптун тамашасын мен гана түшүнөм. Ал өлүп бараткан да жамандыкка барбайт.

Э з о п: Ксанф, барып деңизди жутуп бер!

К с а н ф *(Эзопко)*: Менин сага суктанаарымды билесиңби? Ал эми философ суктанат деген оңой иш эмес. Сен гректердин бардык акындарынан өткөн акынсың, ал тургай акыл жагынан Пиндар менен Гомерден да өтүп кеткенсиң!..

Э з о п: Ксанф, барып деңизди жутуп бер.

К с а н ф: Эркин сүйлөп, эргий ырдаган акынсың!

К л е я: Ал акын эмес, Эзоп! Сенин кулуң болот.

К с а н ф *(Клеяга)*: Поэзиянын сен эмнесин түшүнөсүң? *(Өзүнүкүн колдоону каалап Эзопко)*: Поэзиянын катындарга тиешеси жок, туурабы, Эзоп? Каадалуу сөздөр менен канаттуу ырлардын кадырын мына биз гана билебиз. Мисалга алсак, сенин тамсилдериң...

Э з о п: Ксанф, барып деңизди жутуп бер!..

www.bizdin.kg



К л е я: Кулуң саган чыккынчылык кылган. Жалдырабай жазала дегенде жазалагын!..

К с а н ф: Сен апыртып жатасың, Кудайдын кулу! Эзоп эч качан мага чыккынчылык кылбайт.

К л е я: Доңуз! Коён жүрөк!..

К с а н ф: Насыя токмок жегиң келбесе, оозуңду баскын, катын! Айтчы Эзоп, эмне кылышым керек?.. Эзоп!.. Биз ар дайым бири-бирибиздин абалыбызды жакшы түшүнүшкөн курдаштардан элек ко... Сен менин эң биринчи досумсуң!

Э з о п: Кудайды бир карасаң боло. Мени Грециянын ашкан чебер акыны да кылдың. Мен сенин аялыңа да асылыптырмын. Акыры Гректердин ашкан сулуусу болосуң деп каргаңганга чейин жетесиңби деп турам.

К с а н ф: А сен, чыны менен эле ошондойсуң, бул чындык. Экөөбүз бирге болгондон бери мен сенин сапаттарыңдын бардыгын талдап, байкап чыктым. Сенин мурдуңдун классикалык мурун экенин, ооздун баатырлардыкындай калбайып, кабагыңдын калдайып турушун, өзүңдүн салабатыңды көрүп туруп, өзүнчө эле бир мыкты жаралып калган экен деген жыйынтыкка келгемин. Анын үстүнө сенин көркүң абдан татаал жана чанда гана кезиге тургандыгын миңден бир гана кыраакы адамдар байкай алат. Сенин кебетең фидиянын сөлөкөтүн, парфенондун сымбатын эске түшүрөт... Сенде кандайдыр Праксителдин сапаттарынан да бар. (*Өзүнүн айткандарына маашыр болуп*): Билгиң келсе ошол. Аполлондон сенин эмнең кем?

Э з о п *(кыжыры келип)*: Ксанф, барып деңизди жутуп кел. Тим эле бир тамчысы калбасын. Сенин ушундай уятсыздыгың үчүн бул жаза да аздык кылат. Мени тике карачы? Көзүңө Аполлон көрүнүп турамбы ыя?..

К с а н ф: Балким, бир аз аша чапкандырмын. Бирок...

Э з о п: Менин кебетем адам көргүс. Угуп жатасыңбы? Өзүмдүн кебетемди күзгүдөн көрүп алып, арданганыман ыйлагым келет. Желмогуз да менден ыймандуураак. Мен эчен жылдар бою жаркыраган Грециянын ойлоп тапкан Гидра, Химера, Минотавра сыяктуу желмогуздарынын тукумдарынан болом билгиң келсе!..

К с а н ф *(жалдырап)*: Менин үйүм... Менин мүлкүм...

Э з о п: Өзүңдү өзүң алдаба... Менин кебетемдин сууктугу кайсы бир адамдар үчүн жалооруута татыксыз деп айтпайт. Ал тургай жактырба, сүйбө деп да айтпайт. Билесиңби, эмне себептүү? Жок, философ, сен аны билбейсиң. Себебин мен сага айтып берем. Менин сыртым канчалык суук болсо, ичи ошончолук суук адамдар да толуп жатат. Ичиндеги арамдыктын бардыгын чөгөрүп жибериш үчүн башты оорутпай барып деңизди жутуп бергин!

www.bizdin.kg



К с а н ф: Эгерде сен мага үй-мүлкүмдү сактап калуунун айласын таап берсең, мен сага азаттык беремин. Азаттык бербесем, Ксанф атым өчүп калсын.

Э з о п: А сен мурдагы адатыңды карматып, аялыңды келтирип бергендегидей алдабайсыңбы?

К л е я: Эзоп, сен мени көп шакаба кылбагын. *(Ксанфка)* Ушул каракчыга мени кордотуп коёсуңбу?.. Мени басынтып жатканыңды түшүнбөй турасыңбы?..

Э з о п *(Ксанфка)*: Мени чындап эле сабаткың келбесе, ак никелүү аялыңдын сөзүнө ишенбеймин деп аңкоосунганың... Демек, сенде намыс жок. Сага намыс керекпи же үй-мүлк керекпи? Экөөнүн бирин тандап ал!..

К с а н ф: Аялга ишенсем кудай урсун. Аялымдын ким экенин өзүң жакшы билесиң да. Балким, ал өзү сага асылып, кара күчкө жалаа жаап жаткандыр?..

Э з о п (*таңыркап*): Ой тоб-боо!.. *(Кыска пауза)* Ошон үчүн философсуң да!..

К л е я: Эрим, сен да мени кордойсуңбу? Баары тең мени кордошот...

К с а н ф: Эзоп, азаттыкка чыккың келеби?

Э з о п: Ксанф, а сенин намысыңды сактагың келеби?..

К с а н ф: Жан досум, угуп турчу...

Э з о п *(сурданып)*: Мени сулуусуң деп эч качан айтпай жүр. Сен мени антип кордобо!..

К с а н ф: Угуп турчу... Болуптур, сени ага сөз айтыптыр дейли. Анын эмнеси бар? Сен деле эркексиң да, туурабы? А мен болсом муну мурдатан эле билишим керек болучу. Азыр мага Клея бардыгын айтып берди; сен эми мындан ары эч качан антпейсиң. Аны менен ал бүтсүн. Аны унуталы. Туурабы? *(Сөзүн дароо буруп)*: Менин үй-мүлкүм, Эзоп?.. Менин оокат-жайым...

Э з о п: Эгерде аялың маган асылды десем эмне дээр элең? *(Клеянын көз ымдоосуна жооп кылып)*: Ошенткен өзү...

К л е я: Жүзү кара!..

Э з о п *(сөөмөйү менен Клеяны көрсөтүп)*: Мына бул!..

К с а н ф: Андай болууга мүмкүн эмес!

Э з о п: Эмне үчүн мүмкүн эмес?

К с а н ф: Сенин кайсы кебетеңе кызыгат?

Э з о п: Ошондойбу? Мен сенин үй-мүлкүңдү сактап калыш үчүн ашкан сулуумун, ал эми аялыңдын ашык болуп калышы үчүн сулуу эмес турбаймбы?

К с а н ф *(Клеяга)*: Эзоптун айтканы чынбы?

К л е я: Чын болсо эмне экен?

К с а н ф: Жок!.. Жок!.. Мен буга ишенбейм. Бул жеткен жиндилик, акмактык, шермендечилик... Же орунсуз тамаша болоор эле, туурабы,

www.bizdin.kg



Эзоп? Туурабы, Клея?.. Мунун баарын коёлучу... бул сөз ушу бойдон ушул жерде калсын. *(Сөздү кескин буруп)*: Менин үй-мүлкүм, Эзоп?.. Баарынан ушул кыйын болуп турат. Эмне кылуу керек?.. Айтып кой, Эзоп, мен сага азаттык берем!..

Э з о п: Эми маган азаттыктын кереги жок, болбосо азаттыкты соодалашып сатып алгандай болом. Үй-мүлкүңдү кантип сактап калуунун айласын айтып берейин. Акылашпай, бекер айтып берем.

К с а н ф *(кубангандан колун ушалап)*: Эмне кылайын?..

К л е я *(сактанган түрдө жаңсап)*: Ксанф, макул болбо!..

К с а н ф *(ороңдоп)*: Бас жаагыңды! *(Эзопко)* Кана, айт бачым!..

Э з о п: Сен деңизди жутуп беришим керек, деңизге агын суулар кирбесин де! Деңизге кирген дайралардын бардыгын бууп салып, деңиздин суусунан дайраны бөлүп бергиле. Анан мен деңизди бүт бойдон жутуп берем дегин!..

К с а н ф *(кубанычы койнуна батпай, сонун акылга кенелип)*: Демек, деңизге агып кирген дайраны бууп салуу эч кимдин колунан келбеген себептүү, сакчылардын капитаны менин үй-мүлкүмдү талап кыла албайт. Кандай сонун акыл!.. Мен жөнөдүм... Эртерээк жетейин!..*(Кетүүгө камынат.)* Капитандын кандай болоору көз алдыма тартылат!..

К л е я *(токтото калып)*: Ксанф! Эзопту сабаткың келбей турабы?

К с а н ф: Кимди?.. *(Эзопту карап.)* Эмнеге сабатам?..

К л е я: Ии де... Антпейм дечи? *(Буркан-шаркан түшүп)*: Кулуң менен курушуп, кудайың менен урушуп жата бер!.. *(Кетет.)*

К с а н ф: Клея!.. *(Ксанф менен Эзоп тике көздөшө калат. Ксанф чарай көз менен Клеяны бир карап алат, көңүлкош барып добулбасты урганда Эфиоп кирип келет.)* Сабагын муну!..

**(Көшөгө жабылат.)**

## Үчүнчү көшөгө

Ошол эле декорация. Сценанын ортосунда колдорун бооруна алышып, Мелита менен Эфиоп турат.

М е л и т а: Сен мени түшүнбөйсүң Эфиоп, а мен сени түшүнүп турам. (*Кумураны оңдоп коюп, Эфиопту көздөй бурулат.*) Сен мени түшүнбөйсүң! (*Эфиоп кебелип да койбойт.*) Жок, сен болсоң кулдук уруп, бир мырзадан экинчи мырзага өтүп кете бересиң. Билесиңби, мен деле ошентээр элем, бирок мен бир нерсени күтүп жүрөм. Ал эми Эзоп болсо антпейт, ал күйүгүп-бышыгып азаттыкка чыгуудан башканы каалабайт. Мен болсом эркимче бир бай адамдын алпештеген жары болгум келет. (*Пауза*) А сен антпейсиң, же андай болууну каалабайсыңбы?.. Сен өз эркиңче болуп, өз

www.bizdin.kg



жолдошторуңдун арасында жүргөндө эмне кылуучу элең? Балким, Арстанга карша жекеме-жекеге чыгып, эчен Арстанды өлтүргөндүрсүң??. Колуңа найза кармап, эчен жырткычтардын жолун тороп чыккандырсың... Ал эми азырчы?.. Алардын эч бири жок. Эрдиктин бир да жышаанасы байкалбайт. Же чыны менен эле сен ушундай жаралып калгансыңбы? Мейли, анын баары сенин көз карашың менен эрдиңдин түйүргүнөн байкалбайт дейли, жок дегенде ушул жек көрүмчү жат шаардан, ушул таш сырдуу томсоргон үйдүн курчоосунан чыгып, эркиндикте болсом деген үмүтүң да жокпу? (*Пауза*) Ким билет, балким, Эзопту чечинтип, түркүккө таңып шапалак менен ай далысынан кан агыза какшатып сабап туруу сага жагып калдыбы? Таң каларлык... Бирөөнү боздотуп сабаш кантип эле бирөөгө жагып калсын. Же бийлик кылып жатам деп кубанасыңбы? (*Пауза*) Бирок ал, бийлик кылганга жатпайт. Бийлик деген сабаш эмес, сүйүш болот. Сен сүйүп көрдүң беле, Эфиоп? Деги бирөөнү сүйө аласыңбы? Эч нерсеге эбиң жок! Эмне күтүп турасың! Мени бир өөп койчу, Эфиоп!.. (*Эфиоп камаарабайт*): Өөп кой эми керсейбей?.. (*Шашып-бушуп Клея кирип келет.*)

К л е я: Ксанф кайда? (*Мелитанын жандоосу менен Эфиоп чыгып кетет.*)

М е л и т а: Эмне кайра келдиң? Экинчи басып келбейм дегенден кийин жеңил баа болуп кайра келбей эле койбойсуңбу?..

К л е я: Келемби, коёмбу, ал менин жумушум. Ксанф кайда?

М е л и т а: Көрүп турбайсыңбы, ал жок!

К л е я: Ал жээктен келе элекпи?

М е л и т а: Ал эмне, жээкке кетти беле?

К л е я: Деңизди кандайча жутуп берүүнүн шартын элге түшүндүрүп берем деп жээкте жүрөт болучу.

М е л и т а (*кубанып*): Демек, ал үй-мүлкүнөн, оокат-жайынан ажырап калган жок дечи?

К л е я: Жок, Мелита. Сен өзүңдүн сүйгөн философуңа кызмат кылып жүрө бересиң. (*Пауза*) Сен аны жакшы көрөсүң, чынбы, Мелита?

М е л и т а: Сенден суранаарым, ал жөнүндө сураба!..

К л е я: Эси жок десе. Көңүлүн өзүңө буруп, эмне үчүн ашык кылып албайсың? Негрге асылганча ошого асылбайсыңбы!..

М е л и т а: Сенин күйөөңдү өзүмө ашык кылып алганда сага эмне пайда?

К л е я: Элдин баары Эзопко азаттык берилсин деп талап кылып жатканын билесиңби?

М е л и т а (*түшүнө албай*): Эл дейсиңби?.. (*Ойлоно калып*): И-и-и... Эзопко кошулуп сен да кетейин деп турасыңбы?

К л е я: Менин күйөөмдү өзүңө ашык кылып алсаң, мен өз эрким менен болоор элем, Мелита! Эзоп да эркинче болоор эле. Түшүндүңбү?

М е л и т а: Түшүндүм.

www.bizdin.kg



К с а н ф (*сценанын артынан бакылдап*): Бул төгүн! Мен эч качан антпейм. Жок... Жок, антпейм!.. (*Ксанф, анын артынан Агностос кирет.*) Бошотпоймун! (*Клеяны көрө коюп*): Аа, Клея! Келип калганың ырас болбодубу. Ойлоп көрчү! Элдин баары Эзопко азаттык бересиң дешет...

К л е я: Андай болсо эмне үчүн элдин талабын орундатпайсың? Антпесең шаардын эли бүт жек көрүп калышпайбы?

К с а н ф: Сен да кошуласыңбы? Эмне үчүн? Эмне үчүн Эзоптун таламын талашасың? Же аны ээрчип сен да кеткиң келип турабы?

К л е я: Ксанф, элдин талабын аткар... Менден да баш тарт, кайда барып, кайда коёрумду сурабагын.

К с а н ф (*Агностоско*): Демек, мен үй-жайымдан башкасынан ажырап калган турбаймынбы?..

А г н о с т о с: Байлыгың өз колуңда калды.

К с а н ф: Аялың менен кулуңдан ажырап кала бергин дечи?..

А г н о с т о с: Аялың эмне кылам десе өзү билет. Ал эми кулуңду азаттыкка чыксын деп эл талап кылып жатат. Элдин талабын аткарыш үчүн мен сени ээрчип келип отурам.

К с а н ф (*ачууланып*): Менин колумдагы кулумдан ажыратууга элдин кандай акысы бар экен? Же бийлик элдин колуна өтүп кетти беле? Эл эмне, байдын байлыгын чачат бекен?..

А г н о с т о с: Жок. Эл сенден Эзопко азаттык берүүнү талап кылып жатат. Жалгыз гана Эзопту...

К с а н ф: Эзоп менин кулум! (*Эзоп менен Мелита кирет. Ксанф Эзопту көрө коёт. Агностоско*): Бул менин кулум! Түшүнүп турасыңбы?

К л е я (*шашып сүйлөп, Эзопко*): Эзоп! Ксанф сага азаттык берсин деп эл талап кылып жатат!

Э з о п: Эл дейсиңби? Эмне үчүн?

К л е я: Деңизди жутуп берем деген убадасынан кантип кутулуунун жолун Ксанфка сенин үйрөткөнүңдү билип калыптыр. Хризипп чыгып алып: «Бул Эзоп кулдун амалы. Мындай амалды табуу Ксанфтын колунан келбейт!» – деп жарыя кылыптыр.

Э з о п (*Ксанфка*): Кечирип кой, Ксанф! (*Калгандарына*): Дагы эмне кеп?

К л е я: Андан элдин баары: «Эзопко азаттык берилсин! Эзопко азаттык берилсин!» – дешип чурулдашыптыр.

Э з о п: Андай болсо (*бардыгына көз чаптырып*), мен азаттыкка чыккан экемин!

К с а н ф: Жок!.. (*Кыска пауза*) Сен менин кулумсуң!..

К л е я: Азаттык бер, Ксанф?

К с а н ф: Сен дагы Эзопту ээрчип кетесиңби?

М е л и т а: Азаттык берип койгун, Ксанф. Аялыңды да кууп жибергин. Ал сенин теңиң эмес, кулуңду ээрчип кете берсин!..

www.bizdin.kg


К л е я (*сыймыктанып*): Мелита болсо өз мырзасынын камын көрсүн!

К с а н ф: Жок! (*Эзопко*): Сен менин кулумсуң!..

М е л и т а: Мен да сенин күңүңмүн! Өмүр бою сага күң болууга даярмын!

К л е я: Менин ордумду Мелита басат. Ал сага менден жакшы аял болуп берет.

К с а н ф (*каардanып*): Жок!..

Э з о п (*бир аз паузадан кийин жайдарыланып*): Арстандын уктап жатканын көргөн чычкандын баласы анын үстүнө чыгып алып, ары-бери жүгүрүп ойнойт. Жырткыч ойгонуп калып, чычкандын баласын жемек болгондо, ал: «Мени жебей коё бергин! Жакшылыгыңды качандыр болбосун өтөп берем!» – дейт. Арстан күмөндүү күлүмсүрөп коё берет. Арадан аз күн өтпөй Арстан торго түшүп калат. Жырткычтын тордон чыга албай бакырып жатканын уккан чычкандын баласы жетип барып, торду кырчып жиберип, Арстанды бошотуп коёт.

К с а н ф: Бул эмне дегениң?

Э з о п: Бул тамсилдин мааниси – жасаган жакшылык жерде калбайт дегенди билдирет.

К л е я: Туура, Ксанф... Сенин үй-мүлкүң менен байлыгыңды сактап бергендиги үчүн ыраазы болуп, сен дагы жакшылыкка жакшылык кылышың керек!

К с а н ф: Мен ыраазы болоюнбу?.. Кайра бул маган ыраазы болуш керек. Анткени аны мен багып-көрүп жатам. Мындай турмушта жашаган кулдардан бүткүл Грецияны кыдырып таба албайсың!..

Э з о п (*тырык болуп чор баскан колдорун көрсөтүп*): Үй-мүлкүңдү кайтарып берген жакшылыгым үчүн мага сенин кылган жакшылыгың ушулбу?..

А г н о с т о с: Эгерде Эзоп сага үйрөтүп бербесе, сенин үй-мүлкүң, оокат-жайың менен кошо кулдарың да менин карамагыма өтөт болучу. Эзоп менин колума өткөндөн кийин мен ага сөзсүз эркиндик берет элем.

М е л и т а: Бошотуп койгун Эзопту, Ксанф. Анын сага пайдасы жок. Аялыңдын да пайдасы жок. Мен сен үчүн бул экөөнөн артык жубай болуп берем!

К с а н ф (*кыжырланып түртө салып*): Сен да менин күңүмсүң! Менин менчигимсиң!.. Сени аял катары пайдалангым келсе, эч качан сенден сурабайм!.. Угуп койгун!..

А г н о с т о с: Сенин кулуңдун тапкычтыгынан мен сага уттуруп отурам. Эл болсо Эзопту бошотууну талап кылып жатат. Элдин талабын орундаткын. (*Демигет.*)

К с а н ф: Мени кулуңду бошотуп койгун деп милдеттендирген мыйзам жок. Эл аны жакшы билет. Сен көп демитпегин!..

К л е я: Ксанф, шаардын эли бүт сени жаман көрүп жатат!

www.bizdin.kg



К с а н ф (*Клеяга*): Эзопту эмне үчүн бошотуп кой деп жанталашып жатканыңды мен жакшы билем...

К л е я: Билбейсиң деген жерим жок. Уккуң келеби, айтып берейин?..

К с а н ф: Жок!.. Ал адепсиздикке жатат.

К л е я: Эзоп биздикине келгенге чейин, качандыр болбосун өзүңдөй же капитанга окшогон адамдар кезигээр бекен деп жүрчүмүн. Акылдуу, сулуу, күчтүү эркек болсо деп эңсээр элем. Ал эми (*Эзопту көрсөтүп*) мына бул кебетеси суук адамдан эч кимдин акылы жетпеген нерселерди угуп отурам. (*Ксанфка*): Ксанф, ушул адам менен кетүүгө уруксат бересиңби?

К с а н ф (*эмне кылаарын билбей шалдая түшүп, отургучка отурат*): Мына ошон үчүн мен аны бошоткум келбейт. Мен муну бошотпой койсом, сенин да эч кайда кетпесиңди жакшы билем.

К л е я: Айткан сөзүңдүн баркы кетип калды. Аялыңдын кулду сүйүп калганын угуп, кантип чыдап турасың?

К с а н ф: Чыдабаска айлам канча!

Э з о п: Мени урматтаганыңа рахмат, философ. Сенин аялыңа менин эч качан жакындап койбосумду өзүң жакшы билесиң.

К л е я (*Эзопко*): Сен мени сүйбөйсүңбү?

М е л и т а (*Эзопко*): Сүйөм дегин, Эзоп!

Э з о п: Сүйбөйм, Клея.

К л е я: Менин сени ээрчип кетишимди каалабайсыңбы, Эзоп?

М е л и т а (*чебелектеп*): Каалайм де, Эзоп! Акыры сен жеңип чыгасың.

Э з о п: Каалабайм, Клея.

К л е я: Анан эмнени каалайсың?

Э з о п: Мага таандык болгон азаттыкты!

К с а н ф: Эгерде мен Эзопту бошотуп койсом, каласыңбы, Клея?

Э з о п: Ал аялыңдын милдети. Калбаганда кайда барат.

К л е я (*Эзопко*): Эгерде сен кал деп буюрсаң, мен калам.

Э з о п: Мен сага буйрук бере албайм. Кааласаң өз кеңешимди гана берем. Маган байлыктын да, сүйүүнүн да кереги жок. Турмуштан күткөн талабыңды орундатуу менин колумдан келбейт. Сен өпкөңдү калбыр кылып сурансаң да мен өзүмдүн эркиндигимди бербес элем. Сүйгөн аялдын рахатын көргөн адамдай мен да өзүмө таандык эркиндикти алып, анын рахатын көргүм келет.

К л е я: Сен тараптан бир гана жаңсоо болсо сени ээрчип, сен кул болсоң, мен күң болуп кетүүгө даярмын, Эзоп!

К с а н ф (*Эзопко*): Демек, Клея сени ээрчип кетпейби?..

К л е я: Бошотуп кой, Ксанф. (*Кабак чытып*): Мен каламын!.. (*Ксанф столго барып бир барак кагаз менен калем сапты алат да, жазып кирет. Клея шолоктоп ыйлайт. Кагазды Ксанф Эзопко сунат.*)

К с а н ф (*Эзопко*): Мм!.. Эми кете берсең болот.

www.bizdin.kg



Э з о п (*кагазды алып, карап туруп, Клеяга сунат*): Ал, Клея!.. Мени бошот, же тытып салып кармап кал!.. (*Клея албайт.*)

А г н о с т о с (*Эзопко*): Сен эми качан кетесиң?

Э з о п: Азыр кетем!

А г н о с т о с: Өз буюмдарыңды алгын.

Э з о п: Менин эч буюмум жок. Ии... Айтмакчы, нан салган баштыгымды алып алайын. (*Эзоп башка үйгө кирип кетет. Бир кыйлага тымтырс. Ксанф, Клея, Агностостор жер тиктеп шылкыйып турушат. Бир аздан кийин Ксанф сөз баштайт.*)

К с а н ф: Капитан, Эзопту калтырууга айла табылаар бекен? Менде акча деген жетишет. Элге эптеп жооп айтып коюш үчүн канча акча берсем болот?..

К л е я (*анын сөзүн буруп*): Бас жаагыңды, Ксанф! (*Эзоп баштыгын асынып кирип келет.*)

Э з о п: Кош, Ксанф!..

К л е я (*Эзопко*): Кайсы тарапты көздөй барасың?

Э з о п: Көрө элегимди көрүш үчүн жер кыдырам. Эркимче жүрүп, бардыгын эркин көз менен карап чыккым келет. Мындан кыйла алыстагы Лидия деген шаардын Крез аттуу падышасы бар. Ал бу дүйнөдөгү эң бай адам. Анын сарайы алтындан курулуп, кийимдери чыгыштын асыл таштары менен кытатталган... Мен ошонун байлыгын көрүп мазактагым келет. Андан ары Нил дарыясынын боюнда мисирдиктер жашашат. Өздөрүнүн өлгөн падышаларына эстелик кылып заңкайган күмбөздөрдү курушкан. Мен барып чирип жаткан сөөктөрдү коруп турган ошол күмбөздөрдүн макталып жүргөн таштарын көрүп мазактап күлгүм келет. Мага күлгөндөрдүн жазасын мен ошолордон алам. Соо бол, Ксанф!..

К с а н ф: Сен чындап эле кетмек болдуңбу, Эзоп?

Э з о п (*Клеяга*): Кош, Клея! Кудай сенин айдай сулуу ажарыңа береке берсин. (*Клеянын колун Ксанфтын колуна коюп*): Өз күйөөңдү сүйө бил!..

К л е я: Кош, Эзоп! Кудай багыңды ачсын!

М е л и т а: Кош, Эзоп!

Э з о п: Кош, Мелита! Кудай сени да кулчулуктан куткарсын! Кош, капитан!..

К а п и т а н: Кош, Эзоп. (*Эфиоп кирип келет.*)

Э з о п: Кош, Эфиоп! Сенин күчүңө караганда мени өтө эле катуу жазалайт элең. Бирок таягыңдан өлгөн жокмун. Кечтим күнөөңдү! (*Чыгып баратып колун булгалап*): Кошкула! (*Эзоп чыгып кетип Ксанф, Мелита, Клея, Агностостор делдейип туруп калышат. Бир аздан кийин Ксанф сөзүн баштайт.*)

К с а н ф: Капитан, биз менен бирге тамак ичип кеткин.

К л е я (*анын сөзүн кубаттап*): Биз менен бирге бол, капитан!

К с а н ф (*Мелитага*): Эмне тамагың бар?

www.bizdin.kg



М е л и т а: Тил...

К с а н ф: Тил... Ии... Ырас! Тилден ширин эмне бар?.. Бизди бириктирген да тил. Тилсиз оюбузду эч кимге түшүндүрө албайбыз. Тил илимдин ачкычы, акыл менен адилеттин куралы...

К л е я (*Агностоско*): Тамак ичкиң келеби?..

А г н о с т о с: М-м-м!..

К с а н ф (*сөзүн улап*): Тилдин жардамы менен шаарлар курулган; тилдин жардамы менен биз сүйгөнүбүздү билдиребиз. Тил үйрөтөт, ишендирет, акыл айтат... (*Токтой калып Агностоско*): Сага тил жакпайбы?..

А г н о с т о с: Дүйнөдө тилден жаман неме жок. Тил – бардык чырчатактын булагы, бардык ушактын башталган жери, бардык жаңжалдын энеси. (*Дароо токтой калып*): Мунун баарын бизге айтып берген ким?..

К с а н ф: Мына мен!.. Аянтта окуучуларыма ушулардын бардыгын окутуп жүргөн мына менмин!..

А г н о с т о с: Сен өлбөйсүң! Мунуң туура... Бул сенин окууларыңдын бири. Сен улуу философсуң, ошолордун катарына киресиң...

К с а н ф (*мактоого мукактанып*): Ошондой деп ойлойсуңбу? Ошентип айтаарыңды мен билгем... Мен билгенмин! (*Клеяга Агностосту көрсөтүп*) Сый көрсөтүп, бутун жууп бер меймандын. (*Клея Агностостун бутун жууп берүүгө камданып жатканда, арадан кыйла убакыт өттү дегенди билдирген кыскача көшөгө болот. Көшөгө кайра ачылганда сцена-нын жарыгы күңүрттөнүп өзгөрүп, Ксанф менен Клея башкача кийинип чыгышат.*)

К с а н ф (*Клеяга*): Илгери-илгери бир бака болуп, ал абдан зерикчү экен...

К л е я (*сөзүн бөлүп*): Жо-ок!.. Жок, Ксанф! «Илгери-илгери» деп баштаба... «Илгери-илгери» деген сөз балдарга айтыла турган жомоктордо колдонулат.

К с а н ф: Анан кантип баштасам?

К л е я: Дароо гана теманын өзүнө өтүп, андан кийин ага катышкандар жөнүндө айт. Мындай башта: «Бакалар...» – деп улантып кет. Эң негизгиси катышуучулар болсун.

К с а н ф: Бул туура эмес, тамсилди баштоодон мурда түшүнүк бериш керек. Сөздүн бардыгы адегенде түшүнүктөн, анан негизден, акыры тыянактан турат. Демосфен мына ошентип үйрөткөн. Бул мыйзамда да жазылып калган.

К л е я: Мыйзамыңды унут. Чындыкты далилдеп айтып жүр. Кургак чечендикке салбагын. Эзоп дал ошондой кылуучу.

К с а н ф: Баарыдан да анын эч бир далилсиз, эрежесиз айтылган баш катырма сөздөрү элдин баарына жагып калганына таң калам. Мен буга эч бир түшүнө албай койдум!

www.bizdin.kg



К л е я: Сен ага таң калбай эле кой. Сен Эзопту туурап сүйлөгөндөн бери аянттагылардын бардыгы тең сенин сөзүңдү ынтаа коюп угуша турган болушту. Бакалар жөнүндөгү тамсилиңди дагы бир сыйра кайталап көрчү?..

К с а н ф: Илгери, илгери... (*Токтоло калып*): Бакалар бийликсиз жашоодон абдан зеригишет да, бизге падыша берсин деп суратып, Кудайды көздөй өзүнүн элчилерин жиберишет.

К л е я: Угуп жаткандарга жакшылап түшүндүрүш үчүн бир аз токтоп-токтоп сүйлөш керек. Бакалар зеригишет; кудайга элчилерин жиберишет; элчилери бизге падыша бергин деп сурашат. Андан ары улант...

К с а н ф: Кудай бир дөңгөчтү сазга ыргытып жиберет. Саздагы бакалар дөңгөчтөн коркконунан суунун түбүнө кире качышат.

К л е я: Бул жерде бир аз көтөрүңкү кылып: «Бакалар корконунан суунун түбүнө кире качышат!» – деп айтыш керек. Андан аркы сөзүңдү салмак менен сүйлө. Сөзүңдү угуп тургандар үчүн бакалар кайра эс-учун жыйып калгандай болушсун.

К с а н ф (*тамсилин улантып*): Дөңгөчтүн былк этпей сууда калкып жатып калганын көргөн бакалар кайрадан суунун үстүнө калкып чыгышып, падышасын жек көргөндүктөн башынан аркы-терки секирип өтө башташат.

К л е я: Дагы бир аз токтол. Азыр ой жүгүртүү учуру башталат да, угуп тургандар кыймылсыз жаткан падыша менен анын башынан секирип өтүп жаткан бакаларды көз алдына келтиришип элестеткендей болушсун. Улант дагы...

К с а н ф: Падышасына ыраазы болбогон бакалар кайрадан Кудайга барышып, тигил падышаң былк этпей жатат, бизге башка жаңы улук бергин деп сурашат.

К л е я: Эми акыры, окуянын жыйынтыгы келип чыгат. Аны так жана ашкерелеп, даана айтыш керек. Уланткын дагы...

К с а н ф: Ачуусу келген Кудай аларга ажыдаарды жиберет да, ажыдаар бардыгын соруп коёт.

К л е я: Ажыдаарды айтканда бир аз коркунучтун белгисин бергин. Сөз ажайып жөнүндө бараткандан кийин, үнүңдөн корккондуктун добушу сезилип турсун. Кана эмесе, «Ажыдаар!» деп көрчү, угуп көрөлү!..

К с а н ф (*корулдап*): Ажыдаар!..

К л е я (*чыйраксынып*): Ажыдаар!..

К с а н ф: Ажыдаар... Ал ажыдаарды жиберип, ажыдаар бакалардын бардыгын соруп коёт.

К л е я: Акыркы сөзүңдү бир аз токтолуп туруп айт. Мына ошол токтолуунун учурунда угуп тургандар сөз жөн эле бака жөнүндө барбастан, аңгеменин мааниси терең экенин сезишкидей болушсун. Бакаларга да ажайып сыяктуу каардуу башкаруучу эмес, жумшагыраак башкаруучу

www.bizdin.kg



керек экендигин угуп тургандар түшүнүшсүн. Бир аз токтоло кетүү болсо, угуп тургандарга ой жүгүртүү үчүн мүмкүнчүлүк берет. Ал эми сенин аңгемеңди угуп турган адамдар бакалардын тарыхынан тыянак чыгарып алышы керек.

К с а н ф: Тыянакпы?..

К л е я: Тыянагы болсо арсарсып туруп айтылышы керек. Берген сабагыңды бардыгы түшүнгөнүнө сенин көзүң жеткидей болсун. Сенин чыгарган жыйынтыгың бардыгына жеткилең келип, сенден кайра: «Бул эмне дегениң?» – деп сурашпасын.

К с а н ф: Ал ошентип айтты беле?

К л е я: Ким?

К с а н ф: Эзоп. Мен андан: «Бул эмне дегениң?» – деп көп сурачумун.

К л е я: Сага кечиримдүү...

К с а н ф: Мен эч качан Эзоптой боло албайм. Жок дегенде ал ушул жерде болсочу, үйрөтүп турат эле. Ошон үчүн бошотпой эле коёюн десе болбойсуң. Көрдүңбү? Кандай жоготууга учурадык. Ал айтып берген тамсилдер менен өзүмдүн билген тамсилдерим түгөнгөндө эмне кылам? Башкасын кантип ойлоп табам? Тамсил ойлоп табуу менин колумдан келбесин билесиң! (*Шашып-бушуп Мелита кирип келет.*)

М е л и т а: Мырзалар!.. Сакчылар Эзопту айдап келе жатышат.

К л е я: Сакчылар дейсиңби?..

К с а н ф (*делдейип*): Сакчыларбы?.. Кармап алышыптырбы?..

М е л и т а: Түз эле биздин үйгө алып келе жатышат. Аны сакчылардын капитанына тапшырып беришиптир.

К с а н ф: Мында алып келе жатышабы?.. Эмне үчүн?..

М е л и т а: Билбейм. Дельфиялыктар кармап алышып, Самоско келгенде капитанга тапшырып беришиптир.

К с а н ф: Аны эмне үчүн кармап алышкан?..

М е л и т а: Аны кайдан билем...

К л е я: Ксанф, биз ага жардам беришибиз керек.

К с а н ф: Абдан сонун болот. Ал келсе мен аянтка айткыдай жаңыжаңы тамсилдерден айтып берет.

*(Колу-буту кишенделген Эзоп кирет. Баштыгы ийнинде асылуу. Артынан Агностос кирет.)*

Э з о п: Мен кайра келдим. Менимче, бирибизден бирибиз ажыраша албайт окшойбуз.

К с а н ф: Сенин келгениң биз үчүн чоң кубаныч. Мен сенин тамсилдериңди үйрөнүп жаткам. Эми сен...

А г н о с т о с (*сөзүн бөлүп*): Анын уурусун кармап алыптыр.

К с а н ф: Ууру?.. Кандай ууру?..

Э з о п: Мен Дельфияга барганда жергиликтүүлөр бизге арнап тамсил айтып бер деп асылышты. Мен айтып бердим. Тамсилди угуп алы-

www.bizdin.kg



шып, сен Аполлондун касиеттүү мечитин кордодуң дешип ууру тутуп кармап алышты.

К с а н ф: Бирдемесин уурдап алдың беле?

Э з о п: Жок. Өзүмө таандык нерседен башка мага эч нерсенин кереги жоктугун башкага караганда өзүң жакшы билесиң.

А г н о с т о с: Алар Эзопту Аполлондун мечитинен алтын чөйчөктү уурдап алды деп айыпташып жатат.

К с а н ф: Ошенттиңби?..

Э з о п: Жок. Мени аянттан кармап алышып, түз эле мында алып келишти.

К с а н ф: Сени эмне үчүн Самоско айдап келип жүрүшөт?

Э з о п: Менин баштыгымда алтын чөйчөк бар экенин өз көзү менен көрсүн деп мени бул жерге айдап келишти.

А г н о с т о с (*Эзоптун баштыгын Ксанфка алып берет*): Ме, текшерип көр!

Э з о п: Менин уурум жоктугун сен жакшы билесиң. (*Ксанф баштыкты ачып, ичинен алтын чөйчөктү алып чыгат.*) Эгер мен байлыкты жакшы көрсөм, баягы таап алган казынаны сага бербейт элем... Эгер мен ууру болсом, сенин аялыңды эмдигиче уурдап кетет болучумун.

К с а н ф (*алтын чөйчөктү кармалап*): Бул чөйчөктү эмне уурдадың? Мунун жазасы өлүм менен бүтө турганын жакшы билесиң. Айтпадым беле, азаттык үчүн али жаштык кыласың деп...

Э з о п: Мен муну уурдаган жокмун. Кайдан жүрүп менин баштыгыма түшүп калганын өзүм да билбейм.

К с а н ф: Чөйчөк баштыкка өзү эле түшө калбайт, туурабы?

К л е я (*Эзопко*): Сени эмне үчүн биздикине айдап келишти?

Э з о п: Ксанфтын кулу катары. Мыйзам боюнча кулу катары мени Ксанф гана жазалай алат экен.

К с а н ф: Бирок сен менин кулум эмессиң да!

Э з о п: Самостуктар билишкени менен дельфиялыктар аны билишпейт экен.

А г н о с т о с (*Ксанфка*): Дельфиялыктарга Эзоп кулчулуктан кутулган деп айтып койбойсуңбу? Бул уурулукка сенин эч кандай тиешең жок да.

Э з о п (*ачууланып*): Кимдир бирөө менин баштыгыма салып койгон.

К л е я: Эмне үчүн? Алардын сенде өчү бар беле?..

Э з о п: Алар дельфиялыктар үчүн тамсил айтып бергин деп сурашат. Менин айтып берген тамсилиме алар аябай кыжырланып калышат.

К с а н ф: Сенин айбандар жөнүндө айткан тамсилиңе кыжыры келгидей алардын атасынын акысы барбы? Түк түшүнбөйм... Тамсил айтуу дүйнөдө эң бир айыпсыз иш эмеспи?..

Э з о п: Сен жаңылып жатасың. Менин тамсилдеримди айыпсыз деп айтууга болбойт.

www.bizdin.kg



К с а н ф: Эмне деген тамсил эле? Арстан менен Курбака жөнүндөбү? Же Карга менен Түлкү жөнүндөбү?

Э з о п: Атайын дельфиялыктар үчүн чыгарган тамсил болучу.

К с а н ф: Анын маанисин алар түшүнүп коюштубу?.. (*Клеяга*): Сени-ки чын. Эзоптун тамсилин уккандар дароо эле түшүнүшөт. Дельфиялыктар акылдуу келишет. Ал кандай тамсил эле?

Э з о п: Дельфиялыктар – Аполлондун жолун жолдогондор. Алар Аполлонго таштан заңгыраган чиркөө тургузушуп, эрте менен кечке чейин эс албай чокуна беришет. Анын аркасы менен эгин эгүүгө да чолоосу тийишпейт. Качан кыш түшкөндө эгини жок ачарчылыкка дуушар болушат. Акыры бүткүл Грецияны кыдырышып: «Эй, жолбун! Мен Аполлондун чиркөөсүнүн курманы болом. Биздин шаарыбыздын кырсыктан тышкары болушун тилеп, жайлы жайлай табынып чокунуп чыгам. Азыр мен ачкамын. Сен мага тыйын-тыпыр садага беришиң керек!» – дешип жер безип кайыр сурап кетишет. Алар ошентип күн көрүшөт. Ошондуктан, алар менден бизге арнап тамсил айтып бер деп сурашканда мен аларга мындай деп айтып бердим: «Угуп тургула, дельфиялыктар! Азыр мен атайын силерге арнап чыгарган тамсилимди айтып берейин! Чегиртке жай бою сайрап чыгат, ал эми жампа коңуз болсо малдын кыгынан тоголоктоп ийнине чогулта берет. Кыш түшкөндө ачка болгон чегирткелер коңуздарга барышып: «Сооп үчүн бир тойгузуп койгун?» – деп суранышат. Анда чегирткеден коңуздар: «Жайлы жайлай эмне кылып жүрдүңөр, кыштык азыгыңарды камдап албай?» – деп сурашат. Чегирткелер: «Жай бою ырдап чыктык!» – дешет. Коңуздар жооп кылышат: «Жай бою ырдап чыксаңар, кыш бою бийлеп чыксаңар болот!» – деп жооп беришет.

К с а н ф: Муну түшүнбөйм!

Э з о п: Түшүн, Ксанф... Дельфиялыктар Аполлонго табынгандан көрө аттын тезегин терген артык турбайбы деп чурулдашты.

К с а н ф: Кудайга мындай шек келирүү кечирилгис күнөө эмеспи...

Э з о п: Түшүнсөң боло, Ксанф, бул тамсилди мен ойлоп оюмдан чыгарган жокмун. Бул чындык. Ал эми биз чындыкты алдыга максат кылып коюп, чындык үчүн жашап, чындык үчүн өлүүгө тийишпиз!

К л е я: Бирок сен өлбөйсүң, Эзоп!

Э з о п: Алтын чөйчөктү менин баштыгыма бирөө сала коюптур. Бул менчикке каршы, Кудайга каршы күнөө болот. Мындай күнөөгө баткан адам кандай жаза тартаарын билесиңби?..

А г н о с т о с: Дельфиялыктар дал ошол кандай жаза тарттырарды билишкиси келишет. Мыйзам боюнча эгерде ууру эркин адам болсо, Грециядагы эң бийик аска Гиампиананын чокусунан кулатып өлтүрүшөт. Ууру эгерде кул болсо ага кандай жаза берүүнү анын мырзасы тандап алат. Сени Ксанфтын кулу катары мында алып келип олтурушат. Баш-

www.bizdin.kg



тыктын ичинен табылган алтын чөйчөк мына. Дельфиялыктар бактын арасында жооп күтүп турушат.

К л е я (*Агностоско*): Аларга сен Ксанф азаттык берген деп айткан жоксуңбу?

А г н о с т о с: Жок. Мен айтып койсом алар Эзопту эбак эле асканын башынан кулатып жиберишет болучу.

К л е я (*Агностоско*): Барып, дагы бир аз күтө тургула деп уруксат сурап кел. (*Агностос чыгып кетет.*) Демек, өлөт турбайсыңбы, Эзоп?.. Жок!.. Жок. Сенин өлүмүңдү каалабайм. Эмне кылсак болот?..

Э з о п: Эмне кылмак элек?

К л е я: Азаттыкка чыккан кагазыңды тигилер көргөн жокпу?

Э з о п: Жок.

К л е я: Бактың бар экен, байкушум.

Э з о п: Ушул да бактыбы?

К л е я: Ошол сени өлүмдөн сактап калат. Аны сен аман калайын деп катып койдуң беле?

Э з о п: Жок. (*Токтоолук менен.*) Өлөөр алдымда өзүңдү бир көрүп калайын деген үмүт менен катып койгом. Кулу катары алар мени Ксанфка айдап келишмек. (*Ксанфка*): Сага айдап келишмек...

К л е я: Ксанф, мунун өмүрүн сактап калуу сенден! Дельфиялыктарга чыгып менин кулум деп айтып кой. (*Эзопко*): Азаттыкка чыккан кагазың кана? Келе бери, биз аны өрттөп салалы.

К с а н ф: Бул издеп тапкыс акыл. Сен кайра биз менен бирге болосуң.

Э з о п: Кул катарыбы?

К с а н ф: Убактысынча. Тигилердин эсинен бул окуя чыгып кеткенге чейин. Балким, экөөбүз бирге иштеп, шериктеш болуп калабыз.

Э з о п: Шериктешпи?..

К с а н ф: Ооба. Сен болсоң тамсил ойлоп таба бересиң, мен болсом аянтта барып шакирттериме айтып берип турам. Эл алдында кандай ийгиликке жетишээрибизди ойлоп көрчү? Арадан аз күн өтпөй бай болосуң да каласың!..

Э з о п: Мен тамсилимди бай болуш үчүн айтпайм.

К с а н ф: Кайра жакшы. Сен мага бекер айтып берип турасың, философтук жактан менин атагым чыгат. Даражам өсөт. Угуп тур... Кийинчерээк сен эркинче болосуң. Мага айтып берген тамсилдериң үчүн мен сага эмнени кааласаң ошону берем. Клеянын сени сүйүп калганын мен жакшы билем. Экөөңөрдү тез эле баш коштуруп коём. Мен андан кечип, ал сеники болуп калат. (*Бир аз тынчып туруп*) Кана, буга кандай дейсиң?..

Э з о п: Ксанф, барып деңизди жутуп бер дейм.

К с а н ф: Бирок... Түшүнсөң боло?.. Дельфиялыктар өлтүрүп салышат.

www.bizdin.kg



Э з о п (*Клеяга*): Клея, сен дагы эриң менен шериктеш болосуңбу? Мен тамсил айтып берип шериктеш болсом, Ксанф аялын мага алып берип шериктеш болсо, а сен эмне кыласың?..

К л е я (*сөзүн бөлүп*): Жок, келесоом... Мен өзүмдүн махабатым менен шериктеш болом, сен өзүңдүн эл катары жашашың менен шериктеш болосуң. (*Ксанфка*): Ксанф, сен сыртка чыгып, дельфиялыктарга Эзоп менин кулум, аны менден башканын жазалоого акысы жок деп айтып кел!..

Э з о п: Анда сен мени жазалашың керек, Ксанф... Дельфиялыктар болсо мени чиркөөнүн алтын чөйчөгүн уурдап алды деп жатышат.

К с а н ф: Дельфиялыктарды ыраазы кылыш үчүн кара күчкө какыскокус жазаламыш болом... Убакытты бошко өткөрбөйлү. (*Ксанф добулбасты урат, Эфиоп кирип келет. Эзопко*): Менин жазалаганымды дельфиялыктар көрсүн үчүн сени аянтка алып барайын. Ал жерден алтын чөйчөгүн колуна карматып, аларды өз жолуна салам. Азат кагазың кана?..

Э з о п (*койнунан суурул чыгат*): Кагаз мына!

К с а н ф (*колун сунуп*): Келе мага?

Э з о п: Жок!..

К с а н ф: Ишенбей турасыңбы? Же алып бербей коёт деп ойлойсуңбу? Мейли, анда өзүңдө кала берсин. Өзүң барып дельфиялыктарга Ксанфтын кулу болом деп айтып кой. Мен сенин сөзүңдү колдоп кетем.

Э з о п: Мен сенин кулуң эмесмин.

К с а н ф: Аның туура. Сен ошентип койсоң болду. Ошол кичинекей калп, сенин өмүрүңдү сактап калат.

М е л и т а: Өмүрүңдү, сүйгөн жарыңды сактап калат, Эзоп!..

Э з о п: Мен аларга кулмун дейинби?

К с а н ф: Ошентсең өлүмдөн аман каласың.

Э з о п: Алар ишенишээр бекен?

К с а н ф: Мен айтып жатпаймбы, сенин сөзүңдү ырастап кетем деп...

Э з о п: Эгерде алар бул жалган сөзгө ишенишсе, эмне үчүн жөпжөнөкөй чындыкка ишенишпейт?

К с а н ф: Кайсы чындыкка?

Э з о п: Аполлондун чиркөөсүнүн алтын чөйчөгүн алган жокмун, мен Ксанфтын кулу эмесмин деген чындыкка.

К с а н ф: Сенин баштыгыңа өздөрү алтын чөйчөктү салып коюп догун арткан адамдардан кандай чындыкты күтөсүң?

Э з о п: Сен менин оюмдагыны айттың. Чындыкка чыдаган адам аз.

К л е я: Андай болсо кегиңди кетирбе... Мен кулмун деп калп айтып кой. Адамдар алдаганга тез көнүшөт.

Э з о п: Демек, ууру кылган эркин адамдар үчүн бир түрдүү – катуу жаза, ууру кылган кулдар үчүн экинчи бир түрдүү – жумшак жаза болот турбайбы?

www.bizdin.kg



К с а н ф: Азыркы учурда мына ошондой.

Э з о п (*бир топко буулугуп туруп*): Мен эркиндикти каалаймын. Качандыр бир өлүм. Эркин адамдын жазасын тарткым келет.

К с а н ф: Келесоо десе!..

(*Сырттан чурулдаган үн чыгат. Мелита эшикти көздөй басат. Эшиктин алдына токтойт.*)

М е л и т а: Дельфиялыктар мында келе жатышат! Жакындап калышты!

К л е я (*бушайман болуп*): Ыйык чөйчөктү сенин баштыгыңа салып койгон мен болчумун, Эзоп. Мен да ошол жерде болгомун. Дельфиялыктардын сага каарданып турушканын мен да көргөм. Сенин менден алыстап кетээриңди, сенден биротоло ажырап калаарымды сезгемин. Мына ошондуктан сен алар менен айтышып жатканда чиркөөгө кирип, алтын чөйчөктү алып, сенин баштыгыңа салып коюп, ичинен бирөөнө сени уурдап алды деп айтып койгом... Анан...

Э з о п (*анын сөзүн бөлүп, катуулап*): Жалган!.. Жалган айтып жатасың, менин сүйгөнүм!.. Жалган айтып жатасың.

К л е я: Мен сенден кегимди алайын дегемин!.. Сени өзүм үчүн сактап калайын дегем... Эми болору болду. Аска жарга эми мени алып барышсын.

(*Жакындап келе жаткан адамдардын дүбүртү.*)

Э з о п: Калп айтып жатасың. Мени сактап калайын деген далалатың! Антпегин, Клея!.. Сага жашоо керек!..

М е л и т а: Көрдүңбү, Ксанф?.. Ушунун баарын кылган сенин аялың экен!..

Э з о п (*сурданып*): Бас оозуңду, Мелита! (*Клеяга*): Биз адаштык, Клея! Бул жашоодо бири-бирибизди таппай калдык. Мен сенин арамдыгың бар го деп жүргөмүн... Мен айыптуумун!..

К л е я (*буркурап ыйлап*): Жок-жок! Кудай урсун, сенде кенедей айып жок!..

К с а н ф (*Эзопко*): Акылы жок акмак. Бардык аракет сенин өмүрүң үчүн болуп жатат...

Э з о п: Сен мени азырынча жазалабай тим коймок түгүл, көкүлүңдөн сылап коём десем да, мен эркин адамдын жазасын тарткым келет. Билип кой философ, бул менин эрким. Менин эрким, Ксанф!..

К л е я (*онтоп*): Бул сенин эркиң эмес, ажалың... Ажалың болот! Ырайы суук адам, акыркы сөзүмдү айтып калайын! Адамдын асылысың! (*Элдин опур-топур дабышы барган сайын күч алат.*)

Э з о п: Жок, Клея! Мен азаттыктамын!.. Эми менин денеме эч кимдин колу тийбейт. Эфиоптун камчысы да, сенин колуң да, Клея! Сүйүү да, жек көрүү да болбойт. Аска жарга өзүм барып берем.

(*Сырттан Агностос кирип келет.*)

А г н о с т о с: Тыштагылар жоop күтүп калышты...

www.bizdin.kg



К с а н ф: Менин жообумдубу?

Э з о п: Жок!.. Менин жообумду! (*Азаттыкка чыккан кагазды бийик көтөрүп, сыртты көздөй жөнөйт.*) Менин жообумду!.. (*Бактын арасындагы адамдарга кайрылып*): Алтын чөйчөгүңөр мына! (*Бакты көздөй ыргытат.*) Мен эркинмин!.. Каргыш тийген эркиндик! (*Тайманбастан алга басып*): Качкыла жолдон! Эркин адамга таандык аска-зооңор кайда?! Кайда?!

(*Какайган бойдон сценадан чыгып кетет.*)

**(Көшөгө жабылат.)**

**Аягы**

Которгон **Акун АШЫРОВ**

*Бул котормону ыраматылык Акун Ашыров аксакал мен «Учкун» концернинде иштеп турганда алып келген болучу. Муну өзүнчө чыгарууга мүмкүнчүлүк болгон эмес. Ары жүгүрүп-бери жүгүрүп, каражаттын жоктугунан алакан жайып олтуруп калган элек. Анан мен Акун ава менен байланышып, жарыкка чыгарууга мүмкүнчүлүк болбогондугун айтып, кол жазманы кайра кайтарып берүүнү ниет эттим. Бирок ал киши: «Сенден тамак сурап жатты беле, ылайыгы келип калса кошуп жибересиң, менин үйүмдө жаткандан көрө сенде турсун, шартың келбесе кийин алып кетермин», – деп калтырып кеткен болучу. Ошондон көп өтпөй ал киши кайтыш болуп кетти. Бул котормо менде кала берген. Андан кийин да бир топ жерге кайрылдым, бирок котормо адабияты түгүл оригинал чыгармалар чыкпай жатканда буга анча деле көңүл бурушпады. Жагдай түшүнүктүү болгон үчүн мен эч кимге өпкөлөп, доомат артканым жок. Анан кол жазманын ката-паталарын оңдоп, айрым жерлерине калем тийгизип чыгып, журналга сунуш эттим. Муну иштеп жатканымда Акун аванын кылык-жоруктары, күлк-мүнөзү, насаат сөздөрү, кээ-кээдеги таарынычтарын айткан элеси көз алдымда турду.*

*Мыкты акын, чебер котормочу, сөз дыйканы Акун аванын арбагы ыраазы болсун.*

**Жылкычы ЖАПИЕВ**

www.bizdin.kg



*Мурас*

**Жусуп БАЛАСАГЫН**

# КУТАДКУ БИЛИК

## Окурманга

*XI кылымда жашаган залкар акын, адабиятчы, философ, мамлекеттик ишмер Жусуп Баласагын өз доорунун чыгаан окумуштуусу болгон. Анын калеминен жаралган «Кутадку билик» дастаны ошол доордо канчалык кымбат баалуулукка ээ болсо, бүгүнкү күнгө чейин ошол баалуулугун жоготпой келет. Жусуп Баласагындын бизге калтырып кеткен куну жок баалуу мурасын кадырлоого, барктоого, окуп-үйрөнүүгө, аны жайылтууга милдеттүүбүз. Ошол милдетибизди туу тутуп, залкар бабабыз менен сыймыктанып да келе жатабыз. Дүйнөлүк маанидеги бул дастандын маани-маңызын үйрөнүү, изилдөө иштери муундан муунга өтө берүүчү, убакыт өткөн сайын анын баалуулугу мезгил менен тең арыштап, улам бир сыры ачыла бере турган ыйык жазуу экендиги маалым.*

*Ырас, бул дастан жөнүндө окумуштуулар чөйрөсүндө далай талаш-тартыш кептер жүргөн менен көпчүлүк окурмандар жана эл арасында бул дастан али массалык мааниге ээ боло элек. Айрым окурмандар дастанды үстүртөн гана билет. Мунун себеби, атактуу дастан кыргыз тилине которуу машакаты менен түшүндүрүлөт го деген ой кетет.*

*Азыркы колдо болгон нускалар «Кудтадку билик» дастанынын көчүрмөлөрү болуп саналат. Анын түп нунускасы азырынча табыла элек. Булар жөнүндө төмөндө азыноолак маалымат бере кетели.*

*Бул дастан 1439-жылы Герат шаарында Асан Кара Сайыл Шамсин деген адам тарабынан көчүрүлүп, 1474-жылы Стамбулга алып келинген.*

www.bizdin.kg



*Кийин аны австриялык чыгыш таануучу Хаммер Поргештал Венадагы ордо китепканасына алып келип, бул нуска Венада сакталгандыктан «Вена нускасы» деп аталып калган. Ал эми Герадда көчүрүлгөн нускасы ошол көчүрүлгөн жердин аты менен «Герад нускасы» деп аталат. «Кахир нускасы» Кайырдагы Эдиф, азыркы «Крал» китепканасында сакталууда. Ал 5400 бейт (1 бейт 2 саптан турат), бул нусканы 1896-жылы немис окумуштуусу Моротис эң алгачкылардан болуп жарыялаган. 1897-жылы орус окумуштуусу Радловго ошол нусканын көчүрмөсүн жиберет. Радлов бул нуска менен «Вена нускасын» салыштырып, 1910-жылы «Кутадку билик» дастанын немис тилине которуп бастырган. «Паргана нускасы» да арап тамгасы менен көчүрүлгөн. Бул нуска башка нускага салыштырганда толугураак. Бул нускаларга Паргана өрөөнүнөн табылган үчүн, «Паргана нускасы» деп аталат.*

*Ал китеп 1914-жылы Наманган шаарынын тургуну Мухаммад ажы Лалериш деген кишинин жеке китепканасынан кимдир бирөөлөр көргөндүгүн элге жайып жиберет. 1924-жылы өзбек окумуштуусу Питирет бул нусканы алууга мүмкүнчүлүк таап, бир жылдан кийин бул тууралуу макала жазып жарыялайт. 1928-жылы бул нусканын айрым бөлүктөрүнө түшүндүрмө берип, өзбек тилинде бастырат. Жогорудагы үч нусканын бейт (кош сап) саны ар башка. «Кайыр нускасы» – 5400 бейт, «Паргана нускасы» – 6090 бейттен турат.*

*Улуу акылман Жусуп Баласагындын «Кутадку билик» дастанынын кол жазмасы тууралуу болгон маалымат азырынча ушул.*

*Мен негизинен «Кутадку билик» дастанын кара сөз менен сөзмө-сөз которуп чечмелеп, окурмандарга сунуш этүүнү эп көрдүм. Себеби бул түшүндүрмө окумуштууларга да, карапайым элге да, ал тургай төмөнкү класстын окуучулары үчүн да түшүнүктүү.*

*Экинчиден, ыр түрүндөгү котормодо бир топ калпыстыктар кеткен, анүстүнө автордун айткан оюнан алыстап кеткендиги да байкалат. Эң оболу кыргыз тилиндеги эки котормонун (бири Төлөгөн Козубековдун котормосу, бири кытайлык кыргыз жазуучусу Тургунбай Кылычбектин котормосу) айрым гана жерлерин салыштырып көрөлү. Мындай мисалдарды көп эле келтирсек болот эле. Бирок ал өтө көп түйшүктү жаратат жана окурманды да тажатып жибериши мүмкүн. Мен бул пикирим менен эки котормонун бири жакшы, экинчиси начар дегенди айткым келбейт. Менин максатым алардын түп нускадан оолактап кеткен жагдайларына токтолуу болуп саналат.*

Акылдууну чакырып тартты жакын,
Билимдүүнү ашырды атак-даңкын.

(*Тургунбай Кылычбек*)

www.bizdin.kg



Илимдүүнүн бардыгын колуна алды,
Билимдүүнү чакырып ишке салды.
(*Төлөгөн Козубеков*)

Бүтүрө албайм өзүм жалгыз эл ишин,
Мага зарыл иш билги эр эл үчүн.
(*Тургунбай Кылычбек*)

Мен үчүн иш башкаруу барат оорлоп,
Акылдуу адам болсо, көмөк болмок.
(*Төлөгөн Козубеков*)

Бир бек өткөн саламдан билгич даана,
Бул бектикте ал чыккан узун жашка.
(*Тургунбай Кылычбек*)

Бир бек болду дүнүйөдө баатыр,
Бек өз ишинен тамырдай тарады акыл.
(*Төлөгөн Козубеков*)

Кайрат, демөөр чыныгы эр кадыры
Кишиликтин өлчөмү мунун баары.
(*Тургунбай Кылычбек*)

Керек болсо кайрат ынтаа экөө тең,
Ал экөөнүн тең болгону эрде жөн.
(*Төлөгөн Козубеков*)

Күнтууду Илик мына ушундай даңкталды,
Ай, Күн сыңар нурландырып ааламды.
(*Тургунбай Кылычбек*)

Күнтууду үлгү эле ушул жактан,
Күн менен Айдай болуп нурун чачкан.
(*Төлөгөн Козубеков*)

*Канткен менен эки акын ыр саптарында колдонгон сөздөрүндө айырма болсо да, бирок негизинен автордун оюн көркөм сөз аркылуу берүүгө өзгөчө шыктанып, аракет кылгандыктары байкалат. Бул эки акындын өз таланттарын жумшап, окурмандарга тартуулагандыгын таптакыр жокко чыгаргым келбейт. «Көч бара-бара түзөлөт» дегендей эки акындын эмгеги*

www.bizdin.kg



*кийинки түзөтүүлөр менен толукталып кетишине ишенемин. Бирок талanttuu кытайлык кыргыз акыны Тургунбай Кылычбек чыгармачылыгынын ташкындап турган кезинде дүйнөдөн кайтыш болду. Муну тек гана кытайлык кыргыздардын эмес, дүйнөдөгү бардык кыргыздардын адабият жаатындагы чоң жоготуу деп айтар элем. Тургунбай Кылычбекти кытайлык кыргыздардын көркөм чыгармачылык чеберчилигинен тышкары очерк жазуу боюнча эң мыкты устаты катары эсептээр элем.*

*Урматтуу окурман, котормолордо бир топ айырмачылыктары бар экендигин өзүңүз байкадыңыз. Уйгур тилиндеги котормосунда да ушундай жетишсиздиктер бар, айрым тамгалары бизде жок болгондуктан уйгур тилиндеги котормодон мисал келтирбедим.*

*Сиздерге сунуштап жаткан чыгарманын бул кара сөз, сапма-сап котормо үзүндүсү Шинжаң уйгур автономия районунун (Шуар) коомдук илимдер академиясы улуттар адабиятын изилдөө орду басмага даярдап, 2006-жылы басылып чыккан «Жусуп Хас Хажиб («Кутадку билик») кара сөз чечмелөөсү» деген китебинен которулду. Бул китеп улуттар басмасы тарабынан Бээжинден басылган.*

**Абдылда КАРАСАРТОВ**

# КИТЕПТИН НААМЫ, МААНИСИ ЖАНА (ӨЗҮНҮН) КАРЫЛЫГЫ АЙТЫЛАТ

350.
Китептин наамын «Кутадку билик» койдум,
Окугандарды бактылуу кылсын жана жол көрсөтсүн.

351.
Мен сөзүмдү сүйлөдүм (жана бул) китепти жаздым,
(Бул) эки дүйнөнү кармоого сунулган кол (болсун).

352.
Киши ар эки дүйнөнү бактылуу түрдө (колуна) кармай алса,
Бактылуу болот бул сөзүм ак, чын.

353.
Күнтууду Иликти сөз башы дедим
Эй, жакшы киши, (ага) мүнөздөмө берейин.

www.bizdin.kg



354.
Андан кийин Айтолдуну сүйлөдүм,
Андан кудайга сыйынуу бакыт күнү жаркырайт.

355.
Бул Күнтууду дегеним – мыйзам, адилет,
Айтолду дегеним – бакыт-таалай.

356.
Андан кийин Өрдөлмүштү сүйлөдүм,
Ал акыл идиректин наамы болуп кишилерди иргелетет.

357.
Мындан кийинкиси Отгурмуш
Аны өзүм акыбет деп белгиледим.

358.
Сөзүмдү ошол төрт нерсе тууралуу сүйлөдүм,
Окусаң (бардыгы) ачылат, көзүңдү курч кылгын.

359.
Кубаныч менен өмүр сүргөн, эй, жакшы жигит,
Сөзүмдү текке кетирбей, көңүл коюп ук.

360.
Тырышкын, адилет жолунан адашпа,
Жигиттигиңди текке кетирбе (анын) пайдасын көр.

361.
Жигиттигиңди кадырла, ал тез эле өтүп кетет,
Канчалык бекем кармасаң да тирүүлүк сенден качат.

362.
Сенде жигиттик күч-кубатың бар экен,
(Аны) текке кетирбе, дайыма таат, ибадат кыл.

363.
Жигиттигиме кайгырамын, өкүнөмүн,
(Бирок) өкүнгөнүмдүн пайдасы жок, сөзүмдү токтотом.

364.
Кимдин өмүрүндө жашы кыркка жетсе,
Жигиттик ал эр менен коштошот.

www.bizdin.kg



365.
Мага элүү жашым колун тийгизди,
Кузгун түстүү (кара) башымды ак куудай кылды.

366.
Алтымыш (жаш) эми мени «кел» деп чакырып жатат,
(Ажал) тузагына кабылбасам, эми ал жакка да барамын.

367.
Кимдин жашы алтымыш эсебин түгөтсө,
Анын (өмүр) жыргалы кетет, жайы кыш болот.

368.
Отуз жашта чогулткандарды элүү жаш кайтарып алды,
Алтымыш жаш кол узартса эмнелерди кылбайт?

369.
(Эй) элүү жаш, мен сага эмне кылган элем,
Эмне үчүн менден өч ала баштадың?

370.
Жигит курагымдагы бардык ишим жыргал эле,
Эми мен жей турган ашымды уу кылды.

371.
Турпатым шыргыйдай (түз), жүрөгүм жаадай (ийри) эле,
Жүрөгүмдү шыргыйдай кылганча, турпатым жаадай болду.

372.
Жигиттик мага эмне жайып берген болсо,
Карылык келип алып кетти, (ал) сага да келет.

373.
Эй кутулдуруучу, кел, мени куткар,
Машакат менен жыл айлардын туткуну болуп калдым.

374.
Бутум кишенсиз эле бутташты, басалбас болду,
Көрчү (көз) карегим караңгылашты, жарык болбой калды.

375.
Жашоо жыргал кетти, жүрөгүмдүн оту өчтү,
Жигиттик наамы менден алыстады.

www.bizdin.kg



376.
Ойгон, эй, аксакал, өлүмгө даярдан,
Өтүп кеткен күндөрүң үчүн үн чыгарып ыйла.

377.
Убакыт, күндөр бөөдө өтүп кетти,
Калган күндөрүңө о, кечирим сурагын.

378.
Эй, муктажысыз, түбөлүк жана дайым тирүү эгем,
Бул сансыз тирүүлөрдү өлүм үчүн жараткансың.

379.
Сенден бул сөз менен бата тилейм:
Мени бир топ (убакыт) тирүү кыл, жашымды узарт.

380.
Сенден күч-кубат тилеп, бул сөздү баштадым.
Муну бүтүргөнгө чейин өзүң гана күч бергин, эй, эгем.

381.
(Эй) тилим, жаратуучуну (жана) жарамсыздарды
Менден ыраакташтыруучу (эгемди) тынбай мактагын.

382.
(Анткени ал) тандады, жаратты, көңүлүмдү нурлантты,
Көңүлүмдү туура жол жана санаасыз ичинде кармады.

383.
Караңгыда элем, түнүмдү нурдантты,
Караңгы элем көөнүмдү туудуртту.

384.
Адашып жүргөн элем, жолумду көрсөтүп берди,
Ал сактабаган болсо, отко күйөр элем.

385.
(Ал) мени тандады, бөлдү, илгерилетти,
Жана азгандардын жолунан чыгарды.

386.
Көңүлүмдү жарык менен зыйнаттады,
Тилимди шахадат менен козгоду.

www.bizdin.kg



387.
Жүрөк, көз, идирек, акыл жана билим берди,
Тилимди ачып, сөзүмдү шыдыр кылды.

388.
Мени жетектөөчүм сүйүктүү пайгамбардын жолу,
Ошол пайгамбарлар мага жол көрсөтүүчү болсун.

389.
Булардын бардыгы эгемдин зээндүүлүгүнөн эле,
Ал мендей баш ийбеген кулун кадырлуу кылды.

390.
Жана айлар менен жылдар өмүр сүрсөм да,
Мунун шүкүрлүгүн кантип актармын?

391.
Жараткан, бул алсыздыгымды билесиң,
(Ошондуктан) мүшкүлүм жана муктаждыгымды сага эле айтам.

392.
Булардын бардыгына ылайык шүкүр кыла албайм,
Мен үчүн (өзүң) шүкүр кыл, даанышмандыгыңа акыл жетпейт.

393.
Мени түз жана туура жолдон чыгарба,
Менден бул ыйман тонун чечпегин.

394.
Менин бул жаным денемден чыгар убактысында
Акыркы демимди шахадат менен үз.

395.
Кара жер кабатында өзүм жалгыз калганымда
Мага ал жерде да көп ырайым кылгын.

396.
Мен баш ийбеген бир кулуңмун, күнөөм көп,
Эй, кадырлуу, өз мыктылыгың менен мени кечиргин.

397.
Бардык момундардын жалпысына жөлөк-таяк бол,
Эртеңки түбөлүк (ааламдын) дидарын бүгүн эле көрсөт.

www.bizdin.kg



12

## Сөз башы Күнтууду Илик жөнүндө

398.
Билип кой, идирек элесин билим билдирет,
Бейопо дүнүйөнүн кылыгын сага уктурат.

399.
Бул туруксуз бейопо, кары дүйнөнүн
Мүнөзү кызга окшойт, сеп салсаң жашы терең,.

400.
Кээ бир кылыгы кыздыкындай мүнөзү сүйкүмдүү,
Ашык кылдырат, кармайын десең колун бербейт.

401.
Сүйгөндү сүйбөйт, кийиктей качат,
Качканга жабышат, бутун кучактайт.

402.
Кээде карасаң кулпунуп изиңен чуркайт,
Кээде көрбөгөнсүп (башын) жерге салат.

403.
Кээде карасаң тез эле жүзүн бурат,
Канча кармайын десең да назданып карматпайт.

404.
(Ал) көптөгөн бектерди карытты да, өзү карыбады,
Нечен бекти (башынан) өткөрдү, сөзү бүтпөдү.

405.
Дүйнөдө бир даана билерман бек бар эле,
Ал узак жыл бектик кылып өттү.

406.
Бул – наамы атактуу Күнтууду болчу,
Ааламга атагы чыккан бактылуу эле.

407.
Табигаты дурус, мүнөзү жумшак,
Сөздөрү чын – ак, көзү – көңүлү бай эле.

www.bizdin.kg



408.
Билимдүү, идиректүү, сезгич бек эле,
Жамандарга от, душманга апаат эле.

409.
Ал баатыр жана керсейген туура табияттуу болчу,
Бул касиеттери аны күн сайын (жогору) өрлөттү.

410.
Ал ошондой бек эле, билимдери менен
Жашады, туура иш-аракет кылды.

411.
Кайрат, берилгендик менен саясат жүргүздү,
Берилгендик айкөлдүккө жарашчу иш.

412.
Буга сыңары (бир) акындын сөзү (эсиме) келди,
(Муну) окуса окугандардын көзү ачылат.

413.
Караңгылык жарабагандарды өзүнөн алыстатуу үчүн,
Киши жана камкорчу жана айкөл болуу керек.

414.
Кишилик үчүн даанышмандык, айкөлдүк керек,
Кишинин кадыры даанышмандык жана айкөлдүк даражасы
(менен өлчөлөт).

415.
Бул Күнтууду Илик ошол күлк-мүнөзү менен
Күн жана айдай жаркырап дүйнөгө нурланды.

416.
Ким акыл-идиректүү болсо аны чакыртты,
Ким билимдүү болсо, аны көтөрмөлөдү.

417.
Анын (айланасына) дүнүйөдөгү мыкты,
Акыл, идиректүү, билимдүү кишилер тыкыс топтолду.

418.
Ал, эл-журт ишин өзү гана түзөп жолго койду,
(Бирок) жана мыкты кишилердин болушун да тилечү.

www.bizdin.kg



419.
Өзүнө жардам кылса иш баштаса,
Өзү бир аз дем алса, иштерди ал иштесе (дечү).

420.
(Күнтууду) бир күнү өзү (жалгыз) отуруп, кейип айтты:
«Бектик» деген сөз (жана) бектик иши – улук иш.

421.
Карасаң баш оору көп, иши да арбын,
Көп иштерди оңдой турган идиректүү адам аз табылат.

422.
Эл-журттун бардык ишин өзүм кыла албаймын,
Мага иштин жолун биле турган бир адам керек.

423.
Мага эми кишилерге баш боло ала турган
Акыл-идиректүү, билимдүү, тандалган бир адам керек (дечү).

424.
(Ал) ишенимдүү берилген иш-аракети тура,
Тили жана көңүлү түз (иштерди) түшүнө турган болсо.

425.
Менин иштеримди жасашып берсе,
Барлык сырларымды жакшы түшүнүп кете алса эле.

426.
Башынан (көп иш) өткөргөн, жашы улгайган
Тажрыйбалуу бир кишинин эмне дегендигин ук.

427.
Эл үчүн жардамчы (жана) таянчы (боло алгыдай)
Акыл-идиректүү, даанышман эл башкаруучулар керек.

428.
Бардык иштерди биле турган бир жардамчы керек,
Ишти билип иштесе киши тилегине жетет.

www.bizdin.kg



429.
Жардамчылар көп болсо катуу бек түйшүк тартпайт,
Анын иши жакшы жылат, мыйзам бузулбайт.

430.
Билип кой, ар кандай иште жардамчы керек,
Айрыкча, бектик ишине ого бетер көп болуш керек.

431.
Илик жардамчы тилеп, ага ээ боло албады,
Бардык ишке өзү кол тийгизди.

432.
(Ал) күнүгө өтө көп түйшүк тартты
Рахат-эс алуу тилесе, тескерисинче, азап тартты.

433.
Сеп салсаң сынап сүйлөй турган,
Бакытка жетишкен киши бул сөздү жакшы айткан.

434.
Жыргал тилесең түйшүк кошо келет,
Кубаныч тилесең кайгысы да чогуу тиет.

435.
Киши канчалык өйдөлөсө баш оору да көбөйөт,
Башың канчалык чоңойсо, ошончо чоң топу киесиң.

436.
Элик бүт мамлекетке көз-кулак түрдүү,
Ага бардык жабык эшиктер да ачылды.

437.
Жарамсыздардын колун байлап тындым кылды,
Жамандарды сүрүп, элден алыстатты.

438.
Ушундай кыраакылык менен элин башкарды,
Ооматы күндөн-күнгө артып өйдөлөдү.

www.bizdin.kg



439.
Киши үчүн кандай жерде кыраакылык керек,
Айрыкча, бектик эшигине этияттык зарыл.

440.
Эл иштери жана (өзүңдүн) узун өмүр көрүшүң үчүн
Этият (жана) кыраакылык көп пайдалуу.

441.
Буга сыңары (бир) акындын сөзү (эсиме) келди,
Акындын айтканы бул сөзүмө байдубал-негиз болот.

442.
Кыраакылык, этиятты эрлер мактайт,
(Анткени) камырабастык менен түмөндөгөн эрлер
жанынан айрылды.

443.
Ар кандай иште бейкапарлык кылбай, этият бол,
Ушундай этияттык менен эки дүйнөнү арзу кыл.

444.
Билип кой, өзүнө ишенген киши камаарабайт,
Душман келсе эң оболу бейкапарлар өлөт.

445.
Этият болуп душманды жеңген,
Жана ааламга аким болгон эрдин эмне дегенин ук.

446.
Эй, аалам башкаруучу, элди (сурамак) тилесең этият бол,
Этиятчандык шарияттын да талабы.

447.
Камарабаган киши көз жумуп билбестиктен уктайт,
Эй, кудреттүү, камарабас болбо, кыраакы бол.

448.
Иликтин кыраакылыгы элге пайда жеткирди,
Бул пайда менен эл жыргалчылыкка жетишти.

www.bizdin.kg



449.
Элин түзөп оңоду, эл байыды,
Ал заманда бөрү менен кой чогуу суу ичти.

450.
Жакшы көрө тургандар сүйүнүп аны мактады,
Душмандарды (муну) угуп, башын ийди.

451.
Кээлер (ага) сыйынып келди жана панаа тиледи,
Кээлери келип, Иликтин эшигин өптү.

452.
Эми көңүлү ойгоо кишинин эмне дегендигин ук,
Анын сөзү түмөн турду байчечекейдей түркүн түстүү.

453.
Эй, кызыл жүздүү (инсан), иш аракети адил болсо,
Бул бектик улук жана өтө жакшы нерсе.

454.
Бектик өтө сонун (бирок) андан да сонуну
Мыйзам, аны туура жүргүзүү керек.

455.
Бек жакшы болуп, адилет менен иш жүргүзсө,
Эл үчүн не деген куттуу заман болот ээ.

456.
Жакшы наам эр үчүн канчалык ыйык бакыт ээ,
Мындай жакшы наам жана бакыт түбөлүк калат.

457.
Эл ишин адамгерчилик менен башкарса
Мындай жакшы киши ого бетер жакшы бек болгон болор эле.

458.
Иликтин (бул) жакшылыктары бардык элдерге жетти,
Анын атак-даңкы ааламга тарады.

www.bizdin.kg



459.
Элде (ага) бата (кылуучулар) көбөйдү, жакшы наам алды,
Анын наамы жана таалайы күндөн-күнгө арбыды.

460.
Дүнүйө эли аны угуп жана арзуу кылып,
Топтошуп жыйылып, анын жанына келди.

461.
Карачы, дүйнөгө бүтүндөй бакыт кемери курчалды,
Козу менен бөрү бирге кошулуп жүрө турган болду.

**13**

## Айтолдунун Күнтууду Илик кызматына келгендиги айтылат

462.
Айтолду аттуу бир кыраакы адам бар болчу,
(Иликтин) атагын угуп, даярдык көрдү.

463.
Ал жаш, кичи пейил бир жигит эле,
Акыл-идиректүү, билимдүү жана терең пикирдүү болчу.

464.
Анын жүзү (ошончолук) сулуу дейсиң, караса көзү уялтчу,
Сөздөрү жумшак, тилинен акыйкат таамп турчу.

465.
(Ал) бардык зээндүүлүктү толук үйрөнүп,
Бул зээндүүлүктөрдү өздөштүрүп жүрчү.

466.
Ал өзүнө карап минтип айтты, мен да бүгүн
Түмөндөгөн зээндүүлүгүм менен элдин алдында турамын.

467.
Эмне үчүн бул жерде бошко жүрөм?
Аликтин (жанына) барайын жана ага кызмат кылайын.

www.bizdin.kg



468.
Бул зээндүүлүктөрүм Аликке пайда жеткирсин,
(Ал мага) камкордук кылсын, түйшүктөрүм түгөнсүн.

469.
Ал зээндүү, билимдүү, жумшак бек болчу
Жана зээн ээлерин каалоочу.

470.
Акыл-идиректин баркын акылдуулар гана билет,
Аалымдар билим сатса, (аны) билимдүүлөр алат.

471.
(Бир) Акын буга сыңар кылып
Тил жана убада менен (бул) сөздү айтты.

472.
«Билимдин баалуулугун билимдүү билет,
Акыл-идиректин баркы билимден кетет.

473.
Акылсыз, наадан билимдин баркын кайдан билсин,
Кай жерден билим табылса, билимдүү (барып) алат.

474.
Айтолду, ат, кийим, курал даярдады,
Жана «кызмат кылууга бет алайын» деди.

475.
Ал өзүнө керектүү нерселерин даярдап алды,
Бул даана, аалым Алик тарапка бет алды.

www.bizdin.kg





*Ким? Кайда? Качан?*

**Ысмайыл КАДЫРОВ**

# КЫРГЫЗ ГИННЕСС

## Адабият боюнча

■ Алгачкы кыргыз поэмасын Касым Тыныстанов жазыптыр («Жаңыл Мырза», 1925).

■ Совет доорунда бала баатыр аталган Кычан Жакыпов жөнүндөгү алгачкы макаланы «Кыргызстан пионеринин» 1933-жылдын 21-сентябрдагы санына акын Алыкул Осмонов жазган. Кийин Кычан жөнүндө жазуучу Ш. Бейшеналиев «Кычан» аттуу китеп жазган.

■ СССР Жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө эң жаш – 18 жашында Кыргызстандан Давид Кугильтинов, Эргешбай Узакбаев кабыл алыныптыр, ал эми 19 жашында кабыл алынгандар Кусейин Эсенкожоев (1939), Абдылда Белеков (1947), 10-класстын окуучусу Байдылда Сарногоев (1951) болуптур.

---

**КАДЫРОВ Ысмайыл** *1951-жылы Ат-Башы районундагы Жаңы-Күч айылында төрөлгөн. 1977-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин механика-математика факультетин бүткөн. 1977–2000-жылдары Кыргыз Совет энциклопедиясынын Башкы редакциясында (азыр Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору) илимий редактор, улук илимий редактор, жетектөөчү редактор болуп иштеген. 2000-жылдан КР Өкмөтүнүн Аппаратында референт, эксперт, 2004-жылдан сектор башчысы болуп эмгектенет. Балдар үчүн 1998-жылы «Түстөн чыккан түркүн сөз», 2002-жылы «Чымчым аңгемелер, чырылдаган ойлор» деген китептери жарык көргөн. «Кыргыздын Гиннесс китеби» деген эмгеги 2008-жылы чыккан. КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргызстан Улуттук Жазуучулар союзунун Тоголок Молдо атындагы балдар адабияты сыйлыгынын жана «Түгөлбай ата» коомунун сыйлыгынын лауреаты, КР Билим берүүсүнүн отличниги, КР Кесиптик-техникалык билим берүүсүнүн отличниги. Кыргызстан Жазуучулар союзунун мүчөсү.*

www.bizdin.kg



■ СССР Жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө өтүү өтө кыйынга турган совет мезгилинде Абдылда Белеков, Жолон Мамытов, Омор Султановдор гана китеби чыга электе мүчө болуп өтүшкөн экен.

■ Кыргыз рухий маданиятынын башатында «Манас» эпосу, көптөгөн кенже эпостор турганы бекеринен эмес болсо керек. Анткени кыргыз адабиятынын тарыхында алгачкы роман кара сөз эмес, ыр менен жаралыптыр. Ал А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романы (1-китеби 1935-жылы чыккан).

■ Ал эми прозадагы 1-кыргыз романы Мукай Элебаевдин «Узак жол» романы (1936-жылы Самаркандан чыккан). 1937-жылы Түгөлбай Сыдыкбековдун «Кең-Суу» романы дагы Самарканддан жарык көргөн. «Адабий Ала-Тоо» гезитинин изилдөөсү боюнча (2006, №19) М.Элебаев «Узак жолду» 1934-жылы январда баштап, 1-китебин 1935-жылы 2-октябрда бүтүрүптүр. Ал эми «Кең-Суунун» 1-китебинин аягына автор «1934–1935-жыл» – деп жазган экен. Демек, басмадан 1 жыл айырма менен чыкса дагы, ушул 2 романды бир мезгилде жазылган, тунгуч кыргыз романдары катары кароого болот. Ошентип, кыргыз адабиятынын тарыхында 1-болуп роман жанрына тиш салгандар – А.Токомбаев, М.Элебаев, Т.Сыдыкбеков.

■ Кыргыз адабият тарыхында 1-болуп Түгөлбай Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» деген романына 1949-жылы СССР мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган.

■ Кыз-келиндерден чыккан 1-профессионал акын – Нуркамал Жетикашкаева.

■ Чыгармачылыгын 50-жылдары котормо менен баштап, эки көлөмдүү чыгарманы – Михаил Бубеновдун «Белая берёза» романын, Валентин Катаевдин «Сын полка» повестин которгон жана ал котормолору жарык көрбөгөн боюнча калган, ал эми кыргыз адабиятына эле эмес, дүйнөлүк адабиятка жазуучу катары кирип, кыргыз адабиятында 1-жолу дүйнөлүк деңгээлге көтөрүлгөн инсан – Чыңгыз Айтматов.

■ Кыргыз адабиятындагы өнөр жай темасына арналып, кенчилердин турмушун, кенде иштеген жаштардын өз ара мамилелерин көркөм чагылдырган алгачкы чыгарма – жазуучу Өскөн Даникеевдин «Кыздын сыры» аттуу повести 1961-жылы жарык көргөн.

■ Кыргыз сатирасына кыз-келиндерден 1-болуп баш-оту менен кирип, батылдык менен калем кармаган – Сулуубек Токсобаева. Ал «Чалкан» журналында 30 жылдан ашык иштеп, далай куйкум сөздүү фельетон, сатиралык аңгемелери менен көпчүлүктүн көңүлүн бурган.

■ Эгерде фантастикалык чыгармалардын баштоочулары Кусейин Эсенкожоев, Касымалы Жантөшев, илимий фантастиканыкы Беганас Сартовдор болсо, детектив, мистикалык окуялар жаатындагы чыгармаларды баштоочулардын алдыңкы сабында жазуучулар Чолпонбек Абы-

www.bizdin.kg



кеев, Бекмурза Рахман уулу, Асанбек Кулманбетов, Мырзакул Саадатбек уулу ж.б. турат.

■ Кыргыз поэзиясынын тарыхында 50 жашында (1999) 5 томдук китеп чыгарып окурмандарга тартуулаган акын Асан Жакшылыков гана болсо керек.

■ Кыргыз адабиятында Муханбет пайгамбар жөнүндө жазылган алгачкы көркөм чыгарма – акын Эгемберди Эрматовдун «Мухаммед пайгамбар» дастаны (2001).

■ Кыргыз акындарынын ичинен эң алгач түрмө ырларын жазган Казыбек казалчы болгон.

■ 83 жашында үчилтик роман жазып, ал чыгармалары Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка арзыган Абдулхай Алдашев.

■ Алгачкы кыргыз гезити «Эркин-Тоо» жарык көрө баштаганда ар кандай макалаларды, кабарларды которуп, жарыялап турган биринчи котормочу Сыдык Карачев. Ал эми көркөм котормонун башаты К.Тыныстановго таандык экендиги белгилүү. Ал «Интернационалды», И.Крыловдун «Ийнелик менен кумурска» деген тамсилин которуу менен көркөм котормо ишине чыйыр салган.

■ «Адабий Ала-Тоо» гезитинин изилдөөсү боюнча 1-псевдонимди (адабий жашыруун атты) «Айкын» деген ат менен 1-жолу С.Карачев колдонуптур («ЭТ», 1924, 26-ноябрь, № 2). Ал эми бул тунгуч гезит чыкканга чейин эле Т.Жолдошев – «Кара-Булак», К.Тыныстанов – «Кыт», «К.Т.», «Келгин» деген ылакап аттарды колдонгондору З. Бектеновдун «Замандаштарым жөнүндө эскерүүлөр» деген китебинде айтылган.

■ Балдар үчүн жалаң бир тамгадан башталган аңгемелерди жазып, эки китеп чыгарган («Төгө бер, жамгыр», 2004; «Көктөмдө келген кубаныч», 2005) жазуучу Жапарали Осмонкулов Адашкан уулу. Ал балдар жазуучусу, КР Өкмөтүнүн жаштар сыйлыгынын, Т.Молдо атындагы адабий сыйлыктын лауреаты.

■ Күзгүдөй чагылуу ыкмасы менен ыр жазууга эксперимент жүргүзүп, бир нече ырларды жарыялаган – акын Кубанычбек Басылбеков.

■ Кыргыз поэзиясында сентименталдуу ырларды жазган – акын Асылбек Медетбеков.

■ Кыргыз китеп басмасынын тарыхында 1-болуп акын, пародиячы Токтосун Самудинов тосттор жыйнагын чыгарган.

■ Кыргыз адабиятынын тарыхында чыгармалар жыйнагынын 7 томдугун 1-жолу Кыргыз Эл жазуучусу Мырзабек Тойбаев чыгарган (2006-2007). Буга чейин 5 томдугун чыгаргандар Ч.Айтматов, Э.Ибраев, А.Жакшылыков гана болгон экен.

■ Адабият айдыңына өтө эле кеч келген таланттардын бири – Жапаркул Токтоналиев. Ал өмүр бою энергетика тармагында жетекчи кызматтарда иштеп жүрүп, 73 жаш курагында «Хан Ормон» деген 2 китеп-

www.bizdin.kg



тен турган тарыхый романды, 80 жашында «Баатыр Шабдан» деген тарыхый-көркөм чыгарманы жазган. Ормон хан жөнүндө кеңири изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Ал Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген курулучусу.

■ Эң эле жаш кезинде 2 китеп чыгарган – Айткеева Айша Бекболотовна. Ал 1993-жылы туулган, чыгармалары 8 жашынан баштап республикалык басма сөзгө жарыялана баштаган. 12 жашында «Учкун» (2005), 14 жашында «Ачуу чындык» деген китептери «Учкун» ААКынан чыккан. Бул китептерине Айшанын ар кыл жанрдагы чыгармалары (жомок, аңгеме, ыр, интермедия, фантастика, табышмак, кроссворд, пьеса, пародия) кирген.

■ Эң көп томдуу кыргыз китеби – 30 томдук «Эл адабияты» сериясы. Бул ири көлөмдөгү жана кыргыз фольклорунун бардык жанрларынын үлгүлөрүн ирети менен камтыган илимий мүнөздөгү эмгек 1996-жылдан чыгарыла баштаган. Башкы редактору илимдин доктору Абдылдажан Акматалиев.

■ Биздин баамдообуз боюнча эң көп обон чыгарылган ыр – эл акыны Сооронбай Жусуевдин «Унутпаймын» деген ыры. Ал ырга 5 автор – Р. Абдыкадыров, Б.Тургунбаев, Э.Мааданбеков, Б.Усубалиев, Ж.Жумагулов обон чыгарган экен.

■ Акыркы жылдары эң көп роман жазган жазуучу – Мелис Макенбаев. 1994–98-жылдардын ичинде эле анын учурдун социалдык проблемаларын камтыган 9 романы жарык көргөн.

■ Эң көп псевдоними (жашырын аты) бар акын – Рамис Рыскулов. Өзүнүн айтуусу боюнча 500дөн ашык псевдоними бар. 6 ат менен басма сөз бетине чыгып жүрөт.

■ «Жигитке 70 өнөр аздык кылат» деген принципти карманып, өзгөгө каниет кылса да өнөргө топук кылбаган элдин бири кыргыз. Ошондой көп кырдуу таланттардын бири Казакбай Абдышев болсо керек. Анын кесиби инженер-механик. 25 жыл автоунаа тармагында иштеген. Ал жазуучу, акын, күүчү, обончу, аткаруучу, комузчу, домбурачы, график-сүрөтчү ж.б. көп өнөрлөрдүн ээси.

■ Эң көп союзга мүчө болгон – искусство таануучу Сарман Асанбеков. Ал СССР Жазуучулар союзунун, СССР Журналисттер союзунун, Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзунун, Кыргызстан театр ишмерлери союзунун мүчөсү. Ал эми композитор Сталбек Бактыгулов Композиторлор, жазуучулар, журналисттер, театр ишмерлери союздарынын мүчөсү, Ч.Айтматов академиясынын академиги.

■ Кыргыз элинде Чөп акын деген болгон. Ал чөптүн түрлөрүн, кайда өсөөрүн, качан гүлдөөрүн, кайсы чөп кандай дартка дабалыгын, качан терүү керектигин, айтор, жалаң чөптүн образын ачып, өмүр бою чөптү ырдап, чөп жөнүндөгү ырларынын четин оё албай кетиптир. Ушундан улам ал Чөп акын деген элдик наамга арзыса керек (азандагы аты башка

www.bizdin.kg



болгону айтпаса да түшүнүктүү). Ошондой эле «жалаң үйдүн борумун жарым күнү ырдаган» Жайсаң ырчы, жандуу, жансыздардын жашоосу суу менен байланышкандыгын, суусуз тиричилик жоктугун таасын чечмелеп, «жети күн бир түн айтса да, түгөнбөгөн аккан суу» жөнүндө, шамалды философиялык дил-туюмдун элегинен өткөрүп, жалаң шамал жөнүндө да узак ыр калтырган Жеңижоктой (Өтө Көкө уулу) алп акындар да арабыздан өткөн.

■ Эң көлөмдүү жана тез жазылган чыгармалар Кыргыз Эл жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбековго таандык. Анын жарык көрө элек чыгармалары эле 4500 барактан ашат. Түкөбүздүн чыгармалары эле эмес, өзү дагы жазуучулардын ичинен «көлөмдүүсү» болгон экен. С.Станалиев билдиргендей анын салмагы 66 жашында 121 кг болуптур.

■ Эң көп китептүү өздүк китепкананын ээси – акын Эсентур Кылычев. Китеп ышкыбоздорунун айтымында үч бөлмөлүү үйү ирегесинен баштап китепке жык толгон. Мында сейрек кездешүүчү мыкты китептер арбын. Санын өзү да так билбейт.

■ Эң көп китеп окуган кыргыздардан чыккан алгачкы энциклопедиялык билимдүү дипломсуз илимпоз, алгачкы агартуучулардын бири Талып Байболот уулу (1849–1949) болгон экен. Өзүнүн айтуусунда 14 миң 700дөн ашык китеп окуптур.

■ А.Сопиев өзүнүн журналисттик, редакторлук иштерин, өмүр жолун баштан аяк чагылдырган китеп («Калем издери», 1985; «Тагдыр»,1991) жазган жалгыз журналист.

■ Адабий чыгармаларга арналган тунгуч гезит – «Кыргызстан маданияты». Анын 1-саны 1967-жылы 1-январда жарык көргөн. Алгачкы редактору Муса Жангазиев.

■ Кыргыз тилиндеги алгачкы сатиралык журнал – «Чалкан». Ал Кыргызстан КП БКнын саясий-сатиралык журналы катары 1955-жылы июнда уюшулган. 1-редактору Аалы Токомбаев (1955–56).

■ Алгачкы адабий-көркөм журнал – «Чабуул» (кийин «Ала-Тоо»). Анын 1-саны 1931-жылы сентябрда жарыкка чыккан. Алгачкы редактору Аалы Токомбаев.

■ Сегизинчи класска чейинки мектеп окуучуларына арналып, балдардын көркөм-адабий журналы болгон «Жаш Ленинчинин» (азыркы «Кырчын») 1-саны 1952-жылы январда жарык көргөн. 1-редактору Муса Жангазиев.

■ Мектепке чейинки курактагы балдарга жана башталгыч класстардын окуучуларына арналган алгачкы адабий-көркөм, иллюстрациялуу журнал – «Байчечекей». 1-саны 1977-жылы жарык көргөн. Алгачкы редактору Токтосун Самудинов.

www.bizdin.kg



*Элдик мурас*

# КЫРГЫЗ МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫ

Жалгыз таруу ботко болбойт.

Конокко аш кой, эки колун бош кой.

Батар күндүн атар таңы бар.

Куру аякка бата жүрбөйт.

Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көбөйөт.

Өз башындагы төөнү көрбөгөн киши,
бирөөнүн башындагы чөптү көрөт.

Эрегиштен эр өлөт.

Бекер жүргүчө, бекер иште.

Берсең – ичпейт, бекитсең – койбойт.

Энесин көрүп, кызын ал, эшигин көрүп, төрүнө өт.

Жылкы – берен, жылкыны баккан – эрен.

Ууру «койдум» дебейт, бөрү «тойдум» дебейт.

Бечелге жөтөлдүн кареги эмне?

Өрдөк жокто чулдук бий.

www.bizdin.kg



Билими толук миңди жыгат, билеги жоон бирди жыгат.

Жорунун өзү тоодо болсо да, көзү бөксөдө.

Бөксө чайнек бат кайнайт.

Бөрк алып кел десе, баш кескен.

Сөз атасы – ыр, сөз катасы – чыр.

Бура сүйлөгөн сөз күлөргө жакшы.

Бузулган элге бучук молдо болот.

Касыңан бал жегенче, досуңдан уу ич.

Бүлүнгөндөн бүлдүргү алба.

Ата көргөн ок бычат, эне көргөн тон бычат.

Бербестин ашы бышпас.

Мурдуңа ченеп бышкыр.

Эки бээлүү эл сактайт, жалгыз бээлүү жан сактайт.

Жокко даба жок.

Эки киши күнөөкөр болсо, бир киши данакер.

Карап койсо сүйдү дебе, күлүп койсо өптү дебе.

Жакшы кыз – жакадагы кундуз, жакшы жигит – көктөгү жылдыз.

Сокур көргөнүн койбойт, дүлөй укканын койбойт.

Бирөөнүн элинде султан болгончо, өз элиңде ултан бол.

Кыздын кырк чачы улуу.

Иши оңолбогондун уулу урушчаак, келини киришчээк.

www.bizdin.kg



Ат дарбыса, эшек кошо дарбыйт.

Дени соонун жаңы соо.

Жер ээн болсо, доңуз дөбөгө чыгат.

Жамандан тон кийсең, тойдо доолайт.

Эски дос эстен кетпейт, жаңы дос кадырга жетпейт.

Балта көтөргүчө дөңгөч дем алат.

Дөөлөт тоголок болот, мээнет жалпак болот.

Жүгү уйда болсо да, дымагы тоодо.

Эки жинди бир кетти, эсен барып, соо келсин.

Уккан кулакта жазык жок.

Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.

Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан жакшылык көрөсүң.

Атадан алтоо туулса, ар жалгыздык бир башта.

Жалчы жумшаган жарыбайт.

Жамандын жакшысы болгончо, жакшынын жаманы бол.

Жаман айтпай, жакшы жок.

Жамандыкты амандык жеңет.

Төөгө жантак керек болсо, мойнун созот.

Жапалакты таш менен урса да жапалак өлөт,
жапалак менен ташты урса да жапалак өлөт.

Азоого – тушоо, күлүккө – чалма.

Соо ит аксак иттен соогат сурайт.

www.bizdin.kg



Бака майрыгын билбей, жыланды ийри дейт.

Эчки тууй албай жатып, койго арачы болуптур.

Сагызган сактыгынан өлбөйт, суктугунан өлөт.

Ок жарасынан сөз жарасы жаман.

Сөзгө жараша сөз айтпаса, сөздүн атасы өлөт.

Бир үйдүн жарыгы бир үйгө түшпөйт.

Сынбасты уста жасабайт.

Сөз билбеген муштуму менен коркутат.

Жаманды жасоол койсо, жалгыз уулунун көзүн чыгара чабат.

Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет.

Айран сурап келип, аягыңды жашырба.

Эстүүгө эки ооз сөз жетет.

Жамандан тил укканча, жакшыдан таяк же.

Жел жүрбөсө чөптүн башы кыймылдабайт.

Акылдуу ката кетирсе, өзүн жемелейт,
акылсыз ката кетирсе жолдошун жемелейт.

Жамандыкты унуткан – жакшы, жакшылыкты унуткан – жаман.

Агам кимди алса, жеңем ошол.

Эр эмгегин жер жебейт.